Өзүбек АБДЫКАЛЫКОВ

# АҢГЕМЕЛЕР



***Бул эмгегим***
***чоң атам Абдыкалыктын,***
***чоң энем Сонункандын***
***жаркын элестерине арналат.***



Өзүбек Абдыкалыков

# АҢГЕМЕЛЕР

«Турар»
Бишкек 2019

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
А 13

**Абдыкалыков Өзүбек.**
А 13 **Аңгемелер.** – Б.: «Турар», 2019. – 200 б. + 4 б. вкл.

ISBN 978-9967-15-933-4

Автордун бул жыйнагында адамдардын кыял-жоруктары, кулк-мүнөздөрү, турмушта болуп өткөн окуялар мезгил өткөн менен унутулбастан элестелип эске түшө берет.

Анын сыңарындай ошондой турмуштук көрүнүштөрдөн улам жазылган чакан аңгемелер окурманды камтама кылып, кайдыгер абалда калтырбайт.

А 4702300100-19

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-15-933-4

© Абдыкалыков Ө., 2019

## СООПКО КАЛДЫҢ, ДОСУМ!

Бешинчи курстун окуу жылынын башталышындагы ноябрь айынын ала шалбырт жааны жаап, жаңы басылган күндүн түш чамасына жетпей эски автовокзалдан беш кыз, беш бала Сокулукту көздөй госпрактикага жол тарттык. Бизди коштоп бараткан Зина эжебиз кырктын тегерегиндеги токтоо, сүйкүмдүү аял эле. Ал эжейибиздин аялзатына тийиштүү токтоолугу, өңдүү-түстүүлүгү али эсимден чыга элек.

«Пазик» автобусунун жарымынан көбүн ээлеген бизде дегеле санаа жоктой көңүлдүүбүз. Жок дегенде, мамлекеттик сыноо практикабыз кандай өтөт? Кимдердин, кандай адамдардын үйүнө жатабыз? деген ой-санаа да болбосо керек анда. Мындай ой жүгүртүү кыздарда эле болбосо, биз эркек балдарда андай ой жок, бейкапар элек.

Жомоктун өзүнө гана энчилүү сөздөй, ачып көздү жумганча Сокулуктун борборуна заматта жетип, автобустан түштүк. Ал жерден эженин тапкан үч унаасына отуруп, райондон анча алыс эмес Чоң-Арык айылынын Чичерин атындагы эки кабат, кызыл кирпичтен салынган орто мектептин эшигинин алдына келип токтодук. Зина эже биздин эшикте күтө туруубузду өтүнүп, мектепке кирип кетти. Биз тарапты караган терезеде майда класстын окуучуларынын эжейинин карап турганы али да көз алдымда.

Жарым саатка жетпеген убакыт өтүп, биз мектептин күн чыгыш тарапта жайгашкан учительская (усулканасында) кабинетинде бир катар тизилип турдук. Эркек бал-

дар төрдөгү узун терезенин түбүндө турдук ага жөлөнүп. Биз кирип жайланышып тынчыганда Зина эже жалпылап ошол жердеги мугалимдер менен кыскача тааныштырып чыкты. Биздин жетекчиден кийин сүйлөгөн-турганы тың, кийген кийими да өзүнө жарашкан, кара торусунан келген сүйкүмдүү аял, мектептин турмушу, тартиби, практиканын жүрүшү жана биз жата турган үй-жай тууралуу сөз кылып жатты. Көрсө, ошол мугалим, окуу завуч менин Айша апам экен. Сакалдуу мугалимдер отуруп, жаштары туруп учительскаянын ичинде аял-эркеги болуп бир топ мугалимдер бар эле. Бул чакан чогулушта мен канчага турат элем ким билсин.

– Айша, мен шашып жаттым эле, мага тээтиги жигитти берчи. Менин үйүмдө жатып, практикасын өткөрсүн, – деп, бет маңдайындагы отургучта отурган, боз плащчан арык, сары чийкил мугалим сөөмөйү менен мени көрсөттү. Ошондогу ошол мугалимдин турган турпатын бүгүнкү күндө да кадимкидей элестетип турам. Аттиң, сүрөтчү болуп калганымда эмне. Анда Айша апа менен ошол сары мугалимдин сүрөтүн колго тартып туруп жанаша илип алат элем. Эмнеге? Жообун аңгемени окуп чыккандан кийин өзүңүздөр билесиздер.

Жок, эгерде ошол сары мугалимдикине үч күн мурун жатпай калганымда бул аңгеме жазылмак эместиги чындык болчу.

Мени ал учительскаядан ошерде жайнаган мугалимдердин бири да, окуу завучу Айша апам да: «Барасыңбы» – деп эч кимиси менин макулдугумду сурашпай, боз плащчан мугалимге кошуп беришти.

Шашып жаткан мугалим экөөбүз, жалпы жыйналыш жана калган практиканттарды үйгө бөлүштүрүп бүтө электе ээрчишип мектептен чыгып кеттик.

Биз чыгып баратканда мектептин кире беришинде бала-бакчага балдарына келгенсип, жети-сегиз аял-эркек турган экен. Аларга жалпы саламымды айтып, мугалимдин артынан чыктым сырткы эшикти жаап.

Мектептин бурчунан айыл тарапка имериле бергенде: – Тигил мектептин оозунда тургандар силерге келгендер. Эми алар да бирден студентти үйлөрүнө алып кетишет, – деди алдыга жол баштап баратып. Бая тигилерди көргөндө «мектептеги ата-энелердин чогулушуна келишкен го» деген оюм туура эмес чыкты. «Наматбаева өзү менен бир кызды ала кетсе, үч кыз үч үйгө, менден башка төрт бала төрт үйгө бөлүнөт турбайбы. Экиден баланы ким алмак эле» – дедим ичимден мектепте калгандарды бөлүштүрүп. Экөөбүздүн ортобузда башка сөз жок, мектептин артындагы жол менен күн батышты бет алып бараттык унчукпай. Кызык, – дедим ичимден, – беш баланын ичинен бул сары мугалим мени эмнеге тандап алды экен? Буга эмне ошончолук эле жагып калдымбы? – дейм да ага жообум жок.

Баса, Наматбаева ошол айылдык жазуучу, милициянын полковниги Сагын Наматбаевдин кызы болчу. Кийин өзү да көлдүк милиция жигитке турмушка чыгып алды. Колумда белинен эки арчындама бекитчүсү менен куру бар дампайган кызыл сумкем бар. Эмнегедир көңүлүм суз. Жанагы жолдо каткырып, күлүп келген маанайымдын бири жок. Ушул мугалимге бөлүнүп калганымдыбы же тигилер менен чогуу бөлүнүп тарабаганымабы көңүлүм өтө эле суз. Артынан баратып улам тигил мугалимдин турпатын карап коём. Биз бараткан кичи жолдон алыс эмес жерде, оң тарапта айдалган талаа турат. Кебетеси күздүк айдалган аңыз болсо керек. Ал менин алдымда, мен анын артындамын мойнунан байланган жетектеги кежир иттей болуп. Бир аз баскандан кийин машина жолго түштүк. Айдалган талаа эмнегедир өңдөн кеткенсип, көзүмө кунарсыз көрүндү. Жол жээгиндеги теректердин да жалбырактарын шыпырып кеткен күзгү шамалга жана улам сууп бараткан күзгө нааразы болгонсуп алар да муңайым. Бутактарда калып калган саналуу сары жалбырактар, жогору тараптан жүргөн алсыз жел-

ге акырын үн чыгарышкан болот дир-дир этишип. Баары бир жайдын толугундагыдай үн сала алышпай алсыз да, өңсүз да. Төбөдө ого бетер жер бетинин, бак-дарактардын, элдин, жан бүткөндүн үшүн алып, ырайы суук кара булуттар топтошуп бир орунда кыймылсыз.

– Мына, – деди бир маалда мугалим мага бурулуп, – үйгө да аз калдык. Сен эч нерседен коркпогун, практиканды сонун бүтүрүп берем. Ушул биз келген жол менен мектепке барып-келип турасың. Ичкен тамагыңа, жаткан төшөгүңө мен сенден эч нерсе, ооба, акы сурабайм. Өз үйүңдөй көрүп жашап, анда-санда биздин да үй тиричиликке каралашып тур, – деди токтой калып, мени эмне дейт дегенсип бурулуп карап. Ушул жаңы айткан сөздөрүндө кандайдыр бир мени жоошуткансыган, өтө эле ийкемдүү сөз жаткансып жатты. Анын бул сөздөрү мени жоошуттубу-жоошутпадыбы, эмнегедир ал тараптан жылуулук сезилбей, жүрөгүм түпөйүл. Эмнеси болсо да бул мугалимдин үйүндө жашачудай болбой тоңдоосунмун.

– «Келдик» жигит. Мына ушул үй, биздин үй, – деди, колу менен маңдайдагы жол тарабы жана тегереги теректер менен жыш курчалган орто абалдагы тамды көрсөтүп. Көчө тарабы жалаң тал шыт менен тосулган короого кире берген жерде жаңы түшкөн үйүлгөн көмүр жатат. Бул мугалимдин эмнеге шашып, жыйналыштын аягына чейин күтпөй мени жула качканынын чоо-жайын көмүрдү көргөндө түшүндүм.

– Эми жигит, үйгө кирип чечинип, чай ич. Үйгө кийген кийимиңди ала келгендирсиң, аны кийип ал. Бул көмүрдү чай ичип чыгып үйдө иниң бар, экөөлөп киргизип салгыла. Кышында сен да, биз да жылуу үйдө жатабыз, – деп мени биз кирген короодогу эки бөлмөлүү иретсиз үйгө киргизди. Биз оозгу бөлмөгө киргенде чүтүрөйгөн арык сары кемпир жаңы чай ичип бүтүп, чыныларды жыйыштырып жаткан экен.

– Апа, бул балага чай берчи. Жанагы мен айткан студенттердин мага бөлүнгөнү ушул жигит – деп чыгып

кетти. «Мен сага бөлүнбөй эле, бөлүштүрүү бүткөнчө эле мени сен эшиктеги көмүрүңдү киргизгени жула качып келбедиңби» – деп айтканга анда менде тил кыска болчу. Туура, жөнөкөй жай учур болгондо деле, мен сага ал сөздү айталмак эмесмин.

Кийин ойлосом, далай жылдардан бери мугалим болуп жүрүп, окуучунун ким экенин жакшы таанып калган сары мугалим, мени бөлүп жибере электе озунуп ала качкан тура. Кокус жаңылып калып колуңа Курманбек менен Анарбай же башкасы тийгенде, ай, ким билет. Сенин үйүңдүн босогосун жанагы жоошутма сөзүңдөн кийин аттайт беле, көрөт элең.

Сумкамды жана кол жаңсап көрсөткөнү боюнча, төркү бөлмөсүнө койдум да, сары кемпир чай бере турган столдун капталына барып көчүк бастым. Эч нерсе деп ооз ачпаган кемпир бир чыныга карандай чай куюп, жактырбаган түр менен астыма койду. Ортодо табакта турган үч кесим нандын бирин алып сындырып, оозума салдым да, чайдан уурттадым. Эчак илеби сууп, муздап кумшекер салынбаган чай менен тузу жок бышкан нандын даамы канчалык курсагым ачып турса да, напсимди өлтүрүп, тамагымдан араң өтүп, ары кулады. Чайды эптеп чоң-чоң уурттап, нан жебей бүтүрүп: – Ичтим! – дедим чынынын оозун алаканым менен жаап. Сары кемпир мени көзүнүн төбөсү менен карап, үн дебей менин чыныма чайнектеги жылымык суудан куйуп, сууну эки айлантып чынынын чайкап туруп, ачык турган эшиктен тышка серпип жиберди. Кемпирдин бул көрүнүшү менен стол жанындагы беш мүнөткө жетпеген убакыттагы мага кылган мамилеси, айылымда жүргөн байкуш апамды аргасыздан эске салып, ыза болуп кеттим.

Ордумдан туруп, төркү үйдөгү сумкамдан топ ойносок жана эртели-кеч үйгө кийип турайын деп жаңы алган спорттук кийимимди чаң басып бүткөн бөлмөдөгү кызыл сумкадан алып кийип, иштеш үчүн сыртка

чыктым. Кыла турган ишимди иренжий карап үч тонна көмүрдүн жанына келдим. Ооба, сары мугалим туура айтат, бул кара таштар болбосо кышында үшүп чыгарыбыз чындык.

Эчак көмүрдүн жанында жумуштун ар кандай түйшүгүнөн ооздору менен капталдары мырыйган эки чака, бир узун терек саптуу лопатка күтүп турган экен мени. Булардан башка көмүрдүн тегерегинде ашыкча эч нерсе жок экен. Төгүлгөн көмүр шыттын сыртында. Андан он метрдей бериде турган көмүр сактачу жыгач көмүркана турат. Анын да оозу араандай ачылып: «Көмүрүңдү алып келе бер» дегенсип мени карайт. Чакасы менен күрөгүн коюп коюшуп, менин кашымда жанагы жардам берет деген баласы да жок.

Ошентип, кара таштан эки чакага жаймалап толтуруп салып, көтөрүп келип жыгач көмүр тамдын оозуна тура калып, төрүн карай күч менен серпип жиберип ташып жатам. Мен бир жыйырма-отуз чакадай ташып жибергенде, жаныма ашып эле кетсе төртүнчү класста окуган бала келди да, мен бошотуп барган чакаларга чоң күрөк менен тырбалаңдап көмүр салыша баштады. Бул Карагандынын көмүрүнүн кесеги аз болсо да, тигил бала көпкө иштей албады. Чоң баласы мындан кийин келет го деген оюм, жөн эле өзүмдү сооротуу экенин тигил бала кетип калгандан кийин билдим. Кесеги жок деганим бул казак көмүрү ошондой майда сууланма көмүр болчу. Ал учурда азыркы биз жетпей жаткан Миң-Куштун көмүрүн анда эч ким алчу да, карачу да эмес бырпырак деп.

Күн болсо кечтеп баратат. Кеткен баладан же атасынан дайын жок. Кудай өзүмө кубат бер деп ташып жатам чекеден, жондон тер кетип. Берки балдар да менин кебетемди кийип, үшүбөс үчүн көмүр киргизип жатты бекен? – деп коём ичимден. Белим уюп, эки колумдун алы кетип барат улам. Көмүр тамдан берээктеги ылай алынган чуңкурга бутумду түшүрүп, өзүм чалкалап жата калам асманды карап.

Саат канчада бул үйгө келип, саат канчада көмүр киргизип бүттүм ким билсин. Күн батып, шамга жакындап калганда жанагы иним келип, көмүр тамдын оозуна жакын бекитилген чынжырды көтөрүп барып, аркы босогодогу бекитилген темирге илип, дардайган кулпуну салып койду. Мен эки бутумду салаңдатып жанагы чуңкурда отурам. Көз алдыма бапестеп чайын берип, чалабын даярдап жаныма коюп, өзү кошо мени менен жарышып, чакаларга көмүр салышып жүргөн апамды элестетип ошол кезде өзүмдү бир байкуш мусапырга окшотуп жибердим. Курсагымдын ачканын ким сурамак. Отурган ордумдан тургум келбей, аңдын кырында отурсам, сары мугалим баягы боз плащы менен көчө тараптан келип, чоң үйүнө кирип кетти. «Бүттүңбү? Рахмат!» дегенге да жараган жок. Байкашымча кызуу окшойт. Ары жакта балдар менен ойноп жүргөн жанагы жардамчы инимди чакырып, бир чайнек жылуу суу алдырып башымды жууган болдум. Эртең менен практикага мектепке барам да. Чоң үйдө бир аял жана кыз-эркеги болуп үч-төрт жаш балдар жүргөнсүйт. Мага «ысык» чай берген сары кемпирден дайын жок. Эшикте ары-бери басып жүрүп, жана келгенде чай ичкен үйдө отурсам: «Атам чакырып жатат» – деп жанагы баласынан чоңураак бала келди. Барсам, сары мугалим мени кире бериштен тосуп алып, түз эле чакан залга ээрчитип киргизип, экөөбүз залдын төрүндөгү диванга олтурдук. Үйү чыны менен жакшы, оокаттуу экен.

– Сенин жата турган бөлмөң ушул. Ушул диванга жатасың. Тигил столго олтуруп сабакка даярданасың, – деп үй оокатынабы же мени ушундай үйүнө жаткырып атканына маашырлана мени карап, демин олуттуу чыгарганда арактын жыты мурдума бур дей түштү. Тигил эшикте эжең экөөбүз жатабыз. Демек, биз сени менен кошунабыз – деди да чыгып кетти. Ошол эле жерде диванда олтуруп уктап кетиптирмин.

– Чай ичиңиз деген үндөн ойгонуп кетсем, маңдайымда жети-сегиздердеги кыз турат. Кызды ээрчип жөнөсөм баягы үйдө эмес, залдан чыга бериштеги эле үйдө мен тааныган жанагы эки бала менен сары кемпир үчөө чай ичип жатышыптыр. Кыз мени менен бешөөбүз жердеги тасмалда чай ичип жатабыз. Сүйлөгөн жан жок. Тымтырс ойногондой. Бул саам сүттөлгөн чайдан эки чыныны баягы тузу жок нандан эки кесим жеп бүтүп, адатымча чынынын оозун алаканым менен жаптым. Анан мен да аларды туурап унчукпай бата кылып, уйкумду ачмакка эшикке чыгып кеттим. Ар түркүн ой менен алектенип жүрүп, өзүм жата турган залга кирсем, баягы менин менчигиме убактылуу диванга бир жаздыкты жаздап, татынакай жуурканды таштап коюптур. Төшөктү көргөндө чарчап турган жаным сүйүнүп кеттим. «Бул балдар жанатан бери көрүнбөй кайда жүрүшкөн? Эмнеге учурашышпайт? Аялы каяктан келип, каяктан үйүнө кирип кеткен? Же үйүндө эле жүргөнбү? Кемпир дудук деле эмес экен. Анан эмнеге сүйлөбөй тунжурайт? Байкуш менин атам менен апам, иним менен карындаштарым бапылдаган жыргал адамдар турбайбы» – деп ойлонуп жатып уктап кетиптирмин.

Бир буюмдардын шылдыраганынан ойгонуп кеттим. Көзүмдү ачсам сары мугалим ары карап отуруп алып, оозу ачык серванттан бөтөлкөнү алып, стаканга чулкулдатып арак куюп жатыптыр. Бирди тартып жиберип: «Ах!» – деди терең дем алып. Жер карап бир азга олтурду да, экинчи стаканды толтуруп кайра тартып жиберди чалкалай калып. «Шашылыш эки кайталаганына караганда кече катуу ичкен экенсиң ээ, кайран сары» – дедим ичимден. Ал бөтөлкө менен стаканды ордуна коюп, серванттын оозун жаап, турууга камынганда көздү жуумп, уктамыш болуп калдым. Түнү бою биреөлөр менен кармашып чыккансып бүткөн боюм куушурулат. Үйдөн чыгып баратып, сары менен чукул бетмандайлаша түшүп, шашылыш салам айтып жибердим. Экөөбүз эмнегедир

көз ирмемге тиктеше түштүк. Кайран сары, бет өз келбетинен кетип, көздүн чанагы салаңдап шишип бөлөк кебетеге айланган экен.

– Чайыңды ичип, мектепке бара бер! – дегенге жарап, залга кирип кетти. Мен ал чыккан чай бөлмөгө кирдим. Чай чайнектин жанында кечээ кечте мен бир көргөн, бою жапалдаш аял отуруптур. Оозум бош учурашып, тасмалга отурдум. Менден башка киши жок. Ал эже да кемпирчесинен унчукпай сүттөлгөн чай сунду. Бирок чайы ысык экен. Тасмалдагы түндөкү коноктон келген боорсоктон бир-экини жеп, сүттөлгөн ысык чайдан үч-төрт чыныны нан жебей ичип жибердим. Кечээ кыйналып калганга аябай суусап калыптырмын. Анан алардын шарты менен мен дагы өзүмчө унчукпай бата кылып чыгып кеттим. Кийинип алып, шылкыным бош мектепке келдим. Мен келгенде берки практиканттар чогулуп мектептин ичинде залда турушуптур. Мени көрүп кебетеме тигилген Курманбек: – Ой, сага эмне болгон мыңчалык шишип? Агайың экөөң сенин келишиң менен деп таң атканча ичип чыккансыңар го. Башыңды жазайымбы? – деди беркилерге мени колундагы кармап турган китеби менен көрсөтүп.

– Жөн эле ооруп калыптырмын, – дедим жер карап, күнөөлүү адамча.

Түштө мектептин ашканасынан тамак ичтик. Баарынан эмнегедир мурун ичип жибериптирмин. Курманбек табагымды ала калып, кайталап сорпо куйдуруп келе калды. «Бетиң шишип» – деп Курманбек айткандан бери, күнөө кылган адамча аларды тик карай албайм.

Курманбек совхоздун порторгунун үйүнө жайгашыптыр.

Ошол түштө ичкен эки табак ысык сорпо, экинчисинде жеген күрүч, эки стакан чай ичкенден кийин денем жазылып, көңүлүм ачылды. Айша эженин: – Кандайсың Өзүбек? – дегенине: – Жакшы эле, – дегем, ашканадан чыгып келатып жолукканымда.

Тамактан кийин класстарга бөлүштүрүлүп, мектептин ичи менен кенен таанышып чыктык.

Үйлөргө мектептен тарарга жакын ылайыгын келтирип туруп, Курманбектин жалгыз өзүнө, кечээги иштеген ишимди, үй-бүлөдөгү мага болгон салкын мамилени айтып салдым. Ага бул абалымды айтканымдын себеби, экөөбүз тең жашташ элек. Теңтуштук мамилебиз да жакшы эле. Ал мендей эмес, ачык жана өзгөчө шайыр болчу. Мен ага ички арманымды айтып бүткөндө Курманбектин ачуусу келип кеттиби: – Ой, жанагы мугалим сени биринчи алып кетпегенде, сени жанагы окуу завучу Айша эже алмак экен. Карабайсыңбы, жанагынын сени байкап туруп шыпырып кеткенин. Эр болсо мени ошентип, «көмүр киргиз» деп көрсүнчү. Анын үйүн урганым барбы, сумкамды көтөрүп кайра баса бермекмин. Сен да бир болбогон былжырсың да. Көмүрдү айтканда эле кайра кетип калсак болмок. Бир буюрган үйгө барат элең да, – деди ачуусу чындап келип жерге түкүрүнүп.

– Бери кара! – деди, кайра шашып. – Жүрү, Айша эжеге барып абалды айталы, түшүндүрөлү. Биринчиден, окуу завучу. Экинчиден, сени мен алмакмын деп айтпадыбы бизге. Эже макул болсо, азыр эле барып сумкаңды көтөрүп келе беребиз. Сенин эмне аякта жууркан-төшөгүң бар беле, – деп мени колдон алды.

– Кой, уят го. Ал үйдөн эмне деп чыгып кетем. Баса бергендей өз айылым болбосо. Дагы тура турайын. Мүмкүн, жашоо мындан ары жакшы болуп кетээр, – деп анын сунушунан такыр баш тартып болбой койдум.

Үйгө мектептен кеч бардым. Менин сары кишим бүгүн мектептен көрүнбөдү. Сыягы, аябай ооруп калса керек. Баягы эки бөлмөдөгү үйдүн төркүсүндөгү эски жөлөнгүчү бар отургучка мектеп кийимимди чечип илип, кызыл сумкадан спорттук кийимди кийдим. Үйдөн чыгып сол тараптагы мал короонун артына бардым. Булардын бак тигилип тосулган огороддун ары жагы

кечээ мен көргөндөй айдалган ээн талаа. Демек, бул катардагы үйлөр айылдын чети экен.

Кечинде чайга отурганда тиги сарыны карасам бет менен көздүн шиниги тарап, өз кебетесине келиптир. «Сен арактан шишисең, мен жумуштан шишип айыктык», – дедим аны карап ичимден.

Чай ичип бүтүп калганымды күтүп отурганбы: – Эртең менен чоң уйду жетелеп барып мектептин жанынан кан алдырып кел. Жетекчилерге мен айтып коём. Барсаң түштөн кийин барып кел. Көңүлүң келбесе бүгүн барбай деле койсоң болот, – деди кошумчалап.

Кечиндеги бул айтылган сөз жаткандан кийин да далайга ойлонтту. Эрте туруп эшикке чыксам сары мугалим мал короо жактан келатыптыр. Мени көрүп эле бери кел дегенсип колун булгады. Артынан ээрчип барсам, көмүр тамдан үстү бийигирээк, асты тактайланган жыгач тамдагы музоосу менен турган дардайган зоот уйду көрсөтүп:

– Мына ушул уйду жетелеп барып кан алдырып кел. Мектептен ары кеткен жолдун жээгиндеги цемент столбага байлап алат. Баса, музоосун мойнундагы жибин чечип, тигил казыкка байлап кой. Уйдун башындагы жиби узун. Келгенден кийин тигил арыктын кырындагы акыркы терекке аркандап койсоң оттой берет. Түштө үч чака суу ичет. Сугарып койгонду унутпа. Барып чайыңды ич. Мен мектепке сабакка барып келейин – деп менин астыма түшүп үйүнө жөнөдү. Маанайым дардайган уйду көргөндө эле чөккөн. Кебетесине караганда менин жетегиме көнүп, жөн эле кан алган жерге басып барчу мал эместей. Айыл боюнча уйлардан кан алып жатса, берки төртөө деле уй жетелеп барышат болуш керек деген ойго келдим. Баягы үйдөн, баягы жеңемден үн чыгарбай чай ичип алып, дардайган уйду жетелеп көчөгө чыктым. Аргамжыдай болгон жоон жипти ортосуна чейин түрүп келип сол колума кармап, оң колум менен уйдун мүйүзүнө жакын жеринен кармап кетип

баратам. Жетеке ырас экен. Бир маалда эмне болуп кетти билбейм, улам ылдамдап барып, анан өңүрөңдөп чуркап жөнөдү. Бир киши жашабаган тамдын эшигинин алдын аралап өтүп, экөөбүз жарышып күздүк айдалган боз талаага чыктык. Аркандын түрүлгөн жагы түгөнүп, анын учун эле кармап, колумдан чыгып кетпесе экен деп болгон күчүм менен чуркап, айдоодогу кургап катып калган топурактарга чалынып, кээде бет мандайымдан кетчүдөй болуп, уйдун артында мен. Айдоодо чуркагандан семиз уй кыйналып кеттиби жайлай түшкөндө мен уйга жете калдым. Андан ашып алдына чыгып, жерден катып калган катуу (топурак) чалманы ала калып уйду жазы мандайга урдум. Анан экөөбүз тең токтодук. Ачуум келген жаным оозго тептим. Өлөрчө, алымын жетишинче ээн талаада сөктүм.

Айдоодо чуркап алы кетип, менден таяк жеп, жоошуган уйду ботала болуп жетелеп, мектептин жанынан өтүп баратам. Сааттай болуп кечээ мектептин ичинде турган практиканттар бүгүн мектептин алдында турушуптур. Берки төртөө деле мендей болуп уй жетелебей эле кыздар менен турушат. Мени көрө калган Курманбек: – Ой, практикант, уй жетелеп кайда!? Базарга баратасыңбы? Алда байкушум ай, куурамай болдуң ээ, менин тилимди албай, – деди тегеректи жаңыртып өзүм ыза болуп жаткан жаным, аз эле жерден ыйлап жибере жаздадым.

Уйдан кан алдырдым да, жетелеп барып сары мугалим айткандай аркандап койдум. Ботала болгон аялуу спорттук шым, курткамды тазаламыш болуп, чечинип кийинип алып, мектепке кетип калдым. Ызам менен уюн да сугарганым жок. Баарыдан да килейген зоот уйду столбага мойнун кайрып кармап бералбай жатканым менен ошол жердеги элдин мени карап шыбырашканы ого бетер жүдөтүп жибергени жаман болду. Дагы бир жагынан ошондогу элдин көбүчү. Мени сары мугалимдин иренжитип санаага салганы ошол жердеги мурутчан узун адамдын: – Кайран сары, эми быйыл бул баланы

кууратканы калган тура. Ай бир адамдан башкача куу ит сарысың дегени бир башкача болду.

Мектепке баратып, «бүгүн бул үйгө келбеймин. Кечинде Курманбек менен эле жатып алам» деген ызалуу ойлор менен барып, мектептеги практиканттарга кошулдум. Түштө баягыдай мектептин ашканасынан тамак ичтик. Бирок класстарга бөлүнгөн менен өзүбүзчө сабак өтө элекпиз. Ар кимибиз бөлүнгөн класстар менен болуп, айрым мугалимдердин сабагына кирип, кеңеш алып жүрөбүз.

Түштөн кийин Курманбек мени баягы көмүр киргизгеним жөнүндөгү сырымды айткан жерге чакырып барды да: – Сен кандай артыңдан кеткен эмесиң? Угуп тур жакшылап. Жана Айша эжеге сенин тигил жактагы жашооң жөнүндө айтып түшүндүрүп, жанагы уй жетелеп жүргөнүңдү да айттым. Сенин элдин арасында боз топурак болуп уй жетелеп турганыңды мектепке кела жаткан үч эжей да көрүшүптүр. Алар учительскаяда сени сөз кылып жатышат, – деп аны Айша эже өзү айтты мага.

– Өткөн жылкы практиканттардыбы же андан мурунку жылы келгендердиби, эки студент алып үйүнө, аларга кой кайтартып, отун жардырып дейби жумшап жаман кылган экен, эки бала үйүнөн баса беришиптир. Бул кепти мен жаткан үйдөгүлөр узун сабак кеп кылышты. Деги сенин байкең анча жакшы киши эмес көрүнөт. Сен байкайсыңбы, жанагы кино менен көркөм чыгармалардагы терс каармандарга окшошуп турбайбы. Кыскасы, бүгүн ал үйгө барбай эле кой менин тилимди алып, – деди кыска чукул тыянак чыгарып. Жанагы уйдун жоругунан кийин бүгүн бул үйгө келбейм. Кечинде Курманбектин «жанына эле жатам» деген ачуумдун тараганы качан. Эми минтип Курманбектин «бүгүн ал үйгө барба» дегенинен кийин кайра «кандай кылсам?» деген суроомду туңгуюкка камадым. «Барбай койсом жаман көрүшпөйбү? Күйөөсүнөн кетип калган келиндей

болуп, Айша эженикине эмне деп жана кантип барам?» деген сыяктуу кыжаалат ойлор тегеректеди.

Жаткан үйүмө барбай койсом, аларга эмне деп жооп айтарымды элестете албай, мектептеги жүрчү убакыт аяктап калганда, Курманбекке айтпай туруп, ага көрүнбөй жаткан үйүмө качып кеттим.

Кечинде эмнегедир баягы үйдө сары мугалимдин үй-бүлөсү толук жана мен болуп чайда отурабыз. Бүгүн ортодогу тасмалда жаңы бышкан нан жана эт кошулуп куурулган картошка бар. Аябай болбосо да, эки күндөн бери кирип чыкканга көнө түшкөнмүнбү, чайдан батыра ичип, картошка менен нандан ырас жеп алдым. Мен мектепке кетип калып, сугарылбай калган уй жөнүндө бирдеме дейби десем, ал жөнүндө сөз болбоду. Чай ичип бүтүп, кетейин деп жаңы камынып жатсам: – Бүрсүгүнү койдун кезүүсү экен. Тигил иниң экөөң кайтарып келгиле, – деп баягы мага көмүргө жардам берет деген кичүү уулун көрсөттү. – Ушунда бир кайтарып келсеңер, кайра айланып келгиче жыйырма беш күн өтөт экен. Быйыл кесүүнү эки күндөн кылышыптыр. Кой кесүү өткөндөн кийин жаан жаабай, ушундай күн ачык болуп турса, алтынчы, дем алыш күнү тигил эски теректерди араалап, жарып киргизип алалы, – деди да мунун түрпөтү канчалык дегенчилик кылып, мени кыйгач карап койду. Чай ичип, үйүнө жатып атсаң «жок!» деп кесе жооп бергенге кайсы эркиндигиң бар.

– Макул, – дедим эч токтолбой.

Эртең менен эрте туруп, жуунуп сары кожоюн менен бирге чай ичип, кийинип алып андан мурун мектепке келдим. Айша эже мугалимдер сабакка кирип кеткенден кийин баарыбызды учительскаяга киргизип, эртеңден баштап бөлүнгөн класстарыбызга сабак өтө турганыбызды эскертип, анын жол-жобосу менен тааныштырды. Эртең мененки 10-класска Курманбек экөөбүз бөлүндүк. Мында сабак өтүп эле эмес, класс жетекчилик милдет да бекитилди. Бирок Айша эже мени түштөн кийин өзүмдү

чакырып алып: – Сен менин айтканыма макул болсоң мындай кыл. Төртүнчү класс сабактан кийин тамактанып алышып, түштөн кийин эртеңки сабактарына даярданышат. Чоң классты Курманбекке эле берип, сен түштөн кийинки төртүнчү класстын эле үч сааттык сабакка даярдануусуна көз салбайсыңбы. Ал эми түшкө чейин тигил жолдошторуң менен ансыз да бирге болосуң. Түштө балдар менен чогуу ашканадан тамак ичип аласың. Түштөн кийин жата турган үйүңө барып эмне кыласың. Же болбосо макул болсоң түштө мени менен биздикине барып чай ичип тур, – деп мени колдон жетелеп, чоң көчө жактагы терезелердин бирине алып келип: – Тигине биздин үй. Бир мүнөттө барып, бир мүнөттө келесиң, – деп жолдун аркы өйүзүндөгү чоң тамды көрсөттү. Мен эжейимдин ал сөзүнө жооп катары сөз айталбадым. Кийин ойлосом, беркилер балдарчылап түштө үйүнө барса: «Жанын койбой ар кандай жумушка салабы», – деп мени аяса керек. Бирок беркилер түштө үйлөрүнө кетишсе, кайра мектепке келишип, убакыттын көбүн мектепте өткөрүп жүрүштү.

Түшкү тамакты мектептин ашканасынан ичип чыгып келе жатсак Курманбек: – Кобура досум. Койду качан кайтарганы жатасың? – деп, алдыда бараткан мени ийинден алды. Мына кызык, буга эртең кой кайтара турганымды качан айта салгам, – деп ойлоно түштүм. – Сага аны ким айтты дедим ага шашылыш бурулуп. Ал анан адатынча оозун ачып каткырып: – Өзүң айтып жатпайсыңбы, – деди ого бетер мойнуна чейин кызарып ыкшып күлүп. – Качан айттым! – дедим мен да сырымды билдирип койгонума кыжырым келип. – Аны сага ким айтты деп өзүң далилдеп жатпайсыңбы. Кечээ сага айтпадым беле былтыр үйүнө жаткан студенттерге кой кайтартчу экен деп. Мен сенден тамашалап эле болжолдоп сурасам: – Сага аны ким айтты? – деп өзүң айтып салбадыңбы. Мен жер карап: – Эртең, бүрсүгүнү эки күн кайтарат экенбиз, – дедим аны тик карагандан уялып, бир чети намыстангансып.

Нарын облустук
китепканасы
59201 сбо

– Улутунба да кайгырба, досум. Мен азыр Айша эже менен дааналап ачык сүйлөшөйүнчү. Кокус, эже макул, келе берсин десе, азыр эле барып сенин сумкаңды алып келебиз. Баарын бүтүрүп койгондон кийин дагы айнып кетпегин. Мен ага так жообумду бербей жер караган бойдон басып кеттим. «Бечелден жөтөл кетпейт» болуп кайдан бул сары мугалимге туш болдум эле. Берки мага окшогон эле студенттер бөлүнгөн үйлөрүндө куурай башын сындырбай эле жадырап-жайнап жүрүшөт деген ойлор курттай каптайт жан дүйнөмдү.

«Тамагымды ичип, үйүмө жатып жүрүп, кой кайтарышып кой десем качып кетиптир. Адам деген ушул да, деп айтабы деген ойдон алыстай албай», бул күнү да Курманбекке көрүнбөй жата турган үйүмө дагы качып кеттим.

Кеч кирип калган. Баягы иним экөөбүз күн бүркөлүп калганынан, сырта жаткан жыгач отундарды бастырманын астына жыйнап жатканбыз.

– Агай, сизди короонун сыртында берки досуңуз чакырып жатат, – деп кошунанын баласы келди. Кайсы дос болуп кетти деп жыгач короодон чыксам Курманбек турат көмүр тамдын далдасында.

– Сен кайдан, – дедим бул үйдү таап келгенине таңдангандай түр менен.

– Мен кайдан келмек элем. Сумкаңды ал да, кеттик – деди ачууланган түр көрсөтүп.

– Кайда кеттик? – дедим иштин чоо-жайын ачык билип турсам да, ары жагы мага туңгуюк болуп.

– Мен Айша эжеге сүйлөшүп бүтүп, ошол жактан келатам. Эже сага эчак эле чоң үйүнөн бир бөлмөсүн бошотуп коюптур. Азыр барып жатчу үйүңдү көрүп келдим. Өзүлөрү чоң тамынын маңдайындагы үч бөлмөлүү времянкада турушат экен. Сенин сабак даярданганыңа стол, стул да коюп коюптур. Келем десе, азыр печкага от жагып коём, – деди. Бол эми, калган сөздү жолдон сүйлөшөбүз, – деп чыны менен демитип кирди.

– Кызыксың Курманбек, эч себеби жок эле кантип кетип калам.

– Мен эмес сен кызыксың. «Эшекти отко айдаса бокко качат болуп» жаткан сен кызык болбой эле мен сага кызык көрүнүп жатамбы? Айтты-айтпады дейсиң, бул үйдө практика бүткөнчө калсаң, бир күнү алдыңа белдемчи тагынып, баягы өзүн жетелеп турган үйдү саайсың.

– Эмне деп чыгам? Кантип чыгып кетем? Уят го ыя?– деп жаш балача тигил үй тарапты карадым кыйылып.

– Көп башты оорутпачы, Айша эже да күтүп жатат. Азыр ээрчитип келем деп убада берип койгом. Кызыл сумкаң кайда? – деди кире турган болуп алдыга жүткүнүп.

– Тигил кичине тамда, – дедим ага жол бошотуп.

– Бол, алып чыга кал.

Мен анын буйругун жоопсуз калтырып үнчүкпай туруп бердим. Менден эч майнап чыкпасына толук көзү жетти көрүнөт.

– Тур мындай! – деди да мен көрсөткөн тамга сумкама жөнөдү. – Сенин жүрөгүң түшүп турса мен эле алып чыгайын, – деп кобуранды. Ал бир аз басканда эле колуна эски чака көтөрүп сары кемпир маңдайынан чыкты. Сыягы чоң тамдын мешинин күлүн төккөнү баратса керек.

– Жакшысыңарбы? – деп учурашкан Курманбек ал кемпирди ушул үйдүн улуусу экенин да уруп ойнобой, үйгө кирип сумкамды, мен артынан киргенче көтөрүп чыга калды. Мен улам чоң үй тарапты карайм кылчактап, сары мугалим чыга калса эмне дейм деп.

– Кеттик! –деди алдыга түшүп чечкиндүү.

– Кастюм-шымым, – дедим эстей коюп, үйдү көрсөтүп. Курманбектин бүт буйруктарына макул болгонумду билгизип. Негедир күйөөсү келгенче кетип калайын деген келинче, кайра үйгө шашып кирип, кийимимди алмаштырып кийип, жука пальтомду, спорттук кийимимди тоголоктой орой салып, үйдөн чуркап чыктым.

Экөөбүз айыл түгөнгөнгө чейинки жолдо ал алдыда, мен артында сүйлөшпөй келатабыз. Анткени менен ко-

роодон чыгып биртке узагандан кийин, үстүмдөгү оор жүк жолго түшүп калгансып, жеңилдей түштүм. Курманбек деле аргасы жогунан кыйын болуп жатса керек, анын да жеңилдей түшкөнү баскан басыгынан жана колундагы менин сумкамды ары-бери чайкап кармашынан билинип турду. Мунун кысталышта сөз тапкычтыгына мурун эле таң берчүмүн. Жана экөөбүз ал сумканы мен кийимди тоголоктоп бери басканда, күл төгүп кеткен сары кемпир маңдайыбыздан чыкса: – Апа, мен досумду алып кеттим. Экөөбүз чогуу бир үйдө жашамай болдук. Жакшы туруңуздар. Бул эми кайра келбейт, – деп мени, кызын кайындарынан жула качып бараткан жеңече короодон жетелеп чыгып кеткеничи.

Пландалган иш аткарылды дедиби, астымда бараткан Курманбек токтой калып: – Эй, көк мээ, – деди эңкейе калып. Ал менден алда канча бойлуу болчу. – Биздин университетте экинчи курста окуган кызы бар экен. Бүгүн алтынчы-дем алышка карап келет окшойт. Ошол кызы менен сүйлөшүп алсаң боло. Эми сен ага да жарабайсың жанды күйгүзүп. Мен ушул Айша эженин үйүнө бөлүнүп калганда эмне, аттиң! –деп адатынча санын чаап каткырды өз оюна өзү маашырлана.

– Ой, аны коё туруп, эртең сары мугалимге эмне дейм? – дедим күнөөлүү кишидей.

– Эмне демек элең. Мен кетип калдым, кантесиң эми? – деп айтмак белең. Унчукпай кой.

– Эмне, кетип калдың? – деп сураса, адатыңча унчукпай жер карап кой. Кокус ит экенсиң десе: – Сиз да ит мени жумшай берген. Мен да ит сиз жумшасаңыз эле аткара берген. Мени сизден жула качып кеткен Курманбек даана ит деп кой.

Анан ошонуку жакшыбы. Сен биякка ошонун оокатын кылганы келдиң беле. Коркпо, мурун деле үйүндө жаткан студенттер кетип калышкан тура. Ага бул көнүмүш адат болуп калса керек. Уялбай эле кой. Сени жумшаган ал уялбаган, ишин кылган сен уялмак белең.

Айша эжейдикине келсек, печкага лапылдатып от жагып коюптур. Эмнегедир биз салам айтып кирип келгенде ары карап печка жагып жаткан экен. Чочуп ордунан тура калды да кызарып кетти. Кыясы, өзүнүн катуу чочуганынан уялып кетти көрүнөт.

– Аа, келип калдыңарбы? Муздак үй жылып калсын деп баятадан бери от жагып жаттым эле. Ырас, үй жылыган маалда келбедиңерби, – деп бизди чын ыкласы менен күтүп жатканын билдирип, жакшынакай маанайда тосуп алды.

Бул аялды мен мектепке өзүнө жарашыктуу кийинип жүргөнүнөн улам өңдүү-түстүү деп жүрсөм жаңылыпмын. Айша апам үйүндөгү жумушчу, жупуну кийими менен деле жакшынакай экен. Учтарын кайрып артына байлап койгон бир байлам жылуу ак жоолугу менен апам бул саам аялда жок сулуу, татынакай болуп көрүнүп турду ак нур болуп төгүлүп. Мектептин тарсылдаган, ишине так, айтканын айткандай эжейимдин мага жасаган өз апамдай мамилесинен эжей деген сөз мага жупуну сезилип, апа деп атап алганмын. Апам экөөбүздүн ошондогу көз ирмемге тиктеше калганыбыздагы көрүнүш, али да көз алдымда сүрөт болуп ак жоолугу менен турат. Апам үйдө да, мектепте да ар дайым ак жоолук салынып жүрөр эле.

Ошентип, Курманбек досумдун өткүрлүгү, тайманбастыгы, өжөрлүгү жана жолдошчулукка түздүгүнөн Айша апам менен Асанкул байкемин адамдык сапатынан алардын тун уулу болуп, эч нерсе менен ишим жок, өзүмдүн үйүмдөн да артык жылуу үй, жылуу мамиледе эки айлык практикамды өткөргөм.

Апамдын жолдошун (күйөөсүн) Асанкул байкемди эмнегедир ата деп атай албадым. Менин ата дебей байке дегениме ал киши да таарынбады. Бирок апам да, байкем да мени тааныганга, таанабаганга да «биздин тун уулубуз» деп коюшчу.

Декабрь айынын аягында практика бүтүп түшкө маал кетип жатам. Эртең кетебиз дегендин кечинде апам тамак жасап, болгон акыл-насаатын айтып келип:
– Балам, жаңы жылда айылыңа кетпесең, чамаң келсе жыйырма тогуз, отуздарында кел. Жаңы жылды чогуу тосолу. Сен деле өзүбүздүн баладай болуп калдың. Байкең экөөбүз күтөбүз деген апамдын сөзүнө «макул» деп убада берип кеткен элем.

Мен, Курманбек, Анарбай болуп жашаган квартирага шаардан чогуу түшүп калганбыз. Карындашым экөөбүз Рома Тен деген корец досумдун бир бөлмөсүндө турчубуз. Ошентип, биздин үйдө отуруп Курманбек менен Анарбай кармаша кетет, бирдеме талашып тамашалашып.

Ошол маалда жерден эңкейип бирдеме ала калайын дегенде, «Анарбайдын күч менен Курманбектин колунан жулуп алган колунун чыканагы менин көзүмө тийип, көөдөй карарып көгөрөт.

Ошол көздүн көк аласынан уялып, жаңы жылды тосконго апамдардыкына барбай калдым.

Жылдар кум сааттай куюлуп, андан бери отуз жети жыл өтүп кетти. Бир кайрылып барып салам айтканга жарабадым. Кыргыз элиндеги «Бир жолу туз таткан жериңе, миң жолу салам бер» деген макалдын мааниси мага таасир бербеди окшойт. Же менин өзүмдүн бетим калың болсо керек.

Аңгемелердин арасындагы «Ак сорпо» деген чыгарма да, ошол Айша апамдын үйүндө болгон көрүнүш.

Ал эми баягы сары мугалимди Айша апам бир күнү түштө үйүнө ээрчитип келип, чай берген. Ошондонбу, ал мугалим мага бир ооз ачып сүйлөгөн жок. Эмнеси болсо да, Асанкул байкем менен апам жакшынакай бүтүрүшсө керек...

*2017-жыл, август.*

# ПРОСТЫНЯ

Армияга бара элекмин. Элеп-желеп болуп, дегеле ушул окуучулук күндөрдүн күнү бүтпөчүдөй узарып кеткенсип, онунчу классты бүтсөм эле бир укмуш күндөргө туш болчудай болуп жүрүп, ошол жылы мектеп менен коштоштум. Ал кезде он биринчи класс, нолевой жана детсад дегенди уккан да, көргөн да эмес элек.

Ошентип, мектепти бүткөн жыйырма эки классташтарыбыздын бири да айылда калбай, окууга деп Фрунзе шаарына жөнөдүк. Мектепти бүткөрдү деген аныктама аттестатымда бир үч жок, көпчүлүгү төрт болсо да, эмнегедир чоң окуу жайына табитим тартпады. Атамдын: «Кочкордогу эле профтехучилищаны окуп бүтүп ал. Шаардан окуп келгенде эле укмуш болуп кетмек белең» дегенине болбой, жалпы классташтарым келген борборго мен да келип түшүп калдым. Оо, ал кезде кыргыз элинин борборун жалаң орус «таякелер» жабыла каптап турган кез эле. Эмнеликтен орус калкын ошол кезде (азыр анткен киши жок) «таяке» деп коюшчу билбейм. Кандай соода кылган жерде болсун, дүкөндөр, мекемелерде иштегендер, жогорку окуу жайларындагы мугалимдер, ал эле эмес ашканаларда (идиш жана пол жууганга чейин), оорукана-иштегендер лардын токсон пайызы, автобус, троллейбус айдагандар бүт эле ошол «таякелер» жана алардын аялдары болчу. Азыр элестетсем майда көчөлөрдөгү тамдын түбүндө да жалаң орус чоң апалар отурар эле. Кыргызда «кайда барсаң, Мамайдын көрү» деген макал бар эмеспи. Ошол

сыяктуу кайда барба, кайда кирбе беттешкенин эле орус улуту эле.

Ошентип, атамдын жазып берген аманат каты менен шаардагы бир жакын таякемдин үйүнө түшүп, ошол таякемдин жардамы менен телевизор оңдогон бөлүмү бар училищага тапшырып койдум. Ошондой таякем экөөбүз көчөлөп жүргөн күндөрдүн биринде, жолдон: – Бобул эки кабат там, мончо деген болот. Бир күнү келип түшүп кетсең болот дегенине ал сөзгө анча деле маани бербей башымды ийкеп койгон элем, «көрдүм» дегенчилик кылып. Көрсө, бир күндөрү өзүмдөн башка эч ким билбеген бир ызалуу да, күлкүлүү да окуяга ушул мончодо туш болуп, ошол окуяны өмүр бою эсимден чыгарбай эстеп каларымды ошондо кайдан билиптирмин.

Бир күнү эле эртең менен таженем: – Үсөнбай, чай ичип алып, мончого түшүп келсеңчи. Сен мончодон келгенден кийин чогуу кир чайкайын, – деп калды. Оюмда эч нерсе жок, таженем берген баштыкты көтөрүп, үйдөн анча алыс эмес жердеги баягы таякем көрсөткөн эки кабат мончого кыңылдап жетип бардым. Баягыда таякем айткандай кирип эле, сол тараптагы касса деген жазуунун астындагы тешикке карадым эңкейе берип. Кассанын ичин карап эле жүрөгүм шуу дей түштү да, башымды тешиктен шарт тартып алдым. Себеби ал тешиктин ары жагында балпайган орус аял олтурган эле. Эмнегедир ойдо жок жерден орус аялды көргөнүмдөнбү жалпы денемди ысык алтап аралап кеткенсип, анын баары бетимден чыгып жаткансып жүзүм албырып, кызарып кеткенин сезип турдум. Кассадан ушундай ылдамдыкта четтей берип, менин бул абалымды бөтөн бирөө көргөн жокпу деп тегеренип, арты-астымды караганга да үлгүрүп жибердим. Бул саам да эмнегедир бул менин абалымды ким көрсө ал көрсүн, деги орус көрбөсө экен деген ойду да ойлоп ыңгайсыздандым. Анан «Эми ит болбодубу. Тигил орус аялга эмне деп мончого билет

алам? Түшпөй эле үйгө кете берсемби? Тажеңеме эмне дейм? Мончо иштебейт экен дейминби? Же уялбай эле тажеңемди ээрчитип келсемби? деген суроолорду өзүмө өзүм улам кайталап берип жибердим. Ушул ыңгайсыз абалдан чыгуу үчүн өзүмө берип жаткан суроолордун бири да мага эч жардам берчүдөй эмес. Мончонун эшигинин алдында чөнтөгүмдөгү майда тыйындарды кармалап, жок шылтоолор менен алектенип жаттым. Анан эле бир жакшы ой келе калды. Айылдык мээ эмнегедир иштеп кетти да, ошол ойго токтолдум. Улам мончого келип кирип жаткандар бүт эле орустар. «Эмне кыргыздар мончого кирбей калганбы?» – деп коём ичимден. Көрсө, ал кезде шаарда кыргыз деген жокко эссе экен да. Кыргыз айылда эгин айдап, суу сугарып, кой багып, уй саап шаарга айран, сүт берип, эт даярдап талаа-түздө жүргөн тура аттиң. Акыры оо далай убакыт өткөндөн кийин бир кыргыз келди мончого. Ал киши тушума келгенде сүйүнүп кеттимби, саламды катуу айтып, артынан мончого кирдим. Кассанын оозунда ага чукул туруп, анын тигил орус аялга тешиктен берген тыйынын канча экенин көрүп калганга үлгүрдүм. Бул менин жанатан бери ойлонуп жатып таап алган жакшы оюм болчу. Мен дагы шашылыш түрдө баятадан шымымдын чөнтөгүнөн алып чыгып, колума даярдап турган тыйындан санап, тигил кишиче кассанын атайын секичесине коюп, кассир аялга түрттүм. Орус аял мени карап: «Душ» – деди. Мен үн жок башымды ийкеп-ийкеп жибердим шашып. Тигил билет алып кеткен кишини кайда кирип кеткенин билбей калып, таппай калбасам экен деп жан жок. Орус аялдан билетимди алып, шашкан бойдон ал кеткен тарапка имерилсем, колундагы сумкасынан бир нерсе издеп терезеде турган экен мени күтүп тургансып. Мен деле баштыгымдын оозун ачып, тажеңем салып берген сүлгүмдү, самын менен мочалкамды кармамыш эттим, тигил «жолдошумду» аярлап күттүм. Кокус ал адамды

жоготуп жиберсем таза мага тамаша болгону жатпайбы. Анан ал кишини ээрчип узун коридорго бардым. Катар жайгашкан терезелердин түбүндө узатасынан коюлган жыгач отургучта отурган жалгыз оруска барып, кыргыз киши бирдеме дегендей болду орус тилинде. Ал орус башын ийкеп: «Да» – деди. Болжолумда: «Арты сенсиңби» – деди окшойт деп жорудум. Мен да барып берки кыргыздын жанына отурдум. Тиги орус кирсе, анан бул киши кирет окшойт. Андан кийин менин кезегим экенин түшүндүм. Менин коркконум эле, мен киргиче артыман орус келип калбаса экен деген ой. Көп убакыт өтпөй эле, биздин маңдайыбыздагы узун каридордогу катар эшиктердин биринен бир орус жигит чыкты да колундагы сууланган шейшепти, аны көздөй бараткан кичинекей орус аялга берди. Аял баягы жигит чыккан эшиги ачык бөлмөгө шыпыргы, кичине калагы менен кирип тазалап кайра чыкты окшойт. Отургучтагы отурган орус тиги аял чыкканда барып, колундагы кармап турган биздикиндей билетти берди да, бөлмөгө кирип кетти. Ошол эл кирип жуунуп чыгып жаткан коридордогу бет маңдайлашкан бөлмөдө он чакты экен. Демек, душ дегени ушул бирден жуунуп чыккан бөлмө турбайбы деп боолголодум. Тигил кичинекей орус аял ушул жердин шыпырып, тазалап, элди кезеги менен киргизип турган жумушчу экенин да билдим. Санаа тынгансып калды. Унчукпай менин кезегим келгенде колумдагы кассадан алган кагазымды тигил кичинекей аялга берсем, анан жуунучу бөлмөгө кирип кетсем дейм ичимден кобуранып. Бирок тилегеним, тигил орус аял мен кирип кеткенче мага бирдеме деп сурабаса экен деп кооптоном тынчым кетип. Аңгыча дагы бир эшик ачылып тиги киши ордунан тура жөнөдү. Кемпир ал бөлмөнү да тазалады. Тигил кыргыз кирип кетти. Эшик жабылды. Мен узун отургучта жалгыз калдым. Кудай жалгап тигил кичине аял сүйлөбөгөн неме көрүнөт, коридордун

аяк ченindeги жалгыз отургучта терезени карап отурат. Ылайым мен кирип кеткенче эч ким келбесе экен деп, улам эл кире турган тарапты карайм жалтактап. Ошол тараптан киши келсе эле мага орус келчүдөй сезилип.

Мына, эми кызык башталды. Баягы мен ээрчип келип, жуунганы кирип кеткен киши, белкурчоосуна чейин чечинип алып, эшикти кенен ачып бир колу менен кармап алып: «Простына!» – деп кыйкырды да, кайра эшигин жаап алды. Аа, иттики дедим ыңгайсызданып коопtонуп. Мен дагы кыйкырат турбаймынбы, дедим да жанагы тиги киши кыйкырып айткан сөздү унутуп калбайын деп, ичимден «простыналап» кайталап ыпылдатып жаттап алууга кириштим. Минтип «простына» деп кыргыздар эле кыйкырса керек. Эгерде бул бөлмөлөргө киргендин баары кыйкыра турган болсо, жанагы орус деле кыйкырат эле деген ой да келди. Эмнеси болсо да жанагы уккан орусча сөзүмдү Кемчонтойдой болуп өзгөртүп албайын деп, болгон жан дилим менен берилип жаттап жатам. Ошол эле маалда мектептеги орус тили эжейлердин ушул куураган простыня деген эмне сөз экенин бизге үйрөтүп койбогонуна таарынып да жаттым. Аңгыча дагы бир эшик ачылып, андан да узун орус чыкты. Ал бөлмөнү дагы кичинекей аял курал-жарагы менен кирип тазалап чыкты. Бул маалда мен, эгерде жанагы кыргыз киши бул жерге келип жуунганы кирбегенин көрбөгөн болсом, бул жер жалаң орустардын жууна турган жери экен деп, кетип калмак окшойм деп ойлонуп жаткам. Аял тазалап жаткан эшиктин алдынан тиги чыгары менен билетимди бердим да, бирдеме деп жибереби деп, шашып кирип эшикти бекиттим. Оозгу бөлмөсү чечинүүчү жай экенин, отургучу жана кийим илгичи бар экенин түшүндүм. Жанагы кишидей чечинейин деп чечинип да, простыналап кобурап да жатам шыбырап. Мындагы максатым, сөздү унутуп кала электе кыйкырма милдеттен кутулуп калайын дегеним. Так эле

жоготуп жиберсем таза мага тамаша болгону жатпайбы. Анан ал кишини ээрчип узун коридорго бардым. Катар жайгашкан терезелердин түбүндө узатасынан коюлган жыгач отургучта отурган жалгыз оруска барып, кыргыз киши бирдеме дегендей болду орус тилинде. Ал орус башын ийкеп: «Да» – деди. Болжолумда: «Арты сенсиңби» – деди окшойт деп жорудум. Мен да барып берки кыргыздын жанына отурдум. Тиги орус кирсе, анан бул киши кирет окшойт. Андан кийин менин кезегим экенин түшүндүм. Менин коркконум эле, мен киргиче артыман орус келип калбаса экен деген ой. Көп убакыт өтпөй эле, биздин маңдайыбыздагы узун каридордогу катар эшиктердин биринен бир орус жигит чыкты да колундагы сууланган шейшепти, аны көздөй бараткан кичинекей орус аялга берди. Аял баягы жигит чыккан эшиги ачык бөлмөгө шыпыргы, кичине калагы менен кирип тазалап кайра чыкты окшойт. Отургучтагы отурган орус тиги аял чыкканда барып, колундагы кармап турган биздикиндей билетти берди да, бөлмөгө кирип кетти. Ошол эл кирип жуунуп чыгып жаткан коридордогу бет маңдайлашкан бөлмөдө он чакты экен. Демек, душ дегени ушул бирден жуунуп чыккан бөлмө турбайбы деп боолголодум. Тигил кичинекей орус аял ушул жердин шыпырып, тазалап, элди кезеги менен киргизип турган жумушчу экенин да билдим. Санаа тынгансып калды. Унчукпай менин кезегим келгенде колумдагы кассадан алган кагазымды тигил кичинекей аялга берсем, анан жуунучу бөлмөгө кирип кетсем дейм ичимден кобуранып. Бирок тилегеним, тигил орус аял мен кирип кеткенче мага бирдеме деп сурабаса экен деп кооптоном тынчым кетип. Аңгыча дагы бир эшик ачылып тиги киши ордунан тура жөнөдү. Кемпир ал бөлмөнү да тазалады. Тигил кыргыз кирип кетти. Эшик жабылды. Мен узун отургучта жалгыз калдым. Кудай жалгап тигил кичине аял сүйлөбөгөн неме көрүнөт, коридордун

аяк ченииндеги жалгыз отургучта терезени карап отурат. Ылайым мен кирип кеткенче эч ким келбесе экен деп, улам эл кире турган тарапты карайм жалтактап. Ошол тараптан киши келсе эле мага орус келчүдөй сезилип.

Мына, эми кызык башталды. Баягы мен ээрчип келип, жуунганы кирип кеткен киши, белкурчоосуна чейин чечинип алып, эшикти кенен ачып бир колу менен кармап алып: «Простына!» – деп кыйкырды да, кайра эшигин жаап алды. Аа, иттики дедим ыңгайсызданып коопгонуп. Мен дагы кыйкырат турбаймынбы, дедим да жанагы тиги киши кыйкырып айткан сөздү унутуп калбайын деп, ичимден «простыналап» кайталап ыпылдатып жаттап алууга кириштим. Минтип «простына» деп кыргыздар эле кыйкырса керек. Эгерде бул бөлмөлөргө киргендин баары кыйкыра турган болсо, жанагы орус деле кыйкырат эле деген ой да келди. Эмнеси болсо да жанагы уккан орусча сөзүмдү Кемчонтойдой болуп өзгөртүп албайын деп, болгон жан дилим менен берилип жаттап жатам. Ошол эле маалда мектептеги орус тили эжейлердин ушул куураган простыня деген эмне сөз экенин бизге үйрөтүп койбогонуна таарынып да жаттым. Аңгыча дагы бир эшик ачылып, андан да узун орус чыкты. Ал бөлмөнү дагы кичинекей аял курал-жарагы менен кирип тазалап чыкты. Бул маалда мен, эгерде жанагы кыргыз киши бул жерге келип жуунганы кирбегенин көрбөгөн болсом, бул жер жалаң орустардын жууна турган жери экен деп, кетип калмак окшоймун деп ойлонуп жаткам. Аял тазалап жаткан эшиктин алдынан тиги чыгары менен билетимди бердим да, бирдеме деп жибереби деп, шашып кирип эшикти бекиттим. Оозгу бөлмөсү чечинүүчү жай экенин, отургучу жана кийим илгичи бар экенин түшүндүм. Жанагы кишидей чечинейин деп чечинип да, простыналап кобурап да жатам шыбырап. Мындагы максатым, сөздү унутуп кала электе кыйкырма милдеттен кутулуп калайын дегеним. Так эле

жанагы кишидей чечиндим да, эшиктин илгичин чыгардым, эшикти да дал кыргыз ачкандай ачтым. Кемпир укпай калбасын деп: «Простына!» – деп үнду болушунча бийик чыгарып кыйкырып туруп эшикти жаап, илгичин илдим. «Өх, эми болду го», – деп шымымды чечип, турсийимди жаңы отуруп буттун башынан чыгарып жатсам, каалга тарсылдайт бирөө какылап. – Кудай сакта. Дагы эмне болуп кетти? – деп шашып турсийимди кийип эшикти ачсам, жанагы кемпир турат маңдайымда бүктөлгөн ак шейшеп кармап. Бул эмнеси экенин түшүнө албай, алайып кемпирди карасам, ал бирдеме деп жатат өз тилинде кобурап. Мен башымды ийкейм аны карап. Акыры менин орус тилинен нөл экенимди даана билди окшойт, колундагы шейшепти ичкеридеги жыгач отургучка койду да, эшикти тышынан жаап салды. Ыза болуп эшикти илдим да, орусча билбесем булардын алдында далай шагымдын сынарына толук көзүм жетти.

Жуунуп жатып, мектепте жаттаган орус тил сабагыбыздагы глагол, подлежащий, сказуемое, склонениелердин эрежелери менен орус абадиятынан жаттата берген орус акындарынын ырлары мени орус тейлеген мончого да билет сурап киргизе албасына даана түшүндүм.

Мектепте жалаң жогорудагыларды жаттап барып баа алып, ал эмне жөнүндө экенин түшүнбөй же жаттабай барып ашата тил угуп жүрүп, туулган күнүң менен жылыңды орусча айтканды үйрөнбөй онунчу классты бүткөнүмө ыза болдум. Кайра өзүмдү сооротттум берки мени менен бүткөн классташтарымдын деле мендей орус тилинен нөл экендиктерин ойлоп.

«Кудай кылса, кубарыңдын акысы барбы?» дегендей, эжей байкуштар деле жогор жактын түзүп берген программасы менен окута турганын кийин билип жүрбөймүнбү.

# АЛТАЙДАГЫ ПРАКТИКА

Эгерде Т. Казаковдун «Улутман» берүүсү жана А.Сариевдин ........... газетасы, ошол көрсөтүүлөрдөгү алтайлыктар туурасындагы ачык пикирлер болбогондо, бул макала жазылат беле, жок беле белгисиз иш болчу.

Алтайлыктар менен кыргыздардын ортосундагы өзгөчө тилдик окшоштуктардын жакындыгын эч ким жокко чыгара албай турган көрүнүш. Ал эми жашоо-шартында, салт-санаасында, үрп-адатындагы окшоштуктар тил жакындыгына барабар деп айтууга болбойт. Ага себеп алтайлыктардын мындан бир канча жылдар мурун жана бүгүнкү күнгө чейинки Россия элинин курамында колтукташ жашап келе жаткандыгында деп ачык эле айтууга болот.

Анда эмесе сөз, биз студент кезде ошол Алтай жерсине фольклордук (элдик оозеки чыгармачылык) практика кандай, кайсы жерлерде болгонубуз жөнүндө болмокчу.

Азыркы Ош базары турган жерде Ала-Арча аттуу чакан базары бар эле. Түшкө маал ошол базардын күн батыш тарабындагы чоң эшигинен кирип келе жатсам, бир цыган келин алдымды тосуп бастырбады. Биз ошол кездеги Белинский көчөсүндөгү №5 окуу корпусу жаңы бүтүп, түштөн кийин кыргыз факультети, эртең менен орус группасы окушчу. «Акчам жок» десем цыган келин оң колумдан кармап алып кетирбеди. Ал эми чөнтөгүмдө эки сом жана бир аз тыйындар бар эле. Жабышкан келинге аргасыз ал кармап турган оң колумдун алака-

нын ачтым. Ачылган алаканымды бир аз карап туруп: «Жакында эң алыс жолго чыгат экенсиң. Жашооң да алыс, жол узак болот. Эми бир сомго чачыңдан жулуп, ага оросоң дагы жакшы айтам», – деп акцент менен сүйлөп колумду кармап турат. Акыры мунун жөн кетирбесине көзүм жетип, чөнтөгүмдөн бир сом (рубль) алып чыкканымча, чачымдан өзү бир тал жулуп ала койду. Ал мен берген бир сомду түтүкчө кылып бурай салып, ага чачымды орой баштаганда андан бөлүнүп чыга бердим. Себеби цыгандар колуна түшкөн адамдардын чөнтөгүн тоноп бүтмөйүн кетирбесин ким болбосун жакшы билсек керек. Оо, андагы эки рубль деген бир күндүк тамак болорун ким билбейт. Цыган келинден мындай узай берип «Болгону эки сом болсо, анын бирин сен алып калсаң, мен кайдагы алыс жолго чыкмак элем» – деп университетке жол тарттым.

Окуу корпусуна кире бериштен бир агай жолугуп, кыргыз китеп дүкөнүнө жумшап жиберди. Анда кыргыз китеп дүкөнү Жаш гвардия көчөсү менен Ленин проспектисинин кесилишинде эле. Көчө боюндагы андагы кыргыз дүкөнүнөн эл кирип-чыгып үзүлчү эмес. Эл эгемендикке ээ болгону ал кыргыз китеп дүкөнүн көздөн далдаа кылып, жумушу жок киши басып барбаган жерге алып барып катып коюшту.

Барсам, китеп дүкөнүнүн эс алуу (түшкү тамактануу) учуру экен. Биринчи сабактын экинчи бөлүгүнө (парасына) барсам балдар: «Сени да Алтайга фольклордук практикага жаздырып койдук» дешти. Бирок ошол мезгилде Ала-Арча базарындагы цыган келиндин айтканы жөнүндө ойлонбосом да керек. Ошондогу менден бир сом алган цыган келин, ушул макаланы жазардан мурда эсиме түшүп отурбайбы. Бул 1974-жылдын май айы болуш керек эле. Май айы дегенимдин себеби, баарыбыз окууга көйнөкчөн барып жүргөнбүз.

Жайкы сессияны бүтүп, Алтайга практикага катталган он эки-он үч студенттин документтерин топтоп июль

айынын башында Акеш Иманов агай поездге билет алды бизди чогуу ээрчитип барып. Азыр андагы толуп турган жигит Акеш Иманов агай ак чач болуп, Каракол шаарындагы университетте мугалим экен. Филология илимдеринин доктору, профессор Акеш агайдын жазган бир макаласын былтыр кайсы бир газетадан окудум. Ал эми ошондогу 20–21 жаштагы биз быйыл 56 курактын тамагын иче баштадык.

Ошентип июль айынын ысык күндөрүнүн биринде он үч студент, Акеш агай баласы менен он беш жолоочу Фрунзе–Красноярск маршрутундагы «темир тулпарга» минип алтайлык туугандарга жөнөп калдык. Бул сапардын бардан да кызыгы, ошол поездде жемпеддин (кыз-келиндер институтунун) чет тилдер факультетинин бизге окшогон 2-курсунун бүтүрүүчүлөрү проводниктин милдетин аткаруучу болуп, практикада экен. Ошондогу кыздар менен таанышкандардын айрымдары кийин үйлөнүшүп, азыр бала-бакыралуу.

Темир жолдо эки күн, эки түн тынбай жүрүп, үчүнчү күн дегенде кечке маал Барнаулдун темир жол вокзалына келип түштүк. Андан электричкага отуруп, канча саат жол жүргөнүбүз эсимде жок, Бийскиге барып токтодук. Байкуш Акеш агай кайра-кайра түгөлдөп: «Түгөлсүңөрбү айланайындар? Бөтөн эл, бөтөн жерде сак бололу. Бириңе бириң көз сала жүргүлө» – дейт улам токтогон же жаңы жолго чыгаар алдында.

Аттиң, ошол студенттик күндөрдө, же жок дегенде Алтай жергесине сапар тарткандан, кайра кайтып келгенче күндөлүк жазып койгонумда эмне. Анда бул макаламды көргөн билгенимди так далилдүү жазмак экен деп өкүнбөйт элем дегеним.

Бийск шаары Сибирдин нечен кылымды карыткан эски шаарынын бири экендиги тарыхта белгилүү. Ал шаар Петр Iдин указы менен 1709-жылы шаар болуп аталган экен. Шаар Октябрь революциясына чейин Мон-

голдордун, Кытайлардын жана алтайлыктардын негизги соода борборунун милдетин аткарган. Бийск деп аталып калганынын себеби, Бии дарыясынын чоң имерилишинин жээгинде жайланышканынан болуп калган. Бирок Алтай крайындагы ири шаар болуп Барнаул эсептелет.

Түштөн кийин Алтай жергесинин негизги дарбазасы болгон Бийскиден автобуска отуруп, алтайлык тууган-дардын негизги мекенине жол тарттык.

Минткенимдин себеби, алтайлыктар өзүнүн борборун Бийск же Барнаул дешпей, Горно-Алтайск (Тоолуу-Алтай) деп аташат экен. Чыны менен эле бизди да ошол Тоолуу-Алтай шаарынан жер-жерлерге бөлүштү.

Кечке маал күн бата болуш керек, Тоолуу-Алтай шаарындагы бирден бир жалгыз жогорку окуу жайы болгон пединститутка келип токтодук. Биздин келерибиз жөнүндө мурун эле кабардар болушса керек, күтүп турушуптур. Ал түнү ошол пединституттун жатаканасынан орун беришип, эс алып жатып калдык. Студенттер жайкы каникулга кетишип, саналуу эле студенттер калыптыр. Алардын да басымдуулугу кыздар экен, айрымдары менен тааныштык, пикир алыштык. Алар бизди карашат, биз аларга тигилебиз. Эки жак тең өң-келбеттердин аябай окшоштугуна таң беришкендейбиз. Кебетеде кимибиз кыргыз, кимибиз алтайлык экенибизди айрып билүү мүмкүн эмес эле. Ортодогу сүйлөшүүлөр орус жана алтай тилинде болгону менен басымдуу пикир алышуу орус тилинде болуп жатты. Арабыздагы Чүй боорундагы балдар эле орусча жакшыраак сүйлөшпөсө, мага окшогон айылдан шаарга жаңы баргандарыбыз эптеп түшүнөбүз жана түшүндүрөбүз. Алар болсо орус тилин апырта айтканда ышкыртат экен. Кокус ал эл менен бир-эки ай бирге болсоң алтай тилин заматта өздөштүрүп алганга болчудай.

Эртеси тамактанып алып шаарды көргөнү көчөгө чыктык. Акеш агай буга чейин эле: «Баарыңар ак калпак кийип баргыла бирден. Кыргыздын улуттук баш кийимин алтайлык туугандарга көрсөтөлү» дегенинен

баарыбыздын башыбызда ак калпактар. Көчөдө жүрсөк ал жерде жашагандардын орусу да, алтайлыгы да биздин башыбызды карашат. Кээ бир алтайлыктар калпактарыбызды саткыла дегенге да барышты. Бул шаарда «Кыргыздар баш кийимдерин сатышпайт» деген ырым менен бирибиз да калпак сатканыбыз жок. Практикадан кайтып келе жатканда далайыбыздын башыбыз жылаңбаш эле келди. Ал калпактар барган жерде белекке калганын же сатылып кеткенин ойлободук. Балдар арасында мен да калпагы жок келгенимди азыр ойлоп отурам.

Горно-Алтайск шаарынан бизди ПАЗик автобусуна салып, Усть-Сема районуна жиберишти. Ал кечте бир мейманканага жаткырышып, эртеси он үчөөбүздү үч айылга бөлдү. Биз бешөөбүз бөлүнүп калып, Куюс деген айылдын атын аташты. Бешөөбүз автобус барбаган, бир маал сүт тарткан ГАЗ-52 машина каттаган Куюс айылына жолго чыктык. Калган балдар дагы экиге бөлүнүп, бир бөлүгү Шебалиного, экинчи бөлүгү Чемал айылдарына кетишти.

Биз баягы сүт тарткан ГАЗ-52 машинасында бош сүттүн челектерине аралашып, жаман жолдо жанчылып, кыйналып жүрүп отуруп үч саат дегенде бөлүнгөн жерге араң жеттик. Барсак жатак-мектептин аял директору бир-эки адам менен тосуп алышты. Жыгачтан (үстүндөн) салынган балдар жатагына киргизип, жатчу жайыбыз жана тамак-аштын берилиши, элдин жашоо-шарты менен кыскача тааныштырышты. Бир аз убакыттан кийин курсактуу, кырктар чамасындагы алтайлык келип, өзүн ушул айылдын бакшармасы экенин, аты-жөнү Николай Петрович деп тааныштырды. Ал кишинин айтуусунда бизди үч маал бала-бакча тамактандырып турмай болду. Бирок нан, чайы, жатаканабыз бекер болуп, ысык тамак үчүн акча төлөмөк болдук.

Айыл эки тоонун ортосундагы анча деле кенен эмес түздүктө жайгашыптыр. Тескей кырка тоосу жыш карагай, ал эми күңгөй тоо кыркасын этектеп мелмилдеп дарыя

агып жатат. Ал дарыянын атын Катун деп тааныштырды жергиликтүү элдин бири. Ошентип чытырман токойдун этегиндеги, жыгач тамдуу чакан кыштакта практикабыз башталды. Түшкө чейин, кээде түштөн кийин да үйлөрдү кыдырабыз жана көчөдөн жолуккандардан алтай элдик оозеки чыгармаларынан сурайбыз, кагазга түшүрөбүз. Куюс айылында эмнегедир орто жаштагы эркек адамдар аз учурайт экен. Себеби алардын көбү жакынкы Тайгада малчылык кылышат экен. Күндөрдүн бир күнүндө Тайгадан келген алтайлык бизди конокко чакырды. Бардык, бирок эмнегедир жыгачтан (устундан) салынган чоң үйүнө киргизбей, эшик алдындагы кадимки эле индеецтердин алачыгына конуктошту. Бирок ал алачык тери же таар менен жабылбай текши бир кылкадагы жоон чегедектер менен курулуптур. Мурунтан даярдалган тамак-аштарын ортодогу столго жайнатты. Эмнегедир ошондо ал үйдөн кандай тамак жегенимди элестете албадым. Эсимде калганы түтүнгө ышталган келки-келки каймак даамданган (сыр деп аташты алар) курутту эстеп калдым. Үйгө жайгашкандан кийин жалпы келишим боюнча алтай жана кыргыз тилдеринде кожоңдошмокпуз (сүйлөшмөкпүз). Бирок айрым түшүнбөгөн сөздөр болгондо аргасыздан орусчага өтүүгө туура келип жатты.

Бизди конок кылгандардын аттары орусча, ал эмес адеп биз таанышкан студент кыздар-балдардын да аттарынын көбү орус ат, орус фамилияда экенин баамдаганбыз. Ошол growинституттагы сүйлөшүүдө биз: – Эмнеге алтай адам аттарын койбойсуңар? – деген сурообузга: – Бул туурасында алтайлык жалпы жаштары азыр демилге көтөрүп жатабыз дешкенин азыр эсиме салып отурам. Кийин ал жаштар ал демилгелерин аткарыштыбы ким билет. Ачык айтканда, андагы биз көргөн алтайлыктар жалпы эле орусташып кеткен.

Кудай кыргыз калкы менен алтайлыктардын ортосуна ынтымак берип, эки элдин карым-катышы, куда-сөөк бололу деген көпүрө тилеги бекем салынып калса, ал-

тайлык туугандар өзүлөрүнүн абалкы каада-салтын, өзүлөрүнө таандык адам аттарын, салт-санаасын кайра калыбына келтиришсе деген жеке тилек менде чоң. Себеби алар өзүлөрүнүн: «Тегибиз бир, биз алтайлык кыргыздарбыз» деген сөздөрүн көпчүлүк алтайлыктардан уктум. Экинчиден, жыйырма күнгө жакын алардын туз-даамын татып, абасынан кере дем алып, нанын жеп калгандыктанбы эмнегедир алар бүгүн да жүрөгүмө жакын сезилет. Арадан 36 жыл өтүп кетсе да, ошол жерге болгон сагынычым артып, буга чейин анда-санда ойлоп коюп жүргөн болсом, «Улутман» берүүсүндөгү алтайлыктар тууралсындагы көрсөтүүдөн кийин, аларга болгон сагынычым ого бетер күчөп кеткен сыяктанат. Ошол теледе отурган А.Сариевге менин бул макалам жагып калса алар чыгарып жаткан газетадан орун берип калабы деген максатта, качанкы бир өткөн көрүнүштү жазып, калем кармап отурам.

Арадан он күн өткөндөн кийин, Куюстагы бешөөбүз акылдашып, айылдагы чөп чабыкка жардамдашмай болдук. Алардын элдик оозеки чыгармаларынан чогулткан жомоктор, ырлар, табышмактар айтылган санга жетерлик болгонунан ушундай жыйынтыкка келдик да, эртеси айылдын эли менен чөпкө жардамга чыгып кеттик. Биздин бул ишибизге башкарма Николай Петрович кубанып, алтайча жана орусча далайга бакылдады чечилип. Чөптү тескейдеги калың карагайдын арасынан чабышат экен. Чалгы чапканды билбеген кыргыз баласы болбосо керек. Бешөөбүздө беш чалгы. Түшкүсүн ысык тамак, убакыт өткөрүп алтай чайын берип жатты. Чынында айтайын дегеним, алтай чайы дегеним кадимки эле биздин сүттөгөн чай, ошол эле чайга талкан салып ичишет экен. Кааласаң кумшекер саласың, каалабасаң туз татытып ичесиң. Канча күн жардам бердик ким билсин, бир күнү башкарма токойдогу суунун жээгине: «Кыргыз тууғандарды конок кылабыз» – деп бир кой сойдурду. Мындан мен алардын бизге кой сойгонун айтып мактанайын де-

геним жок. Тек гана алардын кой сойгондогу бөтөнчөлүгүн айтайын дегеним. Койдун арткы бутун бирөө басып, жүрөк жактагы бутун кой соё турган адам өзүнө тартып, ага карама-каршы бутун өзүнүн ыңгайы келген буту менен басып, жүрөктүн өзүнө бычакты саят экен да, каны сыртка сыртка акбаш үчүн ал тешикке чүпөрөк тыгып салышат экен. Калган тери жиреңени, этти сан-санга ажыратып бөлгөнү кадимки эле биздикиндей болот экен. Ал эми ичке уюган канды эмне кыласыңар? деген суроубузга, кой сойгон баягы ГАЗ-52 машинанын шаферу: «Кан колбасасын жасайт», – деп жооп берди. Бирок анысын биз көргөнүбүз жок. Алтайдагы айрым көрүнүштөрдү сүрөткө тартып жүрдүм. Тандап чыгарып алып, кийин пленкасын жоготуп жибердим.

Кетээрге төрт-беш күн калганда болсо керек, эртең мененки тамактан кийинби башкарма Николай Петрович келип: – Бүгүн силерди Катун дарыясынын жээгине алып барам да, өзүмчө шашлык менен коноктойм. Даярданып тургула, машина жиберем, – деп кетти. Катун дарыясы биз турган айылдан бир чакырымдай алыс эле. Башкарма айткан сөзү боюнча койдун арткы бөлүгүн алып барып өзүбүзгө тууратып, фаршын даярдатып, бир күнү кечке сууга түшүрүп, чайын кайнатып шишкебек менен коноктоду. Өзүбүздү орусча, алтайча мактады, акча төлөй турган ысык тамагынын төлөмүнөн куткарды. Эмнеси болсо да тегибиздин бир экендигин дагы бир жолу аныктады башкарма.

Практикабыздын күнү бүтүп, кете турган күндүн таңы атты. Турсак айлана жылчыксыз бүркөк. Шыбыргактатып ак жаан жаап жатат. Саат сегиздер чамасында баягы ГАЗ-52 машинасына рейкалар урулуп, таар менен чүмкөлүп, жатак-мектебинин алдына келип токтоду. Кебетеси биз кетээр күнү жаан жаарын билип, Петрович мурункү күнү эле биз үчүн кам көрсө керек. Бул түбү бирге тектеш улут адамынын бизге жан дили менен берилип көргөн камкордугу эмей эмне. Анан кантип бул

башкармага жүрөгүң жылыбай койбойт да, кантип аларды сагынбай коё албайсың. Алар менен байланышып, түбөлүк кол бергенге кантип кошулбай койгонго болот? Бул түнү менен жааган, али басылбаган жаанда бизди узаткандар деле анча көп болгону жок. Эмнегедир азыр ойлосом, биз даяр болсок да машина бир топко туруп калыптыр. Коштошуу бүттү. Биз бешөөбүз машинанын үстүндөбүз. Машинанын матору кыймылга келди. Мына ушул мезгилде клуб тараптан келген жолдо завклуб кыз чуркап келе жатат. Шаферго бирөө бирдеме дедиби, мотордун үнү басылды. Кыздын колунда кармаган бирдемеси бар. Машинанын үстүндө турган төртөөбүз Имангазыны карадык. Мына кызык. Кыз машинага жакын келип атымды атап, баш ийкеп мени чакырды да колундагыны мага карматты. Көзү капкара болгон каратору алтайлык кыздын ошондогу жалжылдаган көздөрүн азыр да көрүп турам элестеп. Имангазы кечкурун мени ээрчитип, ошол завклуб кыз менен жолугушаар эле. Мен кээ күндөрү алар менен чогуу турсам, кээ күндөрү алардан алыс токойду карап кыялга батаар элем. Анан эмнеге биз кетип жатканда белегин мага берди экен? деген ой алтайлыктар жөнүндөгү телеберүүдөн бери кайталанып келе берет. Баратканда бешөөбүз Куюс айылына кандай кыйналып азап чегип жетсек, кайра кайтканда кеткибиз келбей кыйналып, азап чегип кеттик ал адамдардан ажыраша албай.

Машина айылдан узары менен баягы кыз (аты-жөнү эсимде жок аттиң) берген кагазга оролгон белекти шашып ачтык. Анда бир алтай ыры жазылган пластинка, бир алтайча китеп жана жүз аарчы бар экен. Кийин ушул экөөнү тең көңүлгө албай жүрүп жоготуп жибердим. Эмнегедир ушул коштошууга Назаркул Райымкулов курсташыбыздын, баргандан келгенге чейинки сүйлөшкөн кызы бизди узатууга келбей калды. Мүмкүн коштошуп жүрөгүн оорутпайын дегендир. Анын себеби бизге белгисиз эле. Ошондогу болгон кыздар жөнүндөгү болгон иштерди мен эмнеге айтайын дедим. Деге-

ним «Улутман» беруусүндөгү алтай кыргыздары менен кыргыз жергесиндеги кыргыздарга салынчу көпүрөнү түптөп жаткан (атын эстей албай калыптырмын) замандаштын: «Кыз алып, кыз беришебиз» деген сөзүн канткенсек болот деп, бекемдейин дегеним. Эгер биздин балдар алтайлык кыздарга сөз айтса, чана койбос деген пикирди сунуштагым келип жатат.

Кыргыздар менен алтайлыктардын тилинин жакындыгы жөнүндө макаланын башында сөз кылганымды, өзүм 1974-жылы практикада ала келген «Алтай тили» жана «Алтай литературасы» деген 5-класстар үчүн окуу китебинен таба баштагам.

Бүгүнкү күндө Россияда Тоолуу-Алтай Автономиялуу областы деп аталып, борбору – Барнаул.

Ал эми алтай тили түрк тилдеринин ичинен кыргыз-кыпчак тобуна кирет. Алтай ичи эки диалектиге бөлүнүп (түштүк, түндүк), түштүк диалектиси байыркы кыргыз тили менен бир классификациялык топту түзөт, деп илимде аныкталган. Алтай тилинин лексикалык, фонетикалык, грамматикалык белгилери кыргыз тилине өтө жакын келет.

XIX кылымдын ортосунда орус адабиятынын негизинде жазма кабыл алынган. Ал кайрадан 1922-жылы алтай жазмасы өзгөртүлүп, алтай диалектисинин негизинде, азыркы алтай адабий тили иштелип чыккан.

Кандай болгон күндө да, алтайлыктардын жүрүм-туруму, кенебестиги, меймандостугун карап, кыргыз калкынын эле кокусунан алыста калган бир тууганы сыяктантып сезем.

Атаганат, таластыктар менен алтайлыктардын ортосундагы түзүлгөн көпүрөнүн түбөлүгү түз болуп, андан кийин жалпы кыргыз эли алар менен түбөлүк тутумдаш, санаалаш, пикирлеш жана ажырагыс куда-сөөк болуп калса канакей, эки боордош калк.

Мен бул макаланы башында эскерткендей кокусунан арадан 36 жыл өткөндөн кийин жаздым. Ошондо көзүм

менен көргөн көп нерселер өчүп, жыйырма күн ичинде үйрөнгөн сөздөрүм унутулуп бараткан кезде кагазга түштү.

Ылайым, эки элдин ортосуна көпүрө куруучулардын ойлогон иштери менен тилектери кабыл болсун. Силерге ак жол каалап, тилегиңерге тилектеш экенимди билдирем.

**1974-жылы Алтайга практикага барган студенттер**

1. Алиев Акылбек – 2012-жылы каза болду.
2. Абдыкалыков Өзүбек – мен Кочкордо мугалиммин.
3. Абакиров Курманбек – КУУнун мугалими, филология илимдеринин доктору, профессор.
4. Боронбаев Анарбек – Оштон эле, милициянын капитаны деп уккам.
5. Бөкөшов Жамгырбек – философия илимдеринин доктору, профессор.
6. Балбаев Мурат – Нарында губернотор аппаратында деп уккам.
7. Жапаров Шайлоо – Жумгалдын Кызартында мугалим болгон.
8. Жуматаев Шайлоо – Токтогулда милициянын полковниги.
9. Абдубалиев Ибраим – Ошто филология илимдеринин доктору, профессор.
10. Райымбеков Назаркул – Ош жактан, кабарым жок. Акын Т.Мукановдун кайниси.
11. Сейитбеков Токтогул – Ленинграддагы адабият институтун бүтүргөн. 2014-жылы каза болду.
12. Окен – Кара-Балта жакта мугалим.
13. Шадыбаев Имангазы – Нарын тарапта мугалим болуп жүрүп каза болду.
14. Эмилбеков Эркебек – КТРде режиссер болчу.

## ТАРТИП

**Кайдасыңар касиеттүү карылар?**
**Калк ичинде калбай барат саныңар.**
**Кыргыз элге түркүк болгон бир макал.**
**Карысы бар элдин тоодой багы бар.**

**Түгөнүүдө эл ичинде саныңар,**
**Түтөп күйбөй, өчүп барат шамыңар.**
**Түмөн кыргыз жол карайлы. Оңолчу.**
**Түптүү элбиз. Бакай болчу табылар.**

Жаз айларынын бири эле. Жуманын кайсы күндөрү экени эсимде жок. Бакиевдердин арааны ачылган заманы жүрүп, элдин эмнеден болсо тартыштыгы күч алып бараткан жон жукарган учуру эле.

Сааттай болуп айылдын эң эле чекесинде жашаган, эмне иш болсо да колунан келген, жөндөмдүү классташымдыкына бастырып барып калбаймынбы. Ошол күндөгү бирөөнүн болгондо да тааныбаган бир адамдын алдында унутулгус уятка кабылганымды ойлосом, азыр да бетим чымырап өзүмдөн өзүм уялып, эмнеге элди тууралп алдым же бир айрым адамдардай тамаксоо болсомчу деген ойлор келип, өзүмчө кыжаалат боло берем. «Атка учкашканда эле көчүгүң кыйшык болчу» деген макал да туура айтылса керек. Үйдөн ал классташка бүгүн барсамбы же барбай эле койсомбу? деген ыргылжың тартып аттанганымда бир балекет бар болчу. Иш менен бир жакка бара турган болсом, шар жөнөп кетпесем эле бир

ыңгайсыз абалда кала берем же ал ишим ишке ашпай калмайын өзүм жакшы билем.

Атты токунуп, чоң атамдан калган чоң кулпуну сынган ачкычы менен жембаштыкка салып, ойлонгон тарабыма оолугуп туруп жөнөп калдым. Мурда да бир ирет ачкычы сынып калганынан ушул классташым Алмаз заматта жасай салып колума карматып, майлашканбыз. Элүүгө эчак чыксак да кээде бир кездеше калганда «ачуу суудан» жута коймоюбуз кала элек. Үйдөн чыгып бери бастырып, жол боюндагы дүкөндөн бирди да салып алгам. Мен оолугуп ойлонуп бастыргыча түш да болуп кетиптир. Келсем класссташым устаканасында бирдеме өгөөлөп жаткан экен. Адаттагыдай тегерегинде айланата жарак-жабдыктары үстөлдүн үстүндө жайнап, баары Алмазды качан алат дегенсишип жай-жайында катарда жатышат. Салам айтып кирип барсам, мени көрө сала саламыма алик албай: – Ырас келбедиңби. Тигил айылдан дагы бир сага окшогон теңтуш, ат такалаган балкам менен темир кескичимди алды эле, жеткирип берем деген убадасына турбады. Экөөбүз эрмектешип барып келели, – деди. Баягы койнумдагы «жазыксыз ачуу сууну» устакананын бурчуна ката салып, учкашып жөнөп калдык, ойдо эч нерсе жок.

– Ой, эмне ойлонуп калдың? Ушул кыйкырса үнүң жете турган жерге бир күнү жол жүрмөк белек, бат эле барып келебиз. Анан сенин ачкычыңды да бүтүрөбүз – деп колумдагы кармап турган чоң кара кулпуну ары алып койгон. Чыны менен эки айыл бири-бирин анча алыс эмес аралыктан көрүп турат. Ал эмес эки айылдын бирин бири тааныбагандар жокко эсе. Учкашкан экөөбүз баштаган сөзүбүздүн аягына чыкканча, бара турган үйүбүздүн эшигинин алдына келип токтодук. Бизди күтүп тургансып Мамырбай бурчтан чыга калбаспы.

– Оо, Алмаз досум, деги сенин пейилиң ак! Опей кокуй, Райкан курдаш, сен кайдан!? Өмүрү үйгө келе элек элең.

ыңгайсыз абалда кала берем же ал ишим ишке ашпай калмайын өзүм жакшы билем.

Атты токунуп, чоң атамдан калган чоң кулпуну сынган ачкычы менен жембаштыкка салып, ойлонгон тарабыма оолугуп туруп жөнөп калдым. Мурда да бир ирет ачкычы сынып калганынан ушул класслашым Алмаз заматта жасай салып колума карматып, майлашканбыз. Элүүгө эчак чыксак да кээде бир кездеше калганда «ачуу суудан» жута коймоюбуз кала элек. Үйдөн чыгып бери бастырып, жол боюндагы дүкөндөн бирди да салып алгам. Мен оолугуп ойлонуп бастыргыча түш да болуп кетиптир. Келсем классташым устаканасында бирдеме өгөөлөп жаткан экен. Адаттагыдай тегерегинде айланта жарак-жабдыктары үстөлдүн үстүндө жайнап, баары Алмазды качан алат дегенсишип жай-жайында катарда жатышат. Салам айтып кирип барсам, мени көрө сала саламыма алик албай: – Ырас келбедиңби. Тигил айылдан дагы бир сага окшогон теңтуш, ат такалаган балкам менен темир кескичимди алды эле, жеткирип берем деген убадасына турбады. Экөөбүз эрмектешип барып келели, – деди. Баягы койнумдагы «жазыксыз ачуу сууну» устакананын бурчуна ката салып, учкашып жөнөп калдык, ойдо эч нерсе жок.

– Ой, эмне ойлонуп калдың? Ушул кыйкырса үнүң жете турган жерге бир күнү жол жүрмөк белек, бат эле барып келебиз. Анан сенин ачкычыңды да бүтүрөбүз – деп колумдагы кармап турган чоң кара кулпуну ары алып койгон. Чыны менен эки айыл бири-бирин анча алыс эмес аралыктан көрүп турат. Ал эмес эки айылдын бирин бири таанybaгандар жокко эсе. Учкашкан экөөбүз баштаган сөзүбүздүн аягына чыкканча, бара турган үйүбүздүн эшигинин алдына келип токтодук. Бизди күтүп тургансып Мамырбай бурчтан чыга калбаспы.

– Оо, Алмаз досум, деги сенин пейилиң ак! Опей кокуй, Райкан курдаш, сен кайдан!? Өмүрү үйгө келе элек элең.

# ТАРТИП

**Кайдасыңар касиеттүү карылар?**
**Калк ичинде калбай барат саныңар.**
**Кыргыз элге түркүк болгон бир макал.**
**Карысы бар элдин тоодой багы бар.**

**Түгөнүүдө эл ичинде саныңар,**
**Түтөп күйбөй, өчүп барат шамыңар.**
**Түмөн кыргыз жол карайлы. Оңолчу.**
**Түптүү элбиз. Бакай болчу табылар.**

Жаз айларынын бири эле. Жуманын кайсы күндөрү экени эсимде жок. Бакиевдердин арааны ачылган заманы жүрүп, элдин эмнеден болсо тартыштыгы күч алып бараткан жон жукарган учуру эле.

Сааттай болуп айылдын эң эле чекесинде жашаган, эмне иш болсо да колунан келген, жөндөмдүү классташымдыкына бастырып барып калбаймынбы. Ошол күндөгү биреөнүн болгондо да таанybаган бир адамдын алдында унутулгус уятка кабылганымды ойлосом, азыр да бетим чымырап өзүмдөн өзүм уялып, эмнеге элди туурап алдым же бир айрым адамдардай тамаксоо болсомчу деген ойлор келип, өзүмчө кыжаалат боло берем. «Атка учкашканда эле көчүгүң кыйшык болчу» деген макал да туура айтылса керек. Үйдөн ал классташка бүгүн барсамбы же барбай эле койсомбу? деген ыргылжың тартып аттанганымда бир балекет бар болчу. Иш менен бир жакка бара турган болсом, шар жөнөп кетпесем эле бир

ыңгайсыз абалда кала берем же ал ишим ишке ашпай калмайын өзүм жакшы билем.

Атты токунуп, чоң атамдан калган чоң кулпуну сынган ачкычы менен жембаштыкка салып, ойлонгон тарабыма оолугуп туруп жөнөп калдым. Мурда да бир ирет ачкычы сынып калганынан ушул классташым Алмаз заматта жасай салып колума карматып, майлашканбыз. Элүүгө эчак чыксак да көөдө бир кездеше калганда «ачуу суудан» жута коймоюбуз кала элек. Үйдөн чыгып бери бастырып, жол боюндагы дүкөндөн бирди да салып алгам. Мен оолугуп ойлонуп бастыргыча түш да болуп кетиптир. Келсем классташым устаканасында бирдеме өгөөлөп жаткан экен. Адаттагыдай тегерегинде айланта жарак-жабдыктары үстөлдүн үстүндө жайнап, баары Алмазды качан алат дегенсишип жай-жайында катарда жатышат. Салам айтып кирип барсам, мени көрө сала саламыма алик албай: – Ырас келбедиңби. Тигил айылдан дагы бир сага окшогон теңтуш, ат такалаган балкам менен темир кескичимди алды эле, жеткирип берем деген убадасына турбады. Экөөбүз эрмектешип барып келели, – деди. Баягы койнумдагы «жазыксыз ачуу сууну» устакананын бурчуна ката салып, учкашып жөнөп калдык, ойдо эч нерсе жок.

– Ой, эмне ойлонуп калдың? Ушул кыйкырса үнүң жете турган жерге бир күнү жол жүрмөк белек, бат эле барып келебиз. Анан сенин ачкычыңды да бүтүрөбүз – деп колумдагы кармап турган чоң кара кулпуну ары алып койгон. Чыны менен эки айыл бири-бирин анча алыс эмес аралыктан көрүп турат. Ал эмес эки айылдын бирин бири тааныбагандар жокко эсе. Учкашкан экөөбүз баштаган сөзүбүздүн аягына чыкканча, бара турган үйүбүздүн эшигинин алдына келип токтодук. Бизди күтүп тургансып Мамырбай бурчтан чыга калбаспы.

– Оо, Алмаз досум, деги сенин пейилиң ак! Опей кокуй, Райкан курдаш, сен кайдан!? Өмүрү үйгө келе элек элең.

## ТАРТИП

**Кайдасыңар касиеттүү карылар?**
**Калк ичинде калбай барат саныңар.**
**Кыргыз элге түркүк болгон бир макал.**
**Карысы бар элдин тоодой багы бар.**

**Түгөнүүдө эл ичинде саныңар,**
**Түтөп күйбөй, өчүп барат шамыңар.**
**Түмөн кыргыз жол карайлы. Оңолчу.**
**Түптүү элбиз. Бакай болчу табылар.**

Жаз айларынын бири эле. Жуманын кайсы күндөрү экени эсимде жок. Бакиевдердин арааны ачылган заманы жүрүп, элдин эмнеден болсо тартыштыгы күч алып бараткан жон жукарган учуру эле.

Сааттай болуп айылдын эң эле чекесинде жашаган, эмне иш болсо да колунан келген, жөндөмдүү класс-ташымдыкына бастырып барып калбаймынбы. Ошол күндөгү биреөнүн болгондо да тааныбаган бир адамдын алдында унутулгус уятка кабылганымды ойлосом, азыр да бетим чымырап өзүмдөн өзүм уялып, эмнеге элди туурап алдым же бир айрым адамдардай тамаксоо болсомчу деген ойлор келип, өзүмчө кыжаалат боло берем. «Атка учкашканда эле көчүгүң кыйшык болчу» деген макал да туура айтылса керек. Үйдөн ал классташка бүгүн барсамбы же барбай эле койсомбу? деген ыргылжың тартып аттанганымда бир балекет бар болчу. Иш менен бир жакка бара турган болсом, шар жөнөп кетпесем эле бир

ыңгайсыз абалда кала берем же ал ишим ишке ашпай калмайын өзүм жакшы билем.

Атты токунуп, чоң атамдан калган чоң кулпуну сынган ачкычы менен жембаштыкка салып, ойлонгон тарабыма оолугуп туруп жөнөп калдым. Мурда да бир ирет ачкычы сынып калганынан ушул класссташым Алмаз заматта жасай салып колума карматып, майлашканбыз. Элүүгө эчак чыксак да көөдө бир кездеше калганда «ачуу суудан» жута коймоюбуз кала элек. Үйдөн чыгып бери бастырып, жол боюндагы дүкөндөн бирди да салып алгам. Мен оолугуп ойлонуп бастыргыча түш да болуп кетиптир. Келсем класссташым устаканасында бирдеме өгөөлөп жаткан экен. Адаттагыдай тегерегинде айланта жарак-жабдыктары үстөлдүн үстүндө жайнап, баары Алмазды качан алат дегенсишип жай-жайында катарда жатышат. Салам айтып кирип барсам, мени көрө сала саламыма алик албай: – Ырас келбедиңби. Тигил айылдан дагы бир сага окшогон теңтуш, ат такалаган балкам менен темир кескичимди алды эле, жеткирип берем деген убадасына турбады. Экөөбүз эрмектешип барып келели, – деди. Баягы койнумдагы «жазыксыз ачуу суунун» устакананын бурчуна ката салып, учкашып жөнөп калдык, ойдо эч нерсе жок.

– Ой, эмне ойлонуп калдың? Ушул кыйкырса үнүң жете турган жерге бир күнү жол жүрмөк белек, бат эле барып келебиз. Анан сенин ачкычыңды да бүтүрөбүз – деп колумдагы кармап турган чоң кара кулпуну ары алып койгон. Чыны менен эки айыл бири-бирин анча алыс эмес аралыктан көрүп турат. Ал эмес эки айылдын бирин бири тааныбагандар жокко эсе. Учкашкан экөөбүз баштаган сөзүбүздүн аягына чыкканча, бара турган үйүбүздүн эшигинин алдына келип токтодук. Бизди күтүп тургансып Мамырбай бурчтан чыга калбаспы.

– Оо, Алмаз досум, деги сенин пейилиң ак! Опей кокуй, Райкан курдаш, сен кайдан!? Өмүрү үйгө келе элек элең.

## ТАРТИП

**Кайдасыңар касиеттүү карылар?**
**Калк ичинде калбай барат саныңар.**
**Кыргыз элге түркүк болгон бир макал.**
**Карысы бар элдин тоодой багы бар.**

**Түгөнүүдө эл ичинде саныңар,**
**Түтөп күйбөй, өчүп барат шамыңар.**
**Түмөн кыргыз жол карайлы. Оңолчу.**
**Түптүү элбиз. Бакай болчу табылар.**

Жаз айларынын бири эле. Жуманын кайсы күндөрү экени эсимде жок. Бакиевдердин арааны ачылган заманы жүрүп, элдин эмнеден болсо тартыштыгы күч алып бараткан жон жукарган учуру эле.

Сааттай болуп айылдын эң эле чекесинде жашаган, эмне иш болсо да колунан келген, жөндөмдүү класс-ташымдыкына бастырып барып калбаймынбы. Ошол күндөгү бирөөнүн болгондо да тааныбаган бир адамдын алдында унутулгус уятка кабылганымды ойлосом, азыр да бетим чымырап өзүмдөн өзүм уялып, эмнеге элди туурап алдым же бир айрым адамдардай тамаксоо болсомчу деген ойлор келип, өзүмчө кыжаалат боло берем. «Атка учкашканда эле көчүгүң кыйшык болчу» деген макал да туура айтылса керек. Үйдөн ал класскашка бүгүн барсамбы же барбай эле койсомбу? деген ыргылжың тартып аттанганымда бир балекет бар болчу. Иш менен бир жакка бара турган болсом, шар жөнөп кетпесем эле бир

ыңгайсыз абалда кала берем же ал ишим ишке ашпай калмайын өзүм жакшы билем.

Атты токунуп, чоң атамдан калган чоң кулпуну сынган ачкычы менен жембаштыкка салып, ойлонгон тарабыма оолугуп туруп жөнөп калдым. Мурда да бир ирет ачкычы сынып калганынан ушул классташым Алмаз заматта жасай салып колума карматып, майлашканбыз. Элүүгө эчак чыксак да кээде бир кездеше калганда «ачуу суудан» жута коймоюбуз кала элек. Үйдөн чыгып бери бастырып, жол боюндагы дүкөндөн бирди да салып алгам. Мен оолугуп ойлонуп бастыргыча түш да болуп кетиптир. Келсем классташым устаканасында бирдеме өгөөлөп жаткан экен. Адаттагыдай тегерегинде айланта жарак-жабдыктары үстөлдүн үстүндө жайнап, баары Алмазды качан алат дегенсишип жай-жайында катарда жатышат. Салам айтып кирип барсам, мени көрө сала саламыма алик албай: – Ырас келбедиңби. Тигил айылдан дагы бир сага окшогон теңтуш, ат такалаган балкам менен темир кескичимди алды эле, жеткирип берем деген убадасына турбады. Экөөбүз эрмектешип барып келели, – деди. Баягы койнумдагы «жазыксыз ачуу сууну» устакананын бурчуна ката салып, учкашып жөнөп калдык, ойдо эч нерсе жок.

– Ой, эмне ойлонуп калдың? Ушул кыйкырса үнүң жете турган жерге бир күнү жол жүрмөк белек, бат эле барып келебиз. Анан сенин ачкычыңды да бүтүрөбүз – деп колумдагы кармап турган чоң кара кулпуну ары алып койгон. Чыны менен эки айыл бири-бирин анча алыс эмес аралыктан көрүп турат. Ал эмес эки айылдын бирин бири тааныбагандар жокко эсе. Учкашкан экөөбүз баштаган сөзүбүздүн аягына чыкканча, бара турган үйүбүздүн эшигинин алдына келип токтодук. Бизди күтүп тургансып Мамырбай бурчтан чыга калбаспы.

– Оо, Алмаз досум, деги сенин пейилиң ак! Опей кокуй, Райкан курдаш, сен кайдан!? Өмүрү үйгө келе элек элең.

Сенин да пейилиң ак экен. Эмнеси болсо да экөөңөрдүн теӊ пейилиңер ак эле эмес, баткак экен! Кел, түшө калгыла, – деп бакылдап, атты тизгинден алып, учкашып турган мени колтуктап түшүрүп жаагы басылбады. Оозунан тиги «жазыксыздын» жыты буркурайт. – Алмаз дос, эмнеге келгениңди билип турам. Сөгүп да жатсаң керек ээ, – деп ырсайды көңүлү жайдары. Ал айтпаса да, үйүндө бир жакшылыктын болуп жатканын белги берип кермеде бир нече майлык жайылып, огородду тоскон зым короонун түбүндө үч ит сөөк кемирип жатат ыракаттанып, келген-кеткен кишилер менен иши жок. Эмнеси болсо да чакырылган эл аяктап калса керек. Атты өзү барып байлап келген Мамырбай: – Ырас келдиңер, ой! Бүгүн баягы улуу уулумдун үчүнчү баласынын түлөөсүн берип жаттык эле. Эл да аяктап калды. Киргиле, достор. Киргиле! – деп ачык турган эшикке колун жая берди.

Оозгу жана дагы бир үйдөн өтүп барып төрку кенен үйгө кирдик өзүнүн коштоосу менен. Үйдүн төрүндө аппак болгон жоон муруту, жаактан бери жапкан ак сакалчан, ак топучан арыктыгы өз келбетине жарашкан кары адам отурган экен. Биздин айткан саламыбызга кыраатты менен алик алып, оң колун төшүнө басып, илбереңки бир аз ийилген болду. Мен чоң молдо болсо керек билими бар, – деп ойлодум ичимден. Болбосо биздин райондон же бул биздин тегеректеги коңшу айылдардан минтип ызаат менен оң колун бооруна алып аликти маңыздуу кабылдаган адамды элүү жаштан өткөнү көрө элекмин. Отурган келбетине, кийген кийимине, алик алган өзгөчөлүгүнө карап маданияттуу сылык адам болсо керек деген сыпаттама көз караш менен дагы бир ирет карап койдум. Өзүнө жарашыктуу, таза, тыкан кийген кийими көз алдыма элестеп, бул кишинин кемпири жаш, эгер кемпири жок кары болсо, келини жакшы аялзаты болсо керек деди дагы бир оюм. Аңгыча бакылдаган Мамырбай биздин арабызга өз айылдашта-

рынан дагы төрт эркекти ээрчитип кирип жайгаштырды да: – Азыр чай ичип отуруп туруңуздар. Анан чайдан чыгып этке кирип, жаман небереге каалооңорду айтып, бата берип койгула! – деп чыгып кетти. Ал чыгары менен шыпылдаган арык жигит «шаймандары» менен кирип келип бир стакандан көтөртүп кетти. Тасмал үстү толтура. Колдон келишинче жасалгаланган. Кыязы, стол үстүндөгү кымбат баалуу таттуунун түрлөрүн уул-келини шаардан ала келишсе керек.

Биздин элде адегенде чай берилип, берки «жазыксыздан» экиден көтөртмөй. Анан бештен же алты-жетиден адамды бир табак кылып эт тартмай. Этте айрым үйдө экиден, жакшы жакындары болсо төрт-бештен көтөртмөй. Эркектерге мындай жакшылыктарда ылдам-ылдам эле кайталатып алдырып турганы жакшы эмеспи!

Биз да бир-эки чыныдан чай ичип бүтүп калганда Мамырбай баягы «шайманы» бар баланы ээрчитип кайра кирди, алдыбыздагы стакандарды толтурттурду да:
– Бул киши болсо менин өзүмдүн менчик кайнатам. Колуна өмүрү стакан кармап көрбөптүр. Ичпеген кишини кыйнамай жок. Кечээ жээнинин түлөөсүнө келишкен, – деп жатканда Мамырбайды эшикке чакыртып кетишти. Менчик кайнатаң болсо жакшы чыкыйгаң кайнатаң бар экен дедим ичимден. Алдыда ошол адамдан кызыкты көрөрүбүздү мен кургур билбей, Мамырбайдын келип, алдыдагы стакандарды жакшы каалоо менен бошоттуруршун күтүп жымжыртпыз.

Бир маалда биздин маңдайыбызда отурган ушул айылдыктардын бири тарелкадагы конфеттен төрт-бешти алып чөнтөккө салды. Мындай көрүнүштү берки үчөө да кайталашты. Менден жогору отурган Алмаз да төрт-беш конфет алып чөнтөккө салды. Баягы бет маңдайдагылар мурунку кыймылдарын дагы кайталашты. Мындай жерден андайга көнүгүү жасап көрбөгөн мен да экини алып чөнтөккө салдым. Биринчи атакага өткөн-

дөр дагы алышты. Башка чөнтөккө салышты. Алар менен мелдешке чыккансып Алмаз да аларды туурап жатат. Алмаз уттуруп жибербесин дегенсип, экинчи ирет табака кол сунуп төрт-бешти алып мен да чөнтөккө кымырдым. Тигилердин алдыларындагы табактар бош калды. Тигилерден кемминби дедиби, Алмаз да эки табакты бошотуп салды. Мени да кудай уруп «алсамбы?» деп алкым бузулуп, колум кыбырай баштаган. Ушул маалда: – Уятыңар барбы!? – деген өктөм үн чыкты. Отургандар түшүнбөй адеп бири-бирибизди карадык. Көздөр эмнегедир чакчайды. Бу силер, бирдеме көргөн адамсыңарбы? – деди буулуккан жек көрүү үн менен. Эмне кылып жибердик дегендей кайра дагы бири-бирибизди карадык. Бирок мен түшүндүм тарелкага кол салган алаканым эмнегедир нымшып чыкты. Анан чекем нымдалышып, беттерим местный наркоз алгандай тултуюп кеткенсиди.

Алдагы чөнтөгүңөргө салганды, кайра тарелкаларга салгыла! Силерден кийин да бул үйдөн эл бирдеме ооз тиеби? Бул эмне болгон элсиңер! Сөз ушундай таасирдүү чыкты. Мага анын сөзү жылмакай, бирок сөз менен кошо менин бетиме быдыр-быдыр бирдеме жабышып калгандай туюлду. – Жалаң силерге окшогондордун айынан мамлекет байыбай, жалпы кыргыз эли жарыбай, итке минген турмуштан кутула албай келе жатат далай жылдардан бери! Жогору жактагы бийликтегилер, акимиң, айыл өкмөтүң жада калса мектептин директоруна чейин жеп, тоюнбагандардын кесепетинен карапайым калк, силер мантыкпай отурасыңар! Силер эмне түлөөнүн табагын бошоткону, алар элдин мүлкүн, байлыгын талаганы бийликке келишти беле? Акырын сыйыңар менен чөнтөгүңөрдөгүнү табактарга салып койгула. Мен эчтеке көргөн жокмун. Силер эч нерсе уккан жоксуңар! – дебеспи акырында жумшарып.

Мына ошондо тултуйбаган бетиңди, чымырабаган денеңди, нымшыбаган жериңди таап ал.

Ошентип, чөнтөккө салынган конфеттер кайрадан тарелкаларга салынып, жымжырттыктын үстүнө үй ичин жымжырттык ээледи. Менин көчүгүм өзүнөн өзү жерден көтөрүлүп, «Оомийин!» деген сөзү жок эки колум тултуйган бетиме шашылыш тартылып, тура жөнөдүм. Эшик кайдасың? – деп ит куугандай үйдөн атып чыктым. Менин артыман Алмаз, анын артынан тигил төртөө бирин бири абгондоп чыгышты.

Андан бери канча жылдар өтсө да, жакшылык-жамандыкка барганда жасалгаланган тасмалдарды көрсөм, сөз жок баягы киши көзүмө элестеп, сөздөрү кулагыма угула берет.

Чын эле кыргыз эли, артындагы элди, урпактарынын келечегин ойлобогон табак, казына бошоткон өзүмчүл, жегич элби? Бул суроону ар качан эске түшкөндө бере берем. Бирок али так жообун өзүмдөн ала элекмин.

Мына, сага, тарбия жана тартип!!!

# ОПУЗА

Акыйкатчы Турсунбек Акундун жана бир топ ошого окшогон акыйкатчылардын «Кыз ала качуу кылмыш» деген талаш-тартыштарын телевизордон көрүп отуруп, СССРдин мезгилинде болуп өткөн айылдагы бир окуя эсиме түшө берчү болду. Ошол болуп өткөн окуяга өзүм кошо катышып, өзүм күбө болгон көрүнүштү эмнегедир кийинки күндөрү кайра-кайра ойлой берчү да болдум. Ошондо биздин жүрөгүбүздү түшүрүп, кыштын кыраан чилдесинде эшикте солкулдаткан карыянын кайраттуулугу менен кыраакылыгына жана адамдык, ак сакалдык адамдык сапатына таң берем. Анда ошол болуп өткөн окуяга сиздер да күбө болуп, карыянын ошондо бизге кылган ишине, мүнөзүнө өзүңүздөр ортоктош болуп көрүңүздөр.

Адаттагыдай кыштын тутам күнүндө балдарым менен мал жайлап жаңы бүтүп, үшүгөн колдорумду үйлөп, жаңыдан мештин жанына жетип, кулачымды жайып жылынып баштагам. Жаңыдан коюн-колтугумду жылуулук аралап калган мезгилде эшиктен карбаластап Таалай кирип келди. Адаттагыдай айткан саламынын дайыны жок эле: – Айланайын байке, машинаңды айдабасаң болбой калды. Шаардагы улуу бала айтпай-дебей эле тигил коңшу айылдан келинчек ала качып келиптир. Жаңыдан эле мештин жылуулугуна магдырап бараткан жаным сөзүнө деле анча маани бербегенсип көңүлкош: – Ии, келинчек алып келсе келиндүү болот деген ошол. Байбичеңдин колу узарат. Ага анчалык эле

эмне аңтаңдап шашып алгансың? – дедим шашылбай. Анан эстей салып: – Келин кут болсун! Башка баш кошулган жаман болчу беле. Сен бул түрүңө караганда сүйүнбөй эле коркуп алгансың го? Саламга да жарабай эле машинаңды айда деп тамашага салдым.

– Кечирип кой, байке. Салам да эсиме келбей эле, санаам санга бөлүнүп жатпайбы. Мурун мындай башымдан өтпөгөн жаным чочулайт экенсиң. Сүйлөшүп алып келсе да бир жөн экен. Ата-энеси кандай неме ким билет, байке.

– Тигил айыл болгондо кайсы айыл экен? Тигил-бул айыл эле дейсиң, кайсыл айылдык кыз экенин сен билбейсиң, мен кайдан билем – дедим айылын аныктамакка.

– Бизге жакын эле айыл. Тигилчи... байке – деди желкесин кашып.

– Келчи мындай, алактабай. Бул тегеректе болсо тагылар. Балаң деги мурун көрүп, көз салып жүргөн кыз бекен?

– Ой, байке! Бала мурун таанып сөз айтып жүргөн болсо, кыз анча чыр чыгарбай эле отуруп калат эле го. Кыздын ыйлаганына караганда экөөнүн ортосунда таанын-билиштик жок көрүнөт. Мына мен ошондон коркуп, айылдын да атын таппай жатпаймынбы. Кокус отурбай кызы кетип калса балам ыза болуп, алдагандай абалда калат. Анан да баланчанын баласы келинчек алып келсе отурбай, отурбай десе жакшы го чанып кетип калыптыр деген элдин ушагы канча, байке.

– Балаң антип ыза боло турганын, кыздын отурбашын, кетип каларын билсе, сүйлөшүп эле алып келбейби?

– Мен ага эмне тааныбаган эле бирөөнүн кызын алып жүрө бер деди дейсиңби?

– Ой, Таке, – дедим (каткырып), – сен деле аялыңды ГАЗиктин үстүнө салып тоодон ала качып келбедиң беле. Бала атасынын жолун жолдойт деген ошол, – дедим анын көңүлүн жумшартып, коркконун басыш үчүн.

– Анын чын байке. Бирок Жаркын өзүбүздүкү айылдык болуп жатпайбы. Анын үстүнө атам жарыктык «Ала качып келе бер. Атасы менен өзүм сүйлөшөм. Ал ит менен бекер бир класста окуптурмунбу» – деп өзү жиберген да дегендей мени карап жылмайды.

– Эми эмне кылалы деп жатасың? – дедим анын толук оюн билмекке.

– Макул болсоң машинаңды айдап биздикине бара кал, байке. Тигилер да кокус кууп келип калабы. Мен үйгө барып тыйын-тыпырын, коюн камдап турайын. «Жер кулагы жети кат» – дешет эмеспи. Кыздын үйүнө угулуп калса кууп келип, отурбай жаткан кызды колубуздан жула качып кетишпесин.

Короодогу көк жигулини ысык суу куюп, от алдырып Таалайдыкына барып токтодум. Келин кут болсун! – деп, көтөрүңкү үн менен айтып, үйдүн босогосун аттадым. Баягы үрпөңдөгөн Таалай жок, жарпы жазылып тынчып калыптыр. Ал астыман чыгып эле: – Айланайын байке, апалардан айланса болот, келинимди мен сиздикинен келгенче эле татынакай отургузуп коюшуптур. Эми кудай деп жолго чыга берели, байке. Кууп келип калабы деп менде дагы эле жан жок, – деп ичине сыр жашыралбаган Такең канча алган акчасынын санын, алган койдун эттүүлүгүн, кимди калтырып, кимди ээрчиткенинен бери төгүп салды.

Таалайдын шаштыруусу менен бир чыныдан чайды шашылып ичип, үй жалпы жабыла бата кылып, Таалайдын өз агасы жана жакын тууганын салып: «Ак жол бер!» – деп жана бир жолу төртөөбүз бата кылып жолго чыктык. Кыштын кеч күүгүмүндө, кыздын үйүн таптык сураштырып жүрүп. Кыздын дайын-дарегин, кимдин кызы, канча бир тууган экенинен бери билип беришкендер ал биздин апалар менен жеңелер эле. Бирок үйгө чукул кирип барбай алысыраак токтодук. Он мүнөтчө бирибизден да үн чыкпай үйдү карап отурдук. Анан мен эч

кимисине акылдашпай эле машинаны жылдырып үйгө чукул токтоттум. Куда болчу үйдүн свети өчпөй бейкапар. Эмнегедир бирибизден да үн чыкпайт. Тымызын дем алып, ар кимибиз тымызын ой жүгүртүп жатабыз. Кадимки эле согуш кинолордогу душмандын тикенек зымынын түбүндө жаткан чалгынчы жоокерлердин кебетесиндебиз. Бирок биз душмандын зымынын түбүндө эмес, өзүбүздүн машинадабыз. А тигил үй немецтердин штабы эмес, келечекте куда болчу кыздын ата-энесинин үйү. Минтип дагы канчага отурат элек ким билсин. Бир маалда багаждагы кой: – Түшүрбөйсүңөрбү! Тумчугуп кеттим! – дегендей маарап жибергенде, чочуп кетип бири-бирибизди шашыла карап, машинадан бирөө кубалагандай атып чыктык. Анан ушул үйгө ууруга келгендей акырын дабыш чыгарбай, жыгач дарбазага жеттик да, тегеректен бирөөлөр бизди карап турган жокпу деген кыязда төртөбүз тең артка кылчайдык.

– Эмне эле болуп жатасыңар? «Корксо да кой өлөт, коркпосо да кой өлөт» деген Таалайдын агасы Үсөнбай алдыга чыгып, дарбазанын чала жабылган кичи каалгасынын босогосун: «Биссимылда!» – деп аттады. Анын артынан үчөөбүз да Үсөнбайдын келмесин кайталап артынан кирдик. Алдыда бараткан Үсөнбайдын: – Атсалоому алейкум! – деген үнүнөн баш көтөрсөк, бет маңдайыбызда ак сакалдуу, олбурлуу, калың чапан кийген, тебетейчен, жайык бет кары турат. Тиги кишини кокусунан көрүп коркуп кеттикпи, Үсөнбайдын саламынын артынан үчөөбүз да жарыша салам айтып жибердик да, эркекче кол бергенди да эстен чыгарып абышканын маңдайына катар туруп калыппыз. Биздин жарыша берген саламыбызга алик алдыбы же мен укпай калдымбы эсимде жок. Андан ары үн-сөз жок мугалимдин алдында тартип бузган окуучудай катарга тизилген бизге калбаат: – Ии, жигиттер, жол болсун! Үрпөйүп-үрпөйүп кайдан чыга калдыңар? – дегенде Үсөнбайдын бул үйгө

кимисине акылдашпай эле машинаны жылдырып үйгө чукул токтоттум. Куда болчу үйдүн свети өчпөй бейкапар. Эмнегедир бирибизден да үн чыкпайт. Тымызын дем алып, ар кимибиз тымызын ой жүгүртүп жатабыз. Кадимки эле согуш кинолордогу душмандын тикенек зымынын түбүндө жаткан чалгынчы жоокерлердин кебетесиндебиз. Бирок биз душмандын зымынын түбүндө эмес, өзүбүздүн машинадабыз. А тигил үй немецтердин штабы эмес, келечекте куда болчу кыздын ата-энесинин үйү. Минтип дагы канчага отурат элек ким билсин. Бир маалда багаждагы кой: – Түшүрбөйсүңөрбү! Тумчугуп кеттим! – дегендей маарап жибергенде, чочуп кетип бири-бирибизди шашыла карап, машинадан бирөө кубалагандай атып чыктык. Анан ушул үйгө ууруга келгендей акырын дабыш чыгарбай, жыгач дарбазага жеттик да, тегеректен бирөөлөр бизди карап турган жокпу деген кыязда төртөбүз тең артка кылчайдык.

– Эмне эле болуп жатасыңар? «Корксо да кой өлөт, коркпосо да кой өлөт» деген Таалайдын агасы Үсөнбай алдыга чыгып, дарбазанын чала жабылган кичи каалгасынын босогосун: «Биссимылда!» – деп аттады. Анын артынан үчөөбүз да Үсөнбайдын келмесин кайталап артынан кирдик. Алдыда бараткан Үсөнбайдын: – Атсалоому алейкум! – деген үнүнөн баш көтөрсөк, бет маңдайыбызда ак сакалдуу, олбурлуу, калың чапан кийген, тебетейчен, жайык бет кары турат. Тиги кишини көкүсүнан көрүп коркуп кеттикпи, Үсөнбайдын саламынын артынан үчөөбүз да жарыша салам айтып жибердик да, эркекче кол бергенди да эстен чыгарып абышканын маңдайына катар туруп калыппыз. Биздин жарыша берген саламыбызга алик алдыбы же мен укпай калдымбы эсимде жок. Андан ары үн-сөз жок мугалимдин алдында тартип бузган окуучудай катарга тизилген бизге калбаат: – Ии, жигиттер, жол болсун! Үрпөйүп-үрпөйүп кайдан чыга калдыңар? – дегенде Үсөнбайдын бул үйгө

– Анын чын байке. Бирок Жаркын өзүбүздүкү айылдык болуп жатпайбы. Анын үстүнө атам жарыктык «Ала качып келе бер. Атасы менен өзүм сүйлөшөм. Ал ит менен бекер бир класста окуптурмунбу» – деп өзү жиберген да дегендей мени карап жылмайды.

– Эми эмне кылалы деп жатасың? – дедим анын толук оюн билмекке.

– Макул болсоң машинаңды айдап биздикине бара кал, байке. Тигилер да кокус кууп келип калабы. Мен үйгө барып тыйын-тыпырын, коюн камдап турайын. «Жер кулагы жети кат» – дешет эмеспи. Кыздын үйүнө угулуп калса кууп келип, отурбай жаткан кызды колубуздан жула качып кетишпесин.

Короодогу көк жигулини ысык суу куюп, от алдырып Таалайдыкына барып токтодум. Келин кут болсун! – деп, көтөрүңкү үн менен айтып, үйдүн босогосун аттадым. Баягы үрпөңдөгөн Таалай жок, жарпы жазылып тынчып калыптыр. Ал астыман чыгып эле: – Айланайын байке, апалардан айланса болот, келинимди мен сиздикинен келгенче эле татынакай отургузуп коюшуптур. Эми кудай деп жолго чыга берели, байке. Кууп келип калабы деп менде дагы эле жан жок, – деп ичине сыр жашыралбаган Такең канча алган акчасынын санын, алган койдун эттүүлүгүн, кимди калтырып, кимди ээрчиткенинен бери төгүп салды.

Таалайдын шаштыруусу менен бир чыныдан чайды шашылып ичип, үй жалпы жабыла бата кылып, Таалайдын өз агасы жана жакын тууганын салып: «Ак жол бер!» – деп жана бир жолу төртөөбүз бата кылып жолго чыктык. Кыштын кеч күүгүмүндө, кыздын үйүн таптык сураштырып жүрүп. Кыздын дайын-дарегин, кимдин кызы, канча бир тууган экенинен бери билип беришкендер ал биздин апалар менен жеңелер эле. Бирок үйгө чукул кирип барбай алысыраак токтодук. Он мүнөтчө бирибизден да үн чыкпай үйдү карап отурдук. Анан мен эч

кимисине акылдашпай эле машинаны жылдырып үйгө чукул токтоттум. Куда болчу үйдүн свети өчпөй бейкапар. Эмнегедир бирибизден да үн чыкпайт. Тымызын дем алып, ар кимибиз тымызын ой жүгүртүп жатабыз. Кадимки эле согуш кинолордогу душмандын тикенек зымынын түбүндө жаткан чалгынчы жоокерлердин кебетесиндебиз. Бирок биз душмандын зымынын түбүндө эмес, өзүбүздүн машинадабыз. А тигил үй немецтердин штабы эмес, келечекте куда болчу кыздын ата-энесинин үйү. Минтип дагы канчага отурат элек ким билсин. Бир маалда багаждагы кой: – Түшүрбөйсүңөрбү! Тумчугуп кеттим! – дегендей маарап жибергенде, чочуп кетип бири-бирибизди шашыла карап, машинадан бирөө кубалагандай атып чыктык. Анан ушул үйгө ууруга келгендей акырын дабыш чыгарбай, жыгач дарбазага жеттик да, тегеректен бирөөлөр бизди карап турган жокпу деген кыязда төртөбүз тең артка кылчайдык.

– Эмне эле болуп жатасыңар? «Корксо да кой өлөт, коркпосо да кой өлөт» деген Таалайдын агасы Үсөнбай алдыга чыгып, дарбазанын чала жабылган кичи каалгасынын босогосун: «Биссимылда!» – деп аттады. Анын артынан үчөөбүз да Үсөнбайдын кедмесин кайталап ар-тынан кирдик. Алдыда бараткан Үсөнбайдын: – Атсалоому алейкум! – деген үнүнөн баш көтөрсөк, бет маңдайыбызда ак сакалдуу, олбурлуу, калың чапан кийген, тебетейчен, жайык бет кары турат. Тиги кишини кокусунан көрүп коркуп кеттикпи, Үсөнбайдын саламынын артынан үчөөбүз да жарыша салам айтып жибердик да, эркекче кол бергенди да эстен чыгарып абышканын маңдайына катар туруп калыппыз. Биздин жарыша берген саламыбызга алик алдыбы же мен укпай калдымбы эсимде жок. Андан ары үн-сөз жок мугалимдин алдында тартип бузган окуучудай катарга тизилген бизге калбаат: – Ии, жигиттер, жол болсун! Үрпөйүп-үрпөйүп кайдан чыга калдыңар? – дегенде Үсөнбайдын бул үйгө

калакка шыпырындыны көтөрүп биз кирген эшиктен чыгып төгүп келди. Абышка эмне ойлонду ким билсин. Бир маалда бизди карап туруп: – Эй, жигиттер! Эмне кур эле келдиңерби? Ич жылытчу бирдемеңер жокпу? – дебеспи жылмайгансып. Мындай жумшак кайрылууну күтпөгөн жаныбыз жабыла: – Бар! – дедик жарышып. Баятан бери: «Эмнеге келдим элем бир шылтоо таап айтып жылуу төшөгүмдө жата бербей», – деп ойлонуп жаткан мен да тириле түштүм ой учугум үзүлүп. Абышканын бул кайрылуусуна үшүгөнүнөн эмес, жумшак сөзүнө жибий түшкөн Үсөнбай Таалайды жеңинен тартып, машинага жөнөдүк үчөөбүз. Карбаластап машинаны ачып, бир бөтөлкөнү көтөрүп ылдам эле жетип келдик жарпыбыз жазылып жампалаңдап. Абышка шашпай басып үйгө кирип шампандын төрт бокалын жана тарелкага салынган салатты Айжамалга көтөртүп чыкты. Анын колундагыларды шашып тура калып, Таалай ала калды. – Бокалдан бирден кармагыла дагы, куйгула алдагыңарды. Бул уурулуктун башчысы ким болсо ошол куйсун! – деди абышка бизге жакындай берип. Толук түшүнбөй калыштыбы Үсөнбай Таалайды, Таалай Үсөнбайды карады. Үсөнбай бирдеменин чекесин кеч баамдадыбы, Таалайды чыканагы менен түрттү. Таалай абышканын булардын ичинен кимиси куда экенин билейин деген түпкүрүндөгү тымызын оюн билбеди. Агасынын ишаратынан кийин өз бокалын агасына карматып, табактагы салатты мага берип, бөтөлкөнү ачып, узун шыйрактуу бокалдарга бир аздан куюп абышканы карады.

– Мени такыр карабагыла. Мен ичпейм. Өзүңөрдүн арагыңарды өзүңөр ичкиле, биринчиден. Экинчиден, алдагы бөтөлкөнү калтырбай төрткө бөлгүлө да, калтырбай алып жибергиле! Күнөө кылган киши, күнөөсүн өзү көтөрөт. Алгыла! – деди үндү бийик чыгара команда берип. Ачуу басардын даана үч күнөөкөрү абышкадан коркуштубу же атасынын көрү бир аз болсо да жылып ала-

лы дештиби, стакандар ылдый тик көмкөрүлүп, өздөрү жылдыздуу асманды карап буйрукту так аткарышты. Бокалды ичке шыйрагынан чычайта кармап ичпей турган мага: – Эй жигит! Сен эмне албайсың? – деди башкача таң калган үн менен.

– Мен шопурмун – дедим жылмайып.

– Шоопур болсоң эмне экен. ГАИден коркуп жатканың го. Биринчиден, түн ичинде кайдагы ГАИ. Экинчиден, бул үч ууруну бириктирип менин үйүмө алып келип жаткандан кийин, булар менен сен дагы шериктешсиң. Ошон үчүн, ал! – дебеспи мага жакындай. Бир ай ичпей эс алайынчы деген беш күн мурунку убадам, мени менен кошо келип, арак оозума жакындаганда урган бойдон короодон чыга качкандай болду да, бокал оозума жабыша түшүп, мен да тигилерге окшоп асмандагы жылдыздарды бир карап алдым.

– Ии, мына. Ичкен оозго жарашат деген ушул. Стаканды кармаш жана жутуш кыймылына караганда бул жагынан стажың бир топ эле көрүнөт, – деди өз сөзүнө өзү ыраазы боло жылмайып. Абышкага кошулуп берки үчөө да ырсайды мени эңкейип карашып. Ушуну менен кайрадан сөз үзүлүп ортону тынчтык ээледи. Абышка да унчукпай кыска-кыска ары-бери басып, бир нерсеге кабатыр болгон түр менен дагы үйүнө кирип кетти. Атасы үйдөн тентек кылгандыгы үчүн кууп чыгып: «Ушул жерден кыймылдасаңар, өлөсүңөр!» – деп отургузулган балдарча акырын анда-санда шыбырап, жыгач отургучта төртөөбүз калдык.

Түндүн кыйласы өтүп кеткенсигенинен саатымды карасам он жарым эле болуптур. Арадан жарым саатка жакын убакыт өткөн ченде абышка үйдөн чыкты да:
– Эмне, ушул эле бир бөтөлкөнү алып келдиңер беле? Дагы барбы? – дебеспи өзү кошо бизге аралашып ичип жаткан адамча. Жанагы жутканына эрдемсип калганбы же алдыдан бир жакшы үмүттүн белгисин сездиби:

– Дагы бар! Чоң куда! – деп жибербеспи жыржайып күлүп. «Чоң куда» дегенди күтүүсүздөн уккан абышка, Таалайды тике карап акырын ууртунан чала жылмаюусун көрсөтүп: – Болсо алып келбейсиңерби «жылыткычтардан», – деп эмнегедир бөтөлкөнү тергегенсип өтө жумшак кайрылды. Бул саам бири-бирибизди карабай эле Таалай экөөбүз тура жөнөдүк көнгөн тарапка. Биз машинаны ачып, бөтөлкөдөн бирди алып жатсак, багаждагы кой «булардын бөтөлкөсү эле эмес, мен дагы бармын» дегенсип баягыдан ачуу үн менен бакырап коё бербеспи. Таалай жаңы алынып келген бөтөлкөнүн оозун ачып, мурункудай коопсунбай эле үчөөбүзгө бирден кармагып, бокалдарды абышканын мурунку буйругундай төрткө бөлүп бөлүштүрүп салды. Мурунку кылынган «заправкагабы» денем жылып, жан дүйнөм жайылып турган жаным бокалдагы «ачуу сууну» карап шилекейимди жутуп, «Алгыла» деген абышканын буйругун кулагым менен тосуп турдум.

– Эми жигиттер, кандай ичишти жана эле айтпадым беле, ошол көрүнүштү дагы бир кайталап жибергиле. Ууру кылган адам күнөөсүн жууш керек. Абышканын бул сөз кандай айтылып токтосо, биз да аппетит ачылып калган жаныбыз токтолбой тартып жибердик.

Биздин ичип жиберүүбүздү күтүп тургансып, колдогу бокалдар толук бошотулуп бүткөн маалда, биз кирип-чыгып бөтөлкө ташып жаткан дарбазанын кичине эшигинен саламын айтып, ак жака тон кийген, бутунда орус кийиз чокойчон, мехтумагынын эки кулагын артына байлаган, сол колуна камчысын бүктөй кармаган узун бойлуу, суукка жүзү тотуккан, кызыл жүздүү жигит кирип келди. Уулунун саламына жооп бербей эле: – Эми эле кеттиң эле, балам. Кайра чакыртканымдын себеби, үйүңө төрт ууру келиптир. Сени күттүк, өзүң бил, – деп бизди айланта карады. Кызы жөнүндөгү сөздүн төркүнүн билбеген жигит, атасы карагандай тикебизден тик турган

бизди бир сыйра айланта карады. Мүмкүн, ушул учурда атасынын короосундагы бирин-эки малдары элестеп кеткендир. Аңгыча атасы: – Ууру дегеним кичүү кызың Айперини ала качып алышыптыр, – деди уулун тиктей карап. Абышканын оозунан ушул сөз чыгары менен үч бир тууган: – Кулдугубуз бар, куда! – дешип абышкага кулдук ургандагыдан да ылдыйыраак ийилишип, үч кайталап жиберишти. Мынчалык эңкейе ийилгендеринин себеби «ачуу суунун» касиетиники экенин же кара чечекей өз кудасы болгондугуна кылынган сый экендигин кызый түшкөн мен анда толук ажырата албай калдым.

Айперинин атасы эмне дээрин билбей бир аз үнчүкпай турду да: – Ата, – деди жай баракат. – Сиз тургандан кийин, сизден жол талашып ээлик кылганым болбостур. Өзүңүз айткандай болот баары, – деп дагы бизди айланта карап:

– Буларды жазалоонун шартын мага берсең, балам, анда сөз мындай: – Кулдугуңар кудайга, кудалар. Эшикти ач, балам. Ансыз да менин «Ормон опузама» чыдашып, эшикте бир топко үшүп туруп калышты. Ал жагынан кечирим сураймын, – деди жайдарылана.

Ошентип кандай болот деп корккон, кабатырланган минуталар артта калып, дасторкон жайнаган жылуу, кенен үйгө кирдик. Чоң куданын өзүбүздүн арагыбызды өзүбүзгө ичирген ачуу суунун да кайда кеткени билинбей калды. Үйгө жайгашып отургандан кийин, чоң куда сөздү өзү алды:

«Эми айланайын кудалар, менин жанагы бир аз кылган ишим үчүн мага таарынбагыла. Кыздын өз атасы тургандан кийин, өзүм билемдик кылып бийлик жүргүзө бергеним да туура эместир. Кыз эмес, камчынын да өз ээси бар эмеспи. Мен чоң кудаңар болсом, кара чечекей алыш-бериш кылчу, жакшылык менен жамандыгыңарга катышчу, бири-бириңердин кубанычыңарга ортоктош болчу адамыңар мына ушул кудаңар. Кудай эки балага

бак берсин. Ылайым бири-бирин оорун колдон, жеңилин жерден алган жубайлар болсун түбөлүк. Кыргыз элинде айтылып келген «Алдыңарды бала, артыңарды мал бассын» деген макал түбөлүк түндүктөрүндө турсун желбиреп. Эки бала бактылуу болсо биздин талаша-тартыша турган эмнебиз болмок эле. Силерге келин болгон Айпериме, бизге күйөө бала болгон силердин уулга кудайым ыйман берсин! Ыйман уялаган үй-бүлөгө эч качан жамандык баш бага албайт. Андай үйдүн бары-жогу билинбей чыр-чатактан алыс болот. Силерди үйгө киргизбей эшикте кармаганымдын эки шарты бар болуп калды. Биринчиси, силер келердин алдында эле алыстан келген конокту жаңы узатканбыз. «Чакырылбаган конок, шыпырылбаган жерге отурат» кылбайлы дегеним. Экинчиден, коңшу айылдан айылыңарга киши жиберип, кызыбыздын отуруп калганынан кабар алып, санаанын тынчышын күттүм, кудалар. «Буудайдын бараар жери тегирмен, кыздын бараар жери күйөө» – деп көз жумду кылганга кантип болсун. Силерге башка-баш кошулуп кубанып жатасыңар туурабы? А биздин ич ачышып турганын сезип жатсаңар керек. Эми жыйынтыктап айтарым. Биздин кызыбыздын, силердин келиңер Айперимдин көшөгөсү көгөрсүн! Оомийин!» – деп жашып кетти чоң куда.

Мына ошентип, Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу, эмгектин ардагери чоң куданын ошондогу опузасы менен адамдык улуу сапатын айылдагы балдардын үйлөнгөнүн уккан сайын эстей берем.

Ал эми абышканын кыздын отурганын, отурбаганын кантип билди дегендин сырын биз отурган үйдүн кире бериш бурчундагы телефондон көрөм. Кыраакы карыя кайсы айылдан кимди жиберип, санаасын тындырганын ал киши айтпады, биз сурап билгенге аракет да кылбадык. Биздин атыбызды өзүбүздөн сурабай эле, эшикте турганда бири-бирибиздин атыбызды биз өзүбүз атап сүйлөшүп жатканда билип алса керек. «Уурунун башчы-

сы куйсун аракты» дегенинде кеп бар экен да. Биздин кайсы айылдан келгенибизди кантип билип алды? – деген суроо мага али да табышмак бойдон.

«Түзү ийгиден түңүлбө» деген макалдын жаңылбай туура айтылгандарына ар дайым ишене берем. Анткени адеп барып абышкага жолукканыбыздагы абышканын жүзүн көрүп «жамандыкка бара койчу адам эмес» көрүнөт деген баамдоомдун туура чыгышы өзүмдү олуя сездирет.

### Аңгеменин артынан бир собол

Аңгеменин артында айтайын деген жеке өзүмдүн бир оюм пайда болду. Менин бул оюмда да, аңгемемде да кыз ала качуу туура, бул кыргыз элинин илгертеден бери келе жаткан салты деп, жаштарды үгүттөөдөн алысмын. Кыз менен жигиттин сүйлөшүп, бири-биринин макулдугу менен баш кошкондоруна не жетсин. Бүрөөнүн кызын чыркыратып, тааныбай туруп ала качып кетүүсүнө мен да каршымын. Азыр мен айтайын деген жеке пикиримди мүмкүн көпчүлүк да ойлоп жүрүшкөндүр. Ал мындай: кыргыз кызды кыргыз бала ала качып (отуруп калса), өзүлөрүнчө түтүн булатып, бала-чакалуу болуп кыргыз элинин нукура кыргыз тукумун көбөйтүп, жатышат.

Ал эми бүгүнкү күндө башка улуттардагы жигиттерге тийип алган кыргыз кыздары жөнүндө кеп кылууга ооздору барбай жаткансыйт. Айрыкча күн санап кытайларга тийген кыргыз кыздарынын санынын өсүп баратканын акыйкатчы Турсунбай Акундар билбейт дейсиңерби. Ансыз да каптап бараткан кытайларга кошулуп, эми кыргыз жерин кытай жээндер ээлеп алышабы? «Кызга кырк үйдөн тыюу» деген кыргыз макалы өзүнүн кыргыз жеринде, өз өмүрүн сүрүп бүттүбү?! деген собол туулат.

## ОН ҮЧҮНЧҮ БИЛЕТ

Ошентип, студенттик жылдар көзгө илешпей, темир жолдогу поезддин ылдамдыгындай шакылдап өтүп, КМУнун (анда ошондой аталчу) эшигинин алдында төртүнчү жылдын жаз күндөрүнүн жолун таптап жүргөнбүз. Бүтөргө эми ушул жаз өтсө бир жыл калат. Аман-эсен болсок, эмдиги жылдын ушундай жазында бүтүрүүчү болобуз. Анан колго Кудай буюрса диплом тийсе, бир мектепте мугалимбиз да дел турган кез келет. Жакында айрым сабактардан экзамен башталат.

Окумуш этип, санаа тартып ары-бери караганча ошол жаздын жагымдуу күндөрүндө бере турган сынактардын үчөөнү да тапшырып жибердик. «Жаман эмес колхоз «Кеңеш!» дегендей берип чыккан сынактардын баалары өзүм күн мурунтан ойлогондой эле болгонсуду. Эмки экзамен геометриядан үч күндөн кийин. Андан экзамен алчу агайыбыз деле анча каарын төккөн, заар тилдүү адам эмес. Жүргөн-турганы токтоо, кээде тамашакөйлүгү да бар. Студентке баа койгону келгенде деле баага анча зыкымдыгы деле жок. Агайдын ошол оор эмес мүнөзү көз алдыма элестеп, жанымдагылар келчү сынакка даярданганы, ошол кездеги борбордогу чоң китепкана Чернышевскийге кетишкен. Биринчиден, уйкуман каралап, экинчиден, агайдын жумшак мүнөзү жан дүйнөмдү жибитип, комнатадагы бирге окугандарга кошулуп китепканага барбай койдум. Экзамен берчү геометриянын бетин ачпай же жазган конспектилерине көз

жүгүртпөй жатып «бир жакшылык жылоолоп, «4» алсам болду эле» деп коём уялбай.

Төшөгүмдөн туралбай жатып оюма бир жакшы ой кылт эте түштү кокусунан. Ал ойду ойлой койгонума өзүм да эмнегедир сүйүнүп кеттим. Апам байкуш «пенсиямдан биртке берип жиберем» дегенде дал ушундай сүйүнчүмүн. Өзүмдүн ойлогон оюм боюнча кечээ күнү ушул геометриядан экзамен берип, 13-билетти алган «4А» группасындагы Токтосунга бардым. Тилекке каршы, комнатасында жок экен. Ага кечинде жолугуп өз планымды бекемдемек болдум. Ал кечээ экзаменден чыгып, жатаканага келе жатканда кокусунан жолугуп 13-билетти алгандыгын, андагы эки суроо тең оңой экендигин укканмын. Ошол себептен, мен да кокусунан ушундай жакшы ой, жакшы план түзүп, өзүмдөн өзүм жыргап жүрөм. Бирок ал планым кокусунан ишке ашпай калчасы?! деген ой келе калганда, санаам-санга бөлүнүп кетет.

Кеч кирип, студенттер жалпы жатаканага жайгашып калган кезде Токтосунду комнатасынан чакырып алып:
– Токе, ушул сен алган 13-билет эсимден кетпей жатат. Түндө да түшүмө киргенсиди сенин алган билетиң. Ушул эле билетти алчудай болуп турам. Сен суроолорун так айтып берсең жазып алайын да жакшылап окуп, даярданайын, – дедим ага сыр бербей, оюнда эч нерсе жок курсташым атайын даярдай барган барагыма суроолорду толук жазып берди. Ал эле эмес билеттин айрым жерлерине кантип жооп бергенинен да жобурап жиберди.

Ошентип, балдар менен китепканага убара болуп барбай эле, ээн комнатада карандай чайга курсакты нан менен толтуруп алып, баягы 13-билеттин суроолоруна жоопту жаттай бердим. Адам тойбойт деген чындык белем, «4» эле алсам деген оюм бузулуп «5ке» чаап кетет кээде.

Экзамен берчү күн да келип: «Кудай эми сактай көр!» – деп оң бутум менен окуу корпустун эшигин ат-

тадым. Гитлердин «Барбаросс» планындай түзүлгөн планымдын ишке ашышын улам ичимден кайталап кудайдан тилейм. «Куураган Гитлердин планынын ишке ашпагандай болуп уят болбосом экен» – деп кээде кобуранып жиберем. «Корксо да кой өлөт, коркпосо да кой өлөт» деген макалды өзүмө таяныч кылып, эки студенттен кийин үчүнчү болуп экзаменге кирип кеттим. Мындай киргенимдин себеби, мурунку адатымча элди аяктай кирсем 13-билеттен таза кол жууп каламбы деген ой бекем эле менде.

Столдун үстүндөгү жайнаган билеттерден көзүмдү албай, агайга салам айткан болдум.

– Саламат, Сейталиев. Биринчилерден болуп киргениңе караганда, даярдык жакшы го, ээ – деди.

– Колдон келишинче, агай, – дедим муунум калчылдап. Анткени астыда көз боёмочулук ролду ойнош керек болуп жатпайбы. Эгер үч-төрт күндөн берки планым ушул азыр ишке ашпай калып же кокусунан ал уурулугум менен кармалып калсам өлгөнүм ошол да. Болору болду деп тобокелчиликтин акыркы жыйынтыгына келип, колумду жайнаган билеттердин үстүнө сунуп токтой калдым эле: – Эмне тиктеп калдың? Коркпой эле ала бер, Кочкордун шуулдак жигити дебеспи. Шуулдак деген сөздү укканда «балээ басып менин планымды билип калганбы» деген ой келип, бүткөн боюм чымырай түштү. Болору болду дедим да колумду билеттердин үстүнө ортолотуп барып, бир билетти илип алдым. Ал алганым 7-билет болуп чыкты. – Айт, Сейталиев. Канчанчы билет экен? – деп агай астындагы кагазын үңүлүп белгилегени калганда: – Агай, башка эле билет алайынчы. 13-билет экен, деп колумдагы 7-билетти көп билеттердин үстүнө таштай салып, шашылыш түрдө эки колумдун алаканы менен аралаштырып жибердим. Агайым ордунан турбай: – Сейталиев, ал азыркы билетиңди, – деди шашпай.

– Агай башка эле билет алайынчы.

– Эй, Сейталиев, ал дейм 13-билетиңди!

– Эми агай, башкасын эле алайынчы.

– Сейталиев, сага эмне экзамен тамашабы? Кайталап билет ала бергендей. Ал дегенден кийин, ал азыркы алган билетиңди!

– Агай, – дедим муңайымкы кебетеленип ага карап.

– Эмне агай? Агайың сенин теңтушуң эмес! Сенин каалаганыңды аткаргандай. Ал, көп башты оорутпай 13-билетиңди! – деп өңү бузулуп ордунан туруп, сөөмөйү менен столдогу билеттерди көрсөттү.

Агай башкасын эле... деп айтканымча, агайым столдо көмкөрөсүнөн жаткан билеттерди бирден ачып карап, кайра көмкөрүп жатты. Бирок менин багыма жараша бат эле 13-билетти таап чыкты да: – Ме! Мени тамаша чекпей, отуруп даярдан! – деп жаман көзү менен мени зекий карады. Агайым 13-билетти издеп таап жаткан-да да жүрөгүм түшүп калды. Кокус менин 13-билетим көпкө табылбай калса, тажап кетип: «13-билет жакпаса муну ал» – деп башка эле бир билетти кармата коёбу деп менде жан жок эле.

Ойлогон оюмдун аткарылганына ичтен кубанып, бирок нааразы болгон адамдай илкий басып, ортолоп барып отурдум. Калп эле кабакты түйүп, башымды кармалап, кыйналган түр көрсөтүп, жаттап алган акжолтой билетимдин жоопторун кайталап жаттым ичимден кудуңдап. Анан мага да жооп бергенге кезек келди. Биринчи суроодогу «Паралелль жана кайчылаш түз сызыктарды» токтоосуз төгүп жибердим. Ал эми экинчи суроодогу «Перпендикулярдуу тегиздиктер» жөнүндөгү суроого кичине кыйналымыш болуп, далилдөөсүн айтканда адашымыш болгонсуп жооп бердим. Жоопту мындай берет деп күткөн эмеспи, агайым бир шекшигендей көз менен карагансып кетти. Бирок: – Азаматсың! Анан эмнеге 13-билеттен качтың. Билет эле турбайсыңбы –

деди да зачеткамды ачып, «цилиндр», «конус», «пирамидалардын» аныктамаларына суроо берди. Башымды кайрадан адатымча кашымыш болуп, чала-бучук жооп бергенсидим. – Кап, Сейталиев, ушуларга так жооп бергениңде бааң башкача болот эле. Мейли эми, – деп агайым зачеткага ручкасын бир токтотуп туруп «хор» деп шилтеп салды. Баятан бери зачеткадан көзүм өтүп турганы жаным, аз эле жерден: «Ураа!» – деп бакырып жибере жаздадым.

Андан бери отуз жылдан ашып кетсе да, 13 деген номерди эмнегедир жакшы көрөм жана 13-числодо ар дайым жолум болот. Бирок бул сырымды бүгүнкү күнгө чейин бир кудай, бир өзүм эле билчүмүн. Ал эми биринчи алгандагы 7-билеттин келиши, мени «коркпой эле ойлогонуңду аткара бер!» деген белгиси болсо керек – деп жоруйм өзүмчө. Себеби «7» деген сан кыргыз элимде ыйык болуп эсептелет эмеспи.

## ИТ, БИТ ЖАНА МЕН

Күнүгө эки маал, айрым күндөрү үч-төрт маал ишке өтчү ичке жолдун оң жээгиндеги элүү тогузунчу, алтымышынчы жылдарда эски түзүлүштө салынган чакан ак тамдын алдынан бүгүн да өтүп баратып, бала кездеги бир болгон окуя эмнегедир эсиме түшүп кетти. Турмушта качанкы бир болуп өткөн көрүнүштөрдүн да, эсиңе түшчү кезеги болот турбайбы. А бүгүн эмнегедир күнүгө өтүп жүргөн жолумдагы бул тамды кайта-кайта карап, бир чети кайрылып өмүр жолундан бир саат, бир минута да алдындан чыгып жолукпаган балалыгым кадимки кинодогудай көз алдымдан тизмектешип өтүп кетти.

Анда менин мектепке кире элек кезим. Сакай атанын ушул үйү жаңы салынып бүткөн жылдар. Ал үй биздин андагы эски тамыбыздын тушунда болуп, эки жүз метрдей эле алстыкта. Айылда ал кезде үйлөр бири-биринен алыс жайгашып, бүгүнкү күндөгүдөй зым менен каршы-терши тосулган огороддор болчу эмес. Тегерек чет да ээн эле. Мен үйдө жалгыз бала болгондуктан, көбүнчө ошол үйдүн тегерегинде ойнор элем. Ал үйдө эркек баладан бешөө, менден бир жаш кичүү кызы бар эле. Алардын эшигинин алдынан обочороок бир көк жүндүү, эки кулагы алакандай жазы кыргыз дөбөт жоон-жоон чынжыр менен байланып, күндүр-түндүр бошотулчу эмес. Эшик алдынан ары-бери өткөн атчанга да, жөө адамдарга, кичине-чоң балдарга чынжырын ары-бери сүйрөп шалдыратып, топуракты чаңызгытып жаагы басылбай жулунуп турар эле. Эмнегедир үрбөй

деди да зачеткамды ачып, «цилиндр», «конус», «пирамидалардын» аныктамаларына суроо берди. Башымды кайрадан адатымча кашымыш болуп, чала-бучук жооп бергенсидим. – Кап, Сейталиев, ушуларга так жооп бергениңде баañ башкача болот эле. Мейли эми, – деп агайым зачеткага ручкасын бир токтотуп туруп «хор» деп шилтеп салды. Баятан бери зачеткадан көзүм өтүп турганы жаным, аз эле жерден: «Ураа!» – деп бакырып жибере жаздадым.

Андан бери отуз жылдан ашып кетсе да, 13 деген номерди эмнегедир жакшы көрөм жана 13-числодо ар дайым жолум болот. Бирок бул сырымды бүгүнкү күнгө чейин бир кудай, бир өзүм эле билчүмүн. Ал эми биринчи алгандагы 7-билеттин келиши, мени «коркпой эле сйлогонуңду аткара бер!» деген белгиси болсо керек – деп жоруйм өзүмчө. Себеби «7» деген сан кыргыз элимде ыйык болуп эсептелет эмеспи.

# ИТ, БИТ ЖАНА МЕН

Күнүгө эки маал, айрым күндөрү үч-төрт маал ишке өтчү ичке жолдун оң жээгиндеги элүү тогузунчу, алтымышынчы жылдарда эски түзүлүштө салынган чакан ак тамдын алдынан бүгүн да өтүп баратып, бала кездеги бир болгон окуя эмнегедир эсиме түшүп кетти. Турмушта качанкы бир болуп өткөн көрүнүштөрдүн да, эсиңе түшчү кезеги болот турбайбы. А бүгүн эмнегедир күнүгө өтүп жүргөн жолумдагы бул тамды кайта-кайта карап, бир чети кайрылып өмүр жолуңдан бир саат, бир минута да алдыңдан чыгып жолукпаган балалыгым кадимки кинологудай көз алдымдан тизмектешип өтүп кетти.

Анда менин мектепке кире элек кезим. Сакай атанын ушул үйү жаңы салынып бүткөн жылдар. Ал үй биздин андагы эски тамыбыздын тушунда болуп, эки жүз метрдей эле алстыкта. Айылда ал кезде үйлөр бири-биринен алыс жайгашып, бүгүнкү күндөгүдөй зым менен каршы-терши тосулган огороддор болчу эмес. Тегерек чет да ээн эле. Мен үйдө жалгыз бала болгондуктан, көбүнчө ошол үйдүн тегерегинде ойнор элем. Ал үйдө эркек баладан бешөө, менден бир жаш кичүү кызы бар эле. Алардын эшигинин алдынан обочороок бир көк жүндүү, эки кулагы алакандай жазы кыргыз дөбөт жоон-жоон чынжыр менен байланып, күндүр-түндүр бошотулчу эмес. Эшик алдынан ары-бери өткөн атчанга да, жөө адамдарга, кичине-чоң балдарга чынжырын ары-бери сүйрөп шалдыратып, топуракты чаңызгытып жаагы басылбай жулунуп турар эле. Эмнегедир үрбөй

тына калса да, астыңкы-үстүңкү эки ээрди эки жакка түрүлүп, маңдайкы тиштерин апаппак кылып көрсөтүп ыржыйып, ырылдап турганы да өзгөчө коркунучтуу эле. Анын ошол абалдагы астыңкы эки узун азуусун көргөндө эмнегедир денем дүркүрөп кетчү.

Менден эки жашка улуу баласы Эсен: – Нанындан берип таанышып ал. Сени каппай калат дегенинен жеп жаткан нанымдын теңинен көбүн ошол көк дөбөткө берчүмүн. Анда деле менин аны менен жакшы мамиледе болгум келген. Ал кабыл алчу эмес. Нанымды жеп алып, андан кийин деле баягы тиштерин көрсөтүп ырылдай берчү. Ошентип, менин ага болгон жакшы үмүтүмдүн аягы ый менен бүтөрүн кайдан билдим.

Жай мезгили болчу. Бир күнү түшкө маал өзүбүздүн үйдө, эшиктин алдында жалгыз ойноп отурсам чоң энем Сонункан: – Тиги Эсендикинен элек сурап келе калчы, – деп калды. Оюмда эч нерсе жок, жакын турган Эсендердин үйүнө чуркадым. Баягы көк дөбөт мени көрүп эле ажылдап жулунуп, чынжыр түгөнгөн кезде өйдө секирип, секирген сайын алакандай эбегейсиз чоң, эки кулагы, жаагын чапкылап, үрөйдү учурду. Демейде эшигинин алдында ойногон беш баланын бири да, ата-энеси да көрүнбөйт. Адатынча андан обочолоп алыстап өтүп, үйдөн элек сурап чыктым.

Көк дөбөт дагы эле байланган чынжырын жерге улам көтөрүп чаап жулунуп калыптыр. Келген жолума салып, улам артымды карап кылчактай ылдамдап жөнөдүм. Иттин байланып турганын көрсөм да, ошол тарапты шекшинип карай бермей мага адатка айланган. Эмнеси болсо да көк дөбөттөн болушунча коркчумун. Кайрылып дагы бир карай бергенимде көк дөбөт бошонуп кетти. Аны көргөн мен ордумдан чок баскандай секирип от алып, үйүмдү карай сызып жөнөдүм. Үйгө жакындап калганымда көк дөбөт менден узап астыма өттү. Эмнегедир элек менен калкалап келе жаткан эки жамбашымды

тиштебеди. Ит астыма чыкканда кайрылып Эсендердин үйүн карай салдым чымын-куюн болуп. Көк дөбөт ал да кайрылып артымдан келе жатат. Алардын үйүнө кире качканга чамам келбей, эшиги бери карап турган короону көздөй салдым. Короонун эшиги көзүмдөн өтөт. Жетип, короонун эшигин тартсам илгичи илинүү экен. Кайрылып кайра өз үйүмдү карай салдым зыпылдап. Мына ушул убакта дөбөт менден өтүп, астыма тура калды. Астымдагы итти көргөн менин эки көзүм алайып, аргасыз мен да тормозду тептим. Эмнегедир бул саам да тиштесе ушул жерден тиштейт деп ойлогон эки жамбашыма тийишпеди. Муну эскерип жатканымдын себеби, мындан мурун дагы ушинтип бошонуп кетип эки баланын жамбашына эбегейсиз белги салган эле. Көк дөбөт астыма тура калганда элек менен тап берип коргонбой, кинодогу колго түшкөн солдаттарча эки колумду өйдө көтөрүп тура калдым. Энемдин колго тигип, этеги кыска болуп калган көйнөгүм эки колумду өйдө көтөрсөм өйдө тартылып, киндигимден ашып кетчү. Ушул учурда үй тараптан Эсендин энесинин, Эсендердин: – Ой, Чык! Чык, дейм! Ме-мелеген үндөр чыгып калды. Мени дөбөт үйүмө чейин жеткирип, кайра кайрып булардын үйүнө кубалап келип жүргөндө булар кайда жүргөнүн ким билсин. Бул маалда ит экөөбүздү карай чуулдап келе жаткандардын ким экендиктерин талдап кароого менде шай жок эле. Көз ачып жумганча менин чыттай тартылып турган арык курсагыма көк дөбөттүн муздак тумшугу жабыша түшүп, ичим «тыз» дей түштү. Ошондо гана менин көтөрүп турган эки колум элек-мелеги менен келип курсагымды басты. Үй ээлеринен тартынган дөбөт эми болду дегенсип четке чыга берди.

Эсендин апасы мага жетип эле, курсагымды басып турган эки колумду ала калды. Ыйлап жаткан мен да шашылып курсагымды карадым. Киндиктин оң тарабында баягы мага башкача коркунучтуу көрүнгөн эки

азуунун узун изи калып, бир аз кан чыгып турат. Мени тегеректеп: – Кана, кана! Эмне болуптур!? деген үндөр жүрөт. Ошол маалда жалынып-жалбарып күйүгүп жетип келген энем, оң колунун аты жогу менен сөөмөйүн оозума салып апаптап жиберди. – Кудай бир сактабадыбы! Ичин жарып кетсе, эмне болот эле? Э кокуй! – деп бирөөлөр жүрөт. Ангыча ошолордун арасынан бирөө: – Бит салгыла жаратка, бит бат эле айыктырат – деп жатат. Улам-улам ошол сөзүн кайталап, азыр эле ошол ит тиштеген жеримден ичегим чыгып кетчүдөй болуп, курсагымдан эки көзүмдү албай мен турам ортодо каккан казыктай кыймылсыз. Мындайда эки көзүн алайтып, торсоюп бирде менин курсагымды, бирде мени карап турган Эсендин көк ала чыт көйнөгүн апасы көтөрө салды. Менин ичимди ит тиштеп аларын билгенсип, Эсендин көйнөгүндө эки ак бит колтукту карай жол тартып баратышкан экен. Эсендин апасы ошол эки битти бармак, сөөмөйү менен кармай калып, алаканына салып басып туруп, үйдөн ак чүпөрөк алдырды. Алакандагы Эсендин эки менчик битин менин курсагымдагы эки тиштин тилип кеткен жерине салып, чүпөрөк менен байлап койду да: – Эки күнгө чейин чечпегин, балам, – деп айтып жалынып, ал дагы жанагы эки бит кармаган колунун сөөмөйү менен оозума салып апаптап, үч жолу башымдан сылап койду. Чын эле үч күндөн кийин иттин тиши тилип кеткен жердин өңү өчүп, агарып так болуп ыйыгып кетти. Бирок ошол эки битти тиш тилген жерге өлтүрүп же тирүү салганын билбей калыптырмын.

Азыр ошол Эсен алтымышта, мен элүү сегизде, ал эми Эсендин апасы токсонго жакындап калган.

## АЙЫГАР ООРУНУН ДАРЫСЫ ӨЗҮ ТАБЫЛАТ

Биттер жөнүндөгү чакан эки аңгемемди жазып, элди кайрадан «Биттегиле! Ден соолукка пайдалуу» дейин дегенден алысмын. Бул көрүнүштөрдүн бири алтымышынчы жылдардын ортосунда, бири жетимишинчи жылдардын ичинде кыргыз айылдарынын ичинде болгон эле чындык.

Кадимкидей эле үй тиричилигин кылып, алты саны аман, эч жерим дебеген Тотугүл апа таң эрте ойгонуп, башын көтөрө албай калды. Алтымыш бештен ооп калган кемпирдин минтип ооруп калам деген ою үч уктаса түшүнө да кирген эмес. Ал эми кечке жуук жаздыкка башын койгонго даремети келбей, тамакка да табити тартпай жан алакетке түштү. Колундагы жалгыз эркегимдин келинчеги болбогондо абалым кандай болмок? деген да ойго кабылды. Турмушка чыкканга чейин өз энесинин чыныгы энелик, атадан чыныгы аталык тарбия алган келини сыркоолоп калган кайненесинин жанынан чыкпайт айланчыктап. Келиндин мындай илбереңки мамилеси Тотугүлдүн санаасын тындырат. Бул жашка чыкканча бир ирет догдурга кайрылып дары-дармек ичип көрбөгөн Тотугүл, уулу мени келининин «догдурга алып баралы» деген сунушуна такыр болбоду. Өзгөчө ийне дегенди сайдырып көрбөсө да бүткөн бою дүркүрөйт. Ошол себептен Тотугүлдү күчтөп да доктурга алып барганга эч мүмкүн эмес эле.

Жалгыз уулунун айласы кетип, өзүнчө турмуш куруп кетишкен жакынкы эле жердеги эки эжесин чакыртайын дегенине: – Бир аз чыдай туралы, балам. Кудайдан да бир жакшылык жагына ылаажы болуп айыгып кетермин. Алардын жаш балдары, үй-оокаты бар, – деп уулунун бул сунушуна да көнбөдү. Ал эми башынын чыңалып ооруганы болсо жанын көзүнө көрсөтүп, түркүн санаага түшөт. Бир аз болсо да басылып калабы деген ой менен кошуна, өзүнө теңтуш аялды келининен чакыртып, кыргыз ырымы менен учуктатты. Курманбай табып дегенди алдырып башын теңдетти, дем салдырды. Эмнегедир алардын таасири тийбеди. Тер кармап калдыбы? – деп күндүн жылуусуна карабай мешке от жактырып, суюк сорпону дагы бир-эки ирет катыра ичти. Мында да Тотугүлдүн чекесинен томолонуп бир тамчы тер түшпөдү. Баш оорусу басылбады. Үч-төрт мертебе учуктатып, башына суу бүркө бергенден чачтары батташкандан жүдөгөн Тотугүл таң эрте келинине: – Балам, чачтарым батташып жүдөп турам. Суу жылытсаң чачтарымды тарап, жуунуп болоюнчу – деди көңүлү күндөкүдөй эле ачылбай кобуранып. Кайнененин, дегеле өз энесинин да сөзүн эки кылбаган келин, заматта суу жылытып даярдап, кайненесин жапыз столго отургузуп, Тотугүлдүн «өзүм эле» дегенине болбой, оору баштагы текши ак аралап бүтүп бараткан түйүлгөн чачты жазып жиберди. Бир-эки жолу кайненесинин чачынын учуна чейин тарап жиберип, келин кемпирдин башына тигилди да калды. Ал таңдана, бирде колундагы майда тарагын, бирде Тотугүлдүн башына тигилет. Көрүп турган өз көзүнө өзү ишенбейт. Жумасына чачын жуубай койбогон таза, тыкан кайненесинин чачын мындай абалга туш болот деп келин ойлогон эместир. Келиндин колундагы майда таракта, кайненесинин улгайып калса да белине жете берген чачынын арасында күрөң биттер жүрөт. Тотугүлдүн башым деп чачын жуубай калганына жети эле

күн болду. «Анан ушул бир жуулбай калганда эле башын бит басып кеттиби» – деп таң калган келин бир топко кыймылсыз туруп калды. Келининин унчукпай калганы менен чачына тарак салынбай калганына түшүнбөгөн кайнене: – Эмнеге тарабай калдың? Башым бирдеме болуптурбу? – деди Тотугүлдү шексине. Тарак менен чачтагы өмүрүндөгү биринчи көргөн күрөң биттерди карап турган келин, кемпирдин өзүнө берген суроосуна чочуп кетип: – Апа, бит! – деди бир чети оңтойсуздана. Бит деген сөздү далай жылдардан бери укпаган Тотугүл да: – Эмне бит? Кайдагы бит!? – деп чочуп кетти. Албетте, битти келини жакшы билбесе да, Тотугүл битти жакшы тааныйт. Заманды жамандабаганда да, анын курагындагылар бит менен жакшы эле коюндаш болушпадыбы. Келининин айтканына ишенип, ишенбеген сыркоо: – Кана, – деди күнөөлүү эмедей, жоошуй түшкөнсүп. Келин битти чачтан албай, колундагы таракта илешкен чачтардын арасындагы биттерди кайненесинин бет алдына сунду. – Кудай эми урбадыбы, – деди Тотугүл өз көз алдындагы тарактагы чачтарда кыбыраган биттерди жийиркене карап: – Муну башка бирөөлөр көрсө эмне дейт, кокуй! Баары бар заманда Тотугүл башын жуубай биттетип жибериптир дешет ко. Балам, ылдам-ылдам тарап жууп жиберели. Эртең да көрө жатарбыз деген кайнененин шаштысы кетип, чачты шашылыш жууп, башына жоолугун салганча шаштысы кетти.

Энесинин баш оорулуу болуп калганын башка эле бирөөлөрдөн уккан кичүү кызы, бит чыккандын эртеси жетип келди. Анан келин-кыз болуп Тотугүлдүн башын күндө жууп, күндө тарашканга өтүштү. Бит өчөшкөнсүп түгөнчүдөй эмес. Тескерисинче, алтымыш бешке чыккан баштагы чачты сирке басты бир жагынан. Сиркеден арылтабыз деп буурул чач арасындагы бирин-серин кара чачтардагы сиркелерди тырмактап сыдырып тазалоо менен алек да болушту. Кичүү кызы келгенден бир

күн өткөрүп, улуу кызы келди энесин көргөнү шашып. Ошентип, айтылбаган кабар менен үйдө эки кызы пайда болуп, эненин башындагы битти жоготобуз менен алектенип башташты. Баштагы кокусунан пайда болгон биттерден чочулашкан эки кыз, келин энесинин төшөнчүсүн, ич кийимдерин караштьі аңтарып-теңтеришип. Кызыгы, башты каптаган биттен жок дегенде төшөктөн же ич кийимдерден бирди табышпады. Биттердин бул жоругуна таңданышкан кыз-келиндер бирин бири караШТЫ. Кыздардын энесинин башына ушул жакшыбы деп үмүттөнүшүп, түрлөп сүйкөбөгөн самындары да калган жок. Ортодо табылган шампунь дегенди да колдонушту. Ал эле эмес, баш жууй турган сууну бирде ыкчам, бир күнү жылуу, бир күнү жылымык кылып да көрүштү. Күнүгө тазаланган баштын терисинен түнү менен чыгып жаткансып көбөйдү, азайбады. Кыз-келиндин айлалары кетти. Айрым күндөрү энесинин баш оорусун сурабай эле, таң эрте жоолукту шыпырып алышып, бит менен алек болгонго өтүштү. Мындай күнүгө болгон баш тазалатуудан Тотугүлдүн өзү да тажап бүттү. Кыздары болсо, «кыз-келиндери карабай энесинин башын битке бастырып жиберишиптир» деген элдин күнүмдүк ушак сөзүнөн намыстанышты. Ал эми биттер болсо алардын элден уялып тургандарына карачудай эмес. «Бит агыш болчу эле. А эмнеге менин башымды каптаган биттер күрөң?» – деп Тотугүл таңданат. Эки баш бармактын тырмагына сыгылган биттерден кара кочкул кан чыгат.

Бир күнү адаттагыдай башын тазалаганга жанына келген эки кызын: – Менин башымды жайына койгулачы. Силер да, мен да тажап бүттүк. Булардын да бир билгени болсо керек. Биттегенден өлгөн адамды ушул жашка чыкканы уккан эмесмин, – деп жоолугун чечтирбей койду. Тазалоодон биттин түгөнбөсүнө көзү жеткен кыздары да, апасынын ал сөзүн туура көрүшүп үнчукпай калышты.

Арадан баш каралбай калгандан беш-алты күн өткөндөн кийин, эртең менен Тотугүл төшөгүнөн сергек ойгонду. Төбөсүн мыжып, жанын жеген баш оору түндө Тотугүлдүн башынан чыгып, түнү менен башка жакка жол жүрүп кеткен сыяктанат. Буга ишене бербеген Тотугүл, башын ары-бери кыйшаңдатып эки жагын караган болду. Бир аз ооруганы менен, мурдакы жан кыйнаган баш оорусу жок. Башын бит баскан күндү санаса, ушул таң аткан күн менен он төрт күн болуптур.

Баш оорусу басаңдаган, жаны жай алган күндөн бир жума өтпөй Тотугүлдүн башы биттен таптаза өзүнөн өзү арылды да, баш ооруну Тотугүл да унутту.

Бүгүнкү күндө да бит деген сөз жалпы элдин эсинен чыгып, кийинки муундарга түшүнүксүз болуп калды. Ылайым ошондой эле болсун. Биздин учурда мектепте далай бит жөнүндө жыйналыштар болуп, нааразылашкан күндөр да болгон. Бүгүнкү күндө «чын эле биттер кайда кетти?» деген суроо туулат. Битти эмне жоготту? Үтүкпү? Же бүгүнкү күндө биз жеген тамактардын сапаттуулугу же сапатсыздыгыбы? Болбосо жалпыбыз кийген синтетикалык кийимдердин дүйнөнү каптап кеткендигиненби? Түркүн жумурай-журттун жан дүйнөбүздүн бузулганын жактырбай бизден кетип жүрбөсүн?

Болбосо, Тотугүл кемпирдин башындагы бузук канды ооруп бүткөнчө келин-кыздарынын кырганына карабай жардамга келген биттер, жети бит берсең сарык оорусу менен ооруган адамды ким экенине карабай айыктырып жиберген кыбыраган жандыктар кайда кетти экен?

## ҮЧӨӨ

### (Эмчектештер)

СССР мезгилинин 60-жылдарынын жаз айы. Ал үчөө мектептен эки чакырым алыс, бөксө тоонун этегиндеги Талаа-Булак айылынан жөө келип окушат. Кышкысын эч бир жерге токтолушпай «мектеп кайдасың» дешип болгон ылдамдык менен келген үчөө, жаз келип күн жылыганы алардын айылдан мектепке, мектептен үйлөрүнө кетиши жайлады. Талаа-Булактан күнүгө эки чакырым жол басып келип окуган ушул үчөө эмес. Алар тарткан түйшүктү, аралыкты басып, колдорун коюндарына катып окууга келгендер бир топ. Бирок бул үчөө үч үйдөн чыгышса да, бирин бири айылдан да, мектептен тараганда, күтүп ар дайым чогуу жүрүшөт. Эң ынтымактуулуктун себеби, үчөөнүн бир класста окуганынанбы дегенге да болот эле. Эмнеси болсо да үчөөнүн ар дайым үч эм козудай бирге жүргөнүнө аларды тааныгандар ачык күбө. Кышкысын суукка кайыгып келген алар, класстын бурчундагы кара кантромарканы биринчи сааттын мугалими киргенче алмак-салмак кучактап турушар эле. Ал үчөөнү өз энелериндей бооруна басып жылыткан мээрман кантромарканы алар эстейби, эстебейби билбейм. Мектеп үйүмдүн түбүндө турса да, колу-бетимди анда-санда жылытып берген кара темирди али күнгө чейин унута элекмин. Дардайган кенен классты бирдей калыпта жылытып турган кантромарканы

унутпай эстеп коюп жүргөнүмдүн себеби, менин мугалим болуп калганымдан болсо керек.

Жетиштик деген азыркы күндө үч-төрт күндөп же жумалап свет өчкөндө класстарда үшүп отурганыбыздан ошондогу бурчтагы жалгыз турган кара темирди унута албасам керек. Азыркы замандын заманбап деп даңкталган класстарынын терезелеринин астындагы катар тизилген кабырга темир жылыткычтары свет өчөрү менен өзүлөрү кошо тоңуп калганын ким билбейт.

Калың жыгачтан жасалган, ачып-жапмасы бар, кара лак менен сырдалган оор партамды, ичиндеги сыясы түгөнбөгөн сыя челегимди, башына №11-уч сайылган оюнчук калем сабымды, бурчунда «Класстык бурч» деген жалгыз чоң кагазы бар, кышында өмүрү муздабаган классымды мен өмүр бою унутпайм. Себеби ошол класста тамга таанып, ошол класста ушинтип жазганды үйрөнгөм. Мен ал класста үшүп калып, жөтөлүп ооруп калган эмесмин, азыркы бир айрым күндөрдөй пальтомду тумчуланып кайыккан учурларым болгон эмес жана жалпы мектептеги балдар грипп болуп мектеп жарым айлап жабылып калганын элестете да албайм. Мына ошол кышкысын бир саатка да муздап калбаган класста ал үчөө жана мен төртөөбүз бирге окудук. Албетте, бизден башка да эркек балдар бар болчу. Калган тогуз бала өйдөкү айылдыктар эле. Тигил үчөө Талаа-Булак айылынан келишсе, мен ылдыйкы айылдан жалгыз эркек бала элем.

Өмүрүң өйдөлөгөн сайын, бийик шатыга чыгып алгандай улам эле ылдый жагынды караган сымал, жаштык кездеринди, балалыгыңдын эсинде калган бир кызыктуу жерлерин эстей берген адатка да айланып бара окшойт. Же мен эле ошенте беремби билбейм.

Ушул жазга жуук, май айынын орто ченинде айылдын четине мал караганы барып, үч классташым бала кезинде жашаган айылдын ордун, алар келген жолду, эчак

түп орду менен жок болгон уй сарайды эсиме түшүрүп, өзүмчө жылмайдым кобуранып. «Эми ал балалык күндөргө эч кимибиз кайрылып барбайбыз, ал жылдар да бизге кайрылып келбейт тура аттиң». Жалпы адамзаттын өмүрү ушундай экен да атам замандан бери. Ошондо чогуу окуган классташтарымдын көбүнүн көзү өтүп кетти. Жогорудагы мен эскерген үч классташтарымдын биринин өтүп кеткенине алты-жети жыл болуп калды. Бир ирет ушул өмүр жөнүндө ойлонуп отуруп жазган ырымдын акыркы төрт сабынын аягы мындай эле:

Теңтуштардан азаюуда катарым,
Тек билбепмин өлүм деген чатагын.
Аялдама болбойт бекен өмүрдө,
Алтымышка чуркап бара жатамын! – деп.

Ал үчөө баскан жолду жээктете аркы өйүз-берки өйүз болуп катарлаша тамдар түшкөн. Ата-энеси жашаган чакан айылдын орду айдоо аянтына айланган. Ал эми жогоруда мен кокусунан эсиме түшүргөн уй сарайдын орду жыш там. Кокус, башка бирөөлөргө же ошол тамдарда туулган балдарга силердин үйлөрүңөрдүн ордунда эбегейсиз аянтты ээлеген уй сарай бар болчу десең, эч кимиси ишенбеси чындык.

Ошентип, ошол жазда ушул май айында мектептен тараган үчөө, илкий басышып адаттарынча башкалардан бөлүнүп жолго чыгышты. Айылдын алар тарапка кетчү жолунда жанагы уй сарай бар. Үчөөнүн алдында бала кезинен тирикарак, тили так, кыймылы да балдардан башкача шайдоот, жапалдаш бойлуу, үйдөгү үч эркектин улуусу Райкан. Тигил экөөнө караганда алда канча бойлуу, сөзгө сараң бир үйдүн эрке баласы Курманбек. Муну үйдүн эркеси дегеним анын өтө эле илмийген арыктыгынанбы же ашыкча эч нерсеге жөндөмү жоктугунанбы үйүндөгүлөрдүн баары аяп турушат. Курманбек үчүнчү класс болсо да эртең менен анын бут кийимин атасы же апасы, болбосо байкеси кийгизет. Эгерде үйдөн анын

бутун кийгизээр киши жок болуп калса, анда ал күнү сабак толугу менен жыйыштырылат. Экөөнүн артында анда-санда бирдемелерди балдырап кобурап келе жаткан жапалдаш бойлуу томолок толук бала Момунбек. Ал биздин класстын балбаны. Айылдагы өзүнөн улуураак же биз кырдуу балдардын кимиси менен күрөшө кетсе да, илгиртпей көтөрүп урат. Бирок эч кимге тийишпейт, мен балбанмын деп айрымдарга бой көтөрбөйт, ак көңүл мактоону кубанып кабыл алат.

Айыл четиндеги уй сарайдын тушуна келгенде сап болуп ээрчишип келе жаткан үчөө эмнегедир бириге калышты. Мындай сөздү оозанбаган Райкан: – Курсак ачты. Айыл болсо али алыс. Келгиле биртке эс алып алалы, – деп арыктын кырына отура кетти. Аны туурап берки экөө да ага бет маңдай отурушту. Кокусунан эле Момунбек берки экөөнүн өмүрү оюна келбей турган иш жөнүндө сөз баштап жиберди. Амангелди байкеси экөө чын эле ошентип жүрүшкөнбү, же жөн эле азыр ушул жерден ойлоп чыгара калдыбы: – Кээ күндөрү Амангелди байкем экөөбүз атамдын ишин аткарбай калганда, атам бизди кечинде үйдөн кубалап чыкканда, короодогу уйлардын сүттүүсүн кармап ээмп алчубуз, – деди кылган иштерине өзүнчө маашырлана жылмайып. Тигил экөө бул чын эле болгон ишти айтып жатабы, же ышкыртып жатабы дешкенсип таңдана бири-бирин карашты. – Анда азыр барып үйдөн чай ичип, кечинде силердин короодон уй эмелиби? – деди ар бир сөздү жоопсуз калтырбаган Райкан. – Эмнеге эммек элек кечинде. Силер макул болсоңар азыр эле курсакты тойгузабыз – деди мурдун жанып мыйыгынан гана жылмайып. – Бул кайсы уйду экөөбүзгө эмизгени жатат? – деди Курманбек Райканга башын экчеп. – Сарсанаа болбогула. Тигил маңдайдагы короонун ичиндеги жайнаган уйларды көргөн жоксуңарбы? – деди башын уй сарайды карай жаңсап. – Кармабы? – деди, Курманбек уй болсо эле шакылдатып ээмп

жиберчүдөй. – Анда эмесе эмели, курсакты бир аз кампайталы жылуу ынак сүткө деген Райкан ордунан ишеничтүү турду. Эмнегедир бул саам уй ээмп алса эле бир жаңылык аччудай сарай жакты үмүттүү карады.

Булардын уй эмүү жөнүндөгү сөздөрүн угуп, өзүнүн уй эмээрине ишине албаган Курманбек: – Кантип эмебиз, – деди ордунан турууга козголуп.

– Эмсе эмебиз. Анын эмне окуусу бар бекен. Кадимки эле музоолор эмгендей эмебиз. Туурабы Моке? – деп ортодо Момунбекти Моке деп эркелитип да жибергенине караганда ушул саам ага аябай кызык болуп сезилип кетти көрүнөт. Уй эмүү деген иштин жүрүшү.

– Болбойт го, – деди Курманбек, бул иштин деле ишке ашышына дагы ишене албай.

Ошол кездерде уй сарайда жүзгө жакын Алабаш деп аталган баштары, буттарынын тизеден ылдыйкысы жана курсактары ак, он сантиметрдей же андан ашыктай сабиздей сары эмчектери бар, балпайган сүттүү уйлар саалчу. Уй сарайга үйүм жакын болгондуктан ал уйларды азыр да көз алдымда жакшы элестете алам.

– Анда кеттик, курсак дагы укмуштай ачып баратат. Мокем эмген уйдун жылуулай сүтүнөн Курманбек экөөбүз деле ооз тийип көрөлү деген Райкан уйлар жайылып жүргөн короону көздөй бет алды.

– Жүрү, – деди ордунан козголчудай түрү жок Курманбекти ордунан туруп баратып таманга тепкен Момунбек. Айла жок тигилердин тилинен чыга албаган туюкка камалганын мойнуна алганы берген суроолорунан билинип турду.

– Кантип кармайбыз? Колубузда жибибиз да жок. Биздин уй ээмп жатканыбызды бирөөлөр көрсө эмне дейт? Жок дегенде колубузда кичине чака болгондо жакшы болмок экен деген сыяктуу сарсанаа, уяттуу суроолорду төгүп жиберди ичине батыралбаган санаркоосун Курманбек билдирип.

– Мен таптым! – деди эки жакты карап ойлоно калган Момунбек. Уй эмүү деген ойloruна биротоло бекип алышкан Райкан менен Момунбек уйлар камалган сокмо короонун ичиндеги үстү, каалгасы, терезелери жок эски тамга бир балпайган ала баш уйду айдап киришти да, оозун ошол эле тамдын ичинде жөлөнүп турган ат тырмоонун темир дөңгөлөгү менен бекитишти. Колго күнүгө эки маал саалып жүргөн, башы чоң чакадай алабаш уй эч нерседен капарсыз «сагызын» чайнап кепшеп турат, балдардын бул кыла турган ишине эч маани бербегенсип. Момунбек жана короодон ала келген пресс чөптүн жиби менен уйдун мүйүзүн байлай салып: – Кана, киминер биринчи эмесиңер? Уйдун башын мен кармап турам. Эми эмгиле! – деген командасын берди тигилерге. Баятан тили менен баатыр болуп жаткан Райкан уй даяр болгондо Курманбекти карап: – Сен эмчи, – деди жоошуй түшкөн түр менен ага карап. Курманбекти бирөө уйдун астына сүйрөп киргизчүдөй болуп башын чайкап, үн-сөз жок артка кетенчиктеди. Өзүнөн башка баштоочу киши жок экенин билген Райкан акырын уйга жакындап келип, отура калып алыстан оозун ачып даярдап, башын эмчекке жакындатып, сабиздей сары узун эмчекти оозуна салды. Каламадай жука эриндери, оозунун ичи жылуу эмчекке толо түштү. Кадимки музоо эмишке салып бир сорду, эки сорду таңдайына өзү элестеткен жылуу сүттүн бир тамчысы келген жок. Тилин кыймылдатууга эч мүмкүнчүлүк болбой калды. Башын артка жылдырып, оозуна толтуруп сугунуп алган эмчектин теңин калтырып, жанагы эмчек сорушту ылдамдатып бир нече кайталады. Бирок бул эмиштен да оозуна кылайган сүт келбеди. Эки жаагы карышып, сыңар тизелеген эки буттун жоон саны уюп чыкты. Уйдун алдында тепейип кенен отурса да, шилиси бирөө муштап жибергенсип түйүлүп, уюп кетти. Акыры бул эмишинен эч пайда чыкпасына көзү жеткен Райкан уйдун алдынан шашылыш чыгып:

– Сүтү жок уйду кармап алсак керек, – деди Момунбекти карап уюган шилисин ушалап. – Өзүң эме албай койбодуңбу. Алдагы тарсайган желинде кантип сүт жок болсун, – деди уйдун башын кармап турган Момунбек эңкейип уйдун желинин кармап: – Болду мен эмбейм! – деди Райкан аны бирөө кайрадан шилилеп эмизчүдөй Момунбекти карап кетенчиктеп.

– Сүтү жок болсо мен деле эмбейм, – деди Курманбек, сүттүү уй болсо эле шалап жиберчүдөй өзүнөн өзү коопсунуп.

– Райкан эмгенди билбейт турбайбы. Сен эмсең эле сүт чыгат, – деди эмнегедир Курманбекти ишенимдүү карап. Баятадан бери өзүн өзү ишеничтен кетип турган Курманбек Момунбектин ага карап ишеничтүү айткан сөзүнө чыйрала түштүбү, унчукпай келип, Райканча уйдун астына отура калды. Желинге оозу жетелекте анын да оозу ачылды. Ал Райканча эмчекти уучтап кармабай үч манжасы менен бери тартып, жанагы Райкан сүтү жок деген эмчекти оозуна салды. Оозуна бүтүндөй кирип кеткен эмчек Курманбектин тамагына тыгыла түшкөнүнөнбү же желиндин жытынан манап неме жийиркене түштүбү, уйдун астынан окшуп атып чыкты. Курманбектин кебетесине күлгөн Райканга, кайра-кайра окшуп көзүнөн жаш кетип жаткан Курманбекке ачуусу келип: – Уй эмебиз деп коёсуңар дагы! Ме уйдун башын кармап тургула! – деген Момунбек уйдун башын Курманбекке карматып, уйдун астына отура калып, тигил экөө эмалбай койгон эмчекти оозуна жартылай салып, анда-санда «чоп» эткен музоо эмиштеги үндү чыгарып, чопулдатып эч кыйналбай ээмп кирди. Бул эмчек эмишине таңдана карап турган Райкан: – Эй, чын эле музоолордой ээмп жатат карасаң. Оозунан көбүк да чыгып кетти! – деди өзүнчө кызыкка батып кубанып.

– Кана? – деди Курманбек эңкейе калып музоо болуп жаткан Момунбектин желиндеги кебетесине карап: –

Омий, Моке ушул килейген уйду ийитип жибердиңби? – деди кубанганына чыдабай ал да Момунбекти Моке деп эркелетип жибергенин өзү да сезбей. Ошондогу көрүнүш Момунбектин күрөштөгү эле колу-бутунун карылуулугу эмес, анын жаактарынын да карылуу экенин айгинелеп жатканын тигил экөө кайдан билсин. Эгерде экөөнүн да жаактары Мокеникиндей алдуу болгондо, эчак эле үчөөлөп алабаш уйдун желин сабаасын бошотуп жиберишип баса беришмек.

Экөөнүн баамында Момунбек эки эмчекти бат эле бошотуп жибергендей болду. Ошол эле учурда Момунбектин байкеси экөөнүн уй ээмп жүргөндөрүнө шек санабай ишениШти. Момунбектин: «Эми силер да мендей болуп эмгиле» деген сунушуна такыр көнүшпөдү. Өзүлөрүнүн деле уй эме алышпастарына көздөрү жетти. Булардын да эмгеги бар, эми бул экөөнү кур ооз калтырбайын деди жана короодон көргөн резина кичине топтун жартысын таап келип, уйду саап экөөнө ичирмек болду. Уйдун башын баягыдай эле Курманбекке карматып, Райканды тамдын кырына кароолчулукка отургузду да, өзү жайбаракат уй сааганга кирипти. Тамдын кырында Райкан кароолчулук кылып эки жакка көз салбай, бадачы Бакас байкесин карабай, адатынча жаагын жанып жердеги тигил экөөнө жомок айтып жатканда, Бакас байкеси эчак тамга жакындап калган болчу. Шашылыш чукулдан бадачыны көргөн Райкан тамдын кырынан: – Бакас! – деп бакырып кулап түшүп, тигил экөө Бакасты көрбөй эле Курманбектин колунан уй бошоп, сүткө толуп калган топтун жартысы Момунбектин колунан ыргып, үчөө экинчи тараптагы теңине чейин урап калган терезеден шампандын пробкасындай атып чыгышып, көздөрү алайып, артка көтөрүлгөн буттары өзүлөрүнүн көчүктөрүнө тийип качып жөнөштү. Алардын артынан калп эле кубаламыш этип, үнүн ачуулуу чыгарып:

– Ачарчылыктай болгон атаңдын оозун урайындар! Силерди элеби! Силерди эртең карап тургула, милийсага

берем! Эмне эле суттүн планы толбой жатат десе, силер ээмп алып жүргөн турбайсыңарбы! Ошол эле дейсиңерби, мектебиңерге барып бул кылыгыңарды мугалимдер менен жалпы окуучуларга жаямын. Ал эми суттүн толбогон планын ата-энеңерге төлөттүрөм. Шашпагыла, музоо болуп кетишет! – дейт бадачы Бакас байке калп эле тигилерди опузалап кыйкырып, бирок алардын коркконунан бирин бири куушуп бара жаткан караанына ичи жылып, көзүнө жаш тегеренип жалынат да: – Оо, жараткан! Мага деле ушулардай бир наристе жытын жыттатсаң боло! – дейт үшкүрүнүп. Анан туурулган алаканы менен бетинен ылдый түшүп келе жаткан эки тамчы ысык жашын алаканы менен шыпырып аарчыйт.

Бадачы Бакас байкенин наристе жөнүндөгү тилеги орундалбай, сексенге барып көзү өткөнгө да жыйырма жылдай болуп калды.

Мындан эки-үч жыл мурун кой кезүү кайтарып жүрүп, Мокемдин коргонундагы сүрөтүн көрүп, анда да үчөөнүн ушул жоругун эстеп жылмайып алдым эле.

Баягы уй сарайдагы кылган иштеринен кийин үчөө саксактап Бакас байкесинин жолдо көрүнбөгөнүн тилеп, далайга санаага батып жүрүшөт. Бирок Бакас да өз сөзүнө туруп милийсага да, мектепке да, окуучуларга да барбады. Ал эмес бул туурасында ордендүү саанчы аялы Батмасына да сөз кылган жок. Тамашалагысы келип, балдардын атайын астынан да тосуп чыкпады.

## АКЖОЛТОЙ

Алардын жашап жаткан үйү, чоң жолдун жээгиндеги Сокулук деген жазуута бир квартал жетпей, Кустанай көчөсү менен кесилишкен 9-январь көчөсүндө эле. Айжаркын ошол үйдө туулган. Мына быйыл күздө сентябрда үч жашка толот. Жаз аяктап калган май айынын аягында, кошунасынын ити кара кандек беш күчүктүү болду. Эки кошунанын үйлөрүнүн ортосун тикесинен тургузулган чоң шифер бөлүп турат. Шифер тосулган чоң көчө жактагы беш күчүктүн эртели-кеч кыңшылаганы берки кошунага даана угулат. Айжаркындардын кошуналардыкындай короосунда ити жок. Күнүгө тосмо артындагы күчүктөрдүн кыңшылаганын угушса да, коңшунун итинин күчүгүнөн бирди багып алалы деген деле ойлору жок. Бирок бала-бакчадан кечинде келген Айжаркын сөз жок тосмо шифердин артындагы күчүктөрдүн кыңшылаганын ар дайым барып, ошол тушка эпейип отуруп алып тыңшай берет. Колундагы өзү жеп жаткан тамагын ачык жер болсо бергиси келет. Анын балалык таза жан дүйнөсү, кыңшылагандардын өзүнө окшош кичинекей экенин сезет. Ошон үчүн алардын үнү Айжаркын үчүн адаттан тышкары жагымдуу үн. Баарыдан да кызыгы, өзү эс тартканы иттин күчүгүн көрө элек. Эмнеси болсо да алардын кыңылдаган мукам, жумшак назик үндөрү Айжаркындын сезимин кытыгылайт. Уга эле бергиси келет. Анан келип алып, үйдө ким болсо да күчүктөр жөнүндөгү өзүнүн баяндамасын саймедирейт чулдурап. Өз көзү менен, өзү жакшы көргөн

иттин балдарынын кандай экендигин таанып билбесе да, үйдө ата-энесинин жана байкесинин атагандары боюнча ал да күчүктөр деп атайт.

Мурунтадан бери эле ошол тосулган шифердин күчүктөр жаткандан берээк чоң чынынын оозундай тешик боло турган. Ал тешикти ошол жерде жазда өскөн чоң жалбырактуу куурай басып, кара кандек Айжаркындын апасы куюп койгон жугундуларды ичалбай калат. Ал тешик кара кандек үчүн күз, кыш, жазда гана ачык болот.

Ошол күчүктөр жарыкчылыкка келген жайда Айжаркын айылдагы чоң атасы менен чоң энесине барып, бир айдан ашык жүрүп келет. Күндөрдүн биринде Айжаркын бала-бакчадан келип, эшиктин алдында ойноп отурса, баягы чоң жалбырак жамынган тешиктен бир кара күчүк чыгып, Айжаркынды карап отурат. Байкоосуздан күчүктү көрө калган Айжаркын: – Ой, күчүк! – деп жиберди маңдайы жарыла, бүт жан дүйнөсүн кубаныч ээлеп.

Бир айча айылда жүрүп, шаардагы кошунасыныкындагы өзү кумарлана тыңшап жүргөн күчүктөрдүн кыңылдаганын эсинен чыгарып жиберген эле. Ал ошол эле бир айдын ичинде күчүктөр дагы баягыдай жөнү жок эле кыңшылабай калышкан болчу. Бирок эмнегедир үйдө атасы менен апасы, тигил кыңшылаган жандыктардын аты күчүк деп аталарын унутпаптыр. Эмнеси болсо да, балалык адам туюу сезими менен тигил өзүн карап турган төрт аяктуу жаныбардын кичинесиндеги аталышы күчүк деп аталарын кокусунан жаңылбай таап алды. Кыздын өзүлөрүнө кана таандык ичке назик үнү күчүктүн да адамга дос экендигин айгинелеп, анын да өзүндөй кичинекей адамдын күчүгү экенин сезгенсип, башын ары-бери кыйшаңдатып, кыска куйругун шыйпаңдатып кызды карай жөнөдү. Айжаркын да ага шашыла жетип, мыртыйган назик колдору менен башынан сылап-сылап

жиберип «күчүк» деп акырын назик шыбырады, болгон жакшы көрүү сезими менен берилип. Күчүк да Айжаркындын кадимки ата-бабасынан калган иттик жакшы көрүү сезими менен кыздын өзүнө жакын ылдый түшүп турган оң колунун сыртын, кыпкызыл жука наристе тили менен жалап-жалап жиберди.

Кечинде жумуштан келген Намазбек байкеси карындашынын бооруна көтөрүп турган кичинекей капкара күчүктүн оң бутундагы тизеден ылдый ағын көрүп, Айжаркындын күчүгүн Акжолтой деп ат коюп берди.

Арадан бир жыл өтүп Айжаркын төрткө, Акжолтой күчүк бир жашка чыкты. Акжолтой Айжаркынсыз, Айжаркын Акжолтойсуз кызыксыз болчудай бири-бирине ынак болуп алышкан. Эртең менен Айжаркынды апасы чоң жолдун аркы өйүзүндөгү бала-бакчага жеткиргени жөнөгөндө, Акжолтой аларды ээрчип короодон кошо чыгат. Бирок чоң жолдогу тынымсыз агылып өтүп жаткан жолдон өтпөй, жолдун берки өйүзүндө калат. Ал алгачкы барып жүргөнүндө жолдун берки өйүзүндө калып, күчүктүк куса болгон үн чыгарып, жолдун берки өйүзүндө ары-бери чуркай берген болсо, кийин жөн гана ошол жердеги дүкөндүн жанында калат. Айжаркын болсо жолдун аркы өйүзүнө чыгып: «Акжолтой!» – деп бир кыйкырып, мыртыйган колдорун булгалап бакчасына кетет. Кыз досунун андагы өзүн атап кыйкырганын укса эки кулагы тик тура калып, ит отурушундагы жерде жаткан куйругун тынымсыз кыймылдатып жерди шыпырып чаңдатып жиберет. Айжаркынды алыс эмес жерге жеткирип, жолдун ары жагынан бат эле апасынын кайтып келерин күтүп отура берет. Анан экөө чогуу үйгө келишет.

Колунда тагынган сааты жок акылдуу күчүк, кечке маал дарбазанын жанына келип жатат. Айжаркындын апасы жолдон өтүп, бакчага кеткенде жолдун берки өйүзүндө калган күчүктүн көрүнүшү, күтүү сезими эртең

мененки узатуудан такыр башкача болот. Айжаркынды жетелеп апасы тигил бурчтагы бактан көрүнгөндө эле, адатынча куйругу менен жерди бир-эки чаңдатып шыпырат да, чуркап чоң жолдун жээгине барат. Ушул төрт кошкон жолдогу светофору жок жол машина аккан жолдун көрүнүшү ит болсо да ага аябай коркунучтуу болчу.

Дем алыш күн эле. Ошол күнү Айжаркындын атасы машинасы менен эртелеп бир жакка чыгып кеткен. Эгерде атасы күндөгүдөй үй-бүлөсү менен короодон машинага түшүп чыкканда Акжолтой адаттагыдай эле короодо кала бермек.

Айжаркын бүгүн үйдөн эртелеп жакшынакай кийинип чыкканда эле, Акжолтойдун маанайы пас, мурдагыдай эркелебеди, үйдөгүлөрдүн бирине да шыйпаңдап жакындабады. Күчүктүн бул абалын көргөн Айжаркындын апасынын эсине Акжолтойдун кечиндеги да, эртең мененки тамагын да ичпегенин эстеди. Эч жамандык оюна келбей эле, ооруп калса керек деп жоромолдоду ичинен. Айжаркындын кагазын аарчып берген момпосуюн жебей жыттап тескерисинче алдына акырын жата калып кыска-кыска кыңылдаган үн чыгарды. Паркка ойногонго бараткан, кубанып турган Айжаркын да күчүк досунун бул абалына анча көңүл бурбады. Акжолтой аларга ичиндеги жашыруун сырды айтып жиберчүдөй көзүн жашылдантып жалдырай карады. Эшик бекитүү менен алек болгон алар күчүктүн бул абалын сезишпеди. Тек гана адаттарынча дарбазадагы тышкы кулпуну бекитишти да сөзгө алаксып кете беришти. Адатта мындай чогуу үйдөн чыгарда Акжолтойду тышка чыгып кетпесин деген максатта бекилчү тешиктин оозу жабылбай калды.

Тынымсыз кыйма-чийме машина өтчү баягы чоң жолго жеткенде, Айжаркынды байкеси көтөрүп, үчөө шашылыш жолдун аркы өйүзүнө жеткенде Айжаркын:
– Апа, Акжолтой!– деп бакырып жиберди. Апасы ме-

нен байкеси артка бурулганда Акжолтой чоң жолдун тең жарымына жетип, өйдөтөн келаткан машинадан качып кайрылып берки өйүзгө чуркап бараткан эле. Ошол маалда Айжаркындын жанагы Акжолтой! деген катуу үнүн укканда күчүк кичинекей өзүнүн ээси чакырып жаткан экен деп, жолдун аркы жээгине чыгып кетпей, кайра Айжаркындарды көздөй чуркады. Жолдун ортосуна жетип калганда, өзүнө төмөнтөн чукул келип калган машинадан качып, кайра артка чыга бергенде, жогору жактан октой учуп келаткан машинага урунуп, күчүктөн аянычтуу үн чыгып, машинанын ортосунда калды. Досунун бул абалын көргөн Айжаркын бала бакчадагы үйрөнгөн сөзү менен: «Мама!» – деп орусча бакырып, көтөрүп турган байкесинин мойнуна башын катты. Аңгыча эки дөңгөлөктүн ортосунда аман калган күчүк, кайра ары карай бет алганда, тиги тараптагы чукул келип калган машинанын дөңгөлөгүнүн таманында калды. Бир аз эле мурун жанын «темир жырткычтардан» ала качып, аман калыш үчүн далбастаган бир жаштан жаңы өткөн күчүктүн денеси жалпайып, чоң жолдун таманында жатты.

Төрт жашар, өлүм эмне экенин, таш боордук эмне экенинен али кабары жок Айжаркын көзүнүн жашын он талаа кылып, өпкө-өпкөсүнө батпай улам бир машина капарына албай тебелеп кетип жаткан Акжолтойдун өлүгүн карап жолдун жээгинде турду. Ал эми өзүнүн муштумундай жүрөгү тыпылдап тынымсыз уруп, өзүнүн бугун чыгарып жатты наристе көкүрөктө.

мененки узатуудан такыр башкача болот. Айжаркынды жетелеп апасы тигил бурчтагы бактан көрүнгөндө эле, адатынча куйругу менен жерди бир-эки чаңдатып шыпырат да, чуркап чоң жолдун жээгине барат. Ушул төрт кошкон жолдогу светофору жок жол машина аккан жолдун көрүнүшү ит болсо да ага аябай коркунучтуу болчу.

Дем алыш күн эле. Ошол күнү Айжаркындын атасы машинасы менен эртелеп бир жакка чыгып кеткен. Эгерде атасы күндөгүдөй үй-бүлөсү менен короодон машинага түшүп чыкканда Акжолтой адаттагыдай эле короодо кала бермек.

Айжаркын бүгүн үйдөн эртелеп жакшынакай кийинип чыкканда эле, Акжолтойдун маанайы пас, мурдагыдай эркелебеди, үйдөгүлөрдүн бирине да шыйпаңдап жакындабады. Күчүктүн бул абалын көргөн Айжаркындын апасынын эсине Акжолтойдун кечиндеги да, эртең мененки тамагын да ичпегенин эстеди. Эч жамандык оюна келбей эле, ооруп калса керек деп жоромолдоду ичинен. Айжаркындын кагазын аарчып берген момпосуюн жебей жыттап тескерисинче алдына акырын жата калып кыска-кыска кыңылдаган үн чыгарды. Паркка ойногонго бараткан, кубанып турган Айжаркын да күчүк досунун бул абалына анча көңүл бурбады. Акжолтой аларга ичиндеги жашыруун сырды айтып жиберчүдөй көзүн жашылдантып жалдырай карады. Эшик бекитүү менен алек болгон алар күчүктүн бул абалын сезишпеди. Тек гана адаттарынча дарбазадагы тышкы кулпуну бекитишти да сөзгө алаксып кете беришти. Адатта мындай чогуу үйдөн чыгарда Акжолтойду тышка чыгып кетпесин деген максатта бекилчү тешиктин оозу жабылбай калды.

Тынымсыз кыйма-чийме машина өтчү баягы чоң жолго жеткенде, Айжаркынды байкеси көтөрүп, үчөө шашылыш жолдун аркы өйүзүнө жеткенде Айжаркын:
– Апа, Акжолтой!– деп бакырып жиберди. Апасы ме-

нен байкеси артка бурулганда Акжолтой чоң жолдун тең жарымына жетип, өйдөтөн келаткан машинадан качып кайрылып берки өйүзгө чуркап бараткан эле. Ошол маалда Айжаркындын жанагы Акжолтой! деген катуу үнүн укканда күчүк кичинекей өзүнүн ээси чакырып жаткан экен деп, жолдун аркы жээгине чыгып кетпей, кайра Айжаркындарды көздөй чуркады. Жолдун ортосуна жетип калганда, өзүнө төмөнтөн чукул келип калган машинадан качып, кайра артка чыга бергенде, жогору жактан октой учуп келаткан машинага урунуп, күчүктөн аянычтуу үн чыгып, машинанын ортосунда калды. Досунун бул абалын көргөн Айжаркын бала бакчадагы үйрөнгөн сөзү менен: «Мама!» – деп орусча бакырып, көтөрүп турган байкесинин мойнуна башын катты. Аңгыча эки дөңгөлөктүн ортосунда аман калган күчүк, кайра ары карай бет алганда, тиги тараптагы чукул келип калган машинанын дөңгөлөгүнүн таманында калды. Бир аз эле мурун жанын «темир жырткычтардан» ала качып, аман калыш үчүн далбастаган бир жаштан жаңы өткөн күчүктүн денеси жалпайып, чоң жолдун таманында жатты.

Төрт жашар, өлүм эмне экенин, таш боордук эмне экенинен али кабары жок Айжаркын көзүнүн жашын он талаа кылып, өпкө-өпкөсүнө батпай улам бир машина капарына албай тебелеп кетип жаткан Акжолтойдун өлүгүн карап жолдун жээгинде турду. Ал эми өзүнүн муштумундай жүрөгү тыпылдап тынымсыз уруп, өзүнүн бугун чыгарып жатты наристе көкүрөктө.

## АК СОРПО

Окууну бүтөр жылдын күзүндө жалпы бешинчи курсту шаар ичиндеги, шаардын тышындагы жана чет жакадагы айылдарга мектептерге эки айлык госпрактикага бөлүштүрүп таратты.

Ошентип, беш кыз, беш эркек болуп Сокулук районуна караштуу Чичерин атындагы бышкан кирпичтен салынган эки кабат орто мектепке практикага келдик.

Аттиң кайран заман, көтөрүнгөн төшөнчүбүз жок, эми кимдикине жатабыз деген санаа да жок, колубуздагы бири-экиден көйнөк салынган чакан сумкабызды көтөрүнүп мектепке кирип бардык. Ноябрь айынын башы мектептин иши менен башталмай болду. Эми окуу жайдан алган билимиңди мектептен сына деген мугалимдик сынак башталды.

Мектеп узартылган күндүү мектеп аталып, төртүнчү класска чейин түшкү тамакты мектептен ичип, эртең менен берилген тапшырманы түштөн кийин мектепте кечки саат төрткө чейин даярданып окушат экен.

Элдин да, замандын да пейилинен айланайын ошондогу. Айылдагы элге да мурун эскертилгенби, уккан чогулуштан кийин биз да ар бир бөлүнгөн үйдүн ээлери келип, кыйналбай-кысталбай кабактарын салып үтүрөйбөй эле колубуздан жетелеп бапырандап, чечекейлери чеч болуп бөлүп кетишти. Кыргыз элиндеги «мээнеттүү кулда чарчоо жок» деген макал ошол бөлүштүрүүдө жалгыз менин шыбагама тийди. Бирок мен ошондо бөлүнгөн мугалимдин үйүнөн Курманбек досумдун жардамы менен мектептин окуу завучу Айша Атаманова деген апамдын үйүнө келдим. Оркойто айтканда ала качып

кеткен кызды атасы барып төрт күндөн кийин эле кайра апкелип, өзү жактырган адамга турмушка бергендей эле болдум. Апамдын чоң тамынын бир бөлмөсүндө жатам. Андан бери мына быйыл отуз беш жыл өтүп кетиптир. Атам Асанкул менен апам Айшанын эки ай мага көрсөткөн сый-урматын унутпаганым менен аларга кайрылып бир барып ал-акыбалдарын сурай албадым. «Бир жолу туз-даам таткан жериңе, миң жолу салам бер!» деген макалдын чакырыгын мен эмнегедир аткара албадым? Мүмкүн, шартым болбогондур, мүмкүн, шалаакылыгымдыр же жөн эле «Таш менен урганды, аш менен ур» деген макалдын тескери маанисин жасадымбы?

Менин Асанкул атам менен Айша апамдыкына жүргөнүмдөгү бир мактанарлык кылган ишимди айтайын дегенимдин балдар үчүн бир тарбиялык мааниси бар го деп ойлойм.

Жөнөкөй эле эч капарсыз күндөрдүн биринде апамдын Бакыт деген баласы ичим деп чыдабай доктурга жатып калды. Эртеси райондун ооруканасына таң эрте жетип барсак врачы: – Сокур ичеги экен, азыр соёбуз деп салса болобу. Апамдын ошол жерден ыраңы бузулуп, алаканы менен эмнегедир оозун басып томсоруп эле туруп калды. Анан бир далайда барып тилге келип: – Айланайын балам, үйүмдөгү өз уулумдай көргөн коноk уулум менин! Акжолтой бала болуп Бакытымды айыктырып жибере көр. Көзүңдөн айланайын сенин тептегерек болгон! – деп аны алайып карап турган менин көзүмө да жалынып жиберди. Айша апамдын ошол мүнөттөгү мага да жалынып жибергенинен тартып, Бакыт доктурдан айыгып келгенче «каражолтой» атка конбосом экен деп, менде да саана самандай саргартты Бакытты эстеген сайын. Кудай апам экөөбүздүн тилегибизди орундатып уулу доктурдан эсен-соо айыгып чыкты.

Мына ошол Бакыттын чыгып келген күндүн эртеси, Асанкул атам элге бата кылдырып, кой сойдуруп, Бакыттын аман-эсен айыгып келгендиги үчүн түлөө өткөрмөй

болду. Кой заматта союлуп, жиликтелип чоң казанга салынды. Апамдын кой дегенине болбой эт бышыруунун милдетин мен алдым. Отту бир калыпта алоолонтуп жибербей жагып, этти да шарактатып кайнатып жибербей ашкана тамдын түбүнө жайгаштырылган чоң кара тулгага асылган кара казандын жанындамын. Эч кимди тааныбаганымдан казандан бир карыш узабай, өз маалында эттин чий көбүгүн алып, эң үстүңкү жагындагы эттерди кызарып калбасын деп аласалдырып, жанымдагы жарылган жыгачтан очокко ченеп салып, колумдагы чоң чөмүч менен сорпо сапырам. Өз атамдын: «Сорпону жакшы сапырып, этти шарактатпай, бүлкүлдөтүп кайнатып, тузун туура татытып эт орто бышып калганда астын-үстүн кылып которуп бышырса, ал эттин сорпосу коюу жана ак болуп, ичкенге жагымдуу болот» дегени кайра-кайра эсиме түшүп, эт менен санаам тынчыбай алекмин. Колумдагы кабелтең чөмүч менен кайнап жаткан эттин сорпосун тындырбай сапырып, эттин тузун улам ууртап татымын көрүп, казан толтура этти бүлкүлдөтө кайнатып, очоктун отун өчүрбөйм. Эттин кайнаганына бир сааттан өтүп калганда, кошунанын өзүм жакшы тааныган баласын чакырып алып, этти асты-үстүн кылып которуштурдук. Менин ошол учурдагы жалгыз тилегеним, бышырган этимдин камкөш болуп калып же эзилип кетип жиликтеринен эт бөлүнүп калбаса экен деген сарсанаа ойлор. Андан да бул айылда мен кеткенден кийин: «Баягы Асанкулдукуна келген практикантча бышырбайсыңбы?» деген шылдың сөз артымда калбаса экен деген ой башымдан кетпейт айланчыктап. Ошентип убакыт келип Асанкул атамдын айтуусу менен эт казандан чыгып түлөөгө келген элге таратылып жатты. Өзүмдүн оюмда атам айткан ак сорпо кылдым деген сорпо да казанда түгөндү. Акыркы сорпонун калдыгын казандан куюп жаткан келин, эңкейген калыбында: «Этти ким бышырды?» – деди дагы бирдеме айткысы келгендей кыска сүйлөм менен жоопту чукул күткөн сыяктанып. –

Мен, – дедим токтолбой анын кыска табышмактангансыган кыска суроосуна кыска жооп берип. «Эт менен сорпонун бышышы бирдеме болгонбу» деген күдүк ойду мен ойлоп жибергенче: – Эттин сорпосу адаттан тышкары ак, коюу жана даамдуу экен, – деди, кирпиктүү тегерек көздөрүнөн ыраазы болуунун учкундары чачырап, мага жылмая тигилип. – Анан ак сорпоң аябай бир башкача таза экен – деди менден узай берип кылчайып. Колума эттин чийкөбүгүн алыш үчүн берилген майда чыпканы, ар бир сапырылган сорпонун алдына тосуп, турганымдан келиндин жана бир мактоосуна татып калса керек.

Өзүмдүн милдетимден кутулуп, бир чети кирпиктүү тегерек көз келиндин мактоосунан кийин санаам тынып, ошол тегеректе өзүм чала тааныган балдардын жанында турсам, апамдын экинчи класста окуган баласы: – Байке, сизди чоң энем чакырып жатат, – деди кубанган түр менен. – Эмнеге? – дедим мен чоң энесинин чакырганына таңдана. Барбайм, – дедим анан эмнегедир үнүмдү өтө эле пас чыгарып. Бир четинен энемден туулганы өзүм менен кошо жашап келе жаткан уяңдыгым ээгимден суулуктап кармап. «Барбасаң өзүң бил» дегендей болуп бала кайра үйгө чуркап кирип кетти. Ошол эле замат бала кирип кеткен эшиктен Айша апам чыкты жадырап. Анын татынакай сулуу жүзү ого бетер албырып, баягыдан да сүйкүмдүү жылмайып адатынча эки көзүн ымкып, мени «бери кел» дегенсип башын ийкеп койду. Ошол учурда апамдын мындай жадыраган жүзүнө карап туруп, канкордой мерес адам болсо да: «Аний» – деп баш тарта албайт эле. Мен апамдын жүзүнөн ар күн сайын чыныгы мугалимдин жана жүрөгү таза эненин келбетин көрүп турар элем. Ырас, апамдын ачуусу чукул эле, бирок эмнегедир ал мүнөзү эч кимди капа кыла алчу эмес.

Арга жок, апамдын баш ийкегенине макул болуп анын бет маңдайында турдум. – Ушунча да уяң болосуңбу? Кайненем сага батасын берген жатат. Улуунун батасынан баш тартпай жүр, – деп колумдан жетелеп,

жалаӊ аялдар отурган үйдүн босогосун аттатып: – Мына апа, эт бышырган менин улуу балам ушул – деп мени тааныштырды. Энемдин курсагында жатканымда эле жараткан жан жолдош кылып кошуп берген уяӊдыгымдан эки бетим албырып ысып, бутумдун учунан чачымдын учуна чейин калтырак басып, денем ымыр-чымыр болуп ныымдалышып, арга жок төрдүн так ортосунда отурган покчойгон кемпирди карадым. Өзүнүн басып өткөн жолун майдалап туруп, бүткүл жүзүнө бырыш калып түшүрүп алган ак чач кемпир мага тигиле карап туруп: – Кай жердин кулуну болосуӊ, уулум? – деди эчак сексендин босогосун аттаган ак чач кемпир. Эмнегедир сексенден эчак ооп кетсе да, карылыктын кайра кайтарбас өмүрүнүн жолунда турса да, колу-беттин эти качып, жылга-жыбыт бырыш жапырт каптап турса да, бул кемпирдин азыркы жүзү анын жаш кезинде ажарлуу да, аялдык чыныгы сапаттын бар экенин жашыра албай турду.

Бир аз ойго кармала калганымдан шашып: – Кочкорлукмун, – дедим кыска жооп берип.

– Оо, садагаӊ кетейин! Өзүмдүн жеримдин уулдарынан турбайсыӊбы. Ошондой дедим да. Мындай сорпону Нарын тараптагылар гана ушундай даярдай алышат. Өркөнүӊ өссүн уулум, ылайым кем болбо! Айшакан келиним үйүнө жаман-жуман балдарды албайт эле деп эчак эле ойлогом. Мен ушул Чүйгө келин болуп келгени ушундай сорпону ичип көрө элек элем. Мында отурган келин-кыздар жакшылап даамын татып, өӊүн карап таанып алгыла. Муну «ак сорпо» дейт. Демек, мындай ак сорпонун эти да жакшы бышып, даамдуу болот. Ме, садагаӊ кетейин балам, мага окшоп сексенден ашып жаша. Мен уул-кыздарымдан көргөндөй жакшылыктарды сен да көр, – деп алдындагы өзүнө тийген устаканын мага сунду.

Туулган жериӊден алда кайда алыс жүрүп, бир жагынан атаӊ таанылбаган эле башка бирөөнүн үйүндө жүрүп, ал үйдүн улуу баласы аталып, анан эле минтип атаӊдын айтканын аткарып, улгайып калган адамдан туптунук ак

бата алып жатканыма бир жагынан сыймыктанып кет-
тимби, мурун эле ысып жаткан бетиме от жагылып кет-
кенсип алоолоп күйүп, чекемден тер чыгып, апа кармап
турган оң колум майга малынгансып, апамдын колуна
жабышып калгансыды. Анын жабышып калагынын кем-
пирдин мага сунган устаканын алмакка апамдын колу-
нан колумду бошотуп жатканымда билдим. Ал эмес улам
колдон-колго өтүп мага сунулган устукандын келмеги да
бир саатка созулгансып кетти. Чүйлүктөрдүн салты ме-
нен экиге бөлүнгөн жамбаштын баш жагы колума тийип-
тие элегинде «Ыракмат апа» дегенге жарабай, эшик кай-
дасың болуп артыма шашылып жөнөдүм. Эшиктен чыга
берип эле артыман кошо чыгып келген апама колумдагы
жамбаш устаканды сундум дудукча.

– Ал эмне дегениң, балам? Өзүңө тийген шыбаганы
өзүң же. Алдагы устуканда апамдын батасы кошо бар эке-
нин унутпа. Эми ушуну жегенден да уяласыңбы! Ылай-
ым кайненемдин батасы сага кабыл болуп агарып-көгөр,
балам, – деди да бир колу менен ийнимден имере тар-
тып, ысып турган оң бетимден башкача бир сезим менен
өптү. Мүмкүн, ошол мүнөттө мага ошондой сезилгендир.
Мүмкүн, апам ошол мүнөттө жанагы кайненесинин мага
берген батасын ошол өбүшү менен мага бекиткендир. Же
чын эле менин казан башында ак ниетим менен кылган
эмгегимди апам кемпирдин батасынан кийин билип, ичи
ысып кеткендир. Анан апам мени бет маңдайдагы жа-
лаң китептер турчу чакан бөлмөгө киргизип: тиги жерге
отуруп, колуңдагыны шашпай жеп чык. Сага айтпадыбы
«менин жашыма чык» деп. Мындай жашка ар ким эле
чыга бербейт. Экинчиден, мындай ак батаны ар ким эле
ала бербесин эстей жүр деген апам ачуусу келгенде каба-
гын түйүп койчу адаты менен мени акырын карап чыгып
кетти. Анысы, чала жеп, эшикке качпа деген белгиси
экенин дилимде сезип турдум. Эмнегедир апамдын каба-
гын түйүп ачууланганы да мага бир башкача сүйкүмдүү
көрүндү. Мүмкүн, мага эле ошондой көрүнчүдүр.

## КАЛЫБЕКТИН ТАМАШАСЫ

Бул кыска эки аңгеменин каарманы тең өзүмдүн айылымда жашаган адамдар. Экөө тең эки ооз сүйлөөнүн чыгаан тапандары. Тапан дегенимдин мааниси башка жакта. Алар тапандык кылып башка бирөөлөрдүн бирдемесин алдап сызга отургузбайт же кур бекер эле тапылдап болгон-болбогонду айтышып адамды тажатып да жиберишпейт. Бул эки каарман, тактап айтканда, жагдайларга жараша элдин көңүлүн көтөрүшүп, тамаша жана жылмаланган калптардан аралаштыра ыргытышып маанайыңды көтөрүшкөн тамашакөй жигиттер. Бардан да экөө классташтар. Чубактыкына караганда Калыбектин тамашасы менен калпы курчураак жана көркөмүрөөк, көбүрөөк.

Бир улуттун ойчулунун айтканы бар экен «Өзүңдүн эл арасында ким экениңди билгиң келсе, өл» деген. Таза кызык кеп мына ушу жерде болуп жатпайбы. Өлгөн киши өзүнүн эл арасында ким экенин кантип билмек эле. Демек, бул өлгөн адамдын колунан эч нерсе келбей калды, ал эми сага эч тоскоолдук кыла албайт. Атак-даңкы эми сенден ашып кетпейт. Аны эл жакшы иштери үчүн сенин көзүңчө мактоого алып, сенин анын алдында беделиңди түшүрбөйт. Сенин да анын жакшы жактарын көрүп, уккан сайын жан дүйнөңө дүрбөлөң түшүп, кыжаалат болбойсуң. Бул ошол көз өтүп кеткен адамдын каршылаш ой жүгүртүүсү менен мактала жана жамандала турган тирүүлүк ыкмасы. Ал эми жалпы карапайым адамдын тыянагы: «Аттиң, жакшы адам эле,

өмүрү кыска экен» – дешип кай жерде болбосун өкүнүү, эскерүү менен айтып, ал адамды турмуштун таза үлгүсү катары эскерип беришет.

Илгери кыргыз элинде өлгөндүн элге дайны болуп кеткен, жайылып кеткен кемчилдигин: «Жер жамандап барбасын мени» – деп ал туурасында сөз айтылчу эмес экен. Бул ошол замандагы элдин «Адеп» сабагын окубай эле тартиптүү, адептүү экенинен кабар берип жатпасын. «Кой, биз уккан менен көргөн жамандык, ушул туугандарыбыздын ичинде эле калсын» – дешип ал уккан менен көргөн жаман нерселерин кайра жаңыртып эл турган жагдайда жаңыртып айтышчу эмес тура. Ал эми бүгүнкү замандын эли биз, андай сөзгө бекемдүүлүк касиеттен ажырап калганыбызды эмнеге жашыралы. Кокус өлгөн адамдын жанына телефон коймой болуп калса, жанагы ал жөнүндөгү айтылган кептерди кошул-ташыл кылып айта берип, ал кишиге тигил жайда да тынч алдырып жаткырмак эмеспиз. Бул айтылган сөзгө чычалабай койсок деле болот болуш керек.

Мен жогоруда айтайын деген кептин төркүнү башкада. Темада аты аталган жигиттин эки жыл мурун көзү өтүп кетти. Ар ким көзүнүн тирүүсүндө элинеби, өзүнөбү кылган иши менен эскерилип турарын жакшы билебиз. Ичитар, башкалардын кылган жакшы иштерин көрүп эмес, кулагы менен уккусу келбегендер ушул заманда көбөйүп кеткенин жашырууга болбосо деле керек. Кайпактаганда эмне, жаман адамды жаман жагы менен эле эстеп: «Анын кылганын кыла көрбөгүлө, өзүнүн башы менен кошо кетсин» – деп айтпашыбызды эми ким айталат?

Менин каарманым Калыбекти: «Калп айткандан башканы билбеген бир шүмшүк эле. Далайды сызга отургузуп сыздатпадыбы» – деп айылдан бир адам ооз ачып айтканын уккан да, көргөнүм да жок. Тескерисинче, «Байкуш Калыбек эриктирбей боорду эзип, күлдүрүп калчу эле» – деп баарыбыз чогулган жерде жоктоп, анын

айткандарын өзүбүз кайталап калмайыбыз бар. Демек, элге сөз жок эле, алардын көзүң өтүп кеткенден кийин эскерип турушу үчүн чоң иш жасап бериш кереги эмес тура. Көпчүлүк калк, кимди мындай жагдайда эскерип аларын өзүлөрү тандап алат тура турмушта.

Элдин Калыбекти кандай эскерери, өзүлөрүнүн иши. «Жанында жүргөн адамдын жакшы жагы билинбейт» деген чын кеп көрүнбөйбү. Калыбек шаардагы доктурда жаткан аялын көрүп келем деп эле, бир күндө кайтыш болуп калды. Элдин оозун ким тыят. Анын күтүүсүздөн болгон өлүмүнө ар кандай кептердин чыгып кеткенине да күбө болдук. Андай эмес, – деп айтканга өзүң жанында болбогондон кийин, эл оозундагы сөздү аргасыздан угат экенсиң да. Кеп Калыбектин кантип өлгөнүндө эмес, анын эл оозунда кандай эскерилип калгандыгы жөнүндө болмокчу. Болбой эле күнүмдүк турмушта болуп жаткан көрүнүштөр жөнүндө да сөз узарып кетти көрүнөт. Ал үчүн сиздерден кечирим сурайм.

Калыбек экөөбүз көбүнчө короодон эртең менен уй айдап чыкканда жолугабыз. Ал жакын эле жерден биз тарапка уй айдайт. Тээ алыстан кыйкырып учурашат, кол сунуп. Анан: – Берчи байке, бир тамеки. Меники үйдө калыптыр, – деп эки жак чөнтөгүн, куртка кийип жүргөн болсо эки төш чөнтөгүн чапкылайт. Биздин айылда үч-төрт Калыбек болгондуктан бул инимди «шыпыр Калыбек» деп атап алышкан. Эмнегедир экөөбүздүн жакшы мамилебизден анын атына калпычы деген жардамчы аныктама сөздү кошпой эле: «Кайсы Калыбек?» – деп сураганга Ниязов – деп чоң атасынын атын кошумчалачумун.

Ошентип, жалаң эркектер эртең менен уй айдап барып, айылдын четиндеги каналдын кырына чогулабыз. Калыбектин бакылдаган үнү тээ алыстан угулуп, ошол күнкү уйду ким кайтара тургандыгы жөнүндө элге даярдап турган болот. Себеби уй кайтарганга бадачыбыз

жок, кесүүлөшүп кайтармай ыкка өткөнбүз көп жылдан бери. Ошол ылдыйкы айылдын уй кайтармай кезегин иретке келтирип жөнгө салып турган Калыбек эле. Ошол Калыбектин айтканы менен болуп: «Бүгүн сенсиң! Эртең сенсиң!» – деп баш оорутуп чырдашпай, санаабыз тынч эле. Эчак эле жайытка уйлар узап кетсе да баягы уй кошкондор топтошуп, Калыбектин оозун карайбыз. «Калыбек калпты өкүртөт. Калыбек калпты чындай айтат» дегендин баары анын кебин тыңшап, кумарыбыз канып каткырып, черибиз жазылат. Анан мындай чыгып алып: «Кайран Какең, өткөн кесүүдөн тигинин кезегин өткөрүп жиберип бир бөтөлкө арак ичиптир» – деп кайра аны шыбап жибермейибиз да бар. Бул кепти өзүнө айтсаң деле ага бир чычалап койбой: «Ал бир бөтөлкөнү кезегин жылдырыш үчүн алып берген. Сенин жумушуң чыкканда, сен да бирди алпересиң» – деп айткан кишинин өзүнүн мазасын кетирчү.

Калыбектин капысынан күтүүсүз болгон өлүмү жалпы эле айылдыктардын ичин кейитти. Өзгөчө короодон мал айдап чыга калып өйдө жакты карап, мага жаман болуп жүрдү. Эмнегедир ал келчү тарапты карасам, анын элден башкача айткан саламы угулат. Анын маңдайымда туруп алып берилип көрүнгөндү туурап айткандарын элестейм. Мен дагы кээде, «Кайран Калыбек, калпты тим эле чындай айтат» дегеним менен, ал сүйлөгөндө мен дагы эрип тура берчүмүн анын кебине маашырланып ырсайып. Бир күнү: – Калыбек, ушул окуяларды кагазга түшүрсөңчү десем: – Ой, байке, жазган менен сүйлөгөндүн таптакыр айырмасы бар да. Сүйлөгөндү мына мен жакшы билем. Жазган жагын сиз билесиз. Мен силерге айткан урдурмаларды көбүнөр айталбайсыңар – деп күлүп калчу байкуш. Анын дагы бир адамдан өзгөчөлүгү, адамдарга бир нерселерди салыштырып ат койгон жагынан бир укмуш эле, чиркин. Анын кишини бир нерсеге салыштырып сүрөттөгөндөн кийин

сөз жок ошол адамды ылдам көргөнгө шашчумун. Аны көрүп алып салыштыруусуна таң калчумун.

Анан бизден бир артыкчылыгы тегеректе боло калчу жакшылык менен жамандыктарда тикесинен тик туруп кызмат кылар эле. Кызмат дегенибиз андайда чакыртып бааланбай эле өзү жетип келип: «Мен, иреттей берейин» – деп келин-кезекти, суу куйган балдарды, киши кире турган үйлөрдү ж.б. иштерди дайындап салар эле. Чөнтөгүндөгү эки бүктөлгөн дептерин алып, кимдин кайда иш кыла турганынан бери жазып, керек болсо чара-чураларды, казан жана тулгаларды, чай кайнатканга титандардан бери даярдап жиберээр эле. Ачыгын айтканда, андайда бул жагынан санаабыз тынч эле. Бул учурларды ошол жерде кызмат кылып жаткан келиндер да, балдар да Калыбектин айтканынан чыгышчу эмес. Өзүңө иш бөлүнүп берилгенден кийин эр болсоң таштап башка жакка кетип көр. Анын кол жазмасынын сулуулугу кимди болсо да суктандырчу. Өзү калп айтып жанагындай атка конгону менен аябай жалтаң, ак көңүл жана элпек болчу. Сөзгө жана сынга бат жыгылчу.

Сөзгө катуу берилип кеткенде, өзүнүн бир туугандарын, эң жакын жакшы санаалаштарынын үстүнөн бери шыбап жиберип, сенин кулагыңа чейин жоон кесмелерди илип салчу. Ошондо да эки кулагыңды шалпайтып, башыңды ийкеп, эки ууртуңду эки жакка жалжайтып, жанынан кеткиң келбей тура берчүсүң.

Ошондой өзүнүн сөзүнүн жугумдуулугунан совет мезгилинде онунчу классты бүткөндөн тартып, союз тараганча совхоздо бригадир болуп иштеди. Мени башка бирөөлөргө шыбаганын уксам деле эмнегедир жаман көрчү эмесмин. Себеби ал өзү ичине кир жана кек сактабаган жигит эле. Эки миң он тогузунчу жылы алтымышка чыкмак.

Талаа-Булак көчөсү менен Көкөбай көчөсүнүн кесилишиндеги төрт кошкондун оң тарабындагы катарда-

гы биринчи үй биздин Чубак деген күйөө баланын үйү. Канчалык жакын теңтуш болсоң да, бирибиздин тамаша сөзүбүздү бирибиз көтөрө албай кыжыңдашкан убактар болуп эле жүрбөйбү. Мен жогоруда эскерткендей, Чубак менен Калыбек он жылы бир партада отурган классташ болгонунан деле эмес, экөөнүн тамашалашып аягы кызаңдашуу менен бүткөнүн көргөнүм жок.

Адатта, ушул эгемен заманда ушундай бир күз мезгилинде же чөп-чар орулуп, дан кырманга түшкөн кезде куда чакырыктар, аш-тойлор башталат эмеспи. Ошол күндүн таң эртеси он чакты киши Чубактыкында бакылдашып боз үй тигип жатышкан. Ал жерге Калыбек да келип кеткен эле. Ал төрт кошкондон аркы чоң көчө менен Талаа-Булак көчөсүнүн кесилишин деле үч кошкон деп атап алышкан. Бирок ал жерди беш кошкон деп деле атап алса болмок. Себеби айылдын эң четки Айтыгул көчөсүнүн аягынан узарып сай бойлой кеткен кыска жол жанагы чоң жолдун кошулган жерине кошулуп бешинчи кошконду пайда кылат. Калыбек Чубактыканын келип, күнүгө эркектер чогулуп жыйын кылчу Беш-Кошконго турат. Бул жерге өйдөтөн, ылдыйтан оң каптал менен сол капталдан келгендер чогулат. Таппай жүргөн адамыңды көбүнчө ушул жерден издесең кезиктересиң. Чогулушат да анан ымалаша бөлүнүп-бөлүнүп кетишет. Бөлүнбөгөндөрү түшкө чейин ушул жерде. Керек болсо түштө барып үйүнөн чай ичип алып кайра келип, ушул жерден күндү уясына узатышат. Баягы Беш-Кошконго келип тургандар Чубактын короосунда кишилердин боз үй тигип жаткандыгын көрүшүп: – Чубактыкында эмнеге боз үй тигип жатышат? – деп классташ эмеспи деп Калыбекти карашат. – Байкуш Чубак бир аз күндөн бери ооруп төшөктө болчу. Кечээ тилден калып, эртең менен үзүлүп кетиптир, – дейт да өзү кетип калыптыр. Кой, ушул жерде тургандар барып чогуу көз көрсөтөлү дешип жөнөп калышат. Короодон имерилип

эми өкүргөнү калышканда чукул чуркап чыгып калган баладан: – Чубакты жай жерине алыштыбы? – дейт тигилердин ичинен бирөө. Эрезеге жетип сөзгө маани берип калган бала алайып: – Эмнеге жай жерине алмак эле, байкем тирүү эле тигинде турат. Боз үйдү болсо эртең куда келет, ошого тиктик, – дейт бала өкүм сүйлөп.

Кой мынча келдик Чубакка кирип, кудасын куттуктап, өмүрүң узун болот экен, – деп классташынын тамашасын айтышса, Чубак кебелбей: – Кайран Калыбегим жакшы тамашалаган экен. Ал экөөбүзгө даба барбы, – дептир каткырып.

## ТҮНКҮ ТҮНӨК

Абыкалыйдын үйүнө түш оой эки теңтушу келип калышты жөн-жай эле кокусунан. Сыягы, бул айылга башка жумуштап келишип эле кайрылып калгандай түрлөрү бар. Аралыгы эки-үч чакырым коңшу айылдан болушса да, жалаң түгөнбөгөн көр тириликтен керек болсо жылдап да көрүшпөй, бири-бири менен кабарлашпай да калышат. Үйдөн бир-эки чыны чай ичишип чыгышкан алар жолдо турган Жигулиге отурушуп далайга өткөн-кеткенден кеп салышты. Өзүнүн ичкиси келип кеттиби же кур узатканым уят дедиби: – Машинаны биздин тигил жыгач көк дүкөнгө айдагылачы, унчукпай койсом мага да туура эмес болуп турат. Мындай чыгып алып таарынып жүрбөгүлө деген Абыкалый өзү айткан көк дүкөнгө кирип, үч атчандын сүрөтү бар «жазыксыз» суудан эки бөтөштү, жарым кило печеньеси менен көтөрүп чыкты. Совхоздун отуз гектар жерин Жумаш экөө кечте сугарып бүтүшүп, бүгүн өзүнүн да бүткөн бою курушуп, салмакталып араң турган денеси ушул эки бөтөлкө менен жазылып кетерине көзү жетип турду. Совхоздун жайкы жумушу кычап турганда, айыл ичинен да ичүүгө болбосун жакшы билишет. Үйүнө бул эки бөтөлкө менен кирип барса, аялынан мурда апасы жактырбай, жаман көзү менен карап кобуранат. Ошентип алар эки айылдын ортосундагы Кара-Мойнок тараптагы мүрзөдөн өтүп токтошту. Машинадан түшүшүп, суу аккан арыктын жээгиндеги көк шибреге отурушту, буттагы ботинка менен өтүктөрүн чечип жиберишти. Асманды

ала булут каптап турган менен жайкы аба менен шибердин аңкыган жагымдуу жыты, тигил үчөөнүн көңүлүн адаттагыдан башкача көтөрүп жиберди. Чечекейлери чеч болуп, биринин көзүнө бири башкача жагымдуу көрүнүп сөз түгөнбөйт. Антип-минткенче эки бөтөлкө бошоп, чалкасынан түшүп, тигил бетиндеги атчандар асмандагы батышка жылып бараткан ак булуттарды үн-сөз жок тиктешип, чалкасынан жатып калышты. Байкуш бөтөлкөлөрдү ичи түгөнгөн менен жаңы ала күү болуп калышкан тигил үчөөнүн сөзү түгөнчүдөй эмес. Алардан чыккан каткырык менен күлкүлөр, жаңы баш алайын деп калган арпа аңызды аралап, теребел жайдары. Байкуш жазыгы жок «ачуу суу» кимди шайыр кылбаган да, кимдин чөнтөгүн аңтарып карызга батырбаган. Далайларды достоштуруп, далайларды мушташтырбаган. Мен деген акылдуулар менен кемде-кем акылсыздарды түбү орду менен жок кылып жибергенин ушул адамзат баласы билбейт дейсиңби. Төкмө акын Эстебес Турсуналиев ырдаган: «Бөтөлкөдө жай жатат, ичиңе кирсе чаңдатат» деген ыр саптар бекер жеринен чыкпаса керек. Муну ичкен кишилердин токсон пайызынын тормоздору кармабайт. Бул көрүнүштү турмушка саласал кылбай эле өзүбүз далилдеп жүрбөйбүзбү.

Качан эле жалпы ичип аткан эркектер кайда болушпасын: «Болду эми кызып калдык. Ушул ичкенибиз деле жетишет. Үйдө ата-эне, бала-бакыра бар. Аялдарыбыз да биздин ушул жоругубузду жакшы деле көрүшпөйт. Аларга да жаман көрүнбөйлү. Ушул ичкенибиз эле аш болсун. Кетели» деген эркектердин курамын көрдүңөр беле деги? Жок, кайра анын тескерисинче, доолашмай, тоорушмай, майлашмай. Качанкы өлгөн бирөөлөрдүн атасын же апасын эскерип көңүл айтышмай. Эмнеси болсо да, биз эркектердин ичүүгө кандай жайда болбосун жол-жобосун, шылтоосун таап аларыбызды кимибиз танабыз.

Үчүнчү ирет байкуш машина барчу жерине барып келгенде, Кара-Мойноктун чоң сайынын жээгинде сүйлөп турган сөзүн так айталбай калганын бир билет улам ыктытып.

Бутундагы туфлиси сайдын жээгинде оң-тетири карап, жылаң аяк жолго чыккан Абыкалый түндүн бир оокумунда талталактап, футбол талаасындагы воратаристке окшоп, жолдун бир жагынан экинчи жагына кетип ойкуп-кайкып майда таш жолдо келе жатты. Ал тегеректе жана жолдо Абыкалый менен айдын жарыгынан түшкөн көлөкөсү экөөнөн башка жан жок эле. Атаңкөрү, арактын касиетинен бутунун жылаң аяк экенин да, таш жолдун таманына өткөнүн да билбейт, кайсы бир обонду салып кыңкылдап. Баягы эки айылдын ортосунда биринчи топ мүрзөдөн өтөйүн деп калганда, асмандагы Ай да: «Мындан ары өзүң кет эми. Сени жеткиргенге убактым болбой калды» дегенсип тоо артына шашылыш кирип кетти. Сен кайда кеттиң дегенсип бир көзүн ыкшыйта жуумп, тоо башын карады, кас турган балача ары-бери телтелектеп. Ал адатынча темтеңдеп алдыга бир аз баскандан кийин, айлананы караңгылык каптап, тегерекке казан көмкөргөнсүп түнөрдү. Алдыда ал жашаган айылга бир топ бар эле. Өзүбүздүн айылдын маркумдары жаткан мүрзөнүн тушуна келгенде эмнегедир бурулуп ошол тарапты карады. Анын аласалып, алачакмактаган көзүнө өзүнөн 50–60 метрче аралыкта турган күмбөздөр, коргондор, супалар ага айыл болуп көрүндү бүдөмүктөп. Айылга жеттимби дедиби анын эки ууртуна жылмаюу кирди да: – Келдимби? – деди өзүнө өзү шыбыштуу кобурап. Анан ошол күмбөздөр тарапка башын көтөрүп: – Энең... айылда свет жок турбайбы – деди, наалыган түрдө адатынча жүзүн бырыштырып. Мээден команда келдиби, ошол топ мүрзөнү карай бурулду шашылыш. Жерден көп анча эмес бийик турган жолдон эңкейиште, токтоно албай дегдеңдеп чуркап,

суюк өскөн чийлерди аралап кетти жыгылбай. Анан ылдыйышта өзүн кармай албай калган башы шалактаганда, ачылып-жабылып кеткендеги оозунан чыккан шилекейин алаканы менен жаный арчып: – Оолуккан-да эле светти өчүрүшөт да, акча эле доо... – деп барып, эмнегедир чалынып бет маңдайынан жыгыла тургандай болуп оңолуп кетти. Өзүнчө наалып кобуранып баратып, алдынан туш келген коргондун дубалын таянды алакандап. Бул эмне деп эми көрүп жиберчүдөй көзүн жүлжүйтүп өзү таянган коргондун бетин сыйпалап, кырларын кармалады. Анан: – Бул чөп там го – деди, кимдир бирөөгө кайрылып жаткансып. Ошол турган жеринде: – Мейли, чөп там болсо. Ушундай отура турайын. Свет да күйүп калар деген үмүт менен коргонго жөлөнгөн боюнча жону менен ылдый шыпырылып келип, жерге отурду. Эки буту талтайып эки жакка кетти, кум, таш жолдо кызарып кебетеси кеткен таманын күн чыгышты каратып. Оң жагын сыйпалап, костюмунун чөнтөгүнүн оозун табалбады. Эмне эсине түшүп, чөнтөгүнүн оозун таппай убараланды ал өзүнө да белгисиз эле. Бирок ал тамеки тартчу эмес. Бир аздан кийин башы оң жак тарабына кыйшайып барып токтоду да, ооздон шилекейи ичке зымдай чубалып, бир аз алга сунулуп жер таянып турган оң колдун жеңине желе болуп тартылып калды. Акыры бышылдап барып, анан өзүнүн үй төшөгүндөй мемиреген бышылдап кадимки уйкуга кетти Абыкалый.

Жайкы таң эч нерседен кири жок асманды агыш нурга бөлөп, чыгыштан көрүндү агарып. Ушул маалда тоолуу жердин таңкы сыдырымына чыйрыккан Абыкалый: – Берчи төшөктү! – деди жер таянып туруп уюп калган оң колун көтөрүп. Өзүнүн бул абалына жооптун да, төшөктүн да жоктугунанбы, көзү жүлжүйүп ачылып, анан башы көтөрүлүп уйкусунан ойгонуп кетти. Адегенде анын көзүнө тээ чыгыштан агарып атып келаткан ак таң көрүндү. Анан андан берите анча алыс эмес эски

кырман, берилеп келип эки жакка талтайып, батинке, байпагы жок, кетебеси кеткен эки буту менен бозала болгон шымын көрдү. Бос топурак болгон эки колу менен тегереги кургап калган оозун сүртүп-сүртүп жиберип, шашылыш ордунан тура калды. Кимдир бирөөлөр аны атынан чакырып жаткансып, токтоосуз артына бурулду. Мына ушул жерден Абыкалыйдын таманынан башына чейин ток ургансып, бүт дене бою чымырай түшүп, ошол артын караган калыбында артка кетенчиктеди. Кетенчиктеген кадамы улам ылдамдап барып, артына бурулду да, түндөгү чийлерди аралап чуркап чоң жолго чыкты. Бутунда бут кийимдин жоктугун чоң жолдун кум-ташын кайра басканда билдиби, эңкейип буттарын карады. Анда да Абыкалый кайда десе макул эле байкуш эки бут. Айылды бир карап алган жылаң бут түнкү жолоочу, чоң жолдон чуркап чыгып, айылдын четин карай кеткен ат жолдо чуркап баратты болгон газды басып.

# БЕЛЫЙ МЫЛО

Бул менин башымдан өткөн эки көрүнүштүн болуп өткөнүнө бери жагы кырк жылдын жүзү болду. Эмнегедир кээде бир эсиме түшө калчу өмүрүмдөгү өзгөчө ушул жоругумду унутамбы десем, тескерисинче, улгайган сайын көп эстечү болдум. Мүмкүн, жаштыгымды сагынып эскергенгеби, оюмдан кетпес болуп бараткансыйт. Мурун бул эки көрүнүштү эстегенде ичимден уялып жүрсөм, кийин уялбай эле жыргап жылмая берчү болдум.

Ошентип, онунчу классты бүткөн жылы жайда мен кырдуулардын көбү борборго окууга кетишти. Жашы жетип калгандардын далайын эки жылдык армияга шыпырды. Башкаларчылап чоң окууну деле окуюн деген ойдон алыс жүрсөм, бизге жакын тууган Абдырай атамдын айыл чарба институтунда жакшы таанышы бар экен. Менин көңүлдөнбөгөнүмө деле эсептешпей атам ал кишинин жардамы менен ошол окуу жайынын даярдоо бөлүмүнө киргизип коюшту. Мага окшоп айылдан чыкпай, орусча нан сурап жегенди билбегендер дегеле арбынбыз. Окуу жайы бере турган жатакана да ала турган болуп калдык. Папка көтөргөн мугалимдер деле орус, сумка көтөргөн аял мугалимдер деле орус. Ошолордун арасынан издегеним эле кыргыз мугалимдер. Ал мугалимдерди көрүп эле өзүмчө сарсанаа. Бассам-турсам эле мугалимдери да орус, окуусу да орусча болсо кантип окуйм деген эле кабатыр ойлор.

«Эртең мончого түшүп кагазын алып келесиңер, жатакана беребиз» деген кабар угулду. Ал күнү жайыраак

чай ичип, үйдөн анча алыс эмес мончого басып бардым. Ал мончону дагы мындан эки күн мурун, ошол окуу жай-дын жогорку курсунда окуган, айылдаш мындайраак бизге тууган агамдын жардамы менен көргөн элем. Ал эмес ичине да киргизип: – Мына бул жеринен мончого билет аласың. Тигил каалгадан кирип жуунасың. Ал эми самын жана башка керектүүнү тигил жерден аласың – деп ал жердин чоо-жайы менен тааныштырган. Колумда-гы чакан баштыгымда жалгыз самындан башкасынын баары бар. Ал эми самынды болсо мончодон көргөн жер-ден алып алууну ойлогом. Мен үйдөн чыгып жатканда: – Үйдө да самын жок экен. Сен барган мончонун ичинде деле самын сатылат, – деп азырынча убактылуу жашап жүргөн жакындарыбыздын аялы эскерткен. Анда мен ошол күндүн ушул күнгө чейин мээнин архивинде өчпөй сакталып каларын кайдан билиптирмин. Ошол күндү азыр отуруп алып, жөн эле элестетип эскерип жатсам, ал күнү мага окшогон студенттердин жана самын саткан орус татынакай келиндин астында жонуман бери тер ке-тип уялганымды ким билиптир.

Мончого кирип, ал жерде тургандар менен кезек-ке турайын деп баратып сатуучунун орус кыз экенин көрөрүм менен шарт артка бурулуп эшикке чыктым. Бул көрүнүштөрдөгү негизги себеп, самынды кантип су-райм жана ал самындын орусча аталышы кандай экен-дигин үйрөнүп алуум эле. Көз алдымда апамдын кир жууп жүргөн, аты ак самын деп аталган өңү күрөң, төрт бурч самыны элестей түштү. Аа, – дедим ичимден кобу-ранып. Самындын орусчасы мыло. Ак дегени белый да. Демек, белый мыло деп сурасам болот экен да деп, кай-ра барып ишенимдүү кезекке турдум. Мындагы кезекке тургандардын көбү студенттер. Саат басып мен тааны-гандардын бири да жок. Көрсө, ошол учур жалпы сту-денттердин жатакана алып жаткан учуру тура. Кийин билсем, жалпы студенттердин санобработкадан жарасы

жок, котуру жок, оорусу жок деген текшерүүлөрдөн өткөрүп туруп, анан жатакана берилет тура. Баарыдан да өлө албай жатып соода кылып жаткан мөлтүрөгөн орус келинден көзүм өтөт. Кыялым учуп капкайда болуп телмирип турсам, кезегим да келип калыптыр. Ал орус келинди: «Эмне аласың?» – деп сураттпай эле, дагы укпай бирдемеге алаксып калбасын деп, үнду бийик чыгарып: – Белый мыло божалыста, – дедим. Келин чала уктубу же менин оозумдан чыккан сөз ага башкача угулдубу: – Что, что? – деди туптунук татынакай көк көздөрүнүн нуру көзүмдү кезеп өтүп, шилимден чыгып кеткендей болду. – Да, да – деп жибердим шаштым кетип көзүнөн көзүмдү ала качып: – Белый мыло, белый да, да – деп жибердим, баарыдан да кинодогу немецтерче. Тиги келин жалаң самындар тизилип турган тушка келип, улам бир самынды көрсөтөт. Менин айта турган сөзүм жок, башымды эле чайкайм. Менин эки көзүмө апамдын кир жууган ак самыны элестеп, тигил текчелердеги самындарды кыдыра карап, көздөрүм өйдө-төмөн чуркап жүрөт алаңдап. Сөөмөйүм менен көрсөтө салайын десем, ал тарапта апамдын ак самыны көрүнбөйт кашайып. Келин болсо улам мени карап коюп, сырты ак кагаз менен оролгон, же сырты жок өңү ак самындарды көрсөтөт жылмайып. Мен болсо баш чайкайм, башка самын менен жуунсам бирдеме болчудай болуп. Акыры орус келин бакырайган көздөрүн жайнатып, мага бирдеме дегендей болду. Мен болсо жер караган калыбымда эки бетим от болуп кызарып, жонумдан бери тер басып, катардан чыгып эшик тарапка жөнөдүм.

Түшкөн мончодон, алган самындан жок жолдо келатып эки нерсеге акылым жетпегенине кыжаалат болгом. Биринчиси, жана үйдөн чыгып келатып ак самындын орусча аталышын сурап албаганыма. Экинчиси, адеп эле орус келин көрсөткөн самынды алып албаганыма.

Ошондо мончого түшпөгөнүм жөнүндө женеме эмне дегенимди азыр да эстей албайм. Ошол эле күнү Фрунзе шаарындагы «Көк базар» деп аталган чоң базарды түштөн кийин кыдырып жүрүп, бир дүкөндөн кыргыз аялды таап, ак самынды алып кайра мончого баргаммын.

Мектепте орус акындарынын ырын окутуп, турмушта бир пайдасы тийбеген глаголдордун эрежесин жаттатканча, туулган жылымдын орусча айтылышы менен ушул ак самындын орусчасын үйрөтүп койбогон орус тилчи эжейиме аябай нааразы болгонумду кантип унутайын. Кийин эле экинчи курста окуп жүргөндө, түштүктүк эки жолдошубуз дүкөнгө барып, шымдын орусча аталышын билишпей, шым албай келишкенин эмнеге жашырайын.

# ЭКИ КИЛОГРАММ

Эмнеси болсо да ошентип эл катары эптеп окуу жайга кирип-чыгып окуп жүрөм. Мени менен чогуу окуган, орусча билбеген маңгибаштар толтура. Биз менен окугандардан орус тилинен кыйналбагандар – көлдүк балдар менен чүйлүк балдар. Көрсө, жердин жакшы жерлерин тээ илгери эле орустар ээлеп алган экен да. Антейин десем, карандай кара шамалы жана кар жатпаган касиети менен бүткүл Кыргызстанга таанымал Кочкордо деле орус калкы бир топ болчу. Ошого жараша болсо керек, райондун так борборунда, чоң жолдун жээгинде атайын өзүнчө чоң орто мектеп бар эле. Ал азыр деле бар. Ал мектеп анда «ВЛКСдин 40 жылдыгы» атында аталса, азыр И.Арабаев атындагы орто мектеп. Азыр Кочкордун борборунан көрүп туруп, кайра үйүнө киргизип койгонго бир орус аял калбай калды. Бирок ошол орус мектеп кыргыздарды орусча кыргыздар окутат жалаң.

Ал эми ошол кезде Фрунзеде автобуста кетип жатсаң, жыйырма киши болсо, араң беш киши кыргыз болор эле. Шаардагы тамдардын көбүндө жалаң орустар болуп, алардын жаман тамында же бир кичине кепесинде жалаң кыргыздар жашап, үйүнө айылдан келген атасы менен апасы жалтактап орусту жалооруй карап араң киргизчү. Ырас, орустун баары бизге ушундай мамиле кылышчу дегенден алысмын. Ал эми кокус балалуу болсоң акчаң эмес, алтының болсо да квартира таап жашап кетиш тозоктун тозогу экенин менин курбалдаштарым жана менден улуулар жакшы билсе керек ал жылдарды. Бүгүнкү күндө Бишкектин автобусу менен троллейбусунда болгону бир-эки орус болбосо өзүбүз эле жүрүп калдык.

Бир күндөрү сабактан чыгып жатаканама баратам. Окуу жайдын оң тарабындагы ортодогу ачык жерде студенттик ашкана бар эле. Кыйратып окубасаң деле курсак ачат экен, сабактан чыкканда ашкананы көргөндө бирдеме жегим келип, ага кире калдым. Маңдайдагы муздаткычы бар айнекте мен жакшы көрүп, анда-санда жей калчу майда чабак селедка турат. Ушундан 200 гр ала барып, балдар менен нан аралаштырып жеп, чай ичели деген ой менен сатуучулар менен поварларды карасам, бүт орус келиндер экен. Ал балыктан алып, жээрин го жегим келип жатат, балыктын атын болсо тигинде жазылып турарын билип алдым. Ошондо мен көргөндөгү баасынын канча экени эсимде жок. Ашканада эки жагымды карасам, менден башка эч ким жок. Кокус жаңылып калсам да, баягы мончодогудай жайнаган студент кыздар-балдар жок экенине шердендимби, ишеничтүү кассадагы орус аялга басып барып: – Селедка, божалыста – дедим жакшы билген ушул сөзүмдү бийигирээк үн чыгарып. – Сколько? – деди мага карап. Ай, ушу: «Канча аласың?» – деп жатасың го деп: – Две килограмм, – дедим сыр билгизбей жөмпөюп. Тигил аял мени тигиле карап: – Сколько? Сколько? – деп жиберди шашкан түр менен. Мен жана жолдон алып алган оң колумдагы бөлкөмдү, папка кармап турган сол колумдун колтугуна кысып, оң колумдун сөөмөйү менен ортонун бөлүп көрсөтүп: – Две килограмм, – дедим кебелбей кайталап. Ал мени дагы бир карап ийнин куушурду да, ары жактан чоң ак кагазды алып баштыкча (кулек) жасап, майда балыкка толтурду. Анан экинчи баракчаны да толтуруп, таразасына тартты эле, экинчи баштыгына бир аз жетпей калды көрүнөт ага бир аз кошумчалады. Мен аны карап, муну кимге берет? – деп коём таң калып. Эки баштыкчанын тең ооздорун кайрып бүктөп бекитип, таразанын бош жеринен эңкейе калып, мага баягы эки калдайган кагаз үч бурчтук болгон колба түрүндөгү кагазды кучактатып койду. Баятан суратпайын деп стол үстүнө коюп койгон Ленин атамдын башы бар жыйыр-

ма сомду алып, арткан акча менен тыйынды менин төш чөнтөгүмө салып, дагы бир жагымдуу жылмайып койду. Мен байкуш эки жүз грамм деп айткандан жаңылып, эки килограмм деп алганымды качан балыкты кучактаганда түшүнүп жатпаймынбы. Ошол жерден эле ал аялга андай эмес, мындай деп түшүндүрүүгө тилимдин эч мүмкүнчүлүгү жок эле да. Өткөндөгү мончодогудай болуп бетим ысып, бүткүл денем ымшып кетти. Бирок анчалык оор абалга кептелгеним жок. Себеби ашканада менден башка адам жок эле. Башымды көтөрүп баягы аял тарапты карасам, ал дагы мени карап турган экен ууртунан жылмайып. Мен да билмексен болуп, ага жылмайган болдум да чыгып кеттим.

Жатаканага кирип, өзүм жашаган комнатанын эшигин бут менен тээп кирип, ортодогу тамак ичип, сабак жазган столдун үстүнө кучактап келген балыгымдын баарын койдум. Сабактарынан келип, кроваттарында жаткан Момунбай менен Искенбай баштарын көтөрүп: – Ой, Шаке! Кагаздагы эмне дешти жарыша. – Эмне болмок эле, балык, – дедим сыр бербей жылмайып.

– Эмне болгон балык? – деди Момунбай.

– Балыктын балдары – дедим тетири басып.

– Кандай балыктын балдары экен деген экөө туруп келишип, кагазды экөөнү тең ачып жиберишип, мени караштты да: – Мунун баарын эмне кыласың? – дешти жарыша.

– Эмне кылмак элек. Жейбиз, – дедим чечинип жатып.

– Кызык. Эмне кылып жейбиз, мунун баарын? – деди каткырып Искенбей.

– Эмне кылып жемек элек. Нан турбайбы, нан менен жейбиз, чайдан ууртап, – дедим кара күчкө күлгөн болуп. Мен ошолорго эки жүз грамм деп айтканды билбей, эки килограмм деп айтып алып, ушинтип калды демек белем. Дагы кудайга шүгүр, төрт жүз же беш жүз грамм балык жегим келбегенине.

## СТАМБЕКТИН ЖОРУКТАРЫНАН

Ар бир адамда ар кандай кыял-жорук, ар кандай жүрүш-туруш кээ бирибизде көпчүлүктө жок бир кызыктай кыймыл-аракет да болот турбайбы. Эмесе, өзүм менен далай жылдардан бери иштеген кесиптешим Стамбек деген адам бар эле. Кээде чогула калган жерден ал жокто же өзү деле барда анын кылган иштерин кеп кылып, моокумдан чыга каткырып, черибизди жазып алмайыбыз бар. Дегеле бул жашоодо ошондой адамдардын болгону да жакшы болот көрүнөт. Стакем көпчүлүктүн арасында башкаларыбыздай бака-шакака түшүп, көбүрүп-жабырып сүйлөбөгөн токтоо адам. Бирдемелерди жашырып, айрымдарыбыздай тымтыйбайт. Сүйлөгөн күндө да ашыкча бирдемелерди кошуп «өрдөктөрдөн» учурмайдан таптакыр алыс. Бирок айрым учурларда күлкүлүү иштерди жасап жибермейи бар, анан андай кылган иштерин жаап-жашырбай кайра эле теңтуштарына айтып, ал кылган жоруктарына өзү да жылмайып ыраазы болуп, жер тиктеп калар эле ойлонуп.

Анын мындай жоруктарын элге тартуулап, жамандайын дегенден алысмын. Тек гана анын кесиптештери күлө жүргөн жоруктарына жалпы эл да тең орток болуп жылмайып коюшсун, анын алаңгазар, эч кирсиз мүнөзү бекерге кетпей, кагазда жазылып калсын деген эле ой.

## Жаман козусун жоготкондо

Стамбек кеч күздө кой кезүүнүн кезеги келип, талаага кой жайып чыгат. Таала күздө малга толуп, жайыт тар. Койго кой кошулуп кетип, кечинде элге уят болом деп аттан түшпөй, кайтарган койлорун имерип, айылга айдамакчы болгон Стамбектин көзүнө өзүнүн чабыр, арык козусу көрүнбөйт: «Жаман козу арыктын ичине жатып, өйдөлөнүп калдыбы» – деп, кайтарган жерлериндеги уңкул-чуңкулду кыдырып бүт карайт, таппайт. Акыры күн кечтеп кеткендиктен койлорду айдап кыштакка кирет. Үйү кыштактын четинде, жол башындагы биринчи үй. Айылга кирген кой бөлүнүп-бөлүнүп көчө-көчөгө түшөт. Стакең да атынан түшүп, үйүнүн жанында өз койлорун бөлүп алмак болот. Эмнегедир өз үйү тарапка бөлүнгөн бир да кой жок. «Менин койлорум кана?» – дейт, ичинен бушайман болуп. Акыры койлордун аягы түгөнүп, өзү эле калган. Стамбек атын жетелеп, камчысын сүйрөп короосуна кирип, кой тамын ачса койлору толугу менен жаман козусу кошо камалуу турат. Ошондо кубанып кеткен Стакең: «Мына сага!» – деп каткырып жиберет санын чаап. Көрсө, кезүүсү эле эсине түшүп, өз койлорун кошо кетүү таптакыр эсинен чыгып, элдин эле малын айдап, талаага кете берген экен. Элдик киши деп мына ушуну айт.

## Картаң кой

Стамбектин бир тааныпы жазында өзүнөн бир эттүү кой алып, күзүндө мал жайлоодон түшкөндө тандамал жакшы жаш кой бермек болот. Бат эле күз келип, мал тоодон келет. Баягы тааныш убадасы боюнча бир

жаш чоң кой жеткизип берет. Адамдардын арасында ар түрдүү тамашакөйлөр болот эмеспи. Стакеңдин сырын билген теңтушубу же жөн эле анын сырын билген бирөө ага келип:

– Аласа кой тийдиби? – дейт.

– Ооба, – дейт оюнда эч нерсе жок Стамбек.

– Берген койдун тишин ачып көрдүңбү?

– Жок.Тиши эмне болуптур?

– Анда ошол алган коюңдун тишин ачып көр. Картаң кой болбосун.

– Тишинен кантип билем?

– Эгерде үстүңкү тиши жок болсо эле анда ал картаң кой. Койлордун тиштери үстүнөн түшө баштайт дейт да кетип калат. Стамбек кечинде баягы койду кармап тишин ачса эле үстүңкү тиштердин бири жок. Ошол эле жерден койду жетелеп, берген кишисине барат:

– Сен сөзгө турбайт экенсиң, – дейт Стакең наарazы боло.

– Эмне болду, Стаке? – дейт кой берген.

– Мага тандап туруп эң картаң кой бериптирсиң. Алгын кой тиштери... Ишенбесең үстүңкү тиштерин карачы. Жайнаган тиштен маңдайында бири калбаптыр.

– Ой, Стаке! Койлордун жаралганы үстүңкү тиши жок болот экен. Эгерде жараткан, үстүңкү тиштерин мене кошо бергенде чөпгү тамыры менен жулуп алмак да, кой жайылган жерлер такырга айланмак. Ошон үчүн койго үстүңкү тишти бербептир. Эгерде мен айтканга ишенбесең, койду жетелеп калыска түшөлү, – деп каткырат. Ошентип, ушул жашка чыкканча койдун үстүңкү тиши жок экенин байкабаган Стамбек баягы «картаң» койду кайра жетелеп үйүнө келет.

## Мотор ысытканда

Стакең: «Элдин көбү эле машина минип жатат», – деп аялына акылдашып, машина минет. Аңгыча кыш түшөт. Мурун машина айдап көрбөсө да, дээринде бар экен, улгайганына карабай бат эле үйрөнөт. Бир күндөрү шашылыш иш чыгып, эртеси Кочкорго машинасы менен жөнөмөк болот. Мурун элден угуп жүргөнбү же машина айдагандардан атайлап сураганбы, эртең менен карбаластап тура калып, дагарага тезектен салып, акырын тутантып машинасынын моторунун астына коёт. «Мотор жылыганча чай ичип чыга калайын» – деп, үйүнө кирип кетет. Шашма Стакең чайга тоюп чыгып машинасын караса түтүндөн көрүнбөйт... чуркап жетип, от жагылган дагараны алып, капотту ачат. Түтүндөн мотор көрүнбөйт. Түтүндү калпагы менен ары желпип, бери желпип суюлтат. Анан караса эле, мотордогу ременден дайын жок. Көрсө, Стакең моторду жылытпай эле ременин өрттөп салыптыр. Дагы жакшы тезек эмес көң жакканда машина эмне болмок.

Моторду жылыткандын шартын айткан киши: «Дагарага чок салып, мотордун астына койсоң, бат от алат» деген экен. Көрсө, Стамбек чоктон ылдам жылытыш үчүн от жага салган тура.

## Чеснок тиккенде

Жаз келип жер жибип, эл бирин-экин майда-чүйдө айдаган маал келет. Биздин айылга өзү деле картошка менен чесноктон башка жашылчалар чыкпайт. Чеснок тикмей деле айылга кийин келди. Ошол жазда Стамбек да эл катары биртике жер сайып чеснок айдамак болуп камынат. Өзүнүн колу бошоп, болжогон күнү келип,

чесногунун аралыгын карыштап ченеп кынаптап тигип салат. Эки-үч күн өткөндөн кийин огородунда жүрсө, кошуна келин чеснок тигип жатат. Баамдап караса өзүнүкүнөн башкача тигиш. Келин ар чеснoктун кабыгын сыйрып салып, анан жерге отургузуп көөмп жатат. Аны байкаган Стакең короосуна кирет да: «Бул келдүк келин чеснокту кантип тигишти белет» экен. Меники туура эмес болуп калган турбайбы – дейт. Кайра сырткы кабыктарын сыйрып салып, жаңыртып тигип санаасы тынат. Тигил кошуна келинди күткөнүнүн себеби, огороддору чектеш эле. Стакең кабыгы менен айдаган чесноктор деле чыгат эле да. Ошончо убара болбой эле кошуна келинден кабыктын сырын сураса болмок? Мына кочкорлуктардын чоң дыйканчылыгы.

# ТАМАША

Жай мезгили. Күндүн узактыгынын болуп турган учуру. Шамшы тоосунун тең ортосунан көтөрүлүп чыккан күн, Караколдун тоосунун түгөнгөн учуна жетип, уясына кирет. Ошол ай өзү адаттагыдан ысык болуп, өткөн айдагы нөшөрлөгөн жамгырдан өчүн алгандай. Анда союз мезгилинин учуру. Ташболот менен Жолдош бир ферманын зоотехниктери. Бири субай малдын, бири бодо малдын. Совхоздун малы өз жайлоолорунда алыскы төрлөрдө бөлөк-бөлөк. Ишке жараша бул эки теңтуш жайлоого бирге аттанып малчыларды кыдырат. Чабандардын жашоо тиричилиги, малынын ал-абалы, эмне кем-карчтарынын абалы менен таанышышат. Кээ күндөрү жайлоолорду кыдырып иштери бүтпөй калган учурларда, өз көңүлдөрүнө туура келген чабандардын бириникине конуп калмайлары да бар. Экөө тең айрым адамдардай төгүлүп чачылып ала качып бакылдап жибермейлери жок токтоо курдаштар. Толугунан келип, ээрге килейлеп койгонсуп бекем отурган, дайыма кара шляпачаны Жолдош. Кырдач, белдүү муруну мурундун астында кара муруту бар, атка бошураак отурганы Ташболот. Экөөнүн тең күнгө чагылышып өтүктөрү капкара. Колдорунда кызыл табылгыдан өрмө камчы.

Эки курдаш Көкбулактагы чабандарды кыдырып бүтүшүп, айыл тарапты карай жол тартышты. Жон ылдый түшүп келе жатышат, ар кимиси өз ойлору менен алек. Алардан анча алыс эмес жерде, кырдан түшө каалышта таштан-ташка урунуп, Каракол суусу жатат күрпүлдөп. Бүгүн эмнегедир экөөндө үзүл-кесил сүйлөшө

калчу сөздөр түтөнүп калгандай үн да, сөз да жок. Тек гана ылдыйта түшкөн аттын басыгына жараша бирде оңго, бирде солго кыйшаңдаган болушат. Чабандыкынан аттанарда тамак артынан кайталап ичилген кымызга денелери балкып, көктөн тийген күн нурунун ачуу табына талыкшып үргүлөгөнсүшөт. Бир маалда ортодогу жымжырттыкты бузуп Жолдош: – Э, Ташболот, тиги Караколдун суусуна бирден чумкуп алсак кантет. Курсактагы кымыз бөксөрүп, уйку ачылып кетсин дебеспи. Оюнда мындай бүтүмү жок Ташболот, атка уюган белин түздүй калып: – Чумкуса чумкуп алалы. Шашып кайда бараттык эле, – деп Жолдош курдашынын чечимине чын дилинен макул болду. Бул жоопту уккан Жолдош курдашын карап сырдуу жылмайып койду.

Экөө көк ирим болуп агып жаткан чоң сайды жээктеп, түшүүгө ылайыктуу жер издеп, өзүлөрү туш келген жерден өйдөлөп бастырышты. Акыры жээкке жакын эбегейсиз чоң таштын астындагы мелмилдеп жай аккан жерин тандап алышты. Өзүлөрүнүн сүйлөшкөнү боюнча жыланач түшмөк болушту. Кадимки жаш балача кубанып чечинип, өз курсагын чапкылап Ташболот сууга кирип кетти. Мелмилдеп аккан жайылма сууга ары чабак уруп бирдемелерди кобурап, бери чабак уруп сүзүп жүрөт. Ушул учурда эчактан бышыктап алган ою боюнча бул кезде Ташболоттун атын жетелеп, анын болгон кийимин канжыгага байлап, өз атына минген Жолдош, суудагы балык болуп жүргөн курдашына жылмайып карап турган эле. Ташболот суудан жонун күнгө тосуп, чыгып турган көк ташка эс алганы отурган. Жээкти караса, эле анын атын жетелеп, сууга түшпөй эле Жолдош турат жээкте:

– Ой эмне!? – деди кыйкырып.

– Эчтеме эмес – деди шашпай жылмайып, Жолдош.

– Каякка!?

– Кыштакка.

– Сууга түшпөйсүңбү?

– Сен эле түшө бер. Ысып жатпайсыңбы?

– Сен дагы түшөм бебедиң беле? – деди Ташболот жаш балача үнү жумшарып.

– Мен сууга түшпөй калдым. Тигил жол менен өйдө-төмөн жайлоого атчан, машина менен кишилер өтөт экен. Мени көрсө уят, – деди Жолдош мостоюп.

– А мени алар көрбөйт бекен? Мени деле көрүшөт да алар, – деди өйүздөгү жолду карап коопсунуп, эки тизесин бириктирип.

– Сен аларга көрүнбө да. Атың менен кийимдериңди эртең айылдан аласың, – деди Жолдош адаттагыдан бөлөкчө жылмайып. Атын акырын моюнга чаап, өзүнчө ыракатка баткан Жолдош айылды көздөй бастыра берди. Анын бул жоругун көргөн Ташболот чыдабай:

– Ой, жинди болбосоңчу. Мен кантем!? – деген Ташболот энеден туума дырдай жылаңач экенин унутуп, таштын үстүнө тура калды.

– Сен кантмек элең, жылаңач каласың ушинтип. Жолдон өйдө-төмөн өткөндөрдү коркутуп, – деди кебелбеген түр менен атын бурбай, башын кыйшайтып жооп берип.

– Акылдан айныгандан соосуңбу деги Жолдош? Жок дегенде кийимдеримди ташта. Жылаңач кайда барам мен!? Жолдош сөз кайрыгандын ордуна атты жетелеген бойдон урдуруп жөнөдү. Өз кылыгына сүйүнүп мулуңдап, каткырып бараткандай. Эки жагын элеңдеген Ташболот кайда барарын билбей туруп калды. Айыл менен булар сууга түшкөн жердин ортосундагы аралык бери болгондо төрт чакырымдай алыста эле.

Ошентип, ишенчээк Ташболот, сөгүнгөн бойдон Каракол суусунун жээгинде дырдай жылаңач жалгыз калды. Күндүн батышына дагы беш саат чамасында убакыт бар. Эми эмне кылат? Отура бергенде ага кийимди ким алып келип берет кыштактан? Ташболоттун бактысын ушул күндөгү күндүн жылуулугун айтпа. Эмнеси болсо да бүгүнкү күн жылаңач калган суудагы Ташболоттун бактысына тийгендей. Адатта түш оой тоо баштарынан жабыла чыгып, күндүн бетин каптап калчу кара булуттардын

бири жок. Жолдоштун чын эле муну дырдай жыланач кылып алдап кетип калганына көзү жеткен Ташболот, суунун аркы кырындагы жайлоо менен кыштакты жиптей туташтырып турган жолду карады. Анда эч кандай машина да, атчан адамдар да көрүнбөйт. Анын азыркы ою, ушундай караан жокто суудан чыгып, тигиндеги жылгын бадалдын арасына жетүү. Айланасын, анан тиги кырдагы жолдо эч ким көрүнбөгөнүнө көзү жетип, эс тартканы эшикти көрбөгөн аппак жамбаштарын күнгө чагылтып суудан чыгып, бөкчөңдөп чуркап баятадан өзү болжогон жылгындардын арасына кирди. Бадалдардын арасына мал жайылбай, көк шибери бийик жана таза эле. Кокус, тиги тамашалап, мындай барып кайра келеби деп, өзүнөн бир чакырымдай алыстыктагы кыркын сарайдын артындагы жол имерилген булуңду анда-санда бадалдан башын чыгарып карай берип, андан да үмүтү үзүлдү. Эми эмне кылыш керек? Кайда барат? Барганда кантип барат? Ушинтип башы каткан, кырктын кырынан ашкан Ташболоттун оюна мындан ары эки кыр, Шамалтийбес жайлоосунун этегиндеги чабыр кой баккан бир курдашыныкы эң ыңгайлуу болуп табылды. Күүгүмдү күтүп бүрүшүп отуруп калды.

...Үйгө жакын тартылган, зым короонун четиндеги бийик үйүлгөн тезектин түбүндө жыланач киши отурат. Эки колунда эки муштумдай таш. Бердибектин эки кыргыз ити алдарынын келишинче ажылдап жаактары басылбайт. Жыланач киши түнкүсүн бир укмуш, корунучтуу көрүнөт деген да чын окшойт. Тиги жыланач киши кыймылдаган сайын, иттер коркконунан кээде артка кетенчиктейт.

Жаагын жанып жан алакетке түшүп үргөн иттеринин үнүнөн ойгонгон Бердибек үйдөн чыкты. Тегеректе эч бир караан көрүнбөйт.

Ай сүттөй жарык. Ал эми тезектин артын тиктеп ажылдаган иттердин үнү басылчудай эмес. Үй ээси үйүлгөн тезекти көздөй басып, кайра коопсунуп коркуп, токтоп үн чыгарды:

– Ой, бул ким?

– Менмин, – деди тезектин артынан чыккан үн.

– Мен деген ким!?

– Бери бас. Мен элемин.

– Сен эле болсоң, кимсиң деги! Өзүң бери баспайсыңбы?

– Ой, менмин Ташболотмун.

– Кайсы Ташболот?

– Айылдагы Ташболотмун.

– Зоотехник Ташболотсуңбу?

– Ооба. Анан кайсы Ташболот болмок эле?

– Анан бери чыкпайсыңбы? Атын угуп турса да үн чыккан жакка жакын барууга жүрөгү даабай турду Бердибектин.

– Чыкканга болбой жатпайбы. Ушул саам курдашы Ташболоттун үнү экенине ынана түшкөн Бердибек тезекке жакын келип, жылаңач кишини көргөндө кайра кетенчиктеди.

– Тааныдыңбы? – деди ордунан турган Ташболот.

– Мончого түшчүдөй болуп. Жылаңач эмне отурасың? Кийимиң кана кокуй?!

– Кийимим болсо ушул сенин үйүлгөн тезегиндин артында эмнеге жашынып отурмак элем.

– Деги айтчы эмне болду?

– Эмне болгонду анан угасың. Кийим болсо алып кел эми..

– Бас үйгө. Үйдөн...

– Үйгө жылаңач кирчү беле. Балдарың менен аяш көрсө эмне дейт.

– А кокуй анысы да бар деген Бердибек шашып үйүн карай жүгүрдү.

Андан бери далай жыл өттү. Ташболот менен Жолдош азыр деле жакшы теңтуш. Кектешкендери жок. Тескерисинче, өткөн жоруктарын эскеришкенде, черлери жазылып каткырып калышат. Тамашаны көтөрөт деп ушуну айт.

# КУСТАТЕРАЦИЯ

Алтымышка жакындып, пенсия босогосун аттаганы турганда, бел оору деген балекет жабышты. Бирок анткен менен кыздарым турмушка чыгып, балдарым үйлөнүп-жайланып, өздөрүнчө түтүн булатып кетишти. Колумда өзүм жакшы көргөн уулум менен келиним бар. Ошентип жакындан бери бел оорунун айынан догдурдан догдурга түшүп көрүнүп ырас болуп калгансыдым. Элдин бел ооруга «курорт жакшы» дегениненби эптеп жүрүп өзүбүздүн эле курорттордун бирине путевка алдым. Мен бул жерде ал курорттун атын атабай эле коюуну туура таптым. Анткени менин жазайын деген чындык окуям да турмушта кездеше турган одоно бир сырдык окуям да турмушта кездеше турган одоно бир сыр бардай. Эгерде мен азыркы айта турган чындык окуя жана менин түшүнбөстүгүм болбосо, бул тамаша чындыкты жазбайт элем. Демек, окуя кандай абалда өтсө, дал ошондой эле берүүгө аракеттендим. Анткени ачыктык, айкындык заманы эмеспи.

Ошентип путевкамды алгандан кийин: «Жашында берсин мээнетти, карыганда берсин дөөлөттү» —деп, үйдөгү уулум менен келиниме таянып, кагаздагы аты аталган жерге жөнөп калдым. Үч кишилик бөлмөнүн эки орундугун менден мурда барган эки жигит ээлептир. Сүйлөгөн сөздөрүнө караганда мында келгенине бир топ күн болуп калса керек.

Анан калса жайкы курортуң чыны менен эле бейишке окшошот. Дарыланбай жатып эле белимдин уюганы жазылгансып, көкүрөгүм ачык. Жанымдагы жаткан эки жигит менен сүйлөшүп отуруп бул жердин шартын суроого өттүм.

– Кана, жигиттер, мен эми кандай кылам? Бул жердин жол-жобосу менен тааныштыргыла. Биринчи ирет эртең кимисине кайрылам?

– Бүгүн жакшылап эс алыңыз. Жол жүрүп улгайган сиз эмес, кырктын кырындагы бизге деле оңой болбой калды. Анын үстүнө өтө алыстан келген экенсиз, – деди тоголок чоң баш жигит.

– Эртең менен эрте сизди курорттун чоо-жайы менен тааныштыра турган татынакай врач келин менен жолуктурабыз, – деп кошумчалады мурутчан толук сары жигит. Айткандарындай эртең мененки тамактан кийин саат тогуздан өтө бергенде, көрүү жана кабыл алуу имаратына ээрчитип келишип, бир эшикти көрсөтүп коюшту. Менин алдымда менден мурда келген эки кары аял турган экен. Канча отурдум ким билет, өзүмдүн кезегим келгенде баягы эшикти ачып башбактым.

– Кирсем болобу, айланайын.

– Кириңиз. Кезек сиздики болсо каршылык жок, – деди эки коңшум мактаган келин. Алар мактагандай эле өңдү кудай берген экен келинге. Чырайыңды өз жарыңа кут кылсын, – дедим ичимден чыны менен эле келиндин келбетине сугум түшүп. Мен антип оюмду жыйынтыктаганча догдур келин мага орундук көрсөттү. Анан кадимки эле доктурга көрүнүп жүргөндөгү көнүмүш суроолор менен жооптор жүрүп жатты ортобузда.

– Качантан бери сыркоосуз?

– Эки жылга айланып баратат.

– Ооруканада канча ирет жаттыңыз?

– Үч ирет.

– Кандай дарылар менен дарыланчу элеңиз?

– Айланайын кандай дары экенин ким билсин, билген күндө да бул катып калган тил менен аттарын атасам күлөсүң го.

– Атайын алыстан келип, дартыңызга даба издеп жүргөн экенсиз, эми бул жерде врачтын айтканы менен болуп жакшылап дарылануу гана керек. Мүмкүн,

мында келгенден кийин «кустатерапияга» да көрүнүп жүрбөңүз, – деди акырын жылмайып.

– Көрүнөм айланайын! Сөз жок көрүнөм! – дедим мен дагы келинди карап жылмайып.

– Чын эле ага да көрүнөсүзбү? – деди карагаттай чоң көздөрүн мага кадап.

– Я, айланайын, балам – ошон үчүн келбедимби! – дедим оюмда эч нерсе жок.

– Анда белиңиз оорубайбы?

– Ага эмнеге оорусун. Аныңарга дайым эле көрүнүп жүрбөймүнбү.

– Чын эле «кустатерапия» үчүн келдиңизби? – деди таң калгандай түрдө.

– Ээ, балам, алыстан анан мени бул жерге эмнеге келди дейсиң. Атайын ошону үчүн келбедимби. Өзүң деле түшүнүп тургандырсың дебесмин кара басып.

– Деги мурда «кустатерапия» жөнүндө уктуңуз беле?

– Укпагандачы. Угуп-билгенимден үй-бүлөмдү таштап ушул жерде отурам да.

– Ошентип кустатерапиянын жайы менен мурунтан эле таанышмын деңизчи?

– Таанышмын садагасы. Мен аз келгенсип үйдөгү байбичем да улгайган сайын ар кайсы жерим деп калчу болду. Жок дегенде ал соо болсочу. Анан экөөбүзгө тең сыркоо жашоо болбой калчудай. Ошон үчүн мен мында келбедимби.

– Кемпириңиз ооруп, анан аргасыздан кустатерапия издеп мында келген турбайсызбы!

– Деги айланайын, кустасы болобу, башкасы болобу атайын келгенден кийин кайда болсо да бара беремин. Дегеле ушул курортко бөлүнгөн күнүм бекер өтпөсө болду, – дедим кара басып.

– Акыркы ирет сураймын. Чын эле «кустатерапияга» карап келдиңизби? – деди татынакай келиндин өңү сумсайып.

– Эми айланайын карганайымбы. Башка оюм болсо буюрбасын, – дедим мен дагы көгөрүп.

– Андай болсо азыр чыгып кетиңиз. Саат экиде башкы врачка барасыз. Мен сизди бул жерде дарылантпайм, деп колундагы калемин столго бир чаап, мен мында кирген каалганы көрсөттү. Келиндин жүзүнө карасам жайдары өңү кубарып, ачуусу келип алган. Кымындай эч нерсеге түшүнбөгөн жаным, келиндин кубарган кебетесинен коркуп эшикке жөнөдүм.

Ошентип маанайым пас, саат экиде башкы врачтын канаасында отурдум.

– Келген экенсиз, – деди анын да оюнда эч нерсе жок капарсыз.

– Ден соолуктун айынан эле, иним. Тигил келинге кирсем башкы врачка барыңыз, мен сизди бул жерде дарылантпайм, – деп чыгарып жиберди.

– Ага жаман сөз айттыңызбы?

– Жан айласын таппай жүрүп жаман сөздүн балакетин аламбы, – деп жибердим жаным ачып, ыза болгонумдан.

– Анан сизди эмнеге чыгарып жиберди?

– Кустатерапияга көрүнөсүзбү?– деди.

– Сиз эмне деп жооп бердиңиз?

– Атайын ошон үчүн келбедимби. Анан алыстан эмнеге келди дейсиң балам, – дедим.

– Чын эле ошого келдиңизби? – деди ачууланып.

– Кустасы болбосо башка жерине деле бара берем дедим келин врачка. Менин жогорку айткандарымды угуп, калган сөзүмдүн аягына чыга элегимде эле башкы врач санын чаап каткырып жиберсе болобу. Акыры араң күлкүсүн тыйып:

– Турмушта ар кандай кызыктар боло берет. Ал келиниңиз да, сиз дагы бири-бириңерди туура эмес түшүнүп алган турбайсыңарбы.

– Эмнеге туура эмес?

– Туура эмеси мындай. Атайы кустатерапияга келдим десеңиз, сизди чын эле ошого карап келген экен деп ачуусу келген тура. Кустатерапия деген атайын, чыныгы

дарылоочу бөлүм жок. Анткени андай терапия жөнүндө сизде түпүнүк жок экенине мен толук түшүнүп турам. Кээ бир шылуун, дүйнөсүн түгөл деп эсептеген, бирок коколой жалгыз башынан башка ойлонор эч нерсеси жоктор, жок жерден путевка таап келишип, болбогон бир шылтоо оорулар менен атайы жанагы сиз түшүнбөгөн «кустатерапия» үчүн келгендер да болот. Көпчүлүк элде андай акылдуулар да жок эмес. Бул жагынан алганда сизди бул жерде дарылатпайм деген врач келиниңизде да күнөө жок.

– Анан бул «кустатерапия» дегениңерди эмне деп түшүнсөм болот?

– Эми бул «кустатерапиянын» жайын кандай деп түшүндүрсөм. Жанагы болбогон шылтоо, болбогон оорунун аты менен келгендер бул жерге келип алып, келин-кыздар менен таанышат да, көрүнгөн бадалдын түбүндө күнү-түнү жүрө беришет. Ошентип, алар оорулуунун да, эл дарылаган доктурлардын да кыжырын келтирип, иштерине кедерги болот. «Куст» деген оштентип кыргызчалаганда «бадал» деген түшүнүктү берет. Ошол сөзгө эле терапияны кошуп «бадал терапиясы» деп атап коюшкан. Аны сиз терапия десе эле дарылоочу дагы бир бөлүм деген турбайсызбы. Эчтеке эмес, эми мындан ары кандай терапия экенин унутпайсыз! – десе болобу.

Ошентип орусча түшүнбөгөндүктүн азабын ушинтип тартканмын. Эгерде анын «ит маанисине» түшүнсөм, ошондо эле келинге: «Кой балам, кустатерапия дегениң кантип болсун, мени бадал терапияң менен тамашалаба» дебейт белем.

Мына туугандар, бул айтканым азыр силерге күлкү болуп жатса, мага өткөн жылдын жайында чоң ыза болгом. Бул өзүмдүн башымдан өткөргөн окуямды айтканымдын дагы бир себеби, кокустан мага окшогон улгайган кары-картаңдар ден соолук издеп жүрүп, «кустатерапияга» кабылып калбасын дегеним.

# ТОПУРАК БУЮРГАН ЖЕР

Жашоодогу бул көрүнүш, атайын ойдон чыгарылган нерсе эмес. Бул болуп өткөн окуяны ошол адамдын өз оозунан уккан кеп. Мүмкүн, мындай көрүнүшкө өз көзү менен көрүп күбө болгондор же уккандар да бардыр.

Кыргыз элиндеги илгертеден муундан-муунга, атадан-балага калып айтылып келе жаткан таасын макал-лакаптар бар. Андай сөздөр кечээ же бүгүн эле айтыла калып, эртең жок болуп кете турган сөздөр эмес экенин баарыбыз жакшы билсек керек. Мааниси жагынан бир китептик окуяны камтыган мындай сөздөр, бери жагы үч-төрт кылымды камтыган улуу сөздөр. Канча жылдарды, канча кылымдарды басып өтсө да, бир сөзү алынып ташталбай, маанисин жоготпой элибизге улуу мурас, уңгусу түбөлүктүү улуу тарбиясы, улуттук окуу экендиги калп эместир.

Кыргыз эли биз билгенден тээ Манас атабыздан бери жат душмандар менен нечен чабыштарды башынан өткөргөн эл экендигибизди өзүбүздүн жазма да, эл оозунда айтылып келе жаткан оозеки тарыхыбызда, чет элдик тарыхыбызда да далилденип жатпайбы. Ошол эли-жерин душмандан коргоп, кан төгүлгөн катуу кармаштарда далай эрлердин денесине кылыч чабылып, найза менен жебе сайылып, өзү эмес ата-бабасынын таманы баспаган бөтөн жерге, ээн талаага көмүлүп, куран окулуп: «Топурак ушул жерден буюрган экен» деген кеп айтылган тура. Андай жоокерлик заманда киндик кан таамп, суусун ичип, абасынан дем алып эрезеге жеткирген өз жеринен чымчым топурак буюрбаган учурларды окуп да, угуп да жүргөнүбүздү танбаспыз. Мындай көрүнүштөр жалпы эл башынан өткөргөн тарыхый чындыктыр. Бул элге таан-

дык жалпы журттун тарыхын эч ким бурмалай да, өзгөртүп жаза да албайт. Минтүүгө эч кимдин акысы жок.

Ал эми бүгүнкү тынч бейпил күндө деле көзү өткөн адамдын сөөгү да айылында ата-бабасы, жакын туугандары коюлган көрүстөндөрдүн топурак буюрган жерине коюла тургандыгы чыныгы турмушта далилденген бир көрүнүшү бар.

Азыр айтыла турган окуяга чейин деле далай көзү өткөндөргө соопчулук үчүн жай казып жүргөн Сатар ата болгон. Азыр ал киши өзү да кайтыш болуп кетти. Ушул бүгүнкү жайды да Сатар ата жанындагы үч жигит менен айылында каза болгон адамга жай даярдап жатышкан. Түш болуп калгандыктан, самоордогу кайнаган чайдын жанына тасмал жайышып, түшкү насипке отурган мезгил болчу.

Күздүн акыркы айлары болсо да, күн ачык болуп, анча суук түшө элек эле. Улуу муундагылар айткандай нөшөрлөп жаан төгүп жиберчү мезгил бүтүп, булуттар каткан мезгил. Жер кургап, күн жылуу. Адатта бул мезгилде жүрүп калчу топурак сапырган күзгү шамал да, шамал эмес жел да жок эле.

Жайчылардын чынылары чайга толуп, эми жаңы тасмалга эңкейип жатышканда, алардан төрт метрче араактан, алар карап отурган бет маңдайдан «бүрт» деп топурак көтөрүлүп, ичке кичине куюнга окшоп абага көтөрүлүп тарап кетти. Бурт этип топурак чыккан чайнектин ордундай жер, ооз менен үйлөп салгансып агара түштү. Эгер ал жердин топурагы бут менен кечээтен бери тапталып калбаганда буларга топурактын көтөрүлүп чыкканы билинет беле, белгисиз иш болчу. Бир Сатар атадан башкасы бирин бири карап, тегерегин анан көк асманга тигилишти. Бирок ортодо: «Бул эмне?» – деп бирине бири суроо салган кеп болбоду.

Бир гана Сатар ата өзүнчө келме келтирип, топурак көтөрүлүп чыккан тарапты карап бата кылып жиберди.

Арадан бир аз убакыт өтүп, айланта тосулган зым коргондун оозуна жеңил машина келип токтоп, ичинен

төрт адам түштү. Алар негедир чайга отурган жай казгандар тарапка келишпей, топ мүрзөлөрдүн сол жагына өтүшүп жогору түз келишти.

– Жаңы эле жаныбыздан бурт этип жогору көтөрүлүп кеткен топуракты көрдүңөрбү, жигиттер? Ошол көрүнүштү: «Бул эмне болду?» – деп сурай албай жатышканбы же чайдан ооздору бошобой калганбы, Сатар атанын берген суроосуна шашылыш үчөө тең баш ийкеп жиберишти.

– Бул топурак жөн жерден көтөрүлүп чыкпайт экен, баатырлар. Мындай көрүнүштү мен ушул азыркы менен үчүнчү ирет көрүп жатам. Айылдан дагы бирөөнүн жаны үзүлдү. Тигил келген адамдар бул жерге жөн келишкен жок. Алар кабырга жай көргөзгөнү келишкендер. Эми карап тургула тигил адамдар турган жерден жайдын ордун көрсөтүшпөйт. Азыр биздин жаныбызга келишип, тигил топурагы учуп кеткен жерден жаны жанараак чыккан маркумга жай көрсөтүшөт, – деди колундагы чайын ууртап.

Чын эле алар барган жеринде көпкө буйдалышты. Ары басышты, бери басышты. Кайра чогула калышып акылдашкандай, бир бүтүмгө келишкендей болушту да, айланбай барган жолу менен кайра тартышты.

Кыргыз элинде ата-бабадан келаткан салтпы же көзү өтө турган адамдын артында кала тургандардан акыркы суранган өтүнүчүбү: «Атамдын, апамдын, абышкамдын жанына койгула» – деп айткандарын көп эле угуп жүрбөйбүзбү.

Жай издегендер Сатар аталарга келип учурашышты да, араак басып чын эле жана өзүнөн өзү топурагы «бурп» деп көтөрүлгөн жерди туура дешти көрүнөт, алардын машинасынын жанына жакын токтоп, андан түшүп жатышкан төрт адамга кол булгалашты.

Демек, бул дүйнөдөн көзү өткөн адам ким болбосун, кандай адам болбосун, топурак буюрган жерге коюлат деген сөз кыргыз элинде бекер айтылбаса керек.

## ЖАКШЫЛЫК ЖЕРДЕ КАЛБАЙТ

Өз элине берешендиги, калыстыгы жана көпчүлүк карапайым элге да кайрымдуулугунан Калыс хан атка ээ болгон Жусупкан таң эрте өзүнө жакын вазирин чакырып, бүгүн эмнегедир мергенчиликке чыккысы келгенин айтты. Бирок адаттагыдай жайнаган жан-жөкөрлөрү менен эмес, аз сандагы чакан адамдары чыга тургандыктарын эскертти. Вазири Калыс хандын капилеттен таң эрте мергенчиликке деп калганына таң болду. Адатта мындай мергенчилик жүрүшкө бир жума мурун эскертилип, жакшы даярдык менен чыгууга кам көрүшчү. Керек болсо жаңырган айдын кандай жаңырганына жараша жүрүшкө даярданышчу. Ойдо жок жерден Калыс хандын бул мергенчиликке чыгышы уккандардын баарына бөтөнчө бир өзгөдөн жаңылык катары сезилди.

Дегеле, адам баласынын жеке өмүр сүрүүсүндө биринин бакыт-таалайы үчүн бирөө жаралат көрүнбөйбү эбепке-себеп болуп. Аттиң, ылайым эле бирөөнү бактысына, бирөөбүздү себепкер кылып койсо кана. Дүйнөдөгү элдердин анын ичинде кыргыз элинин ичинде бактылуулар арбын болмок экен. Бул көрүнүш жашоонун күңгөй жагы болсо, оң жана терс даярдыктар сыяктуу жашоонун тескей тарабы да болот тура.

Ошентип, мергенчилик жүрүш эртелеп хан сарайдан эрте чыгып кетти. Бул күтүлбөгөн көңүл ачуу үчүн чыккан жүрүштүн бул саам эки бөтөнчүлүгү болуп калды. Биринчиси, аз сандагы жигиттер менен болгон аңчылык болсо, экинчиси, адаттагыдан башка багытка мерген-

чилик кылуу болчу. Астыда вазири менен Калысхан, жүрүштүн багыты өзгөргөнүн жанындагы вазири да, арттагы жигиттери да байкап барат. Бирок «Биз кайда баратабыз» деген суроо беришпеди. Жүрүштүн багыты өзгөргөн менен Калыс хандын жүрүм-туруму, жайдарылыгы, тамашалуу кептери, жигиттерине кылган мамилеси өзгөрбөдү. Түздүктөн өрүлөп барышып, тоо этектеп жүрүп отурушуп, токойлуу тоонуу капталдай салышып, жай ортосу болуп калса да, башынан мөңгүсү толук кете элек белге чыгышты. Андан алар белдин түшө калышынан ары созулуп жаткан эбегейсиз түздүккө түшүштү. Ал түздүктөр экиге бөлүнүп, ошол кереметтин күрөө кан тамырына окшоп, көк кашка болуп аласалып, таштан-ташка урунуп бышылып, көбүрүп көбүгүн көкөлөтө чертип көздүн жоосун алып өстөй жатат.

Алар жай жүрүш менен талаанын эрке өзөнүн бойлой бастырышып, кечмелик таап аркы өйүзгө өтүштү. Бул көз жайгылткан керемет мейкин түздүк, булардын мурда барып жүргөн тоо-токойлорунан бир башкача түркүн түздөгү саймаланган гүлдөрдүн көптүгү, айтып бүткүз бет маңдайдагы керемет сулуулук буларды бөтөнчө рахатка бөлөдү.

«Сен болбогон жердин баары бейиш» дегендей чыны менен бул жердеги табияттын сулуулугу менен бул жердеги табияттын сулуулугу менен көргөн алар үчүн бейиштин өзү болуп труду. Бул саам аң уулоого чыккан жигиттердин да Калыс хандын өзүнүн да бел ашып, бул табигаттын адамды өзүнө тартып, керемет сулуулугу менен таңданткан түздүк, алардын бул, адам сүрөттөп айтып бере алгыс көрүнүшүнө арбалышып биринин да жаа тартып, жебе учургусу келбей турду. Булар үчүн гүлгө оронуп жаткан мейкин түздүк да, асмандагы булутту өткөн кыйла алыстагы чоку да, кол кармашып алгансып түздүктү кереге болуп тосуп турган тоолор да, көк кашка болуп кайдадыр аласалып, белгисиз сапарга кетип жаткан

өзөн-сай да бүгүн эле булар үчүн атайын жаралгандай керемет эле. Бүткүл ааламга өмүр берип турган күн да, эч жеринде кири жок көк асманда балбылдап күйүп турат, жылуулугун төбөдөн жерге жиберип.

Ушул күнү эч бир жанга жамандагы жок өз жашоосуна ыраазы болуп күн өткөргөн бир карапайым адамга жакшылыктын жышааны келаткан күн экенин ал кайдан билсин.

Аңчыларды табияттын керемет күчү тарттыбы, өзөндөн анча алыс эмес барышып аттан түшүштү. Ортого тасмал жайылып, тамактанууга отурушту. Тамак ичилип бүтүп, башчыдан эч буйрук болбогонунан жапырт жамбаштап жатышып, анан куш уйкуга кириштп. Алардын бул абалын көргөн Калыс ханда көктү карап, жатып өзү да көшүлүп уйкуга кетти.

Чай кайнамдай убакыт өтүп, Калыс хан чочугандай ойгонуп вазирин чакырып:

–Бүгүн түнкү жатак ушул жерде болот. Азыр жалпы аттанып, тегерек четке бастырып, тигил токой ичинен кечкиге бирдеме караштырып келгиле. Мен ушул эле жерде болуп турайын деген бүтүмүн түшүндүрдү. Ханынын мындай буйругун угуп көрбөгөн вазир: – Сиз эмнеге жалгыз каласыз? Мурун мындай жалгыз калуу качан болчу эле. Сиз барбасаңыз, биз да аттанбайбыз деген сөзүн айталбады. Ханы канчалык жумшак, жөнөкөй болсо да кан буйругу буйрук да. Калыс хан мындай күтүлбөгөн жыйынтыкка эмне себептен келип калганына өзү да түшүнбөй калды. Жигиттери жапырт аттанып кеткенден кийин атынын ээрин жазданып, тердигин астына салынып, жанагы калыбында түнүк асманды тунжурап карап чалкасынан жата кетти. Бир аз убакыт өтүп чыгыштан батышка кырка тизилген каркыралар өттү үн чыгарышпай. «Өмүрлөр да ушул канаттуулардай. Чыгыштан батышка учат турбайсыңарбы. Каркыралар да учуп баратышып каалаган жерине, каалаган

убакытка чейин токтошот. Ал эми өмүрдү эч ким каалаган жашына, каалаган саатка чейин токтото алган эместир» – деди улутунуп. «Деги ушул хан болуп такка отурганы канча адамга жакшылык кылдым да, канча адамдын шагын сындырып катуу айттым болду экен?» Ушул ойдун артынан эле атасынын: «Балам, бийликтин тизгини колуңда турат, мунун да күнү бүтөт. «Бийлик менен байлык колдун кири» деген эл сөзү төгүн жерден чыккан эместир. Бийлик бүгүн бар да, эртең жок. Анан элге кошуласың. Элге кайрымдуу бол. Эл бар жерде так болот. Эл болбосо ээн талаада экөөбүздү ким хан кылып шайламак эле. Элге кайрымдуу жана калыс болсоң, эл сеники экенин унутпа. Көл толкуса сел болот. Эл толкуса сенин жалгыз жаныңдын кимге кереги бар. Элге кылган жакшылыгың атак-даңкка, кадыр-баркка жеткирет. Артында түбөлүк өчпөй турган атың калат балам» – деп мына ушул азыр кулагыма кайталап, шыбырап кеткендей болду. Атасынын шыбыры Калыс ханды уйкуга коштой келгенсип, көшүлүп уйкуга кетти.

Удургуган катуу шамалдан хан чочуп ойгонду. Асманды текши кара булут каптап, шам намазга жакындап иңир кирейин деп калыптыр. Уга кеткендерден дайын жок. Шашып атын токуп жигиттери кеткен тарапка астын тоскону утурлап бастырганча, шамал күчүнө кирип, чагылгандын жарк эткен оту чубалып тээ алыстыкка жерге сайылып, үрөйдү учурган дабыш чыгып, ал басылары менен төбөдөн жамгыр көнөктөп төгүп кирди. Тегеректи кароого болбой Калыс хан аты багыт алган тарапка кете берди. Шамалдын да кай тараптан болуп атканы билинбей, уюлгуган муздак шамалга айланды. Улам чагылган оту тегеректи жарык кылып, ал өчөрү менен жүрөктүн үшүн алган жер дүңгүрөткөн үн чыгат. Айлананы көзгө сайса көрүнгүс туңгуюк – караңгылык каптады. Бир орунга да туруп калууга болбогонун билген ат кайдадыр белгисиз тарапка кетип баратат. «Аякка

эмес, биякка бас», – деп атты бурууга да мүмкүнчүлүк жок эле. Күчүнө кирген жаан аянбай төбөдөн төгүп жатат. Калыс хандын кийим эле кийип турганы болбосо, денесинин бир жеринде бармак басым кургактык калган жок. Кандын төбөсүнөн чакалап суу куюп жаткансып, ал суу аттын боорунан шорголоп агып жатат гүлдүү талаа бетине. Бул жаандын бул түрпөтүнө караганда, түнү басылчудай түрү жок.

Канча убакытка нөшөрлөгөн жаан жааганын убакыт менен өлчөөгө болбой барып, удургуган шамал астаң барып басылды да, жаан да түгөнүп бараткансып майдалап кирди. Өтүгүнүн кончунан бери суу толгон Калыс ханды майда калтырак басып чыйрыгып кирди. Бир маалда асмандын астында табак тосо койгонсуп тып басылды. Жаан басылганы менен айлана көөдөй караңгы.

Ээси мингенде койкоктоп камчы чабылбай эле теминип койсо алып учуп кеткен, атагы чыккан көк жоргонун да шаанисин кетип, ээсине окшоп аны да майда калтырак басып. бет алган багытында кетип баратат. Табият Калыс хандын хан экенине, атынын атагы чыккан суу төгүлбөс жорго экенине карабай бул түнү экөөнү аруулап киринтип салгандай болду. Караңгы түндөгү кара булуттардын буулукканы кайдадыр тарап суюла баштады. Калыс ханга чукул аралык көрүнүп, көңүлү жайлана баштады. Эми бир жерге токтоп алдыда ата турган таңды күтүүгө да мүмкүн эмес эле. Эмнеси болсо да, катуу толкундан кийин деңизде адашып калган жалгыз кайыкка окшоп, жаратылыштын Калыс ханга көргөзгөн бул сынагына ичинен кобуранып кейип-кепчип жиберди. Айрымдарча түнөрүп наалыбады. Булуттар арасы сөгүлүп, биринен бири алыстап суюлуп баратат. Булуттар тарап асман көрүнө баштаганы менен айсыз караңгы түн айлананы ачык көрсөтө албады.

«Берейин деген кулуна, белен кылат жолуна» болуп, Калыс хандын көзүнө тээ алыстан-алыстан жарык

көрүнгөнсүп кайра жок болуп кетти. Көк жоргонун деле багыты ошол тарап болчу. Калыс хандын тилеги эле айыл жолукса чолоосу жок суу болгон кийимин кургатып алуу. Дагы бир жолу кайталап көрүнүп калабы деп эки көзү ошол тарапка тигилет. Жанагы жарык бир эмес эки кайталап көрүнүп өчтү. Демек, ошол жерде айыл бар экенине Калыс хандын ишеничи артты. Илкий баскан атын теминген болуп ылдамдатты.

Калыс хандын айыл бар деп болжогону туура чыкты. Бирок көп айыл эмес, анын бет маңдайында жалгыз боз үй турду. Эми жаңы: «Үйдө ким бар?» – деп үн чыгарганы жатканда, анын ушул азыр келерин күтүп жаткансып, үйдөн бирөө чыга калды.

Сырт кийимдери бүт чечилип, керегеге жайылып, ал эми өзү болсо үй ээсинин чапанын желбегей жамынып, ашкана жакка далысын салып, чапандын эки этегин канат кылып эки колдоп жайып, ачык коломтону кучактап отурду. Ортодо жыгач отун чачырап күйүп алоолонот. Алоолонгон жалынга, асмада таманын тоскон эски жез чайнекте кайнайын деп калган суу чыйылдап үн салат улам шуулдагын күчөтүп.

Табиятынан токтоо, колунда жоксуз болсо да өз жашоосуна каниет кылган кедей, Калыс хандын ким экенин, кайдан келатып жаанда калып ушул үйгө кабылып калганын сурабады. Тек кана өзүнүн адамдык парызын аткарып, үйүнө аттырбай адашып келген кудайы коногуна жөнөкөй, адамдык кызматын көрсөтүп жайдары. Үшүп калган ханга өзүнүн жонундагы жупуну чапанын жаап, ортодогу отту өчүрбөй алоолонтуп жагып, коногун жылытып кийимдерин кургатуунун аракетинде.

Үй ичинин жупунулугуна, боз үйдүн да далай жыл жашап, эскилиги жеткенине коноктун көзү жетип турду. Үйдүн кунарынын жоктугу аны иренжитпеди. Тескерисинче, үй ээси менен аялынын адамдык сапаты Калыс хандын жүрөгүн жылытты. Боз үйдүн оң капшытында

эч нерседен капарсыз уктап жаткан төрт-бешке чыгып калган эки тестиер бала ушул үйдүн түгөнгүс байлыгы экенин түшүндү. Үй ээси жыланач кедей болсо да, анын артында тукум улаары, атын өчүрбөстөрү бар экенине ичи жылыды.

Колундагы сүт катыкталган ак чай менен ортодогу арпанын кебеги көрүнгөн нандын даамы, Калыс ханга бейиштин тамагындай даамдуу сезилди. Мүмкүн, бул даам кедейдин чыныгы адамдыгынан же өзүнүн пейили жактырып калганын сезип жаткандыр.

– Коногум, – деди бир маалда алтымыштан ашып калган үй ээси. – Мен далай жылдан бери ушул тоо этегиндеги токойдун четинде жалгыз үй жашайм. Менин үйүмө сизчилеп, мен ушул жашка чыкканы конок келип көргөн эмес эле. Кудайдын буйругу менен ушул түндө биринчи жолу менин жупуну төрүмдө сиз конок болуп отурасыз. Сиздин биздин үйгө минтип даам сызып отурганыңызга жетине албай отурам. Бир жагынан кайнаган кара сууга сүт катыктап даам татыттырганыма уялып турганымды жана ашып-ташыган ашым жок экенине көзүңүз жетип тургандыр. Эки балам, аялым менен кара сууга сүт катыктап чай ичип, жайкысын айран уютуп ак жалап турган эки эчкибиз бар. Анын да бири быйыл улак бербей калды. Ошого чогуу бата кылып, казан асалы коногум. Далайдан бери кара суудан башканы кайнатпаган казаныбызга сиздин арканыз менен эт бышырайын.

Коногунун «кой» деген каршылыгына карабай кедей эчкиге бата кылдырып, чакан тулгага чакан казанын асып, эчкинин этин салып кайнатып жиберди заматта. Калыс хан ичинен: «Бул эмне деген адам. Үй-бүлөсү менен оокат кылып жаткан эки эчкисинин бирин мага, болгондо да тааныбаган, адашып жүргөн адамга союп салган эмнеси. Же бул мени таанып эле кошомат кылып жатабы? Эгер андай болсо, мага эчкинин этин жедирип

туруп, менден бирдеме сурайт болуш керек» деген ойго кабылды.

Эт бышып сорпо сунулуп, ортого коюлду. Калыс хан нөшөрлөп төккөн жаанда калып ачыгып турса да, табактагы тамакты баса калып, улкуп-жулкуп жеп, сакалынан бери сорпо май болуп, ачынган адамдын түрүн көрсөтпөй сыпаа тамактанды. Тамак үстүндө үй ээси, тээ төмөнүрөөк түзгө өзүлөрүнө жетерлик бир аз жерге арпа айдап аларын, ал жер кайрак жер экенин кеп кылып отурду. Өзүнүн жашоосундагы мурунку жана кийинки жетишпеген турмушу жөнүндө кеп кылгандарын, «кийген кийими ырас экен, колунда бар адам көрүнөт, жашоомду көрүп турат, этимди жеп жатат кокусунан жардам береби» деген ойду айтпады.

Тамак да желип бүттү. Чыгыштан жаңы агарып аткан таң менен иймейип ичке Ай кошо чыкты.

Как кургаган кийимин кийип, жанатан кедей токуп койгон көк жоргосуна минип, кедейдин колунан бек кысып: «Бул жалган дүйнөдө мындай адамдардын көп болушун жана жараткан ушул үй ээсин эч нерседен кем кылбай, тилеген ак тилектерине жетишин Кудайдан тилеп, көктү карап чын дили менен бата кылды. Анан бир нерсени эстей албай жаткансып унчукпай бир саамга кедейди карап туруп, чапанын, топусун чечип жиберип, ички төш чөнтөгүнөн түндө суу болуп бырышып кургап калган алакандай кагазды алып чыкты да: – Эгер калаага барып калсаңыз, ушул кагазды кимге болбосун көрсөтсөң мени таап берет, – деп кедейге карматты да бастырып кетти. Кедей кагаздын бетиндеги бармак басым оймо сыяктанган белгини бир карап, карааны алыстап бараткан коногун бир карап, өзүнө өзү ыраазы болгондой жеңил дем чыгарып үйүнө бет алды.

Ошол күздө, кедейдин кайрак жерге айдап сээп койгон бир аз жериндеги арпасы адаттагыдан арбын түшүм берди. Жердин берген аштыгын жыйнап бүтүрүп, баягы

коногу берген кагазды чүпүрөк курунун ичине салып, толгой курчанып жолго чыкты.

Коногунун берген кичинекей кагазында эмне сыр бар болду экен деп, анда-санда оюна түшө калганда таңда-на берчү. «Кызык», – дейт кээде өзүнчө жылмайып: – Ошондо эмнеге коноктун атын сурабадым экен. Ал да менин ким экенимди да, аты-жөнүмдү сурабаптыр, – дейт ичинен. Эмнеси болсо да калаага барганымда ал ко-нокту таап жолугуп, колунда бар бай болсо, бир тукум-дук жылкы сурап алсамбы деп кубанат өзүнчө жыргап. Ошол сураганын колунда кармап тургансып.

Калаанын базарына бир кап арпасын соодалап жибе-рип, базарга кирип келаткан бир адамга баягы кагазды көрсөтүп: – Бул кишини тааныйсыңбы? – деди түз эле ошол көрсөтүп жаткан кагазда өзү сурап жаткан киши-нин сүрөтү бардан бетер. Кагазды караган киши кедейди бир башкача таңдана карады да:

– Ал киши жаңы эле мечитке кирип кетти, Мечит тигине, – деп, күн чыгыш тарапта турган, башка тамдар-дан бийик тамды көрсөттү.

Кедейдин оюнда эч нерсе жок мечитке карай барса, баягы коногу эки колунун алаканын жайып алдыга сунуп алып: – Оо, Жараткан Кудай! Мага кылган жакшылы-гыңа ыраазымын. Билип-билбей кетирген күнөөлөрүм болсо кечире көр. Элге да, мага да берээриңди унутпа. Бере көр, Кудай бере көр! Элге да, мага да топук менен токчулук бер, Кудай! – деп суранып отурганын көрүп, ага жолукпай эле кете берди.

Кедей үйүнө келсе аялы: – Коногуңа жолуктуңбу? Баягы сурасамбы деп жүргөнүңдү сурадыңбы? – дейт, аялы да кедейге окшоп ичинен тилек кылып жүргөнүн билдирип. Улутунат да: – Ал коногума жолуктум же жолукпадым десем да болот. Мечитте отурат дегенинен барсам, эки колунун алаканын жайып алып Кудайдан: Мага да бере көр. Бере көр Кудай! – деп Кудайдан сура-нып отуруптур.

– Эмнени сурап жатыптыр?

– Эмнени сурап жатканын кайдан билдим. Сыягы, жалдырап жатканына караганда көп эле нерсе сурап жатса керек. Өзү ошентип суранып жатса, мага кайдан менин сураганымды бермек эле,– деди да андан үмүтү үзүлгөнүн билдирип үшкүрүп койду оор улутунуп.

Баягы базардан кире бериштен жолуккан адам, Калыс хандын ишенимдүү кеңешчиси болот. Ошол кечте ханга: – Мечитке барып бир адамдын өзүнө жолукканы кеткенин, анын колунда хандын мөөрү басылган кагаз бар экенин айтат. Ошондо өткөн жайдагы нөшөрлөгөн жаанда калганда отун жагып, кийимдерин кургатып, эки эчкисинин бирин союп коноктогон кедейди да унутуп баратканы үчүн өзүнө өзү наараазы болот.

Ошол күздө алган түшүмүн каптарына батыра албай, эки уулу, аялы төртөөлөп ороо казып башташат.

Беш атчан жигит беш жылкы жетелеп, беш уйду айдап ороо казып жаткан кедейдин үйүнө түшүшөт. Жетелеп, айдап келген он кара мал өзүнүн үйүнө келип курганып, конок болуп кеткен Калыс хандын аманат белеги экенин түшүндүрүшөт.

Кедейдин атасы азан чакырып койгон аты Келгенбайга, өзү ким экенин билбей коноктогон Калыс хандан келген он кара мал, кедейди кедейлик жашоодон чыгарат. «Бирөөгө жакшылык кылсаң, жакшылык көрөсүң» деген макал ушул аңгеменин өзөгү болгон жокпу?

# КӨПҮРӨ

***«Жол тосуп, бузган көпүрө,***
***Жөк кырсык табат өзүнө».***

Элибизде эзелтен айтылып келе жаткан: «Жол бууган менен көпүрө бузгандын жолу катуу болуп, жашоосунда көп жакшылыктар болбойт» – деп жалпы элге эскертип келишкендерин кайсы кыргыз баласы билбейт болду экен? Эмнеси болсо дагы бул жогорудагы айтылган кептин тарбиялык улуу мааниси бар. Сүйлөм кыска болгону менен нуска кеп экенин акылы зирек адам, эч буйдалбай, кыйналбай түшүнсө болот. Себеби жол да, көпүрө да жалпы элдики эмеспи. Ырас, ар кимибиз эле кыргыз элиндеги айтылып жүргөн тарбиялуулук менен адептүүлүккө чакырган макалдар менен лакаптарга жеткире маани берип түшүнүп, кабыл ала бербейбиз.

Ал көпүрөнүн качан салынып, качан бузулганын да билбейм. Көпүрө жөнүндө мындай маалыматка мен эле эмес, жалпы эле айылдын кийинки муундары кабардар болбосо керек.

Каракол суусун жээктеп, Шамшы менен Кегетинин белин аша турган жол менен жарыша сунулуп аккан ошол суунун кууш жеринин эки тарабына таш менен кылдат кыналыштырып түптөлүп, сайдын кырына чейин көтөрүлгөн жер, мурда көпүрө бар экенинен кабар берип турат. Демек, бул көпүрө жайкысын жакадагы эл менен жайлоодогу элге маанилүү өткөөлдүк милдетти аткарып келгендигин далилдеп али да турат. Чоң энем

Сонункандын айтуусу боюнча жайкысын күчүнө кирип, бууракандап көбүрүп-жабырып агынына ат эмес төөнү агызган Каракол суусунда болгону бир араба өткөн ушул жалгыз жыгач көпүрө болуптур. 1916-жылкы үркүндө чоң атамдар жана айылдын бир тобу ошол жыгач көпүрөдөн өтүп, тоо таянып качышып, орустун огунан аман калышканын чоң атам менен чоң энем, ал күндөр эстерине түшкөн сайын айта беришер эле. Айылдын күн батыш тарабындагы бери дегенде төрт чакырымдай аралыктагы эски көпүрөнүн алдында цементтеп эки жээкке тумба куюшуп, жаңы көпүрө салынганы, ал көпүрөнү эл эскербей да, анын эмне болуп жок болгонун билбей да калышкан көрүнөт. Ортодо согуштан кийин ошол эски көпүрөгө кимдир бирөө уурулук кылып устунун уурдап кеткени эл ичинде айтылып жүрүп, кийин унуткарылып кеткен экен. Бирок андан кийин ал көпүрөнү кайра ким оңдогону жөнүндө так маалыматты айыл эли эскербей калышкан.

Эмнеси болсо да далайдан бери эсимден кетпей, ойлонто берген, жергиликтүү элдин эчак эсинен чыгып эскерилбей калган көпүрө баяны мындай:

Ар кимге ар кандай ой келет. Ал ойлордун арасында аткарылып ишке ашканы болот, ишке ашпай калганы да болот тура турмушта. Аткарылбаган ойлордун айрымдары ошол бойдон эстен чыгып, такыр унуткарылып кайрылып жадыңа келбейт. Ал эми аткарылган ойлордун бири сага кубаныч тартуулап маңдай жара сүйүнтсө, анын тескерисинче айрым ойлорун өзүңдү санаага салып, өмүр бою эсиңден кеткис кылып оюңа түшкөн сайын маанайыңды чөгөрө берет.

Жаанбайдын жанын жай алдырбай бир ой күнүгө бир маал санаага салып бушайман кылат. Ойлогон ушул жалгыз оюнун жакшы жагына бүтөрүн ойлосо, жаны жай алып өзүнчө рахатка бабат. Эмнегедир ал жакшы оюнун артында кандайдыр жашынып жаткан бөлөк бир

кудук санаа жаткансыйт. Ал эсине түшө калган кезексиз ойдон качып, жан дүйнөсү жабыркай түшөт. Кокус ал кудук ойду түндөсү ойлонсо көзү умачтай ачылып, түнкү уйкусу качат. Бул өзү жеке билген эки ача ойду аялына да айтпай бушайман. Эгерде бул ойлогон оюн ортого салып ага акылдашса, анда бул иши такыр аткарылбай теңирден тескери кетерине Жаанбайдын көзү жетет. Ошондуктан бул ойлонуп жүргөн ишин эч кимге айтпай тымызын бүтүрүүнү өзүнө шерт кылып алган. Анын оюнда буюрса бул иши жакшы бүтөт. Ага толук көзү жетет. Ошентсе да ошол бүткөн ишинин артында башка бир жагымсыз бир нерсе жаткансыйт. Ал эмне экенине баамы да, көзү да жетпейт.

Жаанбай деп ат койгон, эчак көзү өтүп кеткен атаэнесине да наразы болуп кетет кээде өзүнөн, өзү туруп. «Жаанбайдан башка ат мага ылайык келбейт беле? Апамдын да ошол жаан жааган күнү толготуп калганын кара» – деп ага да кыжаалаттанат кээ күнү. Жаанбайдагы жеке өзү ойлонуп жүргөн ой, жаан жаган күндөрү ого бетер өзүнчө нөшөргө айланат. Андай күндөрү эки бөлмө эски тамынын шыбынан тамган тамчы, анын мээси менен көрүп турган көзүнө ок болуп тиет тынымсыз. Ушул жааган жаан токтоп, үй ичиндеги ар кай жерге коюлган табактарды тыпылдатып черткилеп, анан барып чулпулдатып ойногон тамчылар басылса эле, өзүнүн оюндагысын түнү менен аткарганга ант берет. Тамчыдан мурун өзүлөрү жатпаган төркү бөлмөнүн үстүндөгү туурасынан жаткан, күндөн-күнгө карылыгы жетип, жаан жааган сайын нымдалыша берип, саздын эңгилчегине окшошуп, кебетесинен кетип бараткан жоон устундан санаасы тынбайт. Кайсы күнкү жаанда «күү» этип түшүп калат деп ошондон коркот. Мурункудай тамдын үстүнө чыга калып, калыңдатып топурак төгүп жибергенге болбой турганын жакшы түшүнөт. Араң турган устуну бар тамынын үстүнө чыгам деп, жөн турган тамынын төбөсүн

түшүрүп алгысы келбейт. Кокус, чын эле жедеп жашоосу бүтүп калган устун сынып, тамынын төбөсү ачылып калса, мындай жоон устунду кайдан табат Жаанбай. Далайдан бери жүрөгүнө жеке сыр кылып багып жүргөн жалгыз тилеги ишке ашабы? Ишке ашса качан ашат ал? Суук түшкүчө ишке ашпаса, анда ал ойдун эмдиги жылкы жазга кала турганы чындык көрүнүш. А кокус бул устун кышкы жааган карда бөлүнүп кетсечи? Ошондуктан өзү менен басса-турса, жатса кошо жашап жүргөн ойду күн сууктаганга калтырбоону тынымсыз ойлонот. Эмнеси болсо да ушул жай, өзүнүн Жаанбай атынын кесепетинен жаанчыл болуп калгандай жөнү жок бушайман. Андагы бир ой: «Коё тур, эл жайлоодон түшсүн. Оруу-жыюу бүтүп, эл тынчысын, суу тартылсын» деген өзүн өзү сооротуу бар. «Ага чейин тамдын үсту түшүп калбаса болду» – дейт дагы бир чукул чыга калчу тилеги. Жаан жаабаса да бир маал төркү бөлмөсүнө кире калып, устундун туруш абалына карап санаасын тынчтандырат. Элүүдөн эчак өтүп кетсе да, кыймылы өзү жашташтарга караганда чапчаң, чыйрак, чымыр денелүү. Жаанбай өзүнүн ойлоп жүргөн максатынын ишке ашышына көзү жетет. Короодогу жакшы жүрүштүү карагер атына минип бастырса, Жаанбайдын жарашыгы артып, келин-кыздардын да көз жаздымында калбайт.

Ошол күздүн бир күнүндө таң эрте, чакан айылдын элинде: «Жогорку жыгач көпүрөнү бирөө бузуп, устунун алып кетиптир» деген кеп үймө-үй кыдырып, айыл аралап жүрдү.

– Көпүрөнү бузган кантип жакшы болсун. Андай адам жакшылык көрбөйт! – деди бирөө.

– Ким алса да жакшы адам эмес экен. Эми жай, күз, жаз тигил өйүзгө кантип каттайбыз? – деп капа болду дагы бири.

– Канча жылдан бери турган көпүрөнү бузгандын үйү-бузулсун! Устундары канча жыл турса да, жапжаңы

бойдон эмес беле – деди чыны менен жаны күйгөн дагы бирөө.

– Ой, аны Кара-Мойноктун эли келип алды дейсиңер-би? Өзүбүздүн эле айылдын шылуундарынын колунан келди,– деди дагы бири өз айылынын элинин ичи да тынч эмес экенинен күмөн санап.

Чакан айылдын эркектери көпүрө жөнүндө тала-шып-тартышып тараган кезде, көпүрөнүн эки устуну Жаанбайдын байса короосунун там жаккы бетинде чөп менен жабылып жаткан эле.

Таң эрте уй сааганы короого кирген Жаанкүл чөптү ачып, эки суналган устунду көрүп, кайдан, качан пайда болуп калганына таңданды. Чала-була шаша уюн саап, Жаанбайдын жамынган төшөгүн ачты шекшине. Бирок бул эки устундун кайдан алынып келингенин Жаанкүл уй саап отуруп эле, эмне максат менен короого келип кирип калганынан бери билип койгон болчу. Уйкуда жатканында өзүнө берилген Жаанкүлдүн суроосуна арде-ме-бирдемени кобурап кутулган Жаанбайга, чай үстүндө жооп беришке туура келди. Күйөөсү дасмалга жайла-нып отуруп, таңкы насиптен нан сындырып оозуна са-лып чайнап жутканча сөздү Жаанкүл баштады: – Сенин бул кылганың такыр туура эмес Жаанбай: «Көпүрө буз-ган менен жол бууган адамдын жашоодо жолу болбойт» деген элдин сөзү бар. Бул сөз сенин көпүрө бузуп алган түнү чыккан сөз эмес. Бул ата-бабадан калган улуу тар-биялык мааниси бар кеп.

Сени элдин керегине жарай турган эл коргоор эркек дейт. Мен сени ушундай адам деп ойлоп жүрсөм, сенин кылганың ушулбу кокуй. Кантип элиңдин эчен жылдан бери керегине жарап келе жаткан көпүрөнү бузуп ал-дың!? Өзүнүн сөзүнө, өзүнүн арына чыдабаган Жаанкүл-дүн көзүнө жаш тегеренип, эки тоголок тамчы жаш бети ылдый куюлду. Бетинде тоголонгон жашты сүрбөй, эмне деген жооп айтат деп, дасмалды үнсүз тиктеп отурган

эрин карады үмүттүү. Баятан бери өзүнүн терисине өзү батпай, эмне жооп айтарын билбей отурган Жаанбай Жаанкүл күткөндөн башкача жарылды:

– Элге кереги бар оокаттын мага кереги жок бекен! Сенин алдагы эки көзүң, төбөңдө турган экөөбүздү бир күнү басып кала турган, жаанда суу сиңе берип, балырга айланып бараткан жашыл устунду көргөн жоксуңбу? Кокус кырсык басып, түнкүсүн тигил устун сынып кетип, экөөбүздү басып калса эмне болот? Ал жөнүндө сен ойлонгон жоксуңбу!? Бул эртең же бүгүн болуп кетчү кырсык жөнүндө сен ойлонбосоң, экөөбүздүн өмүрүбүз жөнүндө мен ойлонуп жүрүп, башым катып бүткөндө ушул сага жакпай жаткан жагдайды аргасыздан ойлонуп таптым. Эмне десең ошо де. Эгерде менин бул кылганым сага жакпай жатса, эшикке чыгып менин уурулугумду элге жай! Ууру биздин үйдө, ал менин күйөөм! – деп кыйкыр деп оозунан чайнап жута элек нанын чачыратып, эки көзүн чакчайтып ордунан тура калды, өзүн кармана албай калган Жаанбай.

– Экөөбүздүн баш кошконубузга кырк жылдан ашып калса да, бала жытын жыттабадык. Ыңаалаган наристенин үнүн укпай, ошондон бери жалгыз экөөбүз тиктешип жашап келатабыз! Жараткандын бул эмнеси? Кайсыл кылган күнөөбүз үчүн бизге эл катары бала бербедиң – деп, Кудайга зарымды айтып ыйлап жүргөнүмдү сен билбейсиңби? Ал аз келгенсип сенин бул кылган уурулугуңду эл билсе эмне дейт? – Эмне демек эле, ойлорунун ушундай бузукулугунан балалуу болушпай жүрүшкөн да. Булардын биз билбеген дагы кандай былык иштери бар экенин ким билет – дешип чыгышары турган иш. Ал аз келгенсип, ылайым тукумуңар уланбай, как баш өтөр күнүңөр кайда экен! – дешерин сен билбедиңби Жаанбай? Там басып өлсөк экөөбүздүн артыбызда жетим калат, жашоолору кандай болот? – деп сарсанаа болгудай кайсы бала-бакырабыз калып жатты

эле. Кайда болсо бир өлүм деп, элдин көпүрөсүнө суук колуңду салбай койсоң эмне болмок? Сен экөөбүздүн там басып өлгөнүбүздөн айылдын бир татым тузу да кемибесине акылың жеткен жокпу? Элдин каргышынан курч өкүмдүн жок экенин билбесең керек сен шордуу! Бирге жашаганы Жаанкүл жарынын мындай мөндүрдөй жааган жаман кепти укпаган Жаанбай дасмалдын жээгинде үн-сөз кайтарбай тунжурап отуруп берди. Чыны менен Жаанкулдун жаны кашайып айтып жаткан кептеринин биринин да келети жок эле.

– Эгерде сен макул болсоң, көпүрөдөн чыгарып келген эки устунду кайра алпарып кой. Көпүрөнү эртең эл өзүлөрү калыбына келтирип алышат. Андай эле там басып өлүп калам деп коркуп турсаң, менин төркүндөрүмө, Балыкчыга кыштап келебиз. Үйгө керек эки устунду ошол жактан таба келебиз. Жаз алды менен жаңыртып жаап алабыз деп Жаанбайдын алдыда жасай турган жаман иштен ала качкысы келди, иш билги эстүү аял. Бала күнүнөн таяке-жээндердин, алыскыраак тууган-туушкандардын колунда жүрүп кексээ, кеңчил, өзүмчүл өскөн Жаанбай Жаанкулдун бул айткан жакшы кеби менен эстүүлүк сөзүнө ынанып маани бербеди. Айтылган кеп, угумуш болуп отурган эки кулактын сыртынан кетти.

Көк бет, айтканынан кайтпаган Жаанбай ошол кечки күздө, өзүнө туура келген түнү Карагерге сүйрөтүп келген эки устунду чөп алдына көмүлгөн бойдон там жапкандан коркуп таштап койбоду. Аялы Жаанкулдун өзүнө айткан алтынга тете кебине көнбөдү. Айдын жарыгына салып, көпүрө устундун бири менен бир бөлмөсүнүн үстүн жаңыртып жаап алды. Анда жаңы колхоздошкону менен ошондогу төрт айыл чачыранды бойдон чакан-чакан айылдар эле. Ошол себептен алыс-алыс жайгашкан жети-сегиз үйдүн эч кимиси Жаанбайдын жашыруун иштелген ишин байкашпады. Көпүрөнүн устунун ушул

алды деп да ойлошподу, шекшишпеди. Арадан эки-үч күн өткөрүп, таң агарып сөгүлгөнчө кара терге түшүп, үйүнүн экинчи бөлмөсүн ачып, кайра жаап алды. Мына эми Жаанбайдын санаасы тынып, там басып өлүп каламбы деген коркунучтуу ойдон кутулду. Бирок ойлогон ойлору ийгиликтүү бүткөнү менен деле жүрөгүнүн башында бир мыкчылган санаа тарабады. Ал эми бала күнүнөн уяттуулуктун уюткусу бар Жаанкүлдүн жан дүйнөсүнөн эмнегедир: «Эл билип калса эмне дейм?» деген санаа булут болуп тарабады. Бул устунду кокусунан үйгө кирген кошуна көрсө эмне дейм деген санаасын басыш үчүн, Жаанбай өзү устунду аппак кылып акиташ менен актап да салган.

Адамдарда кандай жакшылык болбосун жакшы тилектер айтылып, жакшы пикирлештер ак дилинен жакшылыгына ортоктош болуп, алаканын жайып бата беришет эмеспи. Жаанбай менен Жаанкүлдүн баш кошкондоруна да ушундай жакшы каалоо-тилектер айтылып, кабат-кабат баталар берилген эле. Ошол жакшылыктын үлпөтүндө көпчүлүктүн таң берип, тамшангандары эки окшош аттын баш кошушу жакшы жөрөлгө, жакшы жышаан катары кабыл алынып, жакшы жашоонун, үй-бүлөнүн түптөлүшү катары сөз болуп тарашкан. Бул эки уйкаш аттын баш кошушу коңшу айылдарга чейин даңаза болуп, алар да ак тилектерин айтышкан эле. Булардын кабарын укканда эс тартып калган өспүрүм менен бойго жетип калган улан-кыздар да «Кийин менин да баш кошо турганымдын аты, тигилердикиндей окшош болуп калса ээ» деген жаштар да болбой койгон эмес. Көрсө, өмүрдүн жолу ар дайым эле эл бизге каалап бата бергендей боло бербейт тура. Адам баласынын, көпчүлүк элдин арасында ушундай өтө даңазаланып, чени жок мактоого ээ болуп, берген батасы менен кошо ошол эле жердеги элдин көзү да тиеби деп ойлойсуң. Негизи кыргыз калкынан Кудайдан тилек кылып: «Суук

сөз менен суук көздөн сактасын Жараткан» – деп тилешкендери бекер жеринен чыкпаса керек.

Кеч күздөгү көз ачырбай нөшөрлөп үч күн жаап, таң менен кошо эч кири жок ачылган таңда, чакан айылдын аял-эркеги чогулуп, Жаанбайдын бир жак бөлмөсүнүн төбөсүнүн түшүп калган тамын тегеректеп турушту.

– Кургурлар ай! Куураган турбайбы байкуштар! – деп элдин алдында көзүнүн жашын тыялбай, улам бырыш баскан колунун алаканы менен бет ылдый агып келген жашын сүртүп ыйлаган, улгайган ак чач кошуна кемпирден бөлөгү үн-сөз жок, төбөсү түшкөн Жаанбайдын үйүн карап тунжурашат.

«Силердин көпүрөнүн жоголгон устуну мен мындамын!» – дегенсип, усту түшкөн бөлмөнүн күн батыш тарабындагы дубалынан соройуп чыгып турат.

Өзүмдү жана аялымды басып калат деп, үйүнүн үстүндөгү чирип бүтүп бараткан устундан коркуп, көпүрөнүн устуну менен алмаштырган Жаанбай, ушул түнү тамынын усту түшүп, аялы экөөнүн бул аткан таңды көрбөй каларын ойлогон эместир.

# ЖАМАН БАЛДАР ЭКЕНСИҢЕР

Менин атам менен тең Жетимиш деген атанын куудул сөздөрү айыл ичинде күлкү-тамаша катары айтылып, эл чогулган жерде эскерилип, чериңди жазат. Тээ илгери, ортодогу Орток айылындагы жалгыз мектепте менин атам Жусупбек, ушул Жетимиш ата жана кадимки кыргыз элине белгилүү жазуучу Сагындык Өмүрбаев болуп чогуу окуган классташтар экен. Жетимиш атанын да мындан үч жыл мурун көзү өтүп кетти. Жазганымды мен да оңдоп-түзөп машинкага басканча, токсон жашка чыгып менин атам да өткөн май айында сапар тартты жарыктык.

Жетимиш атанын көзүнүн тирүүсүндөгү балдарына тамаша кеп мененби же чын эле оюндагысын айтканын кагазга түшүрүп коюуну туура көрүп, далай күндөрү ойлонуп убакыт таппай жүрдүм. Бирок бул кепти мага мүмкүн кошумчалаппы же болгон окуя чын эле ушундай болгонбу, неси болсо да атанын уулу Болоттун айтуусу менен болгон.

Сегиз уул, эки кыздын атасы Жетимиш атанын кемпиринин көзүнүн өтүп кеткенине көп жыл болгон. «Он уул болсо да, ата-энени бир эле уул багат» болуп Жетимиш ата да кенже уулу Тынчтыктын колунда эле. Сексенден өтүп, токсондун марасына жакындап калган адамдын жанына жаштардын байралып көпкө турбасын Жетимиш ата жакшы түшүнөт. Кээде үнүн сыртка чыгарып айрым учурда ичинен кыңылдап: «Теңтушу жок, чал карып, кемпири жок мен карып» – деп бир маал, кээде андан да көп кобурап жибермейи бар. Макалдын

кийинки эки сабынын автору өзү. Колунан китеп түшпөгөн атанын кийинки күндөрү китепти окугусу да келбей калды. Эс алып, эки жакты карап алаксып күн өткөргөн жери, эшик алдында тери көлдөлөң салынган үч-төрт кишилик жыгач отургуч.

– Аттиң, көзүмдүн курчу кетпей кадимкидей мурунку калыбында болгондо эмне? Күнүмдүн көбүн китеп окуган менен өткөрбөйт белем – дейт, соо калган жалгыз көзүн алакандап ушалап. Ооба, Жетимиш атанын сол көзү сокур болчу. Бирок бала кезинен эмес, кийинчерээк эле оң көзүнөн айрылган. Совет доорунун далай жылдарын совхоздо шаферлук кесип менен өткөргөн. Бир күндөрү гаражда машинасынын астына жатып алып лом мененби, балка мененби темир чапкылап жатканда, темирдин сыныгы келип сол көздүн карегине сайылып, «Жетимиш сокур» деген атка конгон. Андай айып чукуган ат менен аталбай деле калмак. Себеби айылда дагы бир Жетимиш деген адам барынан болуп калган болуш керек. Элдин оозун ким тыят. Муну деле оозу жөн турбаган, адамга ат койгуч бир тапан ыйгара салса керек. Анткен менен ал адамдын көзү сокур болгону менен көөдөнү таза болчу.

Бир күнү күндөгүдөй эле Жетимиш ата эшигинин алдында отурса эчак атасынын уясынан бөлүнүп, бөлөк түтүн булатып калган Болот уулу келип калат атасына учурушканы. Ата менен бала аркы-беркини сүйлөшүп, эми кетейин деп камынып, көчүгүн жыгач отургучтан көтөргөндө:

– Ай, бала, отурчу – деп, этегинен тартат атасы. Эч нерседен капарсыз туруп бараткан Болот: «Абышкага эмне болуп кетти» дегендей атасына суроолуу карайт. Азыркы Болотуна айта турган кебин ушул уулуна эле айтмакпы же берки уулдарынын кимиси келсе да айтайын деп турганбы, ал жагын өзү эле билбесе белгисиз кайрылуу сөз эле.

– Силер жаман балдар экенсиңер, – деди бир аз тынымдан кийин, жер караган абалында. Орусча айтканда, баштагы кептеринен серезный.

– Эмне болду? – деди Болот чочугандай түр менен атасына суроолуу карап. Оюнда: «Эмнеге эле мени Тынчтыкына таштап саласыңарбы? Менин баягыдай баш-аягыма көз салып турган апаңар жок экенини билесиңер. Билсеңер анан мени эмнеге бир айдан ар кимиңер алып кетип бакпайсыңар» – деп айтат болуш керек деди.

– Эмне болмок эле. Сөз жок эле бирдеме болуп кетиш керекпи. Апаңардын көзүнүн өткөнүнө канча жыл болду? Билесиңби? – деди үнү олуттуу чыгып.

– Беш-алты жыл болуп калды го, – деди Болот өз энесинин кайтыш болгондугун так жылын билбегенине уялгансып жалтаңдай. Бул саам Болоттун оюна «Эмнеге ошончо жыл өтсө да, өзүңчө бир куран окуткан жоксуң?» дегени жатабы деп, короосундагы кой-козулары элестеп кетти көз алдына.

– Деги силер кыргыздын каада-салтын билесиңерби же билсеңер деле, билмексен болуп жүрө бересиңерби? – деп Болотту карады ачуулангансыган түрү жок эле ууртуна чала жылмайгансыган белги түшүп.

– Кайсы каада-салтты айтасыз?

– Кыргызга бир жактан ооп келген каада-салт бар бекен? Мен сенден карапайым калктын арасында жашап турган салтты сурап жатам.

– Алар эмне болуптур? – деди Болот атасынын табышмактатып айтып жаткан кебине түшүнбөй.

– Алар эмне болмок эле. Алар апаңардын көзү өтүп кеткенден бери жүрөт ушул Карасарттын уулу Жетимиштин уулдарынын эшигин сагаалашып. Кызык, чын эле ошол каада-салттар азыр Тынчтыктын эшигинин алдында тургансып, ошол тарапты карап алды да, бул ишеничине кайра өзү жылмайып жиберди Болот.

Атасынан китепти кем окубаган, атасын тартып куйкумдуу кепти мостоюп туруп айта билген Болот: – Тынч-

тыктын эшигинин алдында ал каада-салттардын бири да көрүнбөйт. Мен бери карай сизге учурашайын деп үйдөн чыкканда, биздин эшиктин алдынан деле алар көрүнгөн эмес, – деди атасын карап жылмайып.

– Алар силерге көрүнбөйт. Алар мага кана көрүнүп, керек болсо мени издеп түнкүсүн бирге да жатып алышат.

– Алар сизге жолукканда эмне дейт?

– Эмне демек эле. Бул жайнаган уулдарыңдын бири да иш билги эмес экен. Болбосо кудай урбадыбы, сенин ал-жайыңды өз көздөрү менен көрүп турушат да, бир жылуу сөз айтканга жарашпайт. Жакшы тарбиялай албапсың. Китепти көп окуганы менен мээлерине деле жукпаса керек, – деп жатат алар. Билгиң келсе.

– Биз сизге кандай жылуу сөз айтышыбыз керек экен?! Кимге айтабыз дагы? – кошуна Асанчыга айтып эмне кереги бар? Анын үйүндө аялы бар, – деди атасы баласынын чын эле өзүнүн оюндагысы жөнүндө таптакыр түшүнүгү жок экенин ачык билип.

– Ой, ата, ачыгын айтчы деги. Эмне жөнүндө айталы, – деп жиберди Болот табышмактуу сөздүн төркүнүнө чыдабай.

– Мен кыргыздын каада-салты жөнүндө түшүнүгүңөр жок десем чычалайсыңар. Атаңдын көрү кайран кыргыз «Айттырбай билер болсоңчу» деген сөз тегин жерден чыкпаса керек деди, уулун тике караган ата жылмайып.

Жетимиш аксакал бул оюн чын эле ошондой болсо экен деп ойлоп жүргөнбү, же жанына бир аз эле туруп кетип калчу баласын эриккенинен кепке тартып узакка эрмектегиси келдиби: – Эгер атасынын аялы кайтыш болуп калса, ашы өткөндөн кийин балдары атасына келип: – Ата, кемпир аласыңбы? – деп үч жолу кайталап сурашат. Эгер атасы бул сунушту ылайык көрүп туруп макул болсо, ылайыктуу кемпир табылса атасын үйлөнтүп коюшат. Ошондой эле апасынын абышкасы

кайтыш болуп калса, анда апасына: – Апа, турмушка чыгасыңбы? – деп үч жолу өтүнүшөт. Бул сөздү кемпир ала калайын деп мен азыр чыгара калганым жок. Бул илгертеден шарият жолундагы балдарынын айта турган, аткара турган милдети экен баатыр. Эми түшүндүңбү? А силер ошентип мага айттыңарбы? Жок. Ал жөнүндө ойлонгон да жоксуңар.

Атасынын оюнун төркүнүн түшүнгөн Болот жеңилдей түшүп: – Ой, жарыктык десе. Табышмактатпай бая эле ошентпейсизби. Анда мен кемпирди таптым, ата! – деди Болот атасын карап жалмаңдап кубанып. Уулунун ушул сөзүнөн кийин чын эле кемпир кучактап жатканы элестеп кеттиби, жүзүнө мурда болуп көрбөгөндөй жылмаюу кирип, салаа-салаа бырыш каптаган жүзү аянычтуу кызарып, жан дүйнөсүн бир башкача кубаныч аралап, өзүнө кемпир таап жаткан баласын жарк эте бир карап алып, жер карап ойлоно калды бир саамга.

Ой дегенден күлүк эмне бар ааламда. Ошол саамдагы тунжуроодо айылдагы жесир кемпирлер менен жесир келиндер көз алдынан сыналып өтүп кетти аттаганат! Анан эле: – Кимди? – деп жиберди уйкудан чочугансып.

– Ой, ата! Кемпир издеп Көлгө, Нарынга, Чүйгө эмне бар.

– Эмне, ал кемпириң айылдабы? – деп жиберди ким экенин шашылыш билгиси келгенин жашыра албай.

– Коңшу эле айылда. Макул болсоң, азыр барып келиниңе акылдашам да, кечинде ачык жообун берем, – деген Болот: «Атам чын эле айтып жатабы же адатынча тамашалап жатабы», – деп шекшигенсип атасынын жүзүн карады уурдана. Ушул мүнөттө: «Уулумду тамашалайм деп, чын эле кемпир алганы калдымбы? Же Болот да менин тамаша кебиме тамаша кылып жатабы» дегенсип ал да уулун карады шектене. Болбой эле уулунун жүзүнө үмүттүү тигилип кокусунан башка бирөөлөр угуп коёбу дегенсидиби же ошол учурда ичтен чыккан

суроо атасын ушундай абалга туш кылдыбы: – Ал ким? – деди эңкейе калып акырын жумшак шыбырап.

– Менин эле кайненемди алып ал! – деди атасынча, атасынын кулагына шыбырабай эле үнүн өктөм чыгарып. Бул сөздү уулунан угары менен абышканын көз алдына кудагыйынын портрети тура калды.

– Сизге ошол менин эле кайненем ылайыктуу, – деген Болоттун сөзү, атасынын маңдайында турган кайнесинин портретин куюн куугандай өчүрүп салды. Кундаңыздын көзүнүн өтүп кеткенине деле көп жыл болду. Ал жагын өзүңүз деле билесиз. Апам болсо тың. Сизди дагы беш-алты жылы кебелбей багат. Айылындагы элдин кимисин болбосун тамашалай жүргөн атасы бул саам, уулунун тамаша кылып же чын айтып жатканына толук түшүнө албай калды. Сөздүн төркүнү тамашага айланып баратканын түшүнгөн атасы: – Макул, сенин кайнененди алайын. Сага, аялың экөөңө калыңына эмне берем? – деди уулун сырдуу карап.

– Эми биз сизден чоң сурамак белек. Бизге бир эле ургаачы чоң торпок берсеңиз болот.

– Бир торпок болсо анда арзан экен сенин кайненең, – деди атасы каткырып. Ошону менен ортодогу сөз солгундап барып токтогонсуду. Кокус алардын жанындагы кошунасы жумуштап келип калбаганда сөздөрү уланат беле ким билет.

Баягы ата-баланын ортосундагы сөздөн кийин бир ай өтүп, Болоттун кайненеси кайтыш болуп калды. Кемпир кылып алып келе жаздаган кудагыйына балдары менен барып көз көрсөтүп, топурак салып келди. Ошону менен барып пайда болгон кемпир алам Жетимиш атанын кокусунан пайда болгон кемпир алам деген ою түп орду менен өчтү.

Кайненесинин кырк ашы өткөндөн кийин, бир күнү Болот адатынча атасына учурашканы келди атайы. Атасы күндөгүдөй эле бактын түбүндөгү баягы жыгач отургучта жалгыз отурган.

– Ассалому алейкум, ата! – деген Болот атасы менен кол алышып жанына отурду. Уулунун саламына жооп узаткандан кийин баласы тарапка имериле калып: – Эй, бала! – деди уулун суроолуу карап жылмайган түр менен.

– Эмне болду? – деди баласы атасына карап.

– Сен чыны менен эле жаман бала турбайсыңбы! – деди кабак бүркөгөн адам түрүн көрсөтүп.

– Уулдун жаман болушу, башкалардан болбойт. Себеби: «Алма сабагынан алыс түшпөйт» деп өзүңүз айтчу элеңиз го, – деди Болот жер караган болуп.

– Мен сабак, сен менин алмам экендиги чындык. Бирок сенин мени аз жерден чыгым кылып коё жаздаганың дагы, алманын сабагына тиешеси барбы? – деди атасы уулуна оюндагы тамаша кылайын дегенин чукул бүтүргүсү келип. Антпесе бул тапан уулу, атасынын сөзүн жоопсуз узатпай турганын билип.

– Кайсы чыгымды айтасыз? – деди Болот атасынын чукул берген суроосуна түшүнбөй. Чыны менен эле атасына мындан бир ай мурун: «Менин эле кайненемди алып ал» – деп тамашалаганын эстей албады. Кечке эриккениненби же жөн эле уулун дагы бир ирет тамашалагысы келдиби:

– Сен мага кайненеңди алып берип, менден калыңына бир торпок алып. Мен сенин кайненеңе үйлөнгөндөн кийин, бир ай өтүп өлүп калып, анан Жетимиштин кемпири деген атка конуп калган кайненеңе, эки жылкы жана койлордон союп берип, кырк ашында жана бир жылкы, бир нече кой союп чоң чыгым тартмак экенмин да. Баарыдан да: «Апам тың. Сени кебелбей беш-алты жыл багат. Минтип керелден-кечке жыгач тактайда келин качан чай берет деп отурбайсың. Экөөң эртели-кеч ар нерсени сүйлөшүп эрикпейсиңер. Ошол кылганыбыз эле оң болот» – деп сайрадың эле го. Төрт-беш жыл ал мени бакмак турсун, колунан төрт-беш чыны тыңгы-

лыктуу чай ичпей, бекер чыгым болмок экенмин да – деп Болотту карады эмне дээр экен дегенсип.

– Мен кайненемдин минтип чукул арада өлүп каларын билген жокмун да. Бирок сиз ал кишини алган да, ага чыгым да болгон жоксуз туурабы, ата? – деди Болот мыйыгынан күлүп.

– Эмнеси болсо да Кудай сактаптыр ээ, – деди калп эле улутунган түр көрсөтүп уулуна.

Ал иш болсо бүттү, ата. Андан көрө чын эле кемпир алам деген оюң болсо ачыгын айт, ата. Башка жактан кемпир караштыралы. Биз дагы сиз айткан каада-салттан кутулалы, – деди ал ордунан тура калып.

– Эгер макул болуп ылайык көрсөңүз, жанагы сиз мага айткан үч суроону ушул жерден айтып берейинби? Каршы болбойсузбу?

– Сен антип, минте калайынбы – деп мени шаштырып туюкка камабагын. Мен дагы өзүмө өзүм кеңешип ойлоном, баатыр, – деди да, эки жагын бирөөлөр угуп койбосун дегенсип каранып: – Кокус, макул болуп калсам, мага тийип алып, чукул арада өлүп калбагандай кемпир болсун. Ушул жагын байкай көргүлө, – деди уулуна эңкейе берген калыбында шыбырап.

Ошентип, тамашалаша жүргөн ата менен баланын тамашасы кокус жерден чынга айланып кала жаздаганын, бул экөөнөн башка эч ким билбеген бойдон калды. Ким билет, Жетимиш ата ооруп калбай, баягыдай дени сак бойдон болгондо, ата менен баланын турмуш тамашасы эмне менен бүтөт эле?

# ӨРДӨКТӨР

Ар бир айылдын ар кандай таланттуу адамдары болот. Өзгөчө жалпы айылдын кичине-чоңуна чейин өз өнөрү менен, болгондо да сөзү менен элдин маанайын көтөргөндөр бар. Мындай адамдарга кандай мезгилде болбосун кулагыңа самсаалатып чийки «кесме» илдирип алганыңды билбей каласың. Булардын арасында көңүлүңдү ачып маанайыңды көтөргөн куудулдары бар. Ал эми жанагы жаныңды кашайтып калпты чындай айтып туруп сызга отургузуп кеткендер алар башка «кесмечилер». Кудай андай адамдардан алыс кылсын. Чубак андайлардан эмес.

Чубак айылдан Кочкорго туугандарыныкына келип далайга көрүнбөй калат. Бир күндөрү айылдан Кочкорго келип калган кайнагасы Алжанга жолугат.

Жолуккан эле жерден Чубак адатынча шапылдап, кош колдоп кайнагасынын оң колун кармап: – Атсалоому алейкум кайнага! Кандай жүрөсүз? Ден соолугуңуз жакшыбы? Оорубай-сыктабай күүлүү-демдүүсүзбү? Топчудай болгон жеңем жакшы жүрөбү? Бала-бакыралар чоңоюп жатабы? – деп кайнагасынын колун коё бербей суроолорду жаадырып жиберет.

Чубактан колун араң бошоткон Алжан кайнагасы:

– Баары жакшы. Чубак далайдан бери айылдан көрүнбөй калдың. Кочкордо иштеп жатасыңбы?

– Ой, кайнага жан багыш үчүн кайда барбайбыз да, эмне иш иштебейбиз.

– Аа, мунуң жакшы экен. Иштегенде эмне иш кылып жатасың? – дейт Алжан кайнагасы кызыгып.

– Эмне кылмак элем байке. Колум жоорубай, белим оорубай турган эле иш.

– Сенин ишиң жакшы экен жаның кыйналбаса. Андай ишинде орун болсо, үйдө бир балам бош жүрөт ошону кошуп алсаңчы, берки чоңдоруңа айтып.

– Аа, байке, ал иш менин гана колумдан келет. Ал үчүн мен иштеген ишти башкалар иштей алышпайт. Ал үчүн чоң өнөр керек.

– Деги айтчы. Эмне иш кыласың, анчалык эле башкалардын колунан келбей турган?

– Өрдөк багып жатам байке, – дейт кайнагасынын кулагына эңкейип шыбырап.

– Баккан өрдөктөрү ошончо эле көппү? Ошол өрдөк бакканга өнөрдүн эмне кереги бар. Жемин чачып, суу куюп койгондун эмнеси бар, – дейт кайнагасы жактырбаган түр менен.

– Баккан өрдөктөрүм көп байке, көп! – дейт Чубак камарабай.

– Анча көп өрдөктү багып эмне кыласың? Деги пайдасы жакшыбы, – дейт Алжан эч нерседен шек санабай.

– Пайдасына деле анча кызыга бербейм. Алар туушт. Булардын бир жакшы жери, кайсы мезгил болбосун тууп эле баса беришет экен.

– Анда жакшы жандык экен ээ буларың.

– Жакшысынан багып жүрөм да байке, таштап салбай.

– Балапандарын тооктун жөжөсүндөй кылып сатпайсыңбы анан.

– Аны сатып эмне кылат элем. Жетилгенде эле учуруп жиберип жатам.

– Учат бекен? Бакма өрдөктөр учпайт дечү эле го.

– Эмнеге учпайт. Менин өрдөктөрүм бат учат. Учканда да кандай учат дейсиз. Ойкуп-кайкып учканда

уккандар, опей, уккандар дебедимби, көргөндөр таң калышат – деди Чубак жаңылып кеткенине сыр бербей жылмайып. – Өрдөк уянын оозун ачып койдум эле, азыр эле учуп жатышса керек.

– Короондон жем жеп колунда багылып калгандардын айрымдары кайра учуп келбейби?

– Жок, байке. Учту кетти алар кайрылып келишпейт. Аларды келтирип эмне кылам, быягында деле толуп жатат учурчуларым.

– Сен кызык экенсиң. Ошончо багып, өстүрүп алып сатпаганың жаман экен, – деди кайнагасы Алжан бекер учуп кетип жаткан өрдөктөргө ичи кейигенсип.

Сөздүн узарып баратканын байкаган Чубак «өрдөктөрүм» менен кармашып каламбы деген ойго келдиби:

– Жакшы туруңуз, шашып жаттым эле демиш болуп басып кетет.

Айылга келген кайнагасы кечинде үй-бүлөсүнө: «Чубак жакшы жумуш таап, өрдөк багып жатыптыр», – деп жатпайбы камарабай.

Айрым бир ашыкча жаман ой ойлобогондор: «Чубак Кочкордо өрдөк багат экен» – деп да жүрүштү.

## ШЫРАЛГА

Ээленген үчөө чогулуп отурушуп эле капысынан мер-
генчилик жөнүндө кеп болуп кетти. Айылы Чолпондун
мергенчилиги, дагы бири башка бирөөнүн көзгө атарлы-
гынан сөз кылып отурушту. Ошол эле өзүлөрүнүн айы-
лынан бирөөнүн баласы кышкысын согум сойбой эле,
кийиктин эти менен чыгат экен деген уламышты да таап
чыгышты. Эмнеси болсо да мергенчилик жөнүндө кеп
учугу түгөнбөй баратып эле, ошол үчөө да жаңагы мер-
генчиликке чыгып, кийиктин этин жеп көрүшмөк болду.
Бара турган күндөрү да болжолдонду. Бири атын, бири
агасынын атын, бири таякесинин атын минмек болушту.
Эч бири бул макулдашуудан айныбай тургандай, эч бири
убададан танбайбыз дешип, армиядагы ант бергенге бара-
бар болуп .алышып тараашты. Ушул тоого болгон жүрүш
үчөөнө бир укмуш кызыктуу маанайды жаратты.

Үчөөнүн тең бир да жолу мергенчиликке, жок деген-
де ошол өзүлөрү мактап жаткан мергенчилердин бирин
ээрчип чыгып көрүшпөптүр. Союз учурунда бири шофер,
бири тракторист, бири жөн эле курулуш бригадасында
иштеген теңтуштар. Булардын айылдын четиндеги чоң
сайдын жээгинде бир «шайтан мойнун» сындырышып,
убаданы бекитишип тарап кеткендери бир башка. Баа-
рынан кызыгы үчөөнүн тең үйүндө мылтыгы эмес рагат-
калары жок экендиги кызык. Кокустан ушул үчөөнүн
мылтык жөнүндө ойлонушпай мергенчиликке чыгабыз
дешкенин бир тапан укса:

«Эй, көзгө атар мергенчилер. Бу силердин бириңер-
дин мылтыгыңар жок болсо, силер эмне кийикти куба-

лап жүрүп карамап аласыңарбы?» – деп шакаба чегип тамашаламак. Чоң кеңешмедеги булардын планы боюнча эч кимге айтпай кетишип, эч кимге көрүнбөй түн жамынып келишмек. Анан да дагы бир кызыгы үчөө бирин бири чакырып жалаң кайберендин эти менен кыштан чыгышмак.

Берки байкеси менен таякесинин атын сурай турган Медет менен Кадырбай: «Коңшу айылдагы бир достору конокко чакырып жатат деп, аттарды бир күн мурун үйлөрүнө алпарышып аябай тойгузуп, жүрүшкө даярдашмак. Аттарды аларына ишенишет. Өзүлөрү тамак-ашты кенен алып, жылуу тон, жылуу чокой кийип чыгууну да пландашкан. А булар мылтык албай эле: «Баба-Ата кайдасың? Биз чыкканы жатабыз. Кийиктериңди бери бизди утурлатып жибере бер. Бизге үчөө эле керек. Айрымдарча алкымды бузуп, беш-алтыны албайбыз» – деп өзүлөрү эле куралы жок бара бермейге токтошуп жатышты.

Же булардын бири да ат минип тоо аралап бастырып көрүшпөсө мергенчиликке тамак алып, жылуу кийинип түнү менен жолго чыгарды кайдан билишмек эле. Демек, ууга чыгып жүргөндөрдүн өзүнөн же болбосо биреөлөрдөн угушса керек. Мылтык алууну эстебегендер угушса керек. Мылтык алууну эстебегендер өзүлөрүнө кийик айдап бере турган тайгандын да керек экенин кайдан билишмек. Үчөөнүн бирөө буларды күтүп турган кийиктерди тайган болуп айдап келип, зоокага камап берет да, берки экөө тандап туруп үчтү кармап калышат. Калганын кайра үркүтүп айдап жиберишет. Колдорунда мылтыгы, ээрчиткен тайгандары жок болсо ошентишет да.

Базарбек кечки тамагын ичип алып, телевизор көрүп отурса, Бостон баласын уурдап бараткан Акбараны мылтыгы менен атып жатпайбы.

Айдын жарыгында Базарбектин Медетти ээрчитип келгени Кадырбайдын үйү. Үчөө эшиктин алдындагы отургучта мылтыктын маселеси жөнүндө изилдөө жүргүзүп жатышты. Акыры ат сурап ала турган Медеттин

таякесинин, Кадырбайдын байкесинин мылтыгына келип токтошту. Ошентип, алар үчүн ат да, мылтык да эки эле үйдөн табылганы жакшы болду. Бирок эми ошолор атын да, мылтыгын да беришеби? Кептин түйүнү ошол жерге кылгенде чечилбей, шылтоо табылбай кыйналышты. Бир шылтоону табышты эле, ал жаш баланыкындай болуп жарабай калды. Дагы бир шылтоо табышты эле ага тигилер ишене тургандай эмес. Акыры эртең тигил экөө атты да, мылтыкты да сурап, кечинде дагы жолугушмай болушту. Ал болуп, бул болуп ортодо бирөөнүн иши чыгып, анын иши бүтсө дагы башкасынын иши чыгып отуруп, убадалашкан күндөн он күн өтүп чыга турган күн даана болду.

Таңкы саат үч-төрттөрдө Баба-Ата тоосунун этегиндеги бөксө адырда жылуу кийинишкен, экөөнүн асынган мылтыгы бар үч атчан, улам өрүүлөп тоо таянып кетип баратышат.

Жеке өзүлөрүнүн кийикке чыгабыз деген күндөрүнөн бери, айыл ичиндеги тымызын жүргүзгөн чалгындоолору боюнча болжолдогон жерге жетишти. Кардын кагаары менен таңкы кыштын муздак ызгаарына үчөөнүн тең буттары үшүп, беттери көгөрүп тоңуп, колдору камгуга келбей, кийик атмак турсун сүйлөөгө дармандары келбей, биринин айткан сөзү бирине жакпай маанайлары чөктү. Аттан түшүшүп тегерекке дүрбү салышып кийик караган болушат. Айылдан уккан кептери боюнча бул тегеректе ыркыраган ызгаардан бөлөк бир нерсе, булардын издегени көрүнчүдөй эмес. Улам өйдөлөгөн сайын кар калыңдап, күрткүлөр жол бууйт. Аттан түшүп эчак жетелеп алышкан. Калың кардан басуу улам оорлоп эки балтыр менен эки жоон сан уюп дулдуят. Акыры шамал карын үйлөп салган кырга токтошуп, баштыктарындагы тамактарын шам-шум этишти. Анан сүйлөшкөн боюнча бирден ала чыгышкан бөтөлкөнүн бирин үчөө жылыныш үчүн бөлө тартышты. «Суюк жылыткыч» деле анчалык

жылытып жибербегенден, акылдашып турушуп: «Катуу үшүсөк жылынып алабыз» – деп эки куржун көзүнө майдалап салып алган отундун бирин жагып жылынган болушту. Мына сага тамаша, тоонун тең ортосуна келип жалбырттатып от жагып жатышса, буларга кайдагы кийик. Согуштун тактикасын билбеген армия жеңилген сыяктуу, кийик уулоонун тактикасын билбегендерге кайдагы кийик.

Аттарды ошол жерге калтырышып, үчөө тизеден кар кечип, өпкөлөрү көөп далай жерге барышты. Тегерекке дүрбү салып карашты. Кышындагы тутум күн бат эле кечтеп баратат. Бир аз убакыттан кийин бул тоонун бетине көлөкө түшүп, суук кайра күчүнө кирет. Үчөө үчтү атып алып, жылуу үйдө бакылдашып кийиктин этин жейбиз деген үмүттөрүн тоонун суугу менен тизеден келген карда жүрүү, куюн учургандай учуруп, демдерин суутту.

Кайра аттар турган жерге да ахалап араң жетишип, баягы үч бөтөштүн экинчисин бөлө тартып жиберишип артка тартышты. Бирок келген жолдору менен эмес, Жумгал тарапка салышты. Себеби Кызарттын шамалы үйлөп салган капталдын кары жукараак болгонунан жолду өзгөртүштү. Алардын максаты күүгүм кирип көз байлангыча ойго түшүп кетүү.

Ошентип каптал ылдый түшүп калышса, алдыда отуздан ашык топоз жатат жайылып. Арасында өткөн жазда туулган мамалактары да жүрөт.

– Эй, достор тигил топоздордун мамалактарын көрдүңөрбү. Келгиле, ээн талаада биздин эмне кылып жатканыбызды ким карап туруптур. Мамалактан бирди атып, куржундарга салып алабыз да айылга барганда үчөөбүз бөлүп алабыз деген сунушту Базарбек айта салса болобу.

–Кел ай, ошентсе, ошентели. Ушунча келип, суукка тоңуп жүрүп кур кетмек белек. Мамалактын жиликтери да кичине да. Үйгө чоң теке атып алдык деп коёбуз, – деп Базарбектин сунушуна Кадырбай шар кетти.

– Атарын го аттык, ичеги-кардын, башын, терисин эмне кылабыз? – деп Медет бир ооз кыйыктангансыды.

– Сен да кызык экенсиң. Топозго окшош да кийик болчу беле, анын башы менен терисин ала кеткендей. Биз чоң теке атып алып жатпайбызбы. Аларын таштайбыз ушул жерге. Түнү менен жойлоп жүргөн түлкүлөргө бизден шыралга болот.

Күүгүм кирип, көз байлангыча деген үчөө тандабай эле бир мамалакты атып, терисин сыйрып, ичеги-кардын алып ыргытышып, баштык, куржундарга бөлүп салып, артынып жөнөп кетишти. Айылдагы жакшылык менен жамандыктарда бодо мал соё калып жүрүп машыккан Кадырбай ишти заматта бүтүрдү. Капталдап келип, туура жол менен келаткан бөтөн адам астыларынан жолугуп:

– Оо, баатырлар, асынган мылтыгыңар менен томпойгон баштыгыңарга караганда мергенчиликтен олжолу кайткан көрүнөсүңөр. Шыралга, жигиттер! – деп үчөө менен кол алышты. Бирок алардан: «Ээ, кайдан аттыңар? Атканыңар текеби, эчкиби? Кийик көп бекен?» деген эркектер бере берчү суроолорду көп берип, мергенчилерди туюкка камабады.

– Аябай үшүп калган экенсиңер. Жүргүлө менин үйүмө кайрылып, ысык чай ичип жылынып алып бастыргыла. Бир аздан кийин Ай чыгат. Ат жолду көрүп, шар жүрүп кеткениңерге деле жакшы, – деп алдыларынан чыккан үч тамдын башкысына түшүрдү. Медет жакшы эле кыйылып кете бергиси келди эле, тигил экөө ага макул болбоду.

Аттарынан түшүшүп куржун менен баштыктагы эттерди оозгу үйгө калтырышып, аркы төркү үйгө киришти. Бурчтагы темир кара меште лапылдап от күйүп, мештин үстүндөгү эки чайнекте буларды күтүп тургансып чайдын суусу кайнап жатат.

Үчөө чайга тоюп, дене жылып, эми бата кылганы калганда, үйдүн жанагы ээси тигил үчөөнү кыдырата карап туруп:

– Эми жигиттер, мага силердин шыралгаңардын кереги жок. Кийик деп атып алган мамалактын эти өзүңөргө буюрсун. Силер үчөөң тең эзели кийикке чыгып көрбөптүрсүңөр. Аны кебете-кешпириңер айтып турат. Мергенчиликке чыгып көрбөгөнүңөр менен белен «кийикке» мыкты мергенчи экенсиңер. Силердин баштыгыңардагы эт кийиктин эти эмес. Ал менин мамалагымдын эти. Туурабы? Муну жок деп тана да албайсыңар? Себеби, баштыкта эт турат. Эми жигиттер буюрган насипти жан-жаныбардын баары жейт. Анын ичинде адам баласы биз дагы. Силер келатып атып алган мамалактын эти, ал туулганда силерге, өмүрү ат минип кийикке чыгып көрбөгөн силерге буюрган. Болору болду, экинчи мындай арам иш кылбай жүргүлө. Мен силердин куржун-баштыгыңарды оодарган да, мылтыгыңардын атылган үнүн да уккан эмесмин. Мен силерден бул кылган ишиңерди кайдан билип койдум өзүңөр таап алгыла. Кел байбиче, чайга бата кыл, – деп бата кылды да ордунан турду.

Үшүгөн дене жылып, курсакка ысык чай кирип, чала була ымшып турган үч мергенчинин чекелеринен майда тер чыгып, жылуулук менен ысык чайга өзүлөрү тамылжып турган алты бет чоктой кызарды. Ымшып турган денеден тер кетти. Үй ээсинин сөзүнөн кийин тигил үчөө эмне дээрин билишпей дендароо болушту. Оозго «кечирип койуңуз. Иттик кылыппыз. Биз сиздики экенин билбей калдык!» – деген же: Сиздин кечиримдүүлүгүңүзгө, адамдыгыңызга рахмат! – дегенге жарабай, үй ээсин үнсүз жер карап ээрчип эшикке чыгышты.

Үйдүн ээси үйдө сүйлөнгөн сөздөн башка сөз айтпай, куржун-баштыктарын үйдөн өзүлөрүнө алдырып чыгып арттырып, жолго салып жиберди.

Үчөө жолдо далайга үн сөз жок келатышты. Бир маалда жанагы уялган уяттары тарап кеттиби же үй ээсинен аман-эсен чыгышканына эми сүйүнүп кетиштиби, булардын атып алган мамалагы үчүн сөгүп-сагып, абийирлерин кетирбегендиги үчүн жанагы үй ээсин биринен бири сөз талашып жарышып мактап киришти.

## ЭБЕПКЕ СЕБЕП

Тээ качанкы бир өткөн замандарда, баласы он бир, он экиге чыгып калган жесир аял ошол жалгыз баласынын амандыгын тилеп жашап жүргөн экен. Эри ошол учурдагы душмандар менен болгон урушта каза болуптур. Анда ал экөөнүн ортосунда бул бала төрт-бештерге чыгып калган кези. Күйөөсү каза болгондон кийин: «Жалгыз баламды жалдыратып эч кимге кор кылбаймын»,– деп колун сурап келгендерге да макулдук бербептир. Элден калбайын деп эл менен жайда жайлоого чыгып, күздө жакага түшүп оокат кылчу.

Ушул жай аяктап калганда, адаттагыдан күн эртелеп муздап калгандыктан, эл жапырт жакага эмес, кыштоолорго түшүшөт. Эл менен кошо боз үйүн өгүзгө жүктөп, бир-экин малын айдап кайнатасынын кыштоосуна келип конушат. Көчүп келишип кызыл жардын түбүндөгү эринин атасы конуп жүргөн журтка боз үйүн тигишет. Боз үйдөн бир аз арыда жогору өрдөп кетчү коктунун ооз жагында чакан таш короо бар. алардын бет маңдай тарабында төмөнүрөөк жерде булак бар. Таш короолорду ташы көп кокту-колотторго эле сала беришкен эмес. Эң негизгиси тегерегинде суунун болушуна, экинчиден малга жайлуулугу менен үйгө да, малга да ылымта боло турган жерге карашкан.

Аял уулу менен конгон кыштоодон төмөн эки үй, алардан кийинки жогорку таш короодо бир үй бар. Эмнеси болсо да бири-бирине караан болгондой болуп жамаатташ отурукташкан.

Баланын чоң атасы кыштаган коктунун ичиндеги негизги байлык – отундун көптүгү. Андагы жапайы талдар, жерге жатып өскөн жапыс арчалар менен шилбилерге кокту бай. Бала күн алыс ошол коктуну өрдөп бир маал отунга барып турат. Ушундай күндөрдүн биринде отун алганы кеткен бала күзгү алашалбырт жаанда калат. Бала балалык кылып, басылып калабы деген ойдо жарга корголоп далайга отуруп калат. Акыры жаандын басылбай турганына көзү жетип, кар аралашкан какшаган суугу жандан өткөн ушул жаанда үйүнө жөнөйт. Өтмө катарынан суу өтүп, көк муштум болуп он жашар Уларбек үйүнө келет. Апасы байкуш канчалык от жагып, ысык чай уурттаткан менен баланын чыйрыкканы басылбайт.

Эртең менен жакшы болуп калар деген үмүт менен апасы Уларбекти төшөгүнө жаткырып, жылуулап жаап жанында отурат. Бала түнү менен жөөлүп тынч алып уктабай чыгат.

Таң эрте баласына тамак даярдап берген менен такыр наар албайт. Күндүз да эти от менен жалын болуп тынчы кетет. Андан-мындан айттырып, чакыртып табыпчылык кылгандарга көрсөтөт. Ар кимиси ар кандай божомолдорду айтышат. Алардын айткандарынын баарын жасайт. Бирок бала айыкчудай эмес. Уларбек тескерисинче, күндөн-күнгө арыктап, өңдөн аза баштайт. Болгону үч-төрт маал суу ичет. Эчтеке жебегенинен ошол ичкен суусуна талкан себелеп уурттатат. Кээде аз болсо да азык болобу деп, суунун ордуна коюураак кылып чалап уурттатат. Анын тамак ичпегениненби же оорусу ошондойбу, ордунан туруп баспай калганына да бир айдан ашып кетти. Күндүзү жата бергенинен бели талыбасын деп, артына бийик жууркан жөлөп, отургузган болот. Бала баштагыдай апасы менен да сүйлөшкүсү келбейт. Апасы Айжаркындын Кудайдан жалгыз тилегени уулунун айыгып-кетишинен башка тилеги жок. Бакшыларга да, жакшыларга да көрсөттү. Уларбектин алдыга жылыш

ден соолугунан үмүт болбой калгандай. Баланын ден соолугуна каргаша болгон күз да, күнү-түнү суугу менен атагы чыккан кыш да бүтүп жаз келди. «Өлбөгөн кулга жаз келет болуп, жер жарылып чөп чыкты, желин айрылып сүт чыкты». А бирок баланын ден соолугунан апасы үмүт кылгандай жылыш болбоду. Балам жаз келсе айыгып кетээр деген апасынын жаз аяктап бүтүп бараткан сайын андан да үмүтү үзүлүп барат.

Убакыт учкан куш болуп, жай бүтүп, айланып күз келди. Күз бүтүп эл кыштоого түшүп кыш келди. Баласынын ден соолугун Кудайдан үч маал тилек кылып суранып, Айжаркын бала ооруган күздөн бери ошол таш короодон бир карыш жылбай, журт которбойт. Жайкысын туугандарына кошуп жиберген бирин-экин малы күздө өз колуна келет. Анткен менен күйөөсүнүн жана өзүнүн төркүндөрү тарап убак-убагы менен каттaшып ун-талкандан өксү болбойт.

Уларбек болсо улам төрт мезгил алмашкан сайын өңдөн кетип, сөөктөн эт качып арыктагандын үстүндө. Апасынын да уулунун айыгарынан үмүтү үзүлүп, баласына ыйлагандан башка аргасы калбай калды. Уларбектин уркуйган бет сөөгүн, ары кирип кеткен көзүн, кылдай ичкерген мойнундагы кебетеси кетип бараткан башын карагандан айбыгат. Кээде баласынын бул кебетесин көрүп чыдай албай кетип, кучактап алып Кудайга үнү жетип буркурап, кадимки талаадагы ээн карышкырча улуп-уңшуп ыйлайт. Мындайда баланын апасына зээни кейип, көзүнө жаш албайт. Болгону үстөмөнүнөн бутун кучактап жаткан апасынын башынан арык, алсыз колдору менен акырын сылагандан башка аргасы жок.

Айжаркындын баласын айыктырып алганга себеп болобу деп, чөгөлөп алып көзү өтүп кеткен ата-бабаларынын атын атап алардан жардам сурады айла болобу деп. Эненин жүрөгүндөй балага тартылып турган мээримдей мээрим болбосо керек бул жашоодо.

Күнүгө үч маал салган төлгө ташы да бир жолу ачык түшүп, эненин көңүлүн көтөрө албады. Анан андан да үмүтү үзүлүп төлгөсүн салбай калды. Айжаркындын бир аз болсо да көңүлүн көтөрө калган жакшы үмүттөрү мурункудай алыска кетпей эле, ушул өзүлөрүн жашап жаткан эски боз үйүн тегеректеп калгандай.

Ушул Уларбектин чоң атасынын таш короосуна жакын чыккан булакка, тигил күн чыгыш тараптагы бөксө кырдан жол түшөт. Ал жол менен көбүнчө аңчылыкка чыккандар, бирин-эки соода кылгандар өтөт жайкысын. Болбосо, ал жолдон жайдыр-кыштыр булакка сууга келген малдын туягы үзүлбөйт.

Кыш бүтүп, жаз аяктап бараткан күндөрдүн биринде Айжаркындын боз үйүнүн эшигинин алдына колунда аса-муса таягы бар, ээгинде аппак куудай сакалы, башында оронгон ак селдеси бар, чапанын ак кур менен бек бууган карыя келип токтоду. Булактан чаначка суу көтөрүп келаткан Айжаркын, ал карыяга баш ийип учурашты. Карыя саламды баш ийип кабыл алды да, Айжаркындан суу жуткуруп коюуну өтүндү. Айжаркын боз үйдүн эшигин көтөрүп, карыяны үйгө киргизди. Далай жолду баскан галош босогодо калып, ээси төргө өттү. Айжыркын сунган аяктагы булак суусун эки тынып жутуп жиберип, төшөктө жаткан сыркоолуу бала экенине көзү жеткенсип карап турду да, анан Айжаркынга суроолуу карады.

Балага болгон, айыгат деген үмүтү үзүлүп бараткан Айжаркын: «Кудай ушул адамдан баласы үчүн бир оң шыпаа болуп кетеби» – деп, баласынын жанына сыңар тизелеп отура калып, болгон дартын ак сакал карыяга төгүп жиберди.

Абышка акырын жылып баланын жанына барды да, адегенде сол колунун билек тамырын далайга кармап турду көзүн жуумп, башын төмөн түшүрүп. Анан оң колунун да билек тамырын далайга кармады. Чөгөлөп оту-

ра калып, эки колу менен баланын башындагы эки чыкый тамырды да бир аз басып турду да, ордуна отурду. Далайга жер тиктеп, бирөөлөрдөн буйрук күтүп жаткансып, Уларбектин сол билегинин тамырын оң колу менен кармап, сол колунун алаканы менен баланын жүрөгүн басып, эки көзүн чылк жуумп, анан Айжаркынды карады.

Эч сөз айтпай ордунан туруп барып галошун кийди да эшикке чыгып кетти. «Э, кокуй! Бул кишинин сүйлөбөй чыгып кеткени эмнеси? Мындай болгондон кийин колунун тамырларын эмнеге кармады?» деген Айжаркын тигил карыянын артынан шашып чыкты. Карыя болсо боз үйдөн карап турган экен. Сыягы, үй ээсинин өзүнүн артынан келерин билсе керек. Айжаркын аны көздөй басканда, карыя да ары бурула берип, алдыга жөнөдү. Ал боз үйдөн бир топ алыстап барып, артына бурула бергенде Айжаркын чыдабай кетип: – Айтыңызчы, балам айыгабы? – деп жиберди мукактанган үмүттүү үн менен. Карыя кайра Айжаркынды карай эки кадам алдыга жылып: – Балаң айыгат. Бирок ошол соруга даба боло турган дары болчулар табылса, – деди «алар кайдан табылмак эле» дегендей ишенимсиз үн катып.

– Ал эмне болгон дарылар? Сураштырып издесек табылчу дарыларбы? – деди Айжаркындын «айыгат» деген сөздү угушу менен көңүлү ачыла.

– Балага күзгү жаан менен күзгү шамалдын суугу өтүп кеткен. Ошол тийген суук сөөккө жеткен. Муну ошол суук тийген учурда кара койдун ысык сорпосуна эрменди кошо кайнатып үч жолу киринтиш керек болчу. Ошондо тер менен кошо чыгып кетмек. Бул азыр баладагы дарт, өтүшүп кеткен сөөк суук. Баланын жүрөгү таза, тамырлардын кагышы да өз абалында. Эти жылуу болгону менен жалпы денедеги сөөк муздак. Ошон үчүн баланын чыйрыкканы тарабайт жана тердебейт. Мен айта тургандар табылса дегеним «табылат» деп үмүттү

жандыра турган, алардын табылышына көз жете турган, мурда ушундай болгон, азыр да тапса болот деп бүтүм чыгарчу нерселер эмес.

– Айтсаңыз. Угуп салып менин да жаным жай алсын. Табылчу дары болсо табылар, табылбачу дарылар болсо айла жок да. Баламa пендем десе бир жакшылыгы болор? – деген Айжаркын жашып жиберди.

– Менин үйдөн алыстаганымдын жана баланын жанында айтпаганымдын башкача жөнү бар. Атайын алыстап качып, кетип калган жатат дебе. Эгер бала азыр мен сага айта турган дартка себепкер болчуларды укса, анын айыгам бир күнү деген үмүтү үзүлөт. Адам баласы баарыбыз үмүт менен жашайбыз да. Бала эмес анын да азыр угуп, ошол дары болчу нерселердин табылышына көзүң жетпей, ар кандай ойлорго келишиң мүмкүн. Анда угуп тур. Биринчи жети жылы туу калып (туубай) быйыл жазда тууган жети жашар төөнүн сүтү керек. Экинчи, жети жылы туубай калып, быйыл тууган жети жашар жыландын уусу керек. Үчүнчү, мындан бир канча жыл мурун өлгөн адамдын жамбаш сөөгүн жарып чыккан ортосу көңдөй (камыш) куурай керек. Эгер мына ушул үчөө бириксе уулуң жети күн тердеп, сегизинчи күнү басып кетет, – дейт да оор улутунуп кете берет.

Муну уккандан Айжаркындын уулунун такыр айыкпасына ишенбөөгө болбой калганына баш ийгенсип, ошол турган ордунда каккан казыктай катты.

«Берейин десе кулуна, белен кылат жолуна» деген макал, тигил кызыл жардын кырында бала ооругандан бери бир жакшылыкты күтүп отурса керек.

Жайдын дал ортосу болуп калган кездин бир күндөрүндө үч төөнү үч киши минип, үч төөнү жетелеп, эки ботосун ээрчиткен кишилер булактан келип төөлөрүн сугарышат. Бирөө минип турган төөсүн чөгөрүп түшүп, булактан суу алмак болот. Жетелеген бир төө суу ичпей, оозунан көбүк чачылып, тыбырап өзүн жетектеген төөнү айланып буркурайт.

«Ботосу өлгөн төөдөй боздоп» деген сөз ушундан калса керек. Ушул учурда Айжаркын да кол чаначын көтөрүп, колуна суу алмакка аягын кармап булакка жакындап калган эле. Булактан суу алайын деп жатканы, алардан айбыгып токтоп калган Айжаркынды кол булгап чакырып калды. Анын эмнеге чакырып жатканына кызыкса да басып барды. Ал киши адегенде Айжаркындын колундагы жыгач аякты сурап алып, адегенде өзү суу ичип, анан төө үстүндөгүлөргө суу жуткуруп, ошол аяк менен чаначын сууга толтурду да:

– Эгер макул болсоңуз бул буркураган төөнү саап калсаңыз жакшы болот эле. Кечээ түнү ботосун түнөгөн жерде карышкырларга жедирип жибердик. Желинин сүт тепкенгеби же ботосун издеп жатабы, боздой берип кулактын кужурун алды. Саайм десеңиз мен кармап берейин, – деди Айжаркындан өтүнүп.

Айжаркын үйүнө барып, уй сааган уй тери чакасын көтөрүп келип жолоочу кармап берген төөнү саап алды. Саап келген төөнүн сүтүн чарага куюп, ашкана тартылган керегенин түбүнө койду да, бир аз отун терип келип, төөнүн сүтүн бышырып алмакка отунга чыгып кетти. Ачылган чий ашкана кайра тартылып жабылбай калды. Уларбек кызыл жез чараны карап атса, керегенин түбүнөн үч карыштай кара чаар жылан кирип, жез чарадагы сүткө уусун агызып, кайра сойлоп сыртка чыгып кетти. Баятан бери муну көрүп жаткан бала: «Ушинтип, жалдырап жатканда көрө, апам келгенче жыландын уусу кошулган сүттү ичип өлүп калайын», – деди да боору менен жылып барып сүттү карады. Ууну сүткө аралаштырып чалып жиберейин деп, керегенин түбүндө өсүп турган, ортосу көңдөй эки карыштай узун көк куурайды сындырып алып, чарадагы сүттү чалып жиберип, ошол куурай менен чарадагы болгон сүттү соруп ичип жиберди да, төшөгүнө сойлоп барып жатып алды. Аз убакыт өтүп, денеси жибип барып көшүлүп уйкуга кетти.

Айжаркындын эч нерседен капары жок көтөрүп келген отунун коломтого калап, чарадагы сүткө барса сүт жок. Чарада ортосу түтүк көк куурай жатат.

– А байкуш балам ай! Аябай суусаса керек. Мен жок, сойлоп келип сүттү ичип алган тура, – деп Уларбекке келсе алка-шалка түшүп тердеп да, уктап да жатат. Ошол жерден Айжаркындын эсине баягы аксакал карыянын айткан сөзү эсине түшүп:

– Оо, жараткан Кудайым! Үйүмө келип суу ичип кеткен жолоочу карыянын айткан дарысын бердиңби балама? Ылайым эле ошондой болуп калса экен? деген Айжаркындын эки көзүнөн салаалап аккан жаш бети ылдый куюлуп, чөгөлөп отурганда эки тизесин жаап жүргөн көйнөгүнүн этегин суулап жатты.

Уларбек эшигинин алдында апасы ашаткан улактын терисин ушалап, чоюп жиберип жаткан. Дабыш чыкканынан караса, башында ак селдеси, колунда аса-муса таягы бар ак сакал киши өзүнө жакын келип калыптыр. Бала ордунан тура калып, шашып салам айтып колун сунуп жиберди. Уларбектин бирөөгө салам айтканын үйдөн уккан Айжаркын чыга калып, баягы үйүнөн суу ичип кеткен ак сакал абышканы көрдү да башын ийип учурашып, баягыдай боз үйүнүн эшигин ачып, ак жолтой карыяны үйүнө киргизди.

## БАЛАЛЫКТАН ЭКИ КӨРҮНҮШ

*«Кайда калдың, кагылайын балалык?*
*Кайра сага барбайбыз ээ жаралып.*
*Турмуш жолдо тулпар сындуу чабылып,*
*Турам сени улгайганда сагынып.*
*Балалык кез бир кайрылып кетсе деп,*
*Эңсейбиз биз, сагынабыз баарыбыз!»*

Биздин үй менен ошондогу биз окуган эски мектептин ортосундагы аралык ашып кетсе беш жүз метрдей эле. Класстагы жыйырма эки окуучунун ичинен мектепке үйү өтө жакындардан мен жана Лида классташым экөөбүз боло турганбыз. Өйдөкү айылдан мектепке үйү эң эле жакыны Искен класстаишыбыздыкы. Айрым күндөрү мен мектептин эртең мененки биринчи коңгуроосу кагылганда үйдөн чуркап чыгып, антип-минтип окуучулар катарга тизилгенче мектепти карай түз кеткен ичке төтө жол менен чымын-куюн болуп жетип барар элем. Бул биринчи сабакка бизди чакырган коңгуроо адатта он минута эрте берилчү.

Ошол алтымышынчы жылдардын башында, элүүнчү жылдардын аягында ар кайсы жерде бөлүндү-бөлүндү болуп отурукташкан айылдарды бир жерге топтоп, бир колхоз кылып ирилештирип жаткан учур болсо керек.

Айылды аралап күн батышты көздөй кеткен, топурагы кызыл ашыктан ашкан чоң жолдун жээгине Жаңы-Алыш деген өтө жогорку айылдан көчүп келген Абды деген таякелер там салып жашап жатышкан. Уулу мек-

тепте мугалим болуп иштечү. Алардын тамы биздин ылдыйкы айылдагы үстү шифер менен жабылган тамдардын алгачкылары болуш керек эле. Алардын огороду Лида экөөбүз мектепке каттаган жолдун аркы-берки жагында болгондуктан жазында ал жерге картошка айдашчу. Ошондо картошканы деле бизден ылдыйкы айылда биринчи ошолор айдашса керек. Себеби биздики жана бизден ылдый отурукташкан бирин-серин үйлөрдүн мындай көп жалбырактуу өсүмдүк айдашкандарын дегеле көргөн эмесмин. Көрмөк турсун ал кебетеси суук картошканы жеп да көрөлек болчумун. Ооба, алгачкы жолу картошканы көргөнүмдө анын кебетеси өтө эле быткылала болуп, бетине чечек чыккан кишидей элестеткен элем.

Өйдөкү айылдан келип окуган классташтарым, ошол сентябрь айынын ортосундабы же башындабы, картошканын сабагында көп санда пайда болгон тоголок көк нерсени чөнтөктөрүнө сала келишип, балдар-кыздарды уруп ойношчу. Андай томолокторду жолумдагы калың жалбырактардын арасынан көрчүмүн. Менин деле андан үзүп алгым келип турса да алчу эмесмин. Көбүнчө ээси көрүп калса урушат деп коркчумун. Эмнегедир жалбырактын ошонусун үзүп алсам эле, тигил жапжашыл болуп турган жалбырактар өлүп калчудай сезилчү.

Ылдыйкы айылдан балдардан мен жалгыз, кыздардан Лида класссташым болуп экөөбүз эле окучубуз. Отурукташканга көчүп келише элек Талаа-Булак айылынан Курманбек, Момунбек, Райкан үчөө, кыздардан жалгыз Анаке төртөө келишет. Талаа-Булак айылы биздин айылдан бир жарым чакырымдай алыс. Класстагы жыйырма эки окуучунун он сегизи жогорку айылдан келишет.

Атам Жусупбек анда башка бир айылда мугалим болгондуктан, мен чоң атам Абдыкалык менен чоң энем Сонункандын колунда чоңойдум. Биздин үйдө үчөөбүздөн башка, чоң атамдын Чүйдүн Ак-Бешиминен турмуштан чыгып келген кызы бар. Малике эже атамдын эжеси

болсо да эмнегедир апа дебей эже деп калганыма кийин таң берип жүрдүм. Жарыктык киши, колун сурап келгендерге макул болбой жүрүп, кийин сексенден өткөндө дүйнөдөн кайтты.

Ал кездеги жалпы элдин жашоосу жупуну, элдин да эч кимге жамандыгы жок, токпейил жан дүйнө адамдар эле. Үстү балык жон болуп жабылган, астын энем менен эжем убагы келгенде ак топуракка уйдун жаңы жампасын кошуп аралаштырган ылайча (раствор) менен шыбап турушкан эки бөлмөлүү үйдө жашайбыз. Оозгу үйдө чоң атам, чоң энем, мен үчөөбүз жатабыз. Ортодо жайдыр-кыштыр эшикти көрбөгөн казан меш бар. Атам жетимиштен өтүп калган аппак сакал, ак чачтуу, ачуусу чукул, бирок ак көңүл жакшы адам эле. Атам төрдө жатат. Энем экөөбүз төркү бөлмө жактагы дубалдын түбүндө жатабыз. Эжем болсо ар дайым төркү бөлмөдө. Ал үйдүн да ортосунда карта меш деген эки этаж көрктүү меш болуп турган. Андан ары төрдө тамак-аш салган, эки каалгасында кооз оюусу бар чакан көрктүү шкаф, эң төрдө сыйлуу жуурkandар жыйылган такта бар. Ашып кетсе ал тактада деле төрт-беш саксак көлдөлөң, беш-алты жууркан боло турган. Төрдөгү дубалдын бетинде үйгө өзгөчө көрк берип турган колго сайылган чоң туш кийиз тагылып турчу. Мына үйдөгү болгон көзгө көрүнүктүү оокат.

Окуй элек кезим. Чоң энем менен эжемдин кайда кеткени эсимде жок. Короодо ойноп жаткан мени атам чакырып, дагараны алдырып алып, баягы оозгу үйдөгү мештин күлүн чыгара баштады. Кыязы, атам экөөбүз түшкү чайды ичмекке камынып калдык окшойт. Мен атамдын жанында аны карап туруп эле, кире бериш босогонун сол тарабындагы дубалдын бооруна кагылган кичине казыкка байланган, аттын кылы кошулуп эшилген ичке жипти атамды көздөй тартып ойноп кирдим. Атам күл чыгарып жатып:

– Жипке асылбасаңчы. Үзүлүп кетип, башың мешке тиет, – деп эки ирет эскертти.

– Үзүлбөйт, – деп болбой болгон күчүм менен артка тартынып жатам.

– Доңуз койсоңчу! – деди дагы бир ирет эскертип, үнүн көтөрө.

– Үзүлбөйт, ата, – деп эки бутумду тамдын түбүнө тээп чиренип, ары кыйшаңдап, бери кыйшаңдап чайпалып жатам.

Бул жип менен кээде энем атамды киринткенде эшиктин ички туткасына байлап эшикти бекитип алчу. Ошентип байлап алышып энем менен эжем да кирип-нишчү, атам күлүн чыгарып жаткан мешке от жагып, суу ысытып алышчу.

Бир ирет токтой калып, күл салынып жаткан дагараны карасам дагара күлгө толоюн деп калыптыр болчу. Караганымдын себеби, күл толгон дагараны төгүп келүү менин милдетим эле. Аңгыча эле баягы мен тартынып жаткан жиптин дубалдагы казыгы чыгып кетпеспи. Эки бутум менен тамдын түбүн тээп, жипке болгон салмагымды салып жаткан мен чалкамдан кетип, күлгө толуп калган дагарага башым барып кирип кетти. Башым күч менен дагарадагы күлгө тийгенде, жерден жарылган минанын топурагындай өйдө чачыраган күл атамдын бетине жабыла берди. Шашып тура калып эшикке атып чыктым.

– Кой десе болбойт, доңуз! – деп атам артымдан эшикке чыгып келатат. Атамдын кебетесин карасам, атам эмес эле сакалчан желмогуз. Аңгыча чоң энем менен эжем да келип калса болобу ошол маалда. Адегенде алар чоң атамдын кебетесин карашып нес болушту. Анан мени карап алышып каткырып күлгөнгө киришти.

Атамдын күл жапкан бетин энем менен эжем тазалап бүткөнчө, атам болуп өткөн окуянын чоо-жайын айтып да бүттү. Жакындасам атам кармап алып уруп коёбу деп алыстан карап турам тигилерди. Атам мени урчу да, урушчу да эмес. Апам бул үйгө келин болуп келгенден сегиз жылдан кийин төрөлүптүрмүн.


V-Б. класс. школа
1964-65 уч. год.


Уч-ся 6го Б кл. школы им Крупской
1966-1967 учеб. год 24/IV-67г.


ВЫПУСКНИКИ 8го КЛАССА
ТАЛА-БУЛАКСКОЙ 8летней
Школы 1968-1969уч. года.
МАМУНКУЛОВА Ж. физик.
ТОКТОСУНОВА Ф. химик.
ДЖУМАНАЛИЕВ К. историк.
ДЖАЛИЕТЕКОВ А. пр. кир. яз.
АБАИЕВ С. директор.
МАМБЕТАЛИЕВ К. биолог.
БУКУШЕВА Ж. завуч.
БАКАЕВ М. кл. рук.
ДОБУКЕЕВА К. пр. русс. яз.
САЛПИЕВ К.
БЕШКУРОНОВА
ТОКОНОВ А.
ТОКТОНОВ А. пр. по пение и черч.
АШИРАЛИЕВ К. физрук.
АЧЫПОВА Н.
ЖУСУПБЕКОВ
ДООЛОТОВА К.
БЕРДИГУЛОВА Б.
ШЕЙШЕНОВ Ш.
ИСАКОВА К.
ЖАКЫПОВ Б.




К. Мамбеталиев атындагы орто мектебинин мугалимдер жамааты. 25-май, 2018-жыл.

## УУРУЛУК

Баягы энем экөөбүз жаткан төшөктөн эртең менен туруп жатып эле, эмнегедир биздин алдыбызда дайыма жатчу шырдакты ачып алдым. Ачылган эле жерден көзүмө акча көрүндү. Туруп мектепке кетчу кийимимди кийиндим. Эки жакты байкап туруп, баягы акчаны санап туруп, теңин шымдын оң чөнтөгүнө салдым да, эжем куюп берген чайды шашылып ичип, мектепке жолго чыктым. Мурун акчанын өңүн көрүп жүрсөм да, кармап көргөн эмесмин. Биринчи жолу чөнтөгүмө акча салышым. Оң колум чөнтөгүмдөгү акчаны кармап баратат. Мага белгисизи канча сом акчаны уурдап баратканым. Бирок бүткөн боюм ымыр-чымыр. Бул күнкү жашоодой жашоо жоктой. Ушул күнү айылда менден өткөн кубанган, менден өткөн бай жоктой. Акча кармаган алаканым ымдашып, акчага жабышат. Ал эмес акчанын тушундагы саным да аптапургансып бир башкача. Колумду чөнтөгүмдөн чыгарып, нымдалышкан алаканымды жамбашыма сүртүп, оозум менен үйлөп желдетип шашылыш түрдө колумду чөнтөгүмө салып, акчаны кармалайм. Кокус кармабай калсам эле акча чөнтөгүмдөн чыга каччудай сезилет. Улам-улам артымды карап, Лида бүгүн сабакка келбей эле койсо экен дейм ичимден. Мектепке жакындаганда класстан жазарымды ойлоп, эки жагымды карап, шашылыш түрдө оң чөнтөктөгү акчаны сол чөнтөгүмө которуп, сол колум менен акчамды кармап келатам. Кызык акчаны кармары менен сол колум да заматта нымшып чыкты.

Мени менен менден эки жаш улуу, апамдын агасынын баласы окуйт. Класстагы балдардын баарынан мага эң жакыны ошол. Себеби анын атасы мал баккандыктан кээде жайлоодо бирге болуп калабыз. Ал эми күзүндө анын ата-энеси тоодон түшкөнчө ал биздикине жатып окуп калат. Чөнтөгүмдөгү акчаны ошону менен бөлүшкүм келип, улам бурулуп артымды карап коём. Анын бою бизден узун болгондуктан ар дайым эң арткы партада отурат. Мен караган менен ал карабайт. Менин чөнтөгүмдөгү акчаны ушунча балдардын ичинен аны менен бөлүшкүм келип атканын ал кайдан билсин. Анын аты да кызык болчу Текебай деп. Чыныгы аты Жумабек экенин кийин сегизинчи класста окуп жүргөндө билдик көбүбүз. Анда-санда коншунам Лиданы да карап коём. Ага да чөнтөгүмдөгү акчамдан бөлүшкүм келет. Ал отурат менин оң жак капталымдагы катарда эч нерседен капары жок тыпыйып. Менин акчамды бөлүшкүм келип жатканын ал да кайдан билмек эле деп коём аны карап. Текебайга караганда Лида кыз эмеспи, ушуга эле бербейлиби дейт дагы бир оюм. Ал дайыма таза, токтоо жүрөт. Экөөбүз да жакшыбыз. Мен аны жакшы көрөм. Ал деле мени жакшы көрсө керек. Үйүндө момпосуй болуп калганда, сөз жок мага ала келет да, дайыма сабактан тарап баратканда берет. Эмнеге билбейм, сабактан берсе деле болот эле да. Лидага акчаны берсем деле болмок. Бирок ал кыз да. Үйүнө барганда апасына айтып коёбу деп андан чочулайм. Апасы укса сөз жок чоң энеме же Малике эжеме айтты дей бер. Болуп жаткан сабактын эч нерсесин укпай жалаң акча менен ой жүгүртүп отуруп, акчамды Текебай менен эле бөлүшмөй болдум.

Эки саат сабак бүткөнчө сол чөнтөгүмдө колумду тердетип акчамды кармап, түркүн ойлор менен аралашып отурдум. Экинчи саат бүткөндө айланасы байса дубал менен курчалган мектептин багынын ичине Текебайды чакырып бардым. Мындай абалды күтпөгөн Текебай:

– Эмне болду? – деди шашып.

– Эчтеке болгон жок, – дедим.

– Эчтеке болбосо мында эмнеге ээрчитип келдиң? – деди жактырбагандай.

– Акча аласыңбы? – дедим ага карап.

– Кана? – деди көздөрү жайнап.

– Мына, – дедим сол чөнтөгүмдөгү алаканымдын теринен нымдалышкан, бүктөлгөн көк акчаны көрсөтүп.

– Омиий! – деди да колумдагы акчаны ала калды. Анан бүктөлгөн акчаны жазып жиберип:

– Буларды кайдан алдың? – деди мага суроолуу карап.

– Таап алдым, – дедим ага сыр билгизбей.

– Таап алсаң, аябай жакшы болуптур. Эми булар биздики да. 3 деген саны бар көк кагаздан төртөө экен. Оо, андагы 3 сом акча, азыркынын 300 сомуна тете болчу.

– Таап алган акчаң төртөө турбайбы. Экөөнү сен ал, ме. Мен экөөнү алайын ээ. Ошондо тең бөлгөн болобуз, – деп мага экөөнү кармата салды да, эки көк кагазды өзүнүн чөнтөгүнө салды. «Мага бересиңби?» – деп менден сурабай эле бөлүштү да дубалдан секирип бактан чыгып кетти. Чогуу окусак да, менден эки жаш улуулугун кылган экен ошондо, азыр ойлосом. Мен 1-класс, ал үчүнчү болмок экен. Сабак бүтүп, Лида экөөбүз баягы картошканы аралаган ийри төтө жолдо үйгө баратабыз.

– Лида, – дедим аны карап.

– Ии, – деди жер караган калыбында. Баятадан бери өзүмдүн кылган жаман ишиме бушайман болуп тургонымды, анын көңүлкош «ии» эле деп жооп берип койгону ого бетер жаман кылып жиберди.

– Лида, сен акча таап алсаң эмне кылат элең? – дедим ага карап.

– Каяктан? – деди менин суроомо жөн эле кызыкпаган түр менен.

– Мисалы, жолдон же үйдөн.

– Жолдон таап алсам, атам менен апама алпарып бермекмин. Ал эми үйдөн таап алсам, ал акча атам менен апамдын акчасы да. Мен акчаны өзүм алып эмне кылмак элем? – деди мага суроолуу карап.

Лиданын ушул сөзүн укканда бүткөн боюм эртең мененкидей чымырап, бетим ысып, ача кармаган чөнтөгүмдөгү колум суулана түштү.

– А сен акча таап алсаң эмне кылат элең? – деди капысынан мага кайра суроо берип.

– Билбейм, – дедим шашпай, аны карай албай.

– Эмнеге билбейсиң? Сен деле чоң атаң менен чоң энеңе бермексиң да. Экөөбүзгө азыр акчанын эмне кереги бар. Ушул жерден сөз жип үзүлгөндөй үзүлдү.

Ошондо кайра артты карай чуркап, Текебайга жетип, берген акчамды алып алгым келип кетти. Бирок мен такыр анте алмак эмесмин.

Үйдүн тушуна келгенде жер караган бойдон унчукпай үйгө кирип кеттим. Адаттагыдай Лиданы «жакшы бар» деп айтпадым.

Үйгө кирип эле:

– Ата! – дедим демейдегиден башкача да үн чыгып кеткенсиди. Жанына жакын келдим. Атам болсо төрдөгү төшөгүндө көйнөкчөн отурган экен. Ооба, атам айрым күндөрү күндүз деле кадимкидей төшөк салдырып, чечинип жатып алчу.

– Айта бер. Эмне болду? – деди мени суроолуу карап.

– Акча таап алдым!

– Кана? Канча акча экен?

– Билбейм. Экөө экен, – дедим алаканымдагы түшкө чейин нымдалышып бүткөн көк кагазды көрсөтүп.

– Кайран балам. Менин балам ушундай табышкер. Э, Малике! Өскөнбай акча таап алган тура. Берки кемпирим экөөбүздүн пенсия акчабыз кайда? Ме, бул балам таап келген акчаны ошого кошуп кой. Биз эмне бирөөнүкүн уурдап алдык беле.

Малике эжем төркү үйдөн чыгып келип, атамдагы акчаны алып, баягы мен акчаны алган шырдакты көздөй басканда, эки көзүмдү жуумп жибердим. Колум эмес, жонумдан бери тер чыгып кеткендей болду. Ал тарапты кароого менде бул саам эч мүмкүнчүлүк болбой калды. Эжем шырдак астындагы акчаны алып санаганын билип турдум.

Аңгыча атам:

– Баламдын акчасын кошкондо баары канча болот экен? – деди турганга камынып жатып.

– Ата, бул акчанын теңи жок. Өскөнбайдын таап келген алты сомун кошкондо, мурунку акчага дагы алты сом жетпей жатат. Үй ичи бир саамга түнжурай түштү. Абышкасынын аягында жүп тытып, башынан акча менен иши жок отурган чоң энем да бирде кызын, бирде мени карап бул башаламан болуп кеткен сөзгө түшүнбөй уртаң болду. Атам экөөбүз аябай жакшы элек. Ал мени ур- мак турсун тилдечү да эмес. Карт киши баарын түшүндү. Бир аз жымжырттыктан кийин:

– Бери келчи, балам, – деп колумдан тартып жанына отургузду да:

– Акчаны сен алдыңбы? Сен алсаң ачыгын айт. Акча менен кумар ушундай азгырма, балам. Ошентип азгырат. Тең акча кайда? Тигил чөнтөгүңдөбү?

– Жок.

– Бирөөгө бердиңби? Берсең айт, кимге бердиң? Мен анын үйүнө барып эле алып келем.

Берген баланын үйүнө барам дегенинен коркуп кеттимби...

– Текебайга, – деп жибердим шашып.

– Качан бердиң ага?

– Жана сабактагы танаписте.

– Ал сени менен сабактан чогуу тарадыбы?

– Ооба.

– Малике, мунун өзүн ээрчит да, жөнө. Акчаны Текебайга берген тура. Ал дүкөнгө жетсе жок кылып жиберет. Ылдамда! – деди шашылып.

Эжем бүгүн акча кармап сүйүнүп, терден жүргөн колумдан жулка кармап, силкип жетелеп картошка жолду аралап, мектептен өтүп, чоң жолдо келатабыз эжем экөөбүз, сүйрөшкөн чоң-кичине машиналардай болуп.

Кудай жалгап Текебай таякем балдар менен ойноп кармалып калса керек. Өйдөкү айыл менен ылдыйкы айылды далай жылдар дүкөн аталып тейлеп келе жаткан эки бөлмө боз тамга жетелек экен. Текебайды алыстан тааныган эжем «Текебайлап» үч-төрт кыйкырып токтотту. Биз ага жеттик. Жетип эле эжем:

– Текебай, келе акчаны! – деди.

– Эмне акча? – деди Текебай. Бергиси келген жокпу же чын эле балдар менен ойноп жүрүп менин акча бергенимди унутуп калганбы, эжемди, мени ойлуу карагансыды.

– Эмне акча болмок эле. Өскөнбайдын мектептен сага берген 3 сомдон 6 сомду. Текебай мени бир карады да, аябай өкүнгөн түр менен жерге тиш арасынан чыйт түкүрүп, чөнтөгүндөгү мага тааныш эки көк акчаны эжеме сунду. Акчаны эжем алары менен жанагыдай ачуусу келе, менин колумду жулка тартып, жолго түштүк. Эжем мага ачуусу келип сөз айтпады. Айтпайт болчу. Анткени үйдө менин таянар аксакал тоом бар болчу да.

Менин уурулугум кармалып калгандагы атамдын: «Акча менен кумар азгырма» дегенинде, кумар да акча болсо керек. Ал кумар деген мен уурдап алган акчалардан чоң болду бекен же акчадан кичине болду бекен деп ойлой берчүмүн. Ал азгырма деген эмне экенин, кагаз акча эмес экенин, кийин эс тартканда ошол эле атамдын өзүнөн сурап билгемин.

*Бишкек шаары, 2019-жыл, май айы.*

# Жанаша макал-лакаптар

Далай жылдарды карыткан элдик макал-лакаптардын жанына өзүмдүн ой-толгоолорумдан чыккан, жорго сөздөр дейминби же ошол элдик макал-лакаптардын экинчи маанисин ачып турган маанилеш макалдар дейбизби, кандай десек да ой келди кагазга түшүрдүм.

Негизи, элдик макал-лакаптардын маанисин бузуп салайын дегенден такыр алысмын. Жазылгандагы биринчи берилиши элдики, экинчи маанидегиси (саптагы) меники.

«Бала ыйлабаса эмчек кайда».
Тарбия жакшы болсо – тентек кайда.

«Атын атаса куту сүйүнөт».
Аттан түшсө, жел тамандын буту сүйүнөт.

«Аял жаман – эр жаман».
Грыжалуу – бел жаман.

«Аштын даамы – тузда».
Ашыктыктын даамы – кызда.

«Ат оонаган жерде түк калат».
Ажал келсе бүт калат.

«Ат баспайм деген жерин жүз басат».
Уйкучуну күнү-түнү түш басат.

«Армансыз жан болбойт».
Ажал албас жан болбойт.

«Айыгар оорунун дарысы өзү табылат».
Бүтөөр иштин адегенде көзү табылат.

«Ач карышкыр ийинине жатпайт».
Ач көз падыша элин бакпайт.

«Ат жаманы аңги болот».
Алдамчы киши жандими болот.

«Бербестин ашы бышпас».
Аткарбастын кулагы укпас.

«Кардын башын кар жутат».
Кан төккөн канды эл жутат.

«Пайгамбар барына ыраазы».
Бактысыз падыша байлыгына ыраазы.

«Өлбөгөн адам – алтын аяктан суу ичет».
Өз элине кас чыккан өзгөнүн колунан уу ичет.

«Өзүбек байыса, там салат».
Өйдө жактагылар байыса, өз элине чаң салат.

«Коңшу жакшы болсо сокур кыз эр табат».
Каны жакшы болсо калкы баар табат.

«Насипсиз жан жаралбайт».
Наадан хан элин бага албайт.

«Манастан Чубак кем бекен?»
Баштууга байлар тең бекен?

«Пайгамбар да күйөө баласын сыйлаптыр».
Жардынын баласы свадьба берем, – деп кыйнаптыр.

«Бала, баланын иши чала».
Балаң жаман болсо ар бир саат санаа.

«Бөксө чайнек – бат кайнайт».
Ачкыл үйдө шак кайнайт.

«Жаман айгыр энесине тап берет».
Жаман жетекчи жамаатты бөлгөнгө маш келет.

«Жаманга берсең кызыңды, алтын башы кор болот».
Жаңылып алсаң аялды, жалпы өмүрүң шор болот.

«Кекилик өз атын өзү чакырат».
Калпычы кишинин сөзү, кур талаага чачылат.

«Коёндун териси, бир күндүк чарыкка жарайт».
Ач көз киши көзүнө көрүнгөндү сурайт.

«Колго тийген коёнду, коё бериш оңойбу».
Коркосуң көрүп тилдүүнү, аял алыш оңойбу?

«Туулганына эмес, турарына сүйүн».
Алтыны көпкө эмес, акылы көпкө сүйүн.

«Үшүгөндү шишиген жетелейт».
Ким эл мүлкүн жесе, бир кезде эки эселейт.

«Энеден кийин төркүн жок».
Элүүдөн кийин көркүң жок.

«Эрден кийин урмат жок».
Илээнди аялда сымбат жок.

«Ачуусу чукул айыпка жыгылат».
Аракка тойгон арыкка жыгылат.

«Көп түкүрсө көл болот».
Көп бирикпесе нөл болот.

«Армансыз жан болбойт».
Арам оокаттуу бай болбойт.

«Ит күлүгүн түлкү сүйбөйт».
Санаасы көп күлкү сүйбөйт.

«Баш – ээси менен».
Желе деп аталат – саан бээси менен.

«Мал ээсин тартпаса арам өлөт».
Адамча мамиле кылсаң, айбан да ыкка көнөт.

«Мастан жинди качыптыр».
Тамекини таштайм деген, насвай атыптыр.

«Күч – атасын тааныбайт».
Ойлонуп иш кылган наалыбайт.

«Коркконго – кош көрүнөт».
Аялы жокко аялдын баары мош көрүнөт.

«Итке темирдин кереги жок».
Мекени жок элдин желеги жок.

«Өлүмдөн башканын эртеси жакшы».
Ооруп калбайын деген ченеп ичет ашты.

«Кандектин картайганы билинбейт».
Ичтеги бук айтылбаса ириңдейт.

«Кары кишинин өмүрү кыска».
Кеңеши дары укканга жукса.

«Катындын чачы узун, акылы кыска».
Таң атпайт жылга созулуп, кечинде ушак укса.

«Кулда кулак жок».
Ууруларда – уят жок.

«Түтүн үйлөгөн ышталат».
Күн чыгып баткан сайын өмүр кыскарат.

«Ууру күчтүү болсо – ээси доого жыгылат».
Ээси жалкоо болсо – малы чөөткө тыгылат.

«Ууруну жолдо каракчы урат».
Колоңсо алаканга эмес, колтукка жугат.

«Эки аял базар, үч аял – жарманке».
Төрт аял – батальон.

«Эшегине жараша тушагы».
Тымызын көркөм адабият – аялдардын ушагы.

«Ачууну ачуу басат».
Ашыкча ичип алган – алдыга-артка басат.

«Беш кол тең эмес».
Багалек жең эмес.

«Бөрү азыгы – жолдо».
Өмүр түгөнгөн жерде – молдо.

«Бир катындын чатагы кырк эшекке жүк».
Ажаанга кабылсаң, абийириңди төгөт бут.

«Бузулган элге бучук бий».
Казанда этке чучук бий.

«Бир ок менен эки коён аткан бар».
Биздин заманда, эшектин этин саткан бар.

«Бышылуу тамактын куйуту жаман».
Ойсокелердин суйуусу жаман.

«Баатырга таяк да керек».
Коркокко автомат да таяк.

«Осмо кетип, каш калат».
Акылсыз ханың тоюнса, аңырандап башты алат.

«Заман өзгөрсө – салт өзгөрөт».
Тартип жок жерде – ант өзгөрөт.

«Кары келсе – ашка, жаш келсе – ишке».
Карылык келсе, күнүң түшөт кийме тишке.

«Какаганга муштаган».
Карызга батат күнү-түнү уктаган.

«Керектуу таштын оору жок».
Кара өзгөй жандын боору – жок.

«Кедей адам – март болот».
Байдан алсаң – шарт коёт.

«Кашаа жыгач чеп эмес».
Кайсардын сөзү кеп эмес.

«Кеңешип кескен бармак оорубайт».
Калп айткандан тил жоорубайт.

«Элек сурап барып, эрге тийип кетиптир».
Ээленип марттык кылган, эшекке мингенин
кечигип сезиптир.

«Үйрөнгөн жоо – атышарга жакшы».
Үйүндө тарбиясы жок, либой жерде жакшы.

«Устатынан шакирти өтөт».
Уурулук кылган үйдөн – уят өчөт.

«Тон жылуусун – ээси билет».
Атын жооруткан – бээсин минет.

«Төө минген боюн жашырат».
Эшек мингендин ою басынат.

«Тилден бал да, уу да тамат».
Ажаан аялдын уруштан моокуму канат.

«Сүйүүнүн козу – сокур».
Көрүнгөндү сүйө бергендин жүрөгү котур.

«Семиздикти кой көтөрөт».
Акылы жок семирсе ар кимге бой көтөрөт.

«Санаасы жок уйкучу».
Жалкоонун уйку – кулпусу.

«Кыз жыргар жерине ыйлап барат».
Эрден чыкканды ала качсаң, ырдап барат.

«Бөдөнөнүн үйү жок».
Тегерек мурундуу малдын жүнү жок.

«Тобокелде – кайгы жок».
Томаякта – айры жок.

кечигип сезиптир.

«Үйрөнгөн жоо – атышарга жакшы».
Үйүндө тарбиясы жок, либой жерде жакшы.

«Устатынан шакирти өтөт».
Уурулук кылган үйдөн – уят өчөт.

«Тон жылуусун – ээси билет».
Атын жооруткан – бээсин минет.

«Төө минген боюн жашырат».
Эшек мингендин ою басынат.

«Тилден бал да, уу да тамат».
Ажаан аялдын уруштан моокуму канат.

«Сүйүүнүн козу – сокур».
Көрүнгөндү сүйө бергендин жүрөгү котур.

«Семиздикти кой көтөрөт».
Акылы жок семирсе ар кимге бой көтөрөт.

«Санаасы жок уйкучу».
Жалкоонун уйку – кулпусу.

«Кыз жыргар жерине ыйлап барат».
Эрден чыкканды ала качсаң, ырдап барат.

«Бөдөнөнүн үйү жок».
Тегерек мурундуу малдын жүнү жок.

«Тобокелде – кайгы жок».
Томаякта – айры жок.

«Бузулган элге бучук бий».
Казанда этке чучук бий.

«Бир ок менен эки коён аткан бар».
Биздин заманда, эшектин этин саткан бар.

«Бышылуу тамактын күйүтү жаман».
Ойсокелердин сүйүүсү жаман.

«Баатырга таяк да керек».
Коркокко автомат да таяк.

«Осмо кетип, каш калат».
Акылсыз хандын тоюнса, аңырандап башты алат.

«Заман өзгөрсө – салт өзгөрөт».
Тартип жок жерде – ант өзгөрөт.

«Кары келсе – ашка, жаш келсе – ишке».
Карылык келсе, күнүң түшөт кийме тишке.

«Какаганга муштаган».
Карызга батат күнү-түнү уктаган.

«Керектүү таштын оору жок».
Кара өзгөй жандын боору – жок.

«Кедей адам – март болот».
Байдан алсаң – шарт коёт.

«Кашаа жыгач чеп эмес».
Кайсардын сөзү кеп эмес.

«Кеңешип кескен бармак оорубайт».
Калп айткандан тил жоорубайт.

«Элек сурап барып, эрге тийип кетиптир».
Ээленип марттык кылган, эшекке мингенин
кечигип сезиптир.

«Үйрөнгөн жоо – атышарга жакшы».
Үйүндө тарбиясы жок, либой жерде жакшы.

«Устатынан шакирти өтөт».
Уурулук кылган үйдөн – уят өчөт.

«Тон жылуусун – ээси билет».
Атын жооруткан – бээсин минет.

«Төө минген боюн жашырат».
Эшек мингендин оюу басынат.

«Тилден бал да, уу да тамат».
Ажаан аялдын урuштан моокуму канат.

«Сүйүүнүн козу – сокур».
Көрүнгөндү сүйө бергендин жүрөгү котур.

«Семиздикти кой көтөрөт».
Акылы жок семирсе ар кимге бой көтөрөт.

«Санаасы жок уйкучу».
Жалкоонун уйку – кулпусу.

«Кыз жыргар жерине ыйлап барат».
Эрден чыкканды ала качсаң, ырдап барат.

«Бөдөнөнүн үйү жок».
Тегерек мурундуу малдын жүнү жок.

«Тобокелде – кайгы жок».
Томаякта – айры жок.

«Эл арасын чуу бузат».
Элдешкен элди куу бузат.

«Ток бала ач бала менен ойнобойт».
Ач бала токочтон башканы ойлобойт.

«Кыздуу үйдө кыл жатпайт».
Кыялдангандын баары ыр жазбайт.

«Акмак баштан акылдуу ой чыкпайт».
Бычагы курчтун короосунан кой чыкпайт.

«Адамды сөзүнөн таанывайт, ишинен тааныйт».
Жалкоого жолуксаң наалыйт.

«Адамдан айла качып кутулбайт».
Абийирдүү адам, арам оокатка жутунбайт.

«Түтүн үйлөгөндүн өзү ышталат».
Түтөй бергендин өмүрү кыскарат.

«Карынын сөзүн капка сал».
Катындын сөзүн башка сал.

«Байдын ашын байкуш аяйт».
Аксым киши малын сабайт.

«Жаны бардын үмүтү бар».
Жан бүткөндүн баарынын сүйүүсү бар.

«Жан аяшкан дос болбойт».
Жалганчы адам дос болбойт.

«Айыпсыз аякка тикенек кирбейт».
Жаман адам жакшылыгыңды билбейт.

«Абийиринди жашыңдан сакта».
Балапан кезиңден жаман ой бакпа.

«Кемеге түшкөндөрдүн жаны бирге».
Жакшы адамдарды жаныңдан качырып ийбе.

«Туура сөз тууганга жакпайт».
Жаманга жардам берсең, түтүн болуп
өзүңдү каптайт.

«Эрегиштен эр өлөт».
Оор жүк көтөргөндөн бел өлөт.

«Улуу сөздө уят жок».
Кайрак жерде сугат жок.

«Мурун көчүп барган конуш алат».
Мурдун балта кеспеген, чогулуш сайын
сөгүш алат.

«Жаман уй жайытын бир күндө түгөтөт».
Жаман катын суранып-тиленип,
кошуналарды жүдөтөт.

«Миң койду бир серке баштайт».
Кыраакы адам ким экениңди айткан
саламыңдан байкайт.

«Көлчүк өзүн көл ойлойт».
Көк жампа өзүн көң ойлойт.

«Жакшы адамдан качпа».
«Жарым эркек» менен бир баспа.

«Үйүндөн чыккан ууруну ит каппайт».
Аракечтин койнуна бит жатпайт.

«Адам тилинен табат».
Адам эмести ит болсо кабат.

«Сактыкта кордук жок».
Саяпкерде зордук жок.

«Көп баскан аяк чок басат».
Кесирлүү болсо жок басат.

«Ат аяган жер карайт».
Ата-эне тең карайт.

«Артык дөөлөт баш жарбайт».
Ийри жыгач сап болбойт.

«Аттан жыгылсаң жалын төшөйт».
Акмакка жакшылык кылсаң азапка бөлөйт.

«Аты жоктун буту жок».
Ажаан аялдын куту жок.

«Эки арамза дос болбойт».
Эси жок уул токтолбойт.

«Эки иштен бир иш».
Бойго жеткен кыздагы ой – эрге тийиш.

«Чакырылбаган конок, шыпырылбаган жерге отурат».
Калпычынын сөзүнөн кулак да чочулайт.

«Эки жакшы баш кошсо ырыс».
Эки сараң баш кошсо тырыш.

«Эки жүздүү – эл бузат».
Кен издеген – жер бузат.

«Эмне эксең ошону оросуң».
Эне-атанын тилин албасаң, шүмшүк болосуң.

«Эне – кыздын төркүнү».
Эненин тилин албаган төркүн баркын өлтүрүү.

«Көп тамчыдан көл болот».
Карылык жолу өр болот.

«Көрбөгөн төөнү көрбөйт».
Көпкөн атчан жөөнү көрбөйт.

«Көргөнү жакшы көч баштайт».
Мокок киши сөз таппайт.

«Кыз кыялдын – бермети».
Эгер элге жакса келбети.

«Кыйкырып келген жоо жаман».
Мастан да шүмшүк соо жаман.

«Мылтык болбой ок болбойт».
Тартиптүү элде сот болбойт.

«Мышык майга жетпей сасык дейт».
Ит капкан киши таш издейт.

«Мээнет болбой дөөлөт болбойт».
Мээрим жок кишиде сөөлөт болбойт.

«Ойдун деңизи – сөз».
Ойсокенин ботала жери – көз.

«Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө».
Одоно кетсең ондоп сүйлө.

«Адам тилинен табат».
Адам эмести ит болсо кабат.

«Сактыкта кордук жок».
Саяпкерде зордук жок.

«Көп баскан аяк чок басат».
Кесирлүү болсо жок басат.

«Ат аяган жер карайт».
Ата-эне тең карайт.

«Артык дөөлөт баш жарбайт».
Ийри жыгач сап болбойт.

«Аттан жыгылсаң жалын төшөйт».
Акмакка жакшылык кылсаң азапка бөлөйт.

«Аты жоктун буту жок».
Ажаан аялдын куту жок.

«Эки арамза дос болбойт».
Эси жок уул токтолбойт.

«Эки иштен бир иш».
Бойго жеткен кыздагы ой – эрге тийиш.

«Чакырылбаган конок, шыпырылбаган жерге отурат».
Калпычынын сөзүнөн кулак да чочулайт.

«Эки жакшы баш кошсо ырыс».
Эки сараң баш кошсо тырыш.

«Эки жүздүү – эл бузат».
Кен издеген – жер бузат.

«Эмне эксең ошону оросуң».
Эне-атанын тилин албасаң, шумшук болосуң.

«Эне – кыздын төркүнү».
Эненин тилин албаган төркүн баркын өлтүрүү.

«Көп тамчыдан көл болот».
Карылык жолу өр болот.

«Көрбөгөн төөнү көрбөйт».
Көпкөн атчан жөөнү көрбөйт.

«Көргөнү жакшы көч баштайт».
Мокок киши сөз таппайт.

«Кыз кыялдын – бермети».
Эгер элге жакса келбети.

«Кыйкырып келген жоо жаман».
Мастан да шумшук соо жаман.

«Мылтык болбой ок болбойт».
Тартиптүү элде сот болбойт.

«Мышык майга жетпей сасык дейт».
Ит капкан киши таш издейт.

«Мээнет болбой дөөлөт болбойт».
Мээрим жок кишиде сөөлөт болбойт.

«Ойдун деңизи – сөз».
Ойсокенин ботала жери – көз.

«Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө».
Одоно кетсең ондоп сүйлө.

«Ой кууган оомат табат».
Кыйкымчыл адам, кимден болбосун доомат табат.

«Тишиң барда таш чайна».
Ченемдүү жеген аш пайда.

«Тойго барсаң тоюп бар».
Опкоктугуң коюп бар.

«Тойгон ит ээсин тааныбайт».
Топуктуу жигит наалыбайт.

«Түш оңолбой, иш оңолбойт».
Тоюнбаган ич оңолбойт.

«Төө чөлдү ойлосо, бака көлдү ойлойт».
Бир көбөйүш үчүн нөлдү ойлойт.

«Төгүлгөн аяк кайра толбойт».
Шыгы бар шыпыр, калпычылыгын койбойт.

«Топурагын таптаган дан өнбөйт».
Эл баккан эстүү хан өлбөйт.

«Өлгөндү топурак суутат».
Өз жек-жаатын өкүнүч муунтат.

«Өлөр киши бой түзөйт».
Оңолор киши ой түзөйт.

«Өз айыбың өлгөнчө билинбейт».
Өзү дарыланбаса ириңдейт.

«Өзөнгө өзөн кошулса дарыя».
Ушакка ушак кошулса жарыя.

«Өзү жамандын сөзү жаман».
Оюу бузук кишинин көзү жаман.

«Өзү катылган бала ыйлабайт».
Өзүмчүл өскөн өзгөнү сыйлабайт.

«Өмүр бар жерде өлүм бар».
Саламы түздө көңүл бар.

«Өмүрдүн башталашы – жалын, бүтүшү – күл».
Көңүлдүн көтөрүлүшү – күн, шагыңдын
сынганы – түн.

«Сабына жараша – бычагы».
Тилине жараша – ушагы.

«Сагызган сактыгынан эмес, суктугунан өлөт».
Бок оозго салам айтсаң сөгөт.

«Саранды кессең кан чыктайт».
Көпөлөк деле гүл сорот, бирок бал чыкпайт.

«Сокурдун тилегени эки көз».
Ыза болгонго керек жылуу эки сөз.

«Сокур намыс баш жарат».
Искек байкуш кашты алат.

«Соодагерде нысап жок».
Акындарда бычак жок.

«Сулуу сулуу эмес, сүйгөн сулуу».
Сакалы бар эмес, салабаттуу киши улуу.

«Суудан кургак чыгат».
Көлдү булгап чыгат.

«Өзү жамандын сөзү жаман».
Оюу бузук кишинин көзү жаман.

«Өзү катылган бала ыйлабайт».
Өзүмчүл өскөн өзгөнү сыйлабайт.

«Өмүр бар жерде өлүм бар».
Саламы түздө көңүл бар.

«Өмүрдүн башталашы – жалын, бүтүшү – күл».
Көңүлдүн көтөрүлүшү – күн, шагыңдын
сынганы – түн.

«Сабына жараша – бычагы».
Тилине жараша – ушагы.

«Сагызган сактыгынан эмес, суктугунан өлөт».
Бок оозго салам айтсаң сөгөт.

«Саранды кессең кан чыктайт».
Көпөлөк деле гүл сорот, бирок бал чыкпайт.

«Сокурдун тилегени эки көз».
Ыза болгонго керек жылуу эки сөз.

«Сокур намыс баш жарат».
Искек байкуш кашты алат.

«Соодагерде нысап жок».
Акындарда бычак жок.

«Сулуу сулуу эмес, сүйгөн сулуу».
Сакалы бар эмес, салабаттуу киши улуу.

«Суудан кургак чыгат».
Көлдү булгап чыгат.

«Суу аккан арык жашаң болот».
Суутулбаган ат кашаң болот.

«Ээрге тетири минбе».
Энеңден келген талантты кетирип ийбе.

«Нанды ыргытып бербейт».
Нандай кубатты башка азыктар бербейт.

«Тамактын бетин ачык койбо».
Ынтыгып калганча тойбо.

«Тамак-аштын ашканын төкпө».
Тартип да керек көзгө.

«Там айланып жүгүрбө».
Таап алган акчаңа сүйүнбө.

«Агын сууга сийбе, түкүрбө».
Ойлобой сөздү бүтүрбө.

«Улуулардын сөзүн бөлбө».
Уурулардын ишине көнбө.

«Сынык күзгүгө көрүнбө».
Сырдаш адамыңдан бөлүнбө.

«Бутуңду көтөрүп жатпа».
Бузукуга сырыңды айтпа.

«Үшүгөнгө от жактырба».
Үрөйү суукту үйүңө жаткырба.

«Шыпыргыны тике койбой жүр».
Шыбыш кептер жөнүндө ойлой жүр.

«Ыксыз түкүрбөй жүр».
Көпчүлүктү карап чүчкүрбөй жүр.

«Эшиктен киргенде босогону баспайт».
Идиш жууган сууну эшиктин алдына чачпайт.

«Эл эмгегин жер жебейт».
Тоюнбас бийлик эл дебейт.

«Эмгек кылсаң – өнмөк бар».
Аракет кылсаң көнмөк бар.

«Баш кийимди тетири каратып кийбейт».
Кыргыз баласы, кыбыланы карап сийбейт.

«Баканы өлтүрсөң бетиң чаар болот».
Катынга катыла берсең, тили заар болот.

«Аманатка кыянат кылбайт».
Адептүү адамды кичүү болсо да сыйлайт.

«Аял киши жаагын таянбайт».
Алтын шакегин жоготкон, кайрып табалбайт.

«Атасы башка менен коён уулаба».
Элдин мүлкүн жегенди туураба.

«Баш кийимди ыргытпа».
Былык иш кылып былгытпа.

«Житкен окту, аткан ок табат».
Үшүгөн киши баарын токтотуп отун жагат.

«Жаңы жардын жалыны күчтүү».
Жардан түшкөн суунун агымы күчтүү.

«Суу аккан арык жашаң болот».
Суутулбаган ат кашаң болот.

«Ээрге тетири минбе».
Энеңден келген талантты кетирип ийбе.

«Нанды ыргытып бербейт».
Нандай кубатты башка азыктар бербейт.

«Тамактын бетин ачык койбо».
Ынтыгып калганча тойбо.

«Тамак-аштын ашканын төкпө».
Тартип да керек көзгө.

«Там айланып жүгүрбө».
Таап алган акчаңа сүйүнбө.

«Агын сууга сийбе, түкүрбө».
Ойлобой сөздү бүтүрбө.

«Улуулардын сөзүн бөлбө».
Уурулардын ишине көнбө.

«Сынык күзгүгө көрүнбө».
Сырдаш адамыңдан бөлүнбө.

«Бутуңду көтөрүп жатпа».
Бузукуга сырыңды айтпа.

«Үшүгөнгө от жактырба».
Үрөйү суукту үйүңө жаткырба.

«Шыпыргыны тике койбой жүр».
Шыбыш кептер жөнүндө ойлой жүр.

«Ыксыз түкүрбөй жүр».
Көпчүлүктү карап чүчкүрбөй жүр.

«Эшиктен киргенде босогону баспайт».
Идиш жууган сууну эшиктин алдына чачпайт.

«Эл эмгегин жер жебейт».
Тоюнбас бийлик эл дебейт.

«Эмгек кылсаң – өнмөк бар».
Аракет кылсаң көнмөк бар.

«Баш кийимди тетири каратып кийбейт».
Кыргыз баласы, кыбыланы карап сийбейт.

«Баканы өлтүрсөң бетиң чаар болот».
Катынга катыла берсең, тили заар болот.

«Аманатка кыянат кылбайт».
Адептүү адамды кичүү болсо да сыйлайт.

«Аял киши жаагын таянбайт».
Алтын шакегин жоготкон, кайрып табалбайт.

«Атасы башка менен коён уулаба».
Элдин мүлкүн жегенди туураба.

«Баш кийимди ыргытпа».
Былык иш кылып былгытпа.

«Житкен окту, аткан ок табат».
Үшүгөн киши баарын токтотуп отун жагат.

«Жаңы жардын жалыны күчтүү».
Жардан түшкөн суунун агымы күчтүү.

«Чырпыгым сынса, чынарым бар».
Светиң өчсө, чырагым бар.

«Дамбалын булгаган колун аябайт».
Жанына күч келген шорун аябайт.

«Дарак тамыры менен көгөрөт».
Элге кызмат кылган, элдин сыйына бөлөнөт.

«Гүл сынындай көркөм жок».
Кыргыз жериндей чөлкөм жок.

«Кой аксагы менен жүз».
Сөз чындыгы менен түз.

«Кой каргышы бөрүгө жетпейт».
Кектеп айтылган сөз, көңүлдөн кетпейт.

«Миң жылдыздын бир айдай жарыгы жок».
Менминсиген булактын дайрадай агымы жок.

«Шак мөмөлөгөн сайын ийилет».
Кыз чоңойгон сайын кийинет.

---

# МАЗМУНУ

**Аңгемелер**
Соопко калдың, досум! ........ 3
Простыня ........ 23
Алтайдагы практика ........ 29
Тартип ........ 40
Опуза ........ 46
Он үчүнчү билет ........ 58
Ит, бит жана мен ........ 63
Айыгар оорунун дарысы өзү табылат ........ 67
Үчөө ........ 72
Акжолтой ........ 81
Ак сорпо ........ 86
Калыбектин тамашасы ........ 92
Түнкү түнөк ........ 99
Белый мыло ........ 104
Эки килограмм ........ 108
Стамбектин жоруктарынан ........ 111
Тамаша ........ 116
Кустатерапия ........ 121
Топурак буюрган жер ........ 126
Жакшылык жерде калбайт ........ 129
Көпүрө ........ 139
Жаман балдар экенсиңер ........ 148
Өрдөктөр ........ 156
Шыралга ........ 159
Эбепке себеп ........ 165
Балалыктан эки көрүнүш ........ 173
Уурулук ........ 177

**Жанаша макал-лакаптар** ........ 183

*Адабий-көркөм басылма*

**АБДЫКАЛЫКОВ ӨЗҮБЕК**

# АҢГЕМЕЛЕР

Бишкек, «Турар» басмасы

*(Кыргыз тилинде)*

Редактору *Ж. Теңирбергенова*
Көркөмдөгөн *Ж. Кудабаев*
Компьютерде калыпка салган *Б. Уланова*

Басууга 05.07.2019-ж. кол коюлду.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы 60х84$^1/_{16}$.
Көлөмү 12,5 б.т. + 4 б. вкл. Нускасы 500. Заказ № 1946.

---

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, М.Горький көчөсү, 1.